63.3(2)-1
О 57

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ
МАНАС-1000 МАМЛЕКЕТТИК ДИРЕКЦИЯСЫ
ИЛИМИЙ ПРОПАГАНДАЛЫК «МУРАС» ИШКЕР ДОЛБООРУ

Өмүрбеков Т. Н., Чоротегин Т. К.

КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАҢЫ ДООРДОГУ ТАРЫХЫ

(XVII—XX кк. башы)

Орто мектептин окуучулары үчүн кошумча сынак окуу куралы

66381
ПИОТЕКА
государ
720124

БИШКЕК «КЫРГЫЗСТАН» — 1995

ББК 63.3 (2 Ки) я 721
Ө — 99

Жооптуу редакторлору: т. и. д., проф., Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер *Үсөнбаев Кушбек;* т. и. д., проф. *Асанканов Абылабек.*

Рецензенти: т. и. к. ***Беделбаев Аскар.***

Өмүрбеков Т. Н., Чоротегин Т. К.

Ө — 99 Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы. (XVII — XX кк. башы): Орто мектептин окуучулары үчүн кошумча сынак окуу куралы. — Б.: Кыргызстан, 1995. — 187 б.
ISBN 5-655-01032-1

Бул кошумча окуу куралында Кыргызстандын жана кыргыздардын XVII—XX кк. башына чейинки саясий социалдык жана экономикалык тарыхый өнүгүшү чагылдырылат.

Китеп жаңы доор тарыхы боюнча кошумча сынак окуу куралы катары орто мектептин окуучуларына жана жогорку окуу жайларынын төмөнкү курстарынын студенттерине арналат.

Ө $\frac{4306020600-313}{M\ 451\ (11)-95}$ 95. ББК 63.3 (2 Ки)я 721

ISBN 5-655-01032-1

© Өмүрбеков Т. Н., Чоротегин Т. К.
«Кыргызстан» басмасы, 1995-ж.

АЛГАЧКЫ СӨЗ

«Элүү жылда эл жаңырат» дейт кыргыз накыл сөзү. Ал эми кылымдардын дабанын аркалап келген кыргыз улуту жакынкы эле беш жылда терең жаңыруулар-ды баштан өткөрдү. Кыргыз коому өзүнүн жаңы ренессансына — кайра жаралуу дооруна башбакты. «Өткөөл заман» деп аталып жаткан бул мезгилдеги коомдун негизги максаты — ачык коомго жүз буруу менен байланыштуу.

Өткөөл доорубузда кыргыз тарых илими бир чети, эски тоталитардык түзүлүшкө таандык үстөмдүкчүл идеологиядан арылуусу, экинчи чети, жаңы муунду объективдүү негизде жазылган тарых эмгектери аркылуу тарбиялоону жолго коюусу тийиш болду. Заман менен тең катар жаңылануу-га, чидерленген эски идеологиялык чынжырлардан бошонууга ар бир илимпоз-тарыхчы үчүн мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Арийне, дал ушул кырдаалдын жоопкерчилиги да артты. Тарых илиминдеги фактологиялык изилдөөдөгү ийгиликтерди, жетишкендиктерди сактоого умтулуу менен бирге, эски мүчүлүш жагдайларды жоюуга милдеттүүбүз, маселен, кыргыз тарыхын мурда тек гана Кыргызстандын аймагы менен чектөө өнөкөтү бар эле. Эне-Сай кыргыздарынын орто кылымдардын алгачкы мезгилиндеги жаркын тарыхый баракта-ры, Чыгыш Түркстандагы кыргыздардын тарыхы окуу китептерине анчейин киргизилген эмес. Кыргыз элинин келип чыгыш маселелери да бир жактуу каралып, жаңы доордогу кыргыздардын улуттук-боштондук кыймылдарынын тарыхы цензуралык электен өткөрүлүп келди.

Колуңуздардагы китеп Кыргызстан жаш тарыхчылар жамаатынын тапшырмасы менен жазылган изилдөө болуп саналат. Анда Кыргызстандын жана кыргыздардын XVII кылымдан XX кылымдын башына чейинки саясий,

социалдык жана экономикалык тарыхый өнүгүшүнүн уруннтуу баскычтарын жаңыча кароо аракети жасалды. Мурда көңүлгө алынбай келген Чыгыш Түркстандагы, Памирдеги, Ферганадагы кыргыз топторунун тарыхый жагдайлары да азыноолак чагылдырылды.

XIX кылымдын экинчи жарымынан, өзгөчө Орусиянын колониясы катары Кыргызстан толук каратылган мезгилден тартып Ала-Тоого ар кайсы улуттарга таандык келгиндер түрдүү себептер менен агылып келе башташкан (Орусия тараптан орус, украин, белорус, немис, татар ж. б., Кытайдан болсо улуттук-боштондук кыймылы жеңилгенден кийин уйгур, дунган ж. б. улуттардын өкүлдөрү). Алардын журт которуусу жана кыргыздар менен өз ара алакасы аздыр-көптүр изилденилүүдө.

Бул жаңы доор тарыхы боюнча орто мектептин окуучулары үчүн кошумча сынак китеп болочокто жарыялануучу окуу китебинин айрым жоболорун жана маалыматтарын алдын-ала жарыялап, илимий-агартуу чөйрөсүнө тааныштыра кетүү иретинде жарыялануда. Ошондуктан ар кандай сын пикирлер китептин авторлору үчүн пайдалуу экендигин алдын ала эскертип өткүбүз келет.

КМУУнун доценттери: ***Токторбек Өмүрбеков, Тынчтыкбек Чоротегин.***

XVII — XVIII КЫЛЫМДАРДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН КООМДУК-ЧАРБАЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮ

I. КЫРГЫЗДАРДЫН ЧАРБАСЫНЫН НЕГИЗГИ ТАРМАКТАРЫ

XVII—XVIII кылымдарда кыргыздар негизинен көчмөн жана жарым-жартылай көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенишчү. Алар бийик тоолуу аймактын ысык-суугуна көндүм болгон, денеси чымыр, чыдамкай, кышкысын кар тээп оттоп, кошумча тоютту көп талап кылып кол карабаган, жаратылыштын оор шарттарына ылайыкташкан малдын түрлөрүн — жылкыларды, топоздорду, куйруктуу, кылчык жүндүү, олбурлуу койлорду, эчкилерди, төөлөрдү, уйларды, айрыкча жылкыны көп кармашчу. Анткени жылкы кыштыр-жайдыр жайытта багылып эмгекти, чыгымды көп талап кылчу эмес. Жылкыны калыңга кошуп беришкен, айыпка жыгылганда төө баштаган тогузга жылкы сөзсүз кошулган. Байдын жылкысы канчалык арбын болсо анын кадыр-баркы ошончолук жогорулап миң жылкылуу бай деген атак алган. Бекеринен жылкы тийүү көнүмүш адатка айланып, чоң эрдик катары эсептелбесе керек. Тез-тез бөлөк чөлкөмдө жашаган уруулардан жылкы тийип, үйүр-үйүр жылкы айдап келген эч нерседен жалтанбас, өлүмдөн кайра тартпаган жигиттердин жоруктары эл ичинде даңазалуу аңыз кепке айланаар эле.

Кыргыздар өзгөчө кой-эчкини көп багып, андан мол эт, сүт, жүн, тери өндүрүшкөн. Койдун жүнү менен терисинен кийим-кече, үй эмеректери, кийиздер, шырдак жасалып, сүтүнөн түркүн дүйүм тамак-аштар даярдалган. Кыргыздын эң байларынын бир нече миң коюю боло турган. Кээ бир кедей-кембагалдар мал чарбачылыгынан тышкары аңчылык менен жан багышкан. Ал эми ондогон жигит-жалаңы коштогон, камылгасы шаймашай ак сөөктөр көңүл ачыш үчүн ит агытып, куш салып, кумар кангыча аңчылыктын кызыгына батышчу.

Кыргыздар мал чарбачылыгы менен бирге эле белгилүү өлчөмдө дыйканчылык кылып, аштык айдашкан.

Атүгүл алыскы Ат-Башы, Нарын, Суусамыр өңдүү бийик тоолуу өрөөндөрдө жашаган кыргыз уруулары да дан эгиндерин эгишкени тууралуу тарыхый маалыматтар бар. Айрыкча Көл кылаасында дыйканчылык кылгандар арбын болгону, алар буудай, арпа, сулуу, буурчакты ж. б. өсүмдүктөрдү өстүрүп, кырманы кызылга толо мол түшүм алышканы белгилүү. Чүй, Талас аймагындагы суусу мол түзөң жерлер, көк жайыктар дыйканчылык кылыш үчүн аябагандай ыңгайлуу болучу. Анжиян тарапта тоо этектериндеги ойдуңдарда жашаган кыргыздар дыйканчылык кылып, дан багуунун өнөрсырын эң мыкты өздөштүргөнгө үлгүрүшкөн, айрым айылдар эгинчиликке ык алып калышкан эле. Бир өңчөй аштык айдап, жан баккан жатакчылардын саны жылдан-жылга арбып бара жатты. Бирок айыл чарба шаймандары өткөн кылымдардагыдай эле жупуну бойдон эч өзгөрбөстөн, жакшыртылбай кала берген. Кыргыздар жерди негизинен ат же өгүз кошулган темир тиштүү жыгач буурсун менен айдачу. Темирден жасалган кетмен, орок, таш жаргылчак кеңири таралган. Ошондой эле ун тарта турган суу тегирмендери пайда болот.

Көчмөн турмушка ылайык кол өнөрчүлүгү өнүгүп, уздар (иштүү, оймочу аялдар) жүндөн, териден, чуудадан, кылдан түрдүү үй эмеректерин камдап өргөө көтөрүшчү, жарашыктуу кийимдерди тигишчү, өрмөк өрүп, кооз таарларды токушчу, колунан көөрү төгүлгөн усталар менен зергерлер боз үйдүн жыгачын даярдап, темирден, жезден, күмүштөн, булгаарыдан, кайыштан, жыгачтан ар кандай буюмдарды, ат жабдыктарын жасашчу. Кол өнөрчүлүктүн кээ бир түрлөрү, өзгөчө кебезден жип ийрүү, кездеме токуучулук Кыргызстандын түштүгүндө, ферганалык шаарларга жанаша жайгашкан айылдарда жакшыраак өнүккөн. Бул аймакта отурукташкан кыргыз айылдары, калаалар жана кыштактар арбыныраак болчу. Бирок бул шаар, кыштактар экономикалык жактан начар, өтө жай өнүккөн, алардын тезирээк өнүгүп көбөйүшүнө, көчмөндөрдүн отурукташкан турмушка өтүшүнө тез-тез болуп туруучу ич ара ыйкы-тыйкы чырчатактар жана талоончул феодалдык өз ара чабыштар тоскоолдук кылган.

Ал кезде кыргыздардын арасында соода-сатык анча жакшы өнүкпөгөн, калктын көпчүлүк бөлүгүнүн турмушу жупуну болуп, товардык акча мамилелерине дитин коюп аралаша алган эмес. Ички, тышкы соода көбүн

эсе чийки затты товарга айырбаштоо мүнөзүндө жүргүзүлүп, акча-тыйын али чечүүчү мааниге ээ боло элек эле. Бийлер, байлар Чыгыш Түркстандын жана Фергананын кан базарларына мал айдатып барып, өздөрүнө керектүү буюмдарга алмашып келишчү. Ошондой эле, жүн, тери кийиз ж. б. мал чарбасынан алынган буюмтайымдарды, азык-түлүк, аң терилерин жөнөтүшкөн. Жайкысын жайлоолорго коңшу калаалардан, өлкөлөрдөн көпөстөр келип соода кылып кетишчү. Кашкардан, Орто Азиянын шаарларынан Кыргызстанга тынымсыз каттап турган соодагерлер кебезден токулган ар түркүн кездемелерди, жибек, шайы, алтын, күмүш билериктерди, сөйкө, шакектерди, бермет шуру-мончокторду, фарфор идиштерди, чөөгүн, курал-жарак, кант, чай, жемиш, кургатылган өрүк, мейиз, туз, күрүч, тандыр нан ж. б. алып келишчү. Буларды көбүнчө мал-жандуу үй-бүлөөлөр, байлар, бийлер сатып алып турган. Кээде аксым бийлер жигиттерин жиберип, сапар тартып бараткан кербендерди талап-тоноп алышаар эле.

XVIII кылымда Кытайдан жана Орусиядан соодагерлер көбүрөөк келе баштайт. Орто Азия, Казакстан, Чыгыш Түркстандын элдери менен кыргыздардын соода-сатык, чарбалык байланыштары кеңеет, карым-катнашы, алакасы күч алат. Алардын бардыгы кыргыздардын ажайып кооз жерине, жаратылыш байлыктарына, төрт түлүк малына, жүн, тери ж. б. мал чарбасынан өндүрүлүүчү буюм-тайымдарга, баалуу аң терилерине көз артышкан.

II. ПАТРИАРХАЛДЫК-УРУУЧУЛУК МАМИЛЕЛЕРДИН КАЛДЫКТАРЫ

XVII—XVIII кылымдардагы кыргыздардын коомдук түзүлүшүнө айрым бир өзгөчөлүктөр мүнөздүү. Бул мезгилде кыргыздардын арасында феодалдык мамилелер үстөмдүк кылганы менен али уруу, уруктук бөлүнүүлөр сакталып турган. Көпчүлүк элдерде, айрыкча көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенген казактар, кыргыздар сыяктуу калктарда этникалык аң-сезим эки ача болоору анык. Алардын сезимининн терецинде бир эле учурда өз элинин урпагы экендиги тууралу, ошондой эле өз уруусунун уулу, кайсы бир уруу ичиндеги атанын баласы экендиги тууралу сезимдер жанаша жашаган. Эгиз сыцары кош сезим бирин бири эч качан жериген

эмес. Экстенсивдүү көчмөн мал чарбачылыгынын натуралдык мүнөзү, ич ара экономикалык байланыштардын өтө эле начардыгы, жаратылыш шарттарынын татаалдыгы, ар кайсы аймакта жашаган кыргыздарды тынымсыз катнашуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан, ошондой эле бийик ашуу белдерди узак убакыт кар, мөңгүнүн каптап жатышы теги бир элдин бөлүндү болуусуна түрткү берген. Буга коңшу калктардын душмандык аракеттери да кошул-ташыл болуп жатты.

Ошол доордо кыргыздардын административдик-саясий бөлүнүшүнүн өзөгүн негизинен өз алдынчалыкка ээ уруу-урук бирикмелери түзгөн. Кыргыздар ал кезде азыркы Ата журту — Кыргызстанды толук, Өзбекстандын, Тажикстандын жана Чыгыш Түркстандын кээ бир коңшу чөлкөмдөрүн ээлеп турган. Аталган аймактарда бугу, сарыбагыш, солто, саяк, черик, кушчу, саруу, моңолдор, кыпчак, дөөлөс, адыгине, найман, моңгуш, бостон, каңглы, кытай, басыз, нойгут, чоң багыш, кесек өңдүү кыргыздын чоң уруулары жайгашышкан. Булардан тышкары көп сандаган майда уруу, уруктар да жашачу. Ар бир уруу өз ичинен чакан уруктарга бөлүнгөн. Бул уруулар алгачкы общиналык коомдогу кандаш тууган-туушкандардын биримдигинен кескин айырмаланып турган. Анткени бул мезгилде кыргыз урууларынын арасында социалдык мамилелер кыйла чиеленишип, патриархалдык-феодалдык мамилелер небак калыптанып калган болчу. Ири феодалдарга айланган уруу башчылары бөлөк-бөтөн уруктар менен уруулардан бөлүнүп, кандаш жакындарынан кол үзгөн үй-бүлөөлөрдү, топторду өз уруусуна кошуп алуудан баш тартчу эмес. Бир уруудан экинчи бир урууга бул сыяктуу көчүп келип-кетүүлөрдүн күч алышынын натыйжасында кыргыз общиналары акырындап таза уруулук мүнөзүнөн ажырап территориялык бирикмелерге айланат. Бирок көчмөндөрдүн турмуш-тиричилик шарттарынын, чарбасынын жана тарыхый өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүнө ылайык кандаштуугандык байланыштар биротоло өз маанисин жоготкон жок, ар уруунун ата-теги тууралуу уламыштар, санжыралар, алардын эзелки аттары, тилдеги кээ бир бөтөнчөлүктөр али сакталып кала берген.

Кыргыз уруу, уруктары жалпы жонунан аймактык-саясий маанидеги эки чоң топко — оң жана сол канатка кирген. Мындай бөлүнүүгө географиялык, экономикалык, саясий ж. б. факторлор себепкер болгон. XVI к. башында Моголстан мамлекети кулагандан кийин Кыр-

гызстандын саясий жактан өз алдынча болуп калышы аймакты жердеген калктын ич ара чарбалык, этникалык байланыштарынын андан ары өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарт түзгөн. Бирок, татаал ашуу-белдерди күзгүсүн, кышкысын жабылып калуучу аскасы асман тиреген Теңир-Тоо түндүк менен түштүктүн өз ара байланышын кыйындаткан. Ушундай шартта оң канатка кирген уруулар Сыр дарыя боюндагы (ортоңку агымындагы) калаалар менен тыкыс мамиле түзүүгө умтулса, сол канаттын кыргыздары Фергана өрөөнүндөгү отурукташкан калк менен ымала кылган. Мындай жиктелүү, эки чоң аймакты турак кылган уруулардын өз ара байланышынын мезгил-мезгили менен үзгүлтүккө учурап турушуна бир элдин оң жана сол канатка бөлүнүшүнө түрткү берип, жалпы кыргыз журтунун саясий жактан биригишине тоскоол болду.

Түндүк Кыргызстанды ээлеген оң канатка сарыбагыш, бугу, солто, черик, моңолдор, багыш, баарын, суу мурун, саяк, азык, басыз, беш тамга, кытай, өзүк, жедигер ж. б. уруулар кирген. Сол канатка бириккен бостон, кесек, найман, дөөлөс, кыдырша, кыпчак, каңглы, мундуз, төбөй, багыш, тейит, адыгине, жору, бөрү, баргы, коңурат, нойгут, чоң багыш, карабагыш ж. б. уруулар Кыргызстандын түштүгүн жердечү. Ал эми сол канаттагы кушчу, саруу урууларынын жоон тобу Таласта жайгашышкан.

Оң, солдун бийлеринен жылыга чоң бийлер шайланып, алар өз канатындагы уруулларды жалпы башкаруу ишине баш-көз болушкан. Бирок иш жүзүндө туруктуу аскери жок чоң бийдин бийлиги анчейин бекем болгон эмес. Ар бир уруунун өз улугу — улуу бийлери, эн тамгасы, атүгүл согуштук урааны боло турган. Мындай уруулар өз алдынча административдик-саясий бирдикти элестетээр эле. Ири уруу бирикмелерине кирген уруктарды улуу бийге баш ийген акалакчын бийлер башкарчу.

Бийлер, байлар үйүр-үйүр жылкы, сандаган кара мал, короо-короо кой күткөн. Албетте, мыкты жайыттар дагы мал жандуу феодалдардын карамагында болоор эле. Атактуу жайлоолорго да чоң бийлер, улуу бийлер, акалакчын бийлер кожоюндук кылчу. Жайыттарга ээлик кылуу сыртынан караган кишиге общиналык менчик сыяктуу көрүнгөнү менен чынында миңдеген төрт түлүк малы бар феодалдарга кызмат кылган. Аларга таандык кыштоолорго, жайлоодогу конуштарына, жазында мал

көктөтөр көк жайыктарга, көк өтөктөргө бөлөк бирөө мал жая алчу эмес. Андай жерлерди «ээлери» өзү каалагандай урунчу. Журт которoордо бийлер өзүнө баш ийген уруу бирикмесиндеги топторго, айылдарга жаңы конуштарды, жайыттардын болжолдуу чегин белгилеп бере турган. Демек көчмөн кыргыздарда жер иш жүзүндө феодалдык жеке менчикке өткөн.

III. ТАПТАР ЖАНА АЛАР ОРТОСУНДАГЫ АЛАКАЛАР

Өндүрүш каражаттарына жеке менчиктин калыптанышы калктын таптарга жиктелиши менен коштолду. Феодалдар табы — бий, бай, баатыр, эксплуатацияланган тап — кедей, чарбадар, кул деп аталышчу.

Бийлер артыкча укуктарга ээ ак сөөктөр болушкан. Улуу бийлер өз уруусунда администрациялык бийликти ишке ашыруу менен гана чектелбестен тышкы иштерди — коңшулар менен карым-катнашты, аскер жана сот иштерин да тескеген. Ар уруунун улугу — улуу бий кааласа коңшу өлкөлөргө кол сала алмак, же болбосо бөлөк мамлекеттердин акимдерине (амирлерине) аскерден каралаша алчу, өтө маанилүү доо-талаштарды (сот иштерин) жеке өзү чеччү. Бийлердин 40 жигиттен (кээде андан арбыныраак) куралган кошууну болоор эле. Зарыл болгон учурда бийлер өз букараларынан элдик кошуун — кол жыйнаган. Бийлер топтогон уруу кошундарынан согуш маалында жалпы кыргыз аскери куралчу. Бийлердин бийлиги атадан балага мураска өтүп турган. Кээде кыргыз бийлеринин чыгаандары бөтөн шаарларга акимдик кылган учурлары да кездешет. Алсак, 1670-ж. кыргыздын чоң багыш уруусунун улугу Койсары бий Кашкардын акимдигине көтөрүлөт.

Кыргыз феодалдарынын өзөгүн байлар түзгөн. Сандаган төрт түлүк малга ээлик кылганы менен байлар саясатка, бийлик жүргүзүүгө анчейин аралаша, кийлигише алышкан эмес.

Өзүнүн эр жүрөктүүлүгү, кайраттуулугу жана чечкиндүүлүгү менен айырмаланып, өзгөчө жоого каршы жортуулдарда, айыгышкан айкаштарда тайманбас көк жалдыгы менен атак алып баатыр атангандар кол баштап жүргөн. Баатырлар кээде бийлерден бийликти тартып алып турушкан. Адатта алар алгачкы эрдиктерин бөлөк жерден жылкы тийип келүүдөн баштаганы маалым.

Ошол кезде кыргыз элинин көпчүлүк бөлүгүн түзгөн карапайым эмгекчи калк чарбадарлар деп аталып, алардын бирин-эки кара малы, майда жандыгы боло турган. Караманча малы жок кедейлер байдын малын багып (койчу, уйчу, жылкычы), жалчылык кылып жан багышкан. Байлар патриархалдык-уруулук каада-салттарды, туугандык байланыштарды өз кызыкчылыктары үчүн ойго келгендей пайдаланышкан. Айран, сүткө, унаага муктаж кедей туугандарына бир нече баш саан уй, сүтүн саап ичүү үчүн кой-эчки берип, байлар аларга өздөрүнүн күтүрөгөн үйүр-үйүр жылкысын, короо-короо койлорун, уйларын бактырчу. Ошондой эле максатта кедейлерге мингич (ат-көөлүк — ат, бээ), көчкөндө жүгүн жүктөгүдөй унаа (төө, өгүз), кош айдоо маалында күч (өгүз, ат) беришкен. Кээде чарбадарлар феодалдардан мал жайгыдай жайыт сурап алып турушкан. Албетте, берген жайыты үчүн алар кембагалдарды өз малын багып берүүгө мажбурлашчу. Мындан тышкары аш-тойлордо чарбадарлардан түрдүү ыгым-чыгымдар жыйналып алынган.

Ири феодалдардын, атак-даңктуу бийлердин ондогон кулдары боло турган. Кулдар туткундардын, кылмышкерлердин, карызга баткан жарды-жалчылардын эсебинен топтолчу. Кожоюндар кулдарын өзүнүн менчик мүлкү катары пайдаланып, калыңга, сепке кошуп беришкен, аш-тойдо байгеге сайышкан, кун төлөгөндө кулдарын жөнөтүшкөн.

ТЕҢИР ТООДОГУ КЫРГЫЗДАРДЫН КАЛМАК БАСКЫНЧЫЛАРЫНА КАРШЫ XVII — XVIII КЫЛЫМДАРДАГЫ КҮРӨШҮ

I. ОЙРОТ-КАЛМАК МАМЛЕКЕТИНИН ТҮЗҮЛҮШҮ. АЛАРДЫН БАСКЫНЧЫЛЫК САЯСАТЫ

XVII—XVIII кылымдардын биринчи жарымында ойрот-калмак баскынчылары Кыргызстанга кайра-кайра талоончул жортуулдарды уюштуруп, кыргыз айылдарына кол салып турушкан. Адатта түркий элдер калмак атап, теги жагынан моңголдордун оң канаты — ойротторго такалчу калк тарыхый булактарда, илимий эмгектерде ойроттор, өлөттөр, жунгарлар, калмактар деген аттарды алып жүргөнү маалым. Ойроттор жеринен Монголиянын батыш тарабындагы кеңири аймакты жер-

дешкен. Ойрот феодалдарынын Чыгыш Монголиялык феодалдар менен узак жылдарга созулган жеңиштүү согуштарынын натыйжасында алардын ички биримдиги чыңдалат.

XV кылымда ойроттордун өз алдынча хандыгы түзүлгөн. XV кылымдын экинчи жарымында бул хандык феодалдык ич ара согуштардан бир нече майда хандыктарга бөлүнүп кеткен. XVI кылымда калмактар кайра биригип, «Дербен ойрот» («Төрт ойрот») союзун түзүшкөн. XVI кылымдын аяк ченинде ойроттор төрт бөлөк уруу бирикмелеринен — тыргоот, дөрбөт, хошут, чоростордон турган. Тыргооттор Тарбагатайдан күн чыгыш тарапта, дөрбөттөр — Иртыштын баш жагында, хошуттар азыркы Үрүмчү аймагында, чоростор (зюнгарлар) Илинин төрүндө жашашкан.

XVII к. биринчи чейрегинде казак ханы Эшимхан тушунда (1598—1628) кыргыздар канатташ казактар менен ынтымак-ымала кылып калмактардын чабуулдарынын мизин майтарып турган. Кыргыз бийлеринин бири Көкөм бий Эшимхандын эң ишенимдүү киши болгон.

1627-жылы ойроттордун ынтымагы ыдырап, кийин калмак (халимак) аталып кеткен бөлүгү тыргооттор батышты көздөй — Волгага (Эдил), хошуттар Тибетке көчүп конуш которуп, чоростор (зюнгарлар) Жунгарияда калат.

XVII кылымдын 20—30-жылдарында Хара-Хула башкарган чоростор тукуму күч алганда ойроттордун көбү Иртыш дарыясынын оң жак жээгинде чоростордун айланасына топтоло баштайт. Ошол кезден тартып «эки тизгин, бир чылбыр» — бийлик чорос тайджыларынын колуна өткөн эле.

1635-жылы ойрот-калмак мамлекети — Жунгар хандыгы түзүлөт. Буга чейин чачкынды ойрот урууларынын Эрдени-Батур коңтаажынын (1634—1653) бийлиги астында биригиши эрегишкен душмандын күчүн алда канча арттырып, кыргыз, казактын теңтайлашуу мүмкүнчүлүгүн тарытты, өчөгүшкөн жоо калмактардын кол салуу коркунучун ого бетер күчөттү.

Көп өтпөй, 1643-жылы кышында калмактардын сан жеткис жер жайнаган аскери (50 мин) чоң казат баштап, коңшулаш кыргыз, казактын Ата журтуна кара таандай каптап кирет. Кыйла кыргыз, казак айылдарын кыйратып талап-тоногон баскынчылар адеп жетишкен жеңиштерине эрденип, Орто Азиянын ичкери жагына

чапкынын улантат. Кийинки 1644-жылдын саратан жайына чейин созулган бул кыргында кыргыз эли жана казак калкы жат душман менен жан аябай кармашты. Ошондуктан ойрот-калмак аскерлери жортуул учурунда анчалык чоң жеңиштерге жетише алган жок. Бир нече жолку оор салгылашуулардан соң казак султаны Жаңгир менен Самаркан акими Жалаңтөш баатырдын бириккен колу жооо оор сокку уруп, чегинүүгө мажбур кылган.

Кыргыз, казактардын жунгарлар менен кийинки кагылышуусу 1652-жылга туура келет. Кан суудай аккан ошол салгылашта далай эрлер, атүгүл Жаңгир султан өзү кошо мерт болгон.

1653-жылы Батур коңтаажы көз жумгандан кийин ойрот-калмак төрөлөрүнүн ич ара ыйкы-тыйкысы, бийлик талашкан күрөштөрү күчөдү. Хан ордосунда тополоң башталып борбордук бийлик бошоңдогон ушундай опурталдуу кырдаалда Орто Азия акимдери — Жаний (тукуму) (Аштарханийлер) калмактарды талкалоо, алыска сүрүп салуу максатында өздөрүнүн аскерин жөнөткөн болучу. 1658-жылы Абдышүкүр башкарган өзбек колу Талас өрөөнүнө келип, Кулан-Жылан деген жерде калмак аскерине каршы ат коёт. Ошондо кыргыздар менен казактар өзбектерге колдоо көрсөтүп, алар тарабында тайманбастан салгылашышты. Бирок, кан күйгөн кармашта Абдышүкүр кол башы набыт болуп, орду толгус жоготууларга учураган өзбектер аргасыздан артка чегиништи.

Коңтаажы Галдан-Бошоктунун (1671—1697) тушунда калмак төбөлдөрү кыргыз, казак журтуна бир нече жолу кол салат. Галдан-Бошокту адегенде Кыргызстандын түштүгүнө, Өзбекстандын коңшулаш чөлкөмдөрүнө талоончул жортуулдарды уюштурат. Кийинчерээк коңтаажынын сан миңдеген аскери Казакстандын түштүгүнө селдей каптап кирип, эки сапар — алгач 1681-жылы, андан соң 1683-жылы Сайрамды көп күн камап турган. Анткени кирешеси мол орчундуу соода борборлору орун алып, маанилүү соода жолу кесип өткөн бул аймак карамагына өтсө коңтаажы жана анын жан-жөкөрлөрү эсеп жеткис байлыкка туйтунушмак. Ал эми 1683-жылы кеч күздө калмак кошуундары Анжыян тараптагы тоолук кыргыздарга кол салат. Душмандын өжөрлөнгөн чабуулуна кыргыздар менен өзбектер биргелешип туруштук бериштн. Кыргызстандын түштүгүнө чет жерлик баскынчылар кийинки жылдары дагы (1684, 1685)

жортуул уюштуруп турду. Айта турган нерсе, XVII кылымдын аягына карата калмак төрөлөрү көп күч жумшашып, канчалык аракеттенишсе да кыргыз жеринде өз бийлигин орното алган жок. Тек, чакан аймакта гана — Таласта, Анжыянда бир аз жыл (15) алардын таасири орногон. Демек баскынчылар кыргыздарды Ата журтунан толук сүрүп чыгара алышкан эмес.

II. XVIII КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА КЫРГЫЗ-КАЗАК СОГУШТУК ЫНТЫМАК ЫМАЛАСЫНЫН ЧЫҢДАЛЫШЫ

XVII кылымдын 90-жылдарында жунгар феодалдарынын кыргыз, казактарга кысымы убактылуу басаңдайт. Анткени, бул жылдарда Жунгар хандыгына каршы кыргыз-казак ынтымагы ого бетер бекемдеп, аларга каракалпактардын бир бөлүгү кошулган болучу. Ошондой эле Тауке хандын тушунда (1680—1718) Казак хандыгы кыйла чыңдалат. Эшим хандын небереси, Жаңгир хандын уулу Тауке хан менен кыргыз Тиеш бийдин достугу далай жыл кыргыз-казак ынтымагына ылаажы болгон.

Мындан тышкары өз көз каранды эместигин коргоп калуу үчүн манжууларга каршы күрөштө калмактар алсырай түшкөн эле. 1644-жылдан тартып Кытайды бийлеп турган манжуулар менен Жунгар хандыгынын ортосундагы согуштардын алгачкыларынын бири 1690-жылдан 1697-жылга чейин созулуп, таймашкан эки тарапты тең зор жоготууларга дуушар кылган.

Кыргыз, казактар менен жунгарлардын ортосундагы мамилелер Цеван-Рабтандын (1697—1727), айрыкча Галдан-Церендин (1727—1745) тушунда кайрадан кескин курчуп кетет.

XVIII кылымдын башында Жунгар хандыгынын манжуулар менен согуштарда алсырап баратканын баамдаган кыргыз, казактар калмактарга тарттырып ийген Жунгарияга чектеш аймактардагы журт-конуштарын кайтарып алууга аракет жасашкан. Бирок 1723-жылы алар жунгар баскынчыларына (60 миң аскер) жаңы жортуулуна дуушар болуп жеңилип калышат да Теңир-Тоолук кыргыздардын бир бөлүгү 20—40-жылдары Ферганага, казактардын кыйласы Бухара ээлигине, Ходжент, Самарканга кире качат. Ошондо казак хандарынын ордо шаары — Түркстан душмандын колунда калган. 1723-жылы Ысык-Көлдүн чыгыш тарабын Цеван-Рабтан каратып алганга үлгүргөн болучу.

Ирийне, кыргыз урууларынын көпчүлүгү мурдагы конуштарында, өз мекенинде кала бергени маалым. Алар Чүйдөн Балкашка чейинки кеңири аймакта, Ысык-Көлдүн күңгөй бетинде көчүп жүрүшкөн. Жогорудагы кыргындан кыйла жыл илгери, XVII кылымдын экинчи жарымында Теңир-Тоолук айрым кыргыз уруулары калмак феодалдарынын кысымына туруштук бере албай убактылуу Фергана аймагына жана Чыгыш Түркстанга, Каратегин, Гиссарга сүрүлүп кеткен эле. Андан бери көптөгөн жылдар өтсө да Ала-Тоо Ата журту алардын эсинен чыккан эмес. Ата-журтка кайтуу үчүн качкын кыргыздар ыңгайлуу учурду чыдамсыздык менен күтүп жүрүштү. Андай мүмкүнчүлүккө алар XVIII кылымдын экинчи жарымында араң ээ болушкан. Ага чейин кыйын кезең, оор турмушту, көптөгөн тарыхый окуяларды баштан кечирүүгө туура келди.

Кыргыздардын алгачкы топторунун Ферганага, Каратегинге (Тажикстандын тоолуу аймагы) XVI кылымдын аягы XVII кылымдын башында эле келе баштагандыгы тууралу да маалыматтар бар.

Колдо болгон тарыхый маалыматтарга караганда кыргыздардын жоон тобу XVII кылымдын 30—50-жылдарында Кашкардын Янги-Гиссарга чейинки аймакка, кийинчерээк Жаркент төлкөмүнө жана Чыгыш Түркстандын түштүк-батыш төлкөмдөрүнө (Хотан) жылган. Алардын арасында кушчу, кыпчак, дөөлөс, найман, кесек, булгачы урууларынан бар эле. Буга Чыгыш Түркстан акимдеринин кыргыздарга жортуулдары себеп болсо керек. Кыргыздар Чыгыш Түркстанда эзелтеден эле жашап турушкан.

1732-жылы жунгар аскерлери Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү кыргыз айылдарына кол салат. Ошол эле жылы баскынчылар казактарга каршы жортуул уюштурушуп, чечүүчү салгылашуунун жүрүшүндө жеңилип калышкан.

30-жылдардын экинчи жарымында калмак улуктары Бадахшанга үч ирет казат уюштурат. Акыркы казаттан кайтып келе жаткан калмак колу менен Каратегинде кыргыздар беттешип, жоолашкан жоосунун аскерин толук талкалайт.

XVIII к. 40-жылдарынын орто ченинде кыргыздар, казактар жана өзбектер Жунгар хандыгынын зордук-зомбулугуна каршы күрөштө бирге болушту. Орто Азия элдеринин чет жерлик баскынчыларга каршы биргелешкен чогуу-чаран күрөшүнө Кокондун акими Абд ал-Керим бий (1734—1751) жетекчилик кылган. Бул кармаш-

та кыргыз беренди бөтөнчө айбаттуулукту көрсөтүп даңкка бөлөнүшөт. 1745-жылкы жортуулда 20 миң калмак аскеринин тең жарымы элине кайтпай калган. 1747-жылы Акмат бий баштап барган кыргыз колу (10 миң жоокер) Кашкар тарапта калмактарды кыйратып жеңиш менен кайтат.

Калмак менен кыргыздын ортосундагы чоң согуш 1748—1749-жылдарга туура келет. Ал жылдарда согушту негизинен кашкарлык кыргыздар жүргүзгөнү белгилүү. Адегенде Зайсан Доржи, кийин Лама Доржи башкарган жунгар колу согушта жеңилип, көп аскеринен ажыраган болучу. Бул ири жеңиштер кыргыз-калмак мамилелеринин тарыхындагы уруттуу учур болду жана Жунгар хандыгынын кол салууларынан биротоло арылуунун, баскынчылардан Ата журтту толук бошотуунун башталышы эле.

Хандыктагы ич ара саясий ырктын бузулушу, ыйкы-тыйкынын күчөшү, ошондой эле кыргыз, казак жана өзбектердин көз каранды эместик үчүн тынымсыз күрөштөрү ойрот-калмак хандыгын мурдагы күч-кубатынан ажыратып, алсыратып, акыр аягында манжууларга жем болушуна, кыйрап жок болушуна алып келди (1755—1758).

ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ЖАНА ПАМИРДЕГИ КЫРГЫЗДАР

I. КЫРГЫЗДАРДЫН ЧЫГЫШ ТҮРКСТАН, ФЕРГАНАДАГЫ XVII к. САЯСИЙ ОКУЯЛАРГА КАТЫШУУСУ

XVII—XVIII к. башында кыргыздардын бир бөлүгү Чыгыш Түркстан, Фергана, Гиссар, Гуляб, Каратегин, Памирге жер которгону менен баскынчыларга биротоло баш ийип берген жок. Бул тарапта мурдатан эле иш жүзүндө кыргыз бийлери бийлик жүргүзүп турган. Алсак XVII к. орто ченинде кушчу уруусунун бийи Сокур бий Султан Махмудхандын Жаркентке жасаган жортуулуна 7 миң кыргыз аскери менен катышып, ага Моголстанда хан бийлигин бир тууганы Султан Ахмедден тартып берген. Чыгыш Түркстанда Махмуд Султан хандык кылган жылдарда (1633—1638) Батур коңтаажы кыргыздарды Теңир-Тоодон Кашкар, Ферганага сүрө баштаган эле. Ошондуктан бул тарапта кыргыздардын саны кескин

көбөйүп кетет да алар аймактын саясий турмушуна активдүү кийлигишип турушат.

1638-ж. Моголстандын хандык бийлиги Абд-ар-Рахимдин уулу Абдулла хандын (1638—1670) колуна өтөт. Абдулла хан өлкөдө өз бийлигин бекемдөө максатында Чыгыш Түркстанга жанаша жаткан кыргыз жерине жортуул уюштуруп, Ош шаарына чейин келген. Ошол жортуул учурунда Кыргызстандын түштүгүндөгү, Ферганадагы, Кашкар тарабындагы кыргыз уруулары бири-бири менен тыкыс байланыш түзүп күч топтоп Абдулла хандын аскерине эки ирет оор сокку уруп чегинүүгө мажбур кылышкан болучу. Айрыкча Абдулла хан Ферганага жасаган жортуулунда зор жоготууларга учураган эле. Анын аскери Ошту убактылуу басып алып кайра кайтып бара жатканда чоң багыштын бийи Койсары бий, Үч-Куртка бий, кыпчак Жолболду бий ж. б. жетектеген кыргыздардын кошууну Беш-Буйнак (Мойнок) деген жерден душманды куып жетип, 6 күн камап туруп толук талкалашат. Ошол эле Койсары бий менен Жолболду бийдин колу көп өтпөй дагы бир жолу Абдулла хандын колун талкалап, аны Нарындан ары Аксайга чейин куып барышкан.

Абдулла хан кийинчерээк Ферганага жаңы жортуулдарды уюштуруп, кээде жеңиштерге жетишкени менен кыргыз урууларын биротоло баш ийдире алган жок. Тескерисинче, анын өмүрүнүн акыркы жылдарында кыргыз бийлери Чыгыш Түркстандагы ири шаарлардын — Кашкар, Жаркент, Янги-Гисар, Хотан ж. б. калааларын бийлеген чыныгы улуктарына айланышат. Так талашкан өз жакындарына — козголоңчуларга каршы күрөштө Абдулла хан кыргыз бийлерине таянып, өз бийлигин сактап калган эле. Ошол кезде найман, кыпчак, канглы ж. б. уруулар колдогон сан кыргыз бийи Сатым бий Янгы-Гисарды, чоң багыштын бийи Койсары бий Кашкарды башкарып турат. XVII к. аягы — XVIII к. чоң багыштар менен кыпчактар Чыгыш Түркстандын саясий турмушунда зор роль ойноп теңтайлашып келишкен. XVII к. аягында Жаркенттик кыргыз-кыпчак Арзу Мухаммед бек хан сарайда кадыр-баркка ээ болуп, кыпчак, кушчу, найман, дөөлөс, кесек, чоң багыш ж. б. уруулар ага баш ийчү. Кезинде ал Мухаммед Мумин-Султан Ак-Баш ханга, кийин Султан — Ахмад-Султанга ордо калаа Жаркенттеги тактыны тартып берип, аларды хан көтөргөнү, атүгүл өзүн Кара хан атаганы, өлкөнү өзү башкарып тургану маалым.

Фонды государственного
720124

Кыргыз төрөлөрүнүн күч алышына нааразы болушкан Жаркенттик эмирлер Цеван-Рабтанга жардам сурап кайрылышат. Жунгариядан коңтаажы Чукул-Кашка баш болгон калмак аскерлери Жаркентке келгенде кыргыздар Кашкарга чегинип кетет да жоо кайра кайткан соң ордо шаарды кайрадан ээлеп алышат. Ошол окуялардан кийин Кашкар-Жаркент чөлкөмүндө кыргыз бийлеринин саясий үстөмдүгү орноп, алардын бийлиги 1702-ж. Чыгыш Түркстанды Жунгар хандыгы биротоло басып алганга чейин созулган. XVIII к. орто ченинде жана экинчи жарымында (1750—1770) кыргыздар эки топко — батыш жана чыгыш тобуна биригип жашап турушкан. Батыш тобу негизинен ичкиликтерден жана оң менен сол канаттын айрым урууларынан турган түштүк кыргыздар же Памир-Ферганалык кыргыздар эле. Алардын катарына 15 уруу кирип, эң күчтүүлөрү басыздар (1300 түтүн), адыгине жана моңолдор (700 түтүн) боло турган. Батыш тобундагы кыргыздардын жалпы саны кытайлык маалыматтарга караганда (1757, 1762, 1782-жж.) 200 миң кишиге таяп барчу. Алардын ээлиги түштүктө жана чыгышта Памир тоолору, батышта Бухара менен чектешчү. Ал эми чыгыштагы чек арасы дал Кашкардын өзүнө чейин созулуп жатаар эле.

Ал кезде (1760—1770-жж.) Кашкардын түндүк-батыш жагында басыздар менен саяктар, чоң багыштар, солтолор, түштүк-батыш тарабында тейит, сарт, найман, кыпчактар ж. б. уруу-уруктар көчүп-конуп жүрчү.

II. ПАМИР КЫРГЫЗДАРЫ

Памирлик кыргыздар тууралуу тарыхый тагыраак маалыматтар XVI кылымга таандык. 1575-ж. памирлик кыргыздар Бухаранын эмири Шейбани Абдулла Геракка кеткенде мындан бир аз убакыт мурда анын ээлигине өткөн Батыш Памир чөлкөмдөрүнө, Гисарга Дехнауга чейин Каратегин тараптан кирип барышкан. Абдулла хандын аскерлери менен болгон оор салгылашуулардан кийин гана алар мурда колго түшкөн көп сандаган туткундарды, олжону таштап Каратегинге чегинишет.

1637—1638-жылдарда Бакы-аталык баш болгон өзбек колу Хутталян чөлкөмүндөгү Кала-и-Хум чебин (Дарвандын башкы шаары) баш ийдирет да Балхтагы хан ордосунда тарбия алган Шах-Кыргыз чептин акимдиги-

не дайындалат. Чептин мурунку беги Шах-Гариб да кыргыз эле. Ал Шах-Кыргыздын агасы болчу. Шах-Кыргыз жаштайынан тың чыгып, аз убакыт болсо да өз бийлигине коңшу аймактарды Бадахшан, Рушан, Шугнан ошондой эле Каратегинди бириктире алды.

Теңир-Тоого, Анжыянга, Чыгыш Түркстанга ойрот-калмак баскынчылары кайра-кайра кол салып кыргыздардын бир тобун Теңир-Тоодон сүрүп чыккан учурда памирлик кыргыздар өздөрүнүн көз каранды эместигин коргоп турган. Мургабга, Памирдин бөлөк чөлкөмдөрүнө чейин жете келген калмак аскери жергиликтүү жоокерлердин айыгышкан каршылыгына кабылышат. Жунгар хандыгы өтө күч алып турган кезинде да памирлик кыргыздарды багындыра алган жок.

Өз алдынчалыгын сактап калуу менен бирге памирлик кыргыздар өздөрү бир нече жолу коңшу өлкөлөргө — Чыгыш Түркстанга, Орто Азияга, Бухарага, Ооганстанга жортуул уюштуруудан кайра тарткан эмес. Кыргыз феодалдары Памир аркылуу соода жүргүзгөн чет өлкөлүк көпөстөрдүн кербендерин талап алган учурлар көп эле болгон. Анткени маанилүү соода жолдору алардын конуштарын аралап өткөн.

XVII кылымдын аягынан тартып памирлик кыргыздар Чыгыш Түркстанда бийликке умтулган диний агымдар — ак тоолуктар жана кара тоолуктар деп аталган эки топтун өз ара бийлик талашкан күрөшүнө активдүү түрдө катышышат. Кыргыздардын көмөгү менен кожолор Кашкарды ээлеп, Чыгыш Түркстандын улуктары болуп калышкан.

Памирдеги кыргыздарды XVIII к. орто ченинде Жунгар хандыгын талкалап, Чыгыш Түркстанды ээлеген манжуулар да баш ийдирип ала алышкан эмес.

Ферганадан Ооганстан Памирине кыргыздардын журт которушунун акыркы этабы XVIII к. аягына XIX к. башына туура келет. Ооган Памиринде кыргыздын төрт уруусу — тейит, кесек, найман жана кыпчак уруулары туруп калышкан. Булардын ар бири майда уруктарга жиктелип, Кичи жана Чоң Памирде жашачу.

Ооган Памирине биринчи болуп тейиттер XVIII к. Алайдан Кызыларт ашуусу аркылуу көчүп келишкен. Алардын артынан бул жакка XIX к. башында Каратегинден Дарваз аркылуу кесек уруусу Кокон ханы Мадалиден качып көчүп жөнөшөт.

XIX к. Памир Кокон хандыгы, Кашкар, Кабул эмирлеринин ортосунда бөлүндү болгон. Бирок кыргыздар

иш жүзүндө аларга баш ийбей өз бетинче турмуш-тиричилик кылуусун уланта берди. Памирлик кыргыздар үчүн чек ара жокко эсе эле, алар каалаган жагына, жайыт-конуштарга көчүп-конуп катташып турушкан, ар дайым эле алык-салык төлөй беришчү эмес, коңшу акимдердин жортуулуна татыктуу жооп кайтарып катылгандын катыгын беришчү.

КЫРГЫЗДАРДЫН XVIII КЫЛЫМДЫН ОРТО ЧЕНИНДЕГИ САЯСИЙ АБАЛЫ

I. КЫРГЫЗДАРДЫН КОҢШУ ЭЛДЕР ЖАНА МАМЛЕКЕТТЕР МЕНЕН МАМИЛЕЛЕРИ. КЫРГЫЗДАР ЖАНА «ИСХАКИЙЯ», «ЫШКИЙЯ» СОПУЧУЛУК ЖАМААТТАРЫ

XVIII к. орто ченинде кыргыздар коңшу элдер жана мамлекеттер менен кырдаалга жараша карым-катнашта болушкан. Чыгыш Түркстандын, Орто Азиянын шаарлары өзбектер, казактар, афгандар менен соода-экономикалык байланыштарды үзгүлтүккө учуратпастан кыргыздар аталган аймактардагы саясий окуяларга аралашып турушту. Жүз жылдан ашык убакытка созулган кыргыз-калмак согуштарынын акыркы мезгили да ушул учурга дал келет.

XVIII кылымдын 50-жылдарына Жунгар хандыгынын ички саясий кризисинин, карама-каршылыктарынын өтө курчушу мүнөздүү. Галдан-Церендин жээни, такты таажы талашкан Амурсана-нойон баш болгон ойрот төрөлөрүнүн чыккынчылыгынын жана манжуулардын кийлигишүүсүнүн натыйжасында 1755-жылы хан Даваци бийликтен кулатылгандан кийин Жунгар хандыгы чакан эзликтерге бытыранды болуп бөлүнүп кетет. Абалдын өзгөргөнүн туура баамдаган Орто Азия жана Чыгыш Түркстан элдери Жунгар залимдерине каршы боштондук күрөшүнө жапа тырмак көтөрүлдү. Чыгыш Түркстанда калмактарга каршы күрөшкө каратоолук кожолордун кадыр-барктуулары — Даниял кожонун уулдары — Жахан кожо, Юсуф кожо, Низам ад-дин кожо жана Абдаллах кожо жетекчилик кылган.

XVIII к. башынан тартып каратоолук кожолордун жолбашчысы Даниял кожо көзү өткөнчө Жунгар ханынын вассалы катары өлкөнү башкарып турган болчу. Ал өлгөн соң Галдан-Церен анын балдарын Жаркент, Кашкар, Аксу жана Турпан шаарларынын улуктары

кылып дайындайт. Бирок иш жүзүндө калааларда бийликти алар жүргүзгөн эмес. Коңтаажы кожолорду көбүнчө ордодо өзүнө жакын кармачу.

Чыгыш Түркстанды бийлөө кезинде актоолуктардын жол башчысы Абак бийдин урпактары — Бурхан ад-дин менен Хан-Кожо да умтулуп турду. Жунгар хандары буларды дагы хан сарайынан алыска чыгарган эмес. Диний мүнөздөгү эки топ тең — ысхакийя, ышкийя топтору кыргыздардан жардам алууга ниеттенишип, кыргыздар менен байланышты чыңдоого аракеттенишкен.

Ысхакийя тарыкаты — сопучулук жамаатын XVII кылымдын башында кожо Махдум-и Аззамдын (1542-ж. өлгөн) кенже уулу кожо Ысхак (1613-ж. өлгөн) негиздеген болчу. Ысхакийя жамааты кожо Ысхактын агасы негиздеген ышкийя жамааты менен теңтайлашып турган. Ысхакийя жамаатынын өкүлдөрүн «кара топулуулар» же «кара тоолуктар» деп да аташчу. Ал эми ышкийя сопучулук жамааты кожо Махдум-и Аззамдын уулу кожо Мухаммед Эмин тарабынан уюшулган. Бул жамаат тарабындагыларды «ак тоолуктар» же «ак топулуулар» деп аташчу. Жамааттардын Чыгыш Түркстандагы саясий бийликти ээлеп алуу үчүн жүргүзгөн өз ара күрөшү узакка созулуп жергиликтүү уйгур, кыргыз, казак элдерин азапка салып, алсыратып турду. Ич ара ыйкы-тыйкы, жөнү жок атаандашып эрегишүү ойрот-калмак, манжуу баскынчыларына каршы калайыктын жапатырмак бирдиктүү күрөшүн уюштурууга кедерги болду.

1754-жылы Чыгыш Түркстандын эгеси, каратоолук кожолордун жолбашчысы Юсуф кожо айрым кыргыз урууларынын колдоосуна таянып коңтаажыга баш ийүүдөн баш тартат. Жунгар хандыгына каршы күрөштө ал ферганалык жана илелик кыргыздарга атайын кат жиберип жардам сураган. Көп өтпөй Амир-Мырза башкарган кыргыз-кыпчак колу (бугулардын да болушу ыктымал) Куча шаары аркылуу Хотанга жете келип калмактардын абалын ого бетер кыйындатты. Ал эми Анжыян, Ферганадан жардамга келген ири кыргыз кошуунуна кушчу уруусунун улугу Кубат-Мырза (бий) кол башылык кылган. Калмактарга каршы биргелешкен жортуулда Юсуф кожо көз жумган соң кыргыз бийлери анын балдарын колдобой өз бетинче күрөштү уланты-шып Кашкар, Жаркент ж. б. шаарларга кожоюндук кы-

лышат. Юсуф кожонун мураскорлору менен болгон чатакта кыргыздар жеңип чыккан болчу.

1644-ж. Кытайда өз бийлигин орнотуп, жыл өткөн сайын коңшуларга көбүрөөк көз арткан Цин-манжуу төрөлөрү каратоолук жана актоолук кожолордун ырбаган чыр-чатагын кылдат пайдаланып, ыркы бузулган эки топту бири-бирине каршы тукуруп турду.

II. КЫРГЫЗ-ОЙРОТ КҮРӨШҮНҮН АКЫРКЫ МЕЗГИЛИ. КЫРГЫЗДАР ЖАНА КАЗАКТАР

XVIII к. орто ченинде Теңир-Тоолук жана Анжыян-Ферганалык кыргыздар менен казактардын көз каранды эместик үчүн чечкиндүү күрөшү күчөгөн эле. Айрыкча Амурсана менен Даваци коңтаажынын Лама-Доржиге (Эрдэни-Лама-Батур-Коңтаажы, 1749—1753) каршы биргелешкен күрөшүнүн учурунда, кийин ал экөөнүн өз ара бийлик талашкан чатактарынын тушунда Орто жүз казагынын султаны Албай Жунгар хандыгынын саясий турмушуна аралашып турду. Ыңгайы келген учурда казактар калмак феодалдарына далай ирет оор сокку уруп турушкан.

Кыргыз урууларынын ойрот-калмак баскынчыларына каршы баатырдык күрөштөрү элдик эпос, дастандарда («Манас», «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Эр-Табылды», «Жаңыл-Мырза» ж. б.) чагылдырылып, уламыш катары эл оозунда айтылып калган. Ошондой аңыз кептердин бири Атаке баатыр баяны. Ал аңыз кеп боюнча Тынай бийдин балдары Атаке жана Сатыбалды эр жүрөк жигиттерден куралган кошуунду ээрчитип бийик белди ашып Нарын дарыясынын түштүк өйүзүнө өтүшөт да Кетмен-Төбө өрөөнүндө калмактар менен беттешишет. Жоо Атакенин эч нерседен жалтанбас аскеринин чабуулуна туруштук бере албай чегинип кетүүгө мажбур болот, ошентип Нарын дарыясынан Чүйдүн Шамшы ашуусуна чейинки кыргыз жери душмандан тазаланат. Жеңиш жөнүндө кабар жетээр замат кыргыздар Теңир-Тоону көздөй жылышкан. Калмактар Чүй өрөөнүндө гана бир аз жыл туруп калышат. Көп узабай кыргыздар аларды Чүйдөн да куып чыгышкан болучу.

Дагы бир уламышта кыргыздардын Таласка жана Чүйгө жасаган жортуулдары мындайча баяндалыптыр. Саруу уруусунун баатыры Бердике баатыр менен сарыбагыш Атаке баатыр баш болгон 3 миң аскерден турган

кыргыз колу Боом капчыгайындагы Көк-Жар деген жерде калмактарга кол салып, аларга оор сокку урушат. Ошондо калмактардын көбү туткунга түшүп, өлгөндөн калган бир аз бөлүгү Ысык-Көл тарапка араң качып кутулган экен. Кыргыздардын Ысык-Көлдөгү калмактарга каршы жортуулу тууралуу да өзүнчө уламыш бар. Ал уламышта айтылган кабарга караганда башында солтонун берени Ныша, саяк Качыке, сарыбагыш Тынай баатыр турган көп сандаган кыргыз кошууну Ысык-Көлгө орношуп алган калмактарга чабуул коюп талкалап салышкан. Ал эми Анжыян, Аксылык кыргыздардын аңыз кебине ылайык кытай уруусу узак жыл илгери калмактар менен ирегелеш Аксыда, Чиназдан анчейин алыс эмес аймакта (Ферганадан Чаткалга түшчү ашуу) жана Ак-Таш аталчу жерде жашашкан. Кыргыздар менен кезектеги салгылашууда жеңилип калган калмактар кыргыздарды шекшитпеш үчүн өздөрүнүн туусун журтка калтырып жашыруун качып кутулушуптур. Айла-амал гана аларды апаат-кыргындан куткарып, кыргыздар үч күндөн кийин гана калмактардын алыс жакка качканын билип журтта калган тууну олжо кылышкан.

Жунгар хандыгына каршы кылымдан ашык убакытка созулган айыгышкан айкаштардын, элеттик элдин эркиндиги үчүн эрендер кан төгүп, күлгүндөй өмүрүн кыйган боштондук күрөшүнүн натыйжасында кыргыздар ойрот-калмактарды биротоло кууп чыгып эзелки Ата журтун кайтарып ала алды.

XVIII кылымдын 50-жылдарында ойрот-калмактардын ордосунда ырк бузулуп, кантаажы менен ортодогу таасирдүү нойондордун ынтымагы ыдырап жунгар хандыгы алсырап калган эле. Көптөн бери Жунгар мамлекетин басып алууну көксөп келген Цин империясы үчүн өтө оңтойлуу кырдаал түзүлгөн болчу.

50-жылдардын аяк ченинде манжуулар Жунгар хандыгына жана Чыгыш Түркстанга чечкиндүү жортуулдарды уюштуруп турду. Калмактарга каршы согушта Цин төбөлдөрү кыргыз, казактарды өз тарабына тартып, алардын колдоосуна ээ болууга нечен ирет аракет жасашат. Кыргыз, казактарды калмактарга каршы тукуруу менен манжуулар жеңишти жеңилдетүүнү эңсешкен. Бирок, ар дайым эле алардын ою ордунан чыга берген эмес. Кийинчерээк манжуулардын өздөрүнө каршы күрөш башталганда кыргыздар Орто Азия жана Чыгыш

Түркстан элдеринин катарында каармандык менен кармашты.

Ал эми түркий элдерге далай жыл залалы тийген Жунгар хандыгы 1758-жылы Цин аскерлери тарабынан биротоло талкаланат. Кытай баскынчылары ошол согушта мыкаачылыктын үлгүсүн көрсөтүп, 1 млн. го жакын калмакты кары-жашына, катын-балага карабай аёосуз кырып салган. Душмандын колунан тукум курут болгон калмактардын аман калгандары эптеп качып кутулуп туш тарапка тарады. Орто Азияга, Орусиянын ээлигине кире качкан калмактардын жоон тобу Ферганадан, Теңир-Тоодон орун-очок алышкан. Жеринен пейли кенен кыргыз эли айкөлдүгүн карматып азган-тозгон мусапыр кейпиндеги ач-жылаңач качкындарды кек сактабай кабыл алып конуш берди, көр-тирликте көмөгүн аябады. Акырындап алар кыргыз уруулары менен аралашып, болгону бабаларынан калган атын гана сактап калышты.

XVIII к. 50-жылдарынын аягы 60-жылдарынын башы ченде кыргыздардын көпчүлүгү кайрадан Теңир-Тоодогу эзелки ата конушун ээлеген болучу.

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН XVIII КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ САЯСИЙ АБАЛЫ

I. МИҢ СУЛАЛЕСИНИН КОКОН ХАНДЫГЫ ЖАНА ТҮШТҮК КЫРГЫЗДАР. КУБАТ БИЙ. АЖЫ БИЙ

XVIII кылымдын экинчи жарымында кыргыз эли зор аймакты ээлеп турган. Кыргыздардын ээлиги чыгышта Кашкардын түзөң бөлүгүнөн тартып батышта Фергана өрөөнүндө Ходжентке чейин, түндүктө Талас, Чүй, Иле өрөөндөрүнөн түштүккө карай Памир — Алайга чейин созулуп жаткан. Бирок кыргыз уруулары али бирдиктүү мамлекетке бириге албай саясий жактан бытыранды бойдон кала берди. Буга алардын чарбалык турмушуна, коомдук мамилелерине жана өнүгүүсүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөр (патриархалдык-уруулук түзүлүштүн калдыктары, көчмөн чарба, ич ара карым-катнашты таатаалдаткан бийик тоолуу жаратылыш шарттары, жоокерчилик заман ж. б.) себеп болгон.

Бирдиктүү бийлиги жок кыргыз жерине коңшу мамлекеттер ар дайым көз артып, аны басып алууга көп күч жумшаган. Андыктан XVIII к. экинчи жарымын-

да кыргыз элине жаңы душмандар менен жоолашып турууга туура келди. Ошол кезде кыргыздардын кооп-суздугуна коркунуч туудуруп, Кыргызстанда өз таасирин орнотууга умтулган Цин империясына каршы күрөшкө, жаңыдан түзүлгөн Қокон хандыгындагы саясий окуяларга кыргыздар активдүү катышкан. Айрыкча Ферганалык, Алай, Анжыян-Аксылык жана Теңир-Тоолук кыргыздар өзбектердин миң жана жүз уруулары менен бирге Қокондун тарыхында зор роль ойногон.

Орто Азиядагы ири феодалдык мамлекеттердин бири — Қокон хандыгы негизинен XVIII к. экинчи жарымында түзүлөт. XVIII к. башында Бухара эмиратынан Фергана бөлүнүп кетет да анын аймагында өз бетинче бийлик жүргүзгөн бектердин ээликтери калыптанат. Ал эми 1710-ж. миң уруусунан чыккан өзбек феодалы Шахрух бий кожолордон — динчил дервиштер шериктигинен бийликти тартып алып хандардын жаңы сулалесинин заманына из салды. Миң сулалесинин тукумдары Қокон-ду 1876-жылга б. а. жоюлганга чейин башкарып турганы маалым. Айта кете турган нерсе — Шахрух бийден тартып Қокондун кийинки бардык эгелери көчмөн элдерге таандык каада-салт, ырасмы, нарк боюнча ак кийизге отургузулуп хан көтөрүлүп турган.

Қокондун өзү чеп-калаа сымак түрүндө алгач Шахрухтун уулу Абд ар-Рахим бийдин тушунда (1722—1734) түптөлөт. Ферганалык кыргыздардын кокондуктар менен теңтайлашуусу ошол жылдарда эле башталган болучу. Қыргыздар бүтүндөй Ферганадагы, ордодогу бардык саясий окуяларга активдүү катышып, атүгүл кээде хандык такты таажынын тагдырын чечишкен.

Ордо кишилеринин, хандын жан-жөкөрлөрүнүн, кеңешчилеринин ичинде кыргыз бийлеринин бедели жогору болгону маалым. Алсак, кыргыз Акбото бий 20-жылдарда Ходжентти башкарган. Ал Қокондун төрөсү Рахим бийдин кайнатасы (мүмкүн кайнагасы) эле. Атайын кыргыз жигиттеринен куралып паңсат баш болгон 500 аскер ага кызмат кылчу. Адегенде Акбото бий Рахим бий менен дурус мамиледе болуп күйөө баласына өз каалоосу боюнча Ходженттеги эмирлик бийлигин тартуу кылат. Бирок бийликке, байлыкка дөгүрсүгөн эки бийдин ынтымак-ымаласы узакка созулган эмес. Алардын ыркы кетип, чатак ырбаганда амалкөй Рахим бий кайын атасынын жана кайын ага-инилеринин көзүн тазалап, Ходжентти биротоло тартып алат.

Акбото бийдин өлүмү, анын ээлигинин Кокондун карамагына өтүшү Ферганадагы чакан феодалдык ээликтер Ходжент, Маргалаң, Анжияндын бир мамлекетке биригишинин, Кокон хандыгынын калыптанышынын башталышы болду. Абд ар-Рахим бий он жылдан ашык Коконду бийлеп, акыры ордодогу козголоңдо киши колдуу болуп өлөт. Анын мураскору Абд-ал-Карим бийлик кылган жылдарда (1734—1750/51) келечектеги хандыктын ээлиги бир топ кеңейип, ойрот-калмак баскынчыларына каршы жармакташкан күрөштө кокондуктар менен кыргыздардын ымаласы чыңдалды.

Фергана аймагынын Бухара хандыгынын карамагынан биротоло бөлүнүп чыгышы Ирдана бийдин (1751—1770) ишмердиги менен байланыштуу. 1754-ж. Бухара эмири Мухаммед-Рахим, Кокон эгеси Ирдана бий жана кыргыздын кушчу уруусунун улугу Кубат бий (Кубат мырза) тең укуктуу тектүү шериктерче Ура-Төбөгө чогуу жортуул уюштурушкан. Ошондо Ура-Төбөнүн акими Фазыл бийге жан тарткан Гиссарлык бек Мухаммед Эминбий айла-амал салып алардын ортосуна от жагат. Айлакер бектин көксөгөн максаты ишке ашып, көп өтпөй шериктер бири-биринен кол үзүп туш тарапка тарап кетишет. Ошол кезде кушчу уруусунун журту Анжияндын айланасында кеңири өрөөндү кучагына алган. Ирдана бий менен мамилени үзгөн соң Кубат бий өз алдынча элдин улугу, мырзалардын чыгааны катарында актоолук кожолор тарабында Кашкардагы саясий окуяларга катышты. Кубат бийдин кушчуларды дале болсо бийлеп тургандыгы тууралу акыркы маалыматтар 1785-жылга таандык. Кубат бий XVIII кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз уруу жол башчыларынын эң атактуусу, мыктылардын мыктысы, көптү билген көрөгөчү, акылманы, коңшу элдерге аттын кашкасындай таанымал, кадырман мырза эле. Ал өзүнүн кушчу уруусунан тышкары Анжыян-Аксы тараптагы бөлөк урууларга да баш-көз болуп жалпы кыргыз калкы, анын келечеги үчүн кам көрсө керек. Кубат бий Кокон, Бухара, Кашкар акимдерине эч качан баш ийген эмес, алар менен тең ата катары өз элине өз бетинче сурак жүргүзчү, коңшу өлкөлөр менен каалагандай достошуп, каалагандай касташчу. Анын эр жүрөктүгүн, тайманбастыгын, албарс кылычтай курчтугун адилет баалаган өкүмдарлар кезинде ага «Бахадур бий» ысымын ыйгарышкан.

XVIII кылымдын экинчи жарымында Кокондуктарга каршы көз каранды эместик үчүн күрөштө эл башында

туруп даңкы далайга кеткен кыргыз мыктыларынын бири Ажы бий болгон. Қытайлык географтын (XVIII к.) жазган маалыматтарына караганда кыргыздардын адыгине уруусунун чыгааны Ажы бийге Бухарадан күн чыгышты көздөй кеңири аймакты жердеген 200 миң кыргыз баш ийчү. Қайсы бир жылы ал эли менен бирге кытай букаралыгына өтмөк болот. Бирок кийин ал мындай ойдон баш тартып, элин өзү бийлеп турган. Алай жана Ош аймагындагы бардык кыргыз уруулары анын карамагында болгон. Ажы бий кайсы бир коңшу мамлекетке көз каранды эмес эркин элдин улугу катары Цин дөөлөтү менен өз бетинче алака кылган. Ал өзүнүн атынан, атүгүл Қокондук Ирдана бийдин атынан Қытай төрөлөрүнө кат жиберип турган. Эгерде кыргыз мырзаларынын ич ара чатактары болбосо, балким ал кыргыз урууларын саясий жактан бириктирип бийликти өз колуна топтомок. 60-жылдардын башында Ажы бийдин жетекчилиги астында адыгине, ичкилик, моңолдор уруулары Ирдана бийдин баскынчылык аракеттерине катуу каршылык көрсөтүп турду.

II. ЦИН ҚЫТАЙЫ МЕНЕН КЫРГЫЗДАРДЫН XVIII КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ МАМИЛЕЛЕРИ

XVIII к. орто ченинде (1755—1758) Цин дөөлөтүнүн аскерлери Жунгар хандыгын талкалаган соң Чыгыш Түркстан жана Орто Азия элдерин багындырууга умтулуп, кыргыз, казак, өзбектерге коркунуч туудура баштайт. 1644—1912-жылдарда Қытайды бийлеген манжуу феодалдарынын укум-тукуму тарыхта Цин сулалеси, алар башкарган мамлекет Цин дөөлөтү (империясы) деген ат менен белгилүү.

Қыргыздар 50-жылдардын аяк ченинен тартып өтө кубаттуу саясий күчкө айланып, Чыгыш Түркстанда жергиликтүү элдердин манжуу баскынчыларына каршы кыймылына зор колдоо көрсөтүү, кийинчерээк цин үстөмдүгүн жоюу үчүн күч алган көтөрүлүштөрдүн кайнаган чордондорунда жүрүштү. Цин бийлик төбөлдөрү бекеринен кыргыздарга кылдаттык менен абайлап мамиле кылып, аларды тынчтык сүйлөшүүлөр аркылуу өз тарабына тартууга же бейтарап кылууга аракеттенишпеген чыгаар. Көбүнчө тынчтык жолу менен, ар түрдүү тартуулар аркылуу гана Қытай өкмөтү айрым кыргыз урууларын жарым-жартылай сөз жүзүндө гана өзүнө

имере алган болучу. Болжолдуу чек ара тараптарды жердеген андай кыргыз уруулары болгону жылыга бир ирет аскер коштоп келген Цин чиновниктерине мал, салык төлөшчү. Цин дөөлөтү канчалык кекирее бой көтөрүп көчмөндөрдү теңсинбей кемсинткиси, чөгөлөткүсү келгени менен алардын ички иштерине кийлигишүүгө батына алган эмес. Кыргыз журтчулугун башкаруу, жергиликтүү бийлик — мансап каада-салты, адаты өзгөрбөстөн кала берди. Жер-жерлерде мурдагыдай эле кыргыз бийлери бийлеп турушкан. Кытайлык генерал (кол башы) Чжао-Хой кыргыз мырзаларына жарыя кылган императордун манифести буга далил. Тарыхый маалыматтарга караганда XVIII к. 80-жылдарында Теңир-Тоолук кыргыздар он уруу бирикмесине — өзөзүнчө административдик-саясий бирдиктерге бөлүнгөн. Алардын ар биринин өз бийи боло турган. Алсак, сарбагыштарды Атаке бий, саяктарды Кадай бий, кушчуну Убалий бий, солтону Качыбек бий, моңолду Бирназар бий, желдең-кесекти Шапак бий, бостумакты Ташыбек бий, бугуну Бирназар бий, кытайды Муса бий, саруунуу Сейит баатыр башкарып турган. Бул бийлердин бийлигине кытай төрөлөрү кийлигише алышкан эмес. Аты аталган бийлердин арасынан эң атактуусу, эл ичинде кадыр-барктуусу, кыргыз уруулларынын көпчүлүгүнүн урмат-сыйына ээ Атаке бий болгон. Андай кадыр-баркка ал бекеринен жетпесе керек. Атаке бий калмак баскынчыларына каршы күрөштө элге баш-көз болуп баатыр атанган, жоонун жортуулдарынын маалында бүлгүнгө учурап чачыраган элдин башын бириктирүүгө жана ошол кыйын кезеңде көз каранды эместик үчүн кармашта кыргыздарга арка-бел боло ала турган мамлекет менен ымала кылууга көп күч жумшаган.

Кыргыздар Ата журтун чет жерлик душмандардан өздөрү коргоп турган. Кыргыз жеринде туруктуу жашаган кытай аскери, аскердик чептер, турак-жайлар болгон эмес. Кытай аскерлеринин айрым зордук-зомбулук аракеттерине кыргыздар татыктуу жооп кайтарышкан. Кытай аскерлери менен кыргыздар биринчи жолу 1758-ж. кагылышат. Ушул жылы жайында калмак качкындарын куугунтуктоону шылтоо кылып Иле өрөөнү аркылуу Ысык-Көл кылаасына кирип келген маньчжу колу кыргыз уруулларынын айыгышкан катуу каршылык көрсөтүүсүнө дуушар болушат. Көп өтпөй цин аскерлери кыргыз жерин таштап кетүүгө мажбур болгон.

Кыргыздарды күчкө салып багындыра албасына

көзү жеткен Цин төрөлөрү алар менен тынчтык байланыштарды түзүүгө аракеттенишет. Жунгар хандыгын талкалаган кытай аскеринин кол башчысы Чжао-Хойдун демилгеси боюнча кыргыздар 1758-жылы өз элчилерин (сарбагыш, саяк уруулары) Пекинге жөнөткөн болчу. Кыргыз элчилерин кытай императору өз ордосунда салтанаттуу түрдө кабыл алган. Элчилер императорго мурда Жунгар хандыгы убактылуу ээлеп алган жайыт-конуштарын кайтарып берүү өтүнүчү менен кайрылышат. Бирок кыргыздар элчилерди, императордун жообун күтүп отурбай эле ал жерлерди ээлеп алышкан.

Манжуу баскынчылары ич ара каршылашкан уйгур төбөлдөрүн кайраштыруу, ар кайсы элдердин ортосундагы улуттук, диний чыр-чатактарды пайдалануу аркылуу жана ири аскер күчтөрүн колдонуу менен 1759-ж. Чыгыш Түркстанды басып алып, аны Синьцзян (Шинжан) (жаңы чек, жаңы ээлик, жаңы өлкө) деп атап коёт. Чыгыш Түркстанда цин үстөмдүгү орногон соң андагы кыргыздардын бир бөлүгү Кыргызстанга журт которо баштаган болчу. Алсак, 1760-ж. жайында миңден ашык түтүн кыргыз Кашкардан көчө качып Ат-Башыга келген. Ошондо император Хун-ли Ат-Башылык кыргыздарга чабарман жиберип качкындарды кайтарып берүүнү талап кылат. Императордун коркутуп-үркүтүүсүнө карабастан жергиликтүү эл өз боордошторун душмандын колуна салып берген жок. Тескерисинче алар жоонун кол салуусуна каршы камына башташкан. Көп күттүрбөй Цин акимдери Ат-Башыга аскер жиберди. Бирок кыргыз колу жоону талкалап өз жеринен сүрүп чыгат. Бул сыяктуу жеңишке ошол эле жылы Көл боюндагы Черикчи бий башкарган кыргыздар да жетишкен эле. Черикчи бий мындан бир жыл мурда (1758) Пекинге элчи жибергени маалым.

Чыгыш Түркстандык кыргыздар уйгур, казак, өзбек, дунгандар менен бирге Цин үстөмдүгүнө каршы кыймылдарга үзгүлтүксүз катышып турду.

Цин баскынчыларына каршы күрөштөн Анжиян-Аксы, Алайлык кыргыздар да четте калган эмес. Алар өзбектер менен биргелешип, душмандын жортуулдарынын мизин майтарып турушкан. Алсак, 1759-жылы кыргыз менен өзбек колу манжуу аскерлерине оор сокку урган. Салгылашуу учурунда 7 миң кытай аскери набыт болот. Өзбек, кыргыздарга Ахмад шах баш болгон оогандар жан тартып аларга колдоо көрсөтүш үчүн Коконго аскер жиберишкен болчу.

Цин баскынчыларына каршы кыргыз, өзбек ж. б. элдердин бириккен күрөшүнүн натыйжасында душман Орто Азияда өз үстөмдүгүн орното алган жок.

Бул күрөш элдин эсинде эрдиктердин мезгили катары түбөлүккө сакталып калды. Кыргыз элинин руханий байлыгынын туу чокусу — «Манас» эпосунун бөлүмдөрүндө манжуулар менен болгон көптөгөн салгылашуулар, кыргыздардын жетишкен жеңиштери баяндалат.

III. КЫРГЫЗ-КАЗАК ЧАТАГЫ. АБЛАЙ ХАНДЫН ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНГА ЖОРТУУЛДАРЫ

XVII—XVIII кылымдардын биринчи жарымында ойрот-калмак баскынчыларына каршы күрөштө кыргыз, казактар бирге болушкан, биргелешип жоонун жортуулдарынын мизин майтарып турушкан. Бирок Жунгар хандыгы кыйрагандан кийин эзелтен иргелеш жашаган эки элдин ынтымагына доо кетти. Эми кыргыз, казак феодалдары калмактардан бошотулган жайыттарды, конуштарды талашып, өз ара чатакташа башташат. Кээде көчмөндөрдүн бири-биринин жылкысына тийип барымта кылуу адаты да чатакты ырбатчу. Казак-кыргыз ымаласынын ыдырашына, жоолашып кетишине Цин төрөлөрү да күнөөлүү. Алар ынтызарлык менен казак, кыргыздарды кайраштырып турушкан. Анткени өз ара согуштар казак, кыргыздарды аябагандай алсыратмак, Цин төрөлөрүнүн ой-максаттарынын ишке ашышын оңойлотмок.

Кыргыз-казак феодалдарынын ошол мезгилдеги кагылыштарынын негизги себеби чектеш жаткан аймактардагы жайыт, конуштарды эки тараптын тең ээлеп алуу аракети болгон. Албетте, мындай коогалаңдардан көбүнчө букара калк — казак, кыргыз кедей-кембагалдары запкы тартты.

1760-жылы Орто жүздүк казактардын султандары кыргыздарга жортуул уюштуруп, көп олжо менен кайтышат. Капысынан болгон чапкында далай кыргыз айылдары талоонго учурап, орду толгус жоготууларга кабылды.

60-жылдарда Таластык кыргыздарды бийлеген Садыр бий коңшулаш казак урууларын чаап алган болчу. Ал эми 1764-жылы кыргыз феодалдары Улуу жана Кичи жүз казактарынын Иле өрөөнүн турак кылган урууларына үч ирет бүлгүн салышат. Арийне, бул жортуул-

дар ансыз да шылтоо таппай турган казак султандарынын бүйүрүн кызытты. Ошол эле 1764-жылы Орто жүздүк Абулфеис султан Қаробото бий башкарган кыргыздарга (болжолу Чүйдүн этеги, Талас тараптагы) жортуул уюштурган.

XVIII кылымдын 70-жылдарында казак, кыргыз кагылыштары өтө күчөп кетет. Ошол кезде Аблай хан (1771—1781) Орто жүздө өз бийлигин орнотуп, Улуу жүздүн казактарын да баш ийдирүүгө умтулуп турган. Ал казак урууларынын кыйласын бириктирүүгө үлгүргөн эле. Натыйжада Аблай хан кыргыздарга каршы уюштурулган жортуулдарда бир нече жолу жеңиштерге жетише алды. Аблайдын конуштары ал кезде Түркстанга жакын аймакта болго турган. Эми ал Ала-Тоолук кыргыздардын Ата журтуна көз арта баштайт.

1770-жылы Аблай көп аскер топтоп, Таластык жана Чүйлүк кыргыздарга кол салат. Ошондо Чүйгө кыргыз урууларынын көпчүлүгү (солто, сарыбагыш, саяк, бугу, чоң багыш, азык ж. б.) кол курап келип жан аябай салгылашкан. Бул кармаш жөнүндө эл арасында «Жайылдын кыргыны» деген аңыз кеп айтылып калган. Аблай адегенде Таластын башы аркылуу кыргыздарга кол салып, Сарыбелде, Қара-Балта, Сокулуктагы солто менен саяктардын айылдарын талап тонойт. Чечүүчү салгылашуу Ак-Суу жана Қызтууган өзөндөрү Чүй суусуна куйган түзөндө өткөн. Қан суудай аккан бул салгылашта солто уруусунун кол башчысы Жайыл баатыр жана анын уулдары Үсөн менен Теке баатырларча курман болушкан.

Аблайдын аскерлери менен болгон салгылашууларга Жайыл баатырдын күйөө баласы (Бегимжандын эри), сарыбагыш уруусунун кол башчысы Атаке баатыр да активдүү катышкан. Қармаш казактардын жеңиши менен аяктаганына карабастан, алар кыргыздарды биротоло басып ала алышпады. Аблайдын аскерлери менен болгон салгылашууларда солто уруусунун ичиндеги бөлөкбай, талкан уруктарынын түпкү атасы Чаанын урпагы Бишкек эрендерче кармашып баатыр атанат. Тарыхый маалыматтарга караганда Бишкек баатырдын өмүрү кыска болуп дүйнөдөн эрте өткөн. Анын күмбөзү турган жер кийин Бишкек аталып калган. Ал жерде XIX к. Бишкек чеби, 1878-ж. Бишкек калаасы түптөлгөн.

Аблай хандын аскерлеринин жортуулдарынын бирине Бердикожо жетекчилик кылган. Анын колу таластык кыргыз айылдарын кыйратып сан миңдеген малды,

дүнүйө-мүлктү олжо кылат. Бирок кыргыздарга каршы 1786-ж. жаңы жортуулда Бердикожо жеңилип калып туткунга түшүп өлгөн эле. Кыргыз-казак чатагы эки элдин башына каран түн түшүргөн кайгылуу окуя катары тарыхта калды.

IV. ОРУСИЯГА АЛГАЧКЫ КЫРГЫЗ ЭЛЧИЛИКТЕРИ. АБДРАКМАН КУЧАК УУЛУ, САТЫМБАЙ АБДЫРАКМАН УУЛУ

XVIII кылымдын экинчи жарымында кыргыздар менен Орусиянын ортосунда өз ара байланыштардын чыйыры салынат. Ошол учурда кыргыздардын тышкы саясий абалы, коңшу мамлекеттер, калктар менен мамилеси өтө татаалдашып кеткен эле.

Кокон хандыгы, Кытай төрөлөрү Кыргызстанда биротоло өздөрүнүн үстөмдүгүн орнотууну, таасирин бекемдөөнү көздөшкөн. Түндүк-чыгыш тарапта кыргыздар менен казактардын ортосунда жайыт талашкан чатак улана берди. Кыргыз феодалдарынын ич ара чырчатактары да жалпы элет элинин ыркын кетирип, аябагандай алсыраткан. Тышкы душмандардын кол салуу коркунучунан жеке коргоно албасына көзү жеткен кыргыздар ошол кездеги кубаттуу өлкө Орусия империясына кайрылып ымала кылууга умтулган. Орусия менен дурус мамиле түзүп анын колдоосуна ээ болуу Кыргызстандын ички жана тышкы саясий абалынын жакшырышы үчүн оңтойлуу шарт түзмөк. Айрыкча бул кыргыздардын саясий өз алдынчалыгын сактап калышы үчүн зарыл эле.

Аралыктын алыстыгына карабастан кыргыздар менен саясий жана соода-сатык карым-катнаштарын жүргүзүп турууга кезинде Орусия өкмөтү да кызыккан. Анткени кыргыз жери аркылуу Кытай, Индия, Ооганстанды көздөй ыңгайлуу соода жолдору өтчү. Ал эми кыргыздар менен алака кылуу Орусиянын бул өлкөлөр менен байланышын оңойлотуп, орус элчилеринин, соода кербендеринин коопсуздугун камсыз кылмак.

Орусия менен саясий байланыш түзүү аракетин адегенде Сары өзөн Чүйдү мекендеген кыргыздар жасайт. Санкт-Петербургга алгачкы кыргыз элчилерин жөнөткөн Тынай бий уулу атактуу Атаке баатыр түндүк кыргыз урууларынын мыктыларынын мыктысы, эң кадыр-барктуусу, сарыбагыштын бийи кыргыздын кыйла бөлүгүн бийлеп турган. Ал өз заманынын уулу, көптү билген

көрөгөч, абалды туура баалай алган акылман, мыкты саясатчы болгон. Эл-журттун эркиндиги үчүн далай ирет жоо жакадан алганда «эл четинде, жоо бетинде» жүрүп карандай кайра жангыс кайрат-деми, эрдиги менен баатыр атанган. Орусияга элчилер көпчүлүк кыргыздардын атынан жиберилген деп баса көрсөтүүгө толук негиз бар.

1785-жылы жайында Атаке баатыр Абдыракман Кучак уулун жана Шергазыны өзүнүн элчилери катары соода кербенине кошуп, Орусияга жөнөтөт. Элчилер орус императоруна Атаке баатырдын атайын жазган катын, кымбат баалуу белек-бечкектерин тапшырып, анын жообун алып кайтышмак.

Чүйлүк кыргыздардын элчи жиберүүдөгү башкы максаты күч кубаттуу Орусия дөөлөтүнүн колдоосуна ээ болуу жана ал өлкөнү Чыгыш Түркстан, Индия менен байланыштырган кербендердин мурунку сапарын өзгөртүп, алардын Кыргызстан аркылуу өтүшүнө жетишүү эле.

Элчилер казактын талааларын басып өтүп, август айынын аяк ченинде (23) Омскиге (Омбу) жете келип, бир аз күн тыныккан соң дөөлөттүн баш калаасына жол тартат. Омбудан 2 орус аскери коштоп чыккан элчилер 1785-ж. 29-декабрда Санкт-Петербургга келишкен. Тарыхый маалыматтар боюнча элчилерди император айым Екатерина II 1786-жылдын аяк ченинде салтанаттуу түрдө өзү кабыл алган. Кабыл алуу учурунда кыргыз элчилери император айымга Атаке баатырдын катын жана белектерин (1 кул, 3 илбирс, 5 сүлөөсүн терисин) тапшырышат. Катта кыргыз бийи орус императоратайымын урматтаары, Кыргыз жери аркылуу Орусияга жана (аяктан биякка, бул тарапка) соода кербендеринин ээн-эркин өтүшүнө, коопсуздугун коргоого кепил болоору жөнүндө жазылган. Екатерина II алгачкы кыргыз элчилерин жылуу кабыл алып өз тарабынан Атаке баатырга жана ал бийлеген кыргыз элине колдоо көрсөтөөрүн билдирген. Император айымдын жообу атайын (ыраазылык билдирген) кат түрүндө көп өтпөй Атакеге жөнөтүлгөнү маалым. Жооп каттан тышкары Атакенин белектери үчүн 500 сом жана тартуу катары 300 сом күмүш акча жибертет.

Бирок Абдыракман элчи кеселдеп кайра сапар тарта албай калгандыктан атайын жооп-катты Атаке баатырга жеткирүү үчүн Омбудан (Омск) 1787-ж. күзүндө (октябрь) татар Мүслүм Агаферов баш болгон Абдрах-

ман Нурмамбетов деген казандык көпөстүн соода кербени жөнөтүлгөн болчу. М. Агаферов кеч күздө Чүйдөгү Атакенин айылына келип кат менен акчалай тартууну анын өз колуна тапшырган.

Кат алгандан бир жыл өтүп өтпөй Атаке баатыр өзүнүн алгачкы элчилеринин келишин күтпөстөн 1788-ж. жайында Орусияга жаңы элчилигин жөнөтөт. Абдыракман элчинин уулу Сатынбай башчылык кылган экинчи кыргыз элчилиги 2-августта Омбудагы орус төрөлөрүнө Атакенин каттарын алып келген. Омбудагы төрөгө, Екатерина II жазган каттарында Атаке баатыр алгачкы элчилеринин дайынын, тагдырын сурап аларды кайра Кыргызстанга жөнөтүүнү өтүнгөн. Бирок кийинки кыргыз элчилеринин ишине жалган жалаа кедерги болду. Ошол кезде Омбудагы орус бийлигине Орусияга кайтып келе жаткан М. Агаферовдун кербенин Атакенин балдары Солтоной менен Байшүкүр талап алыптыр деген чын-төгүнү белгисиз кабар угулат. Жоболондуу бул жорукту териштирүү туура беш жылга созулду. Ошого карабастан Омбудагы аскер акими генерал-поручик Н. Г. Огарев Сатынбай Абдракман уулун кабыл алып аңгемелешкен.

1789-ж. январда борбордо оорунун айынан үч жыл кармалып калган. А. Кучаков шериктерин ээрчитип Омбуга келет. Омбуга келээр замат кербенди талап алууну териштирүүгө аралаша баштайт. Ал Атакеге иш ойдогудай болгонун, ат-көөлүк амандыгын билгизип, кылмышкерлерди, таланган кербендин мүлкүн издеп табууга тезирээк жардам берүүсүн өтүнүп кат жазган эле.

Тилекке каршы кыргыз элчилеринин иши оңолгону калганда Н. Г. Огарев каза болуп, анын ордуна Г. Г. Штрадман дайындалат да Омбуда бийлик алмашат. Кыргыз-орус мамилелеринен анча кабары жок жаңы төрө кыргыз элчилерине анчейин көңүл бөлбөй аларды көпкө зарыктырды. Орус төрөсүн эптеп эпке келтиргенге, Ата журтка кайтып кете албай айла кетип турган чакта элчилер оор жоготууга дуушар болушту. 1789-ж. 20-июнда мечитте намаз окуп отурган жеринде Абдыракман элчи капилет көз жумат. Ал эми көпөс А. Нурмамбетов орус бийлигине таланган мүлкү табылмайын бейкүнөө элчилерди Омбудан кетирбей кармап туруусун өтүнүп арызданат. Чатакты териштирүү узакка созулуп акыры чыныгы кылмышкерлердин бети ачылып, кербенди Орто жүз казагы Худайменденин төлөнгүттөрү (феодалдык көз каранды кишилер, султандар-

дын, хандын кызматчылары, жан-жигиттери) Тайир Берди менен Ак Кочкор талоон кылганы далилденет.

1793-ж. жазында гана жалаадан арандан зорго арылган кыргыз элчилери Ата журтка кайтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Орусияга барган алгачкы кыргыз элчилеринин ишмердигинин тарыхый мааниси зор. Элчилер кыйла кыйынчылыктарга моюн бербей өздөрүнө жүктөлгөн милдетти ийгиликтүү ишке ашырышты. Кыргыздар менен Орусиянын түздөн-түз алгачкы дипломатиялык катнашынын калыптанышына, жолдун, аралыктын аябагандай алыстыгы тоскоол боло алган жок. Туруктуу жана тыкыс байланыш түзүлбөсө да, бул багытта биринчи кадам жасалды.

Элчилик байланыштар элет элинин күчүнө күч, демине дем кошкон, коңшу өлкөлөр, элдер менен тең ата болуусуна, тең-тайлашып турушуна өбөлгө түзгөн. Атаке баатырдын атагы алыска угулуп, кийин көпчүлүк кыргыз уруулары анын жолун жолдошкон.

Ал кезде мүнкүрөп турган кыргыздардын алыскы Орусия дөөлөтүнүн көмөгүнө үмүтү зор эле. Бирок эки тараптын ортосундагы мамилелердин кийинки кылымда өнүгүшү кыргыз эли ойлогондой болбоду. Орусия падышачылыгы көп жагынан элдин мөгдөгөн мүдөөсүн, үмүтүн, ишенимин актаган жок. Атүгүл XIX к. экинчи жарымынан тартып өз үстөмдүгү орногон соң падыша өкмөтү Кыргызстанда ачыктан ачык реакциячыл колониялык саясатты жүргүздү.

КОКОН ХАНДЫГЫ ЖАНА ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН ХАНДЫККА БИРИКТИРИЛИШИ

I. XIX к. ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН ХАНДЫККА БИРИГҮҮ ЖАРАЯНЫНЫН ЖҮРҮШҮ

Кокондук бийлик эгелери ар дайым кыргыз жерине көз артып, кыргыздардын үстүнөн өз үстөмдүгүн орнотууга умтулуп келишкен. Мындай максаттарын ишке ашыруруну алар адегенде Коконго танапташ жаткан ажайып кооз өрөөндөрдү жердеген кыргыздарга ыдык көрсөтүп, удаа-удаа жортуулдарды уюштуруу менен башташат. Бирок кыргыздарды багындыруу оңой-олтоң менен ишке аша койгон жок. Түштүк Кыргызстанды баш

ийдирүү үчүн күрөш узакка созулуп, дээрлик 60 жылга жакын убакытты камтыды (1762—1821).

XVIII кылымдын 60-жылдарында Ирдана бийдин Ферганадагы ийгиликтүү согуштук аракеттеринин жана басып алуучулук тышкы саясатынын натыйжасында кокондуктардын ээлиги кеңейип таасири күчөйт, күч-кубаты артат. Ушундай кырдаалда Кокондун улугу кыргыз уруулары менен буга чейинки ынтымакты бузуп, аларды күчтөп багындырууга жана кыргыз жерлеринин эсебинен өз ээлигин кеңейтүүгө күч үрөп киришкен болчу.

1760-жылы Ирдана бий кыргыз-кыпчак уруусуна догун артып, Аман бийди туткунга түшүрөт да узак убакыт аны камакта кармайт. Ошондо Аман бийдин иниси Эмир бий агасын туткундан куткарып алыш үчүн Кокон аскерлери менен кагылышуудан кайра тарткан эмес.

Жылдан жылга Кокон төрөлөрү менен кыргыз бийлеринин ортосундагы мамилелер курчуй берди.

1762-жылы адыгине уруусунун бийлери Маматкул бий менен Арзымат бий Кокон улугуна каршы чечкиндүү күрөш баштоого бел байлап, сарбагыш бийлери Черикчи жана Темиржанга жардам сурап кайрылышат. Бирок алардын ойлогон ою ордунан чыкпай калды. Анткени сарбагыш бийлери ынтымакка келбей Коконго жортуул баштоого макул болбой коюшкан эле. Коконго кол салмак түгүл ал кезде кыргыз бийлеринин башы бириккпей, ич ара чатактары ырбап турган. Кыргыздардын ыйкы-тыйкысын эптүүлүк менен пайдаланып, Ирдана бий 1762-жылы кыргыздарга тиешелүү Өзгөн жана Ош шаарларына жортуул уюштурат. Жортуул учурунда Кокон аскерлерине ичкилик, адыгине, моңолдор уруулары-нын улугу айтылуу Ажы бийдин колу катуу каршылык көрсөттү. Бир нече жолку салгылашуулардан кийин көп жоготууларга дуушар болгон кыргыз колу тоо тарапка чегинип кетет. Ошол эле жылы кушчу Нарбото бий Ирданага баш ийип берүүнү каалабай, аны менен ачык кармашканга күчү жетишсиз болгондуктан өзүнүн кушчу уруусун ээрчитип, Чыгыш Түркстанга журт которот. Ал тараптан Нарбото бий кокондуктардан кем эмес жоо — манжууларга кабылып, үч жыл өткөн соң элин баштап Ферганадагы өз ата конушуна кайра кайрылып келет.

1764-жылы Кокондун акими Ходжентке жортуулга кеткенде коргоосуз калган Кокон ээлигине Ажы бий капилеттен чабуул коёт. Эми Кокон аскерлери орто жолдон кайра тартып кыргыздар менен согуш баштайт. Салгылашуу учурунда кыргыз колу жеңилип, Ажы бий

туткунга түшүп калат. Бирок көп өтпөй ал туткундан кутулуп чыгып, Ош аймагы кайрадан кыргыздардын карамагына өтөт.

Қоқондук төрөлөр кээде кыргыздарды тынчтык жолу менен өз тарабына тартуу үчүн аларга ар кандай чин берип, наам-даражаларды ыйгарчу, алык-салыкты женилдетчү, жакшы жайыттарды убада кылчу. Натыйжада айрым кыргыз уруулары өз ыктыяры менен хандыктын карамагына өткөн. Арийне, түштүк Кыргызстандын көпчүлүк чөлкөмдөрү күч менен баш ийдирилгени талашсыз. Ал эми хан бийлигин каалабаган жана ага каршылык көрсөтүүгө дарманы жетпеген кыргыз уруулары Кыргызстандын түндүгүнө журт которуп кетти. Алсак, Жунгар хандыгы талкаланып, кыргыз жери ойрот-калмак баскынчыларынын таасиринен биротоло кутулгандан кийин жана Қоқондуктар тараптан кол салуу коркунучу күч ала баштаганда Анжиян аймагынан сарыбагыш уруусу эзелки ата конушу Чүй өрөөнүнө кайткан эле. Болжолу бул окуя XVIII кылымдын 60—70-жылдарына туура келсе керек.

80-жылдарга карата Қоқон хандыгы ферганалык кыргыздардын кыйласын, Чирчик суусунун аркы тарабындагы кыргыздарды багындырууга үлгүрөт. Бирок Ферганадагы тоо этектерин жердеген кыргыз уруулары менен Алайлык кыргыздар али өз алдынчалыгын сактап кала бериштн. Аларды Қоқондуктар XVIII к. аягы XIX к. башы ченде түрдүү амал-айла, күч колдонуу аркылуу арандан зорго өз таасирине имере алды. Ал эми кыргыз калаасы Ош адеп багындырылганда Анжыян вилайетине кирген. Кийинчерээк Ош аймагы өзүнчө вилайет болуп бөлүнүп чыгат. Ош менен Алайда өз таасирин бекемдегенден кийин кокон акимдери Түштүк Кыргызстандын бөлөк чөлкөмдөрүнө Кетмен-Төбөгө жана аркалык кыргыздар тарапка баскынчылык аракеттерин улантышат.

Қокон хандыгы Нарбото бий (1770—1800), Алим хан (1800—1809) бийлик кылган жылдарда Кетмен-Төбө өрөөнүнө тез-тез жортуул уюштуруп, бул чөлкөмдү жердеген кыргыздарды кыйла жыл баш ийдире албай турду. Кетмен-Төбөгө Омор хан (1809—1822) да аябай сугун арткан. Кетмен-Төбөлүк кыргыздардын Қоқондук баскынчыларга каршы күрөшүнө Сатыке деген кайратман, чечкиндүү киши жетекчилик кылган.

1821-жылы кышында — көчмөндөр үчүн өтө оңтойсуз жыл мезгилинде Омор хан Кетмен-Төбөгө аскер жөнө-

төт. Қокон аскерине буга чейин далай ирет кыргыздарга кол салып көчмөндөр менен согушуунун сырын мыкты өздөштүргөн таанымал аскер башы, Наманган акими Сейидкулбек кол башчылык кылган. Баскынчылар Кетмен-Төбөдөгү кыргыз чебине (чеп-коргонуна) капыстан кол салып жеңишке жетишкен болчу.

Қокон хандарынын Қыргызстанды басып алуусун кыргыз феодалдарынын өз ара кагылышуулары, биримдиктин жоктугу кыйла оңойлоткон. Қокондуктар аларды кайраштырып, бирин экинчисине каршы тукуруп турган. 1821-ж. күзгө жуук Омор хан кыргыздардын кутлук-сеит уругунун башчысы, ошол кезде Қасан шаарынын акими катары ханга кызмат өтөп жаткан Бекназар бийди Ош — Қашкар аралыгында көчүп-конуп жүрчү, сарбагыштарга каршы жумшайт. Ал хандын ишенимин ойдогудай аткарып боордошторун аёосуз кырып, талаптоноп аксым хандын ичин жылыткан, олжого марып, кары-картаң, катын-баланы туткундаган. Қокон ханы айрым өзүмчүл, түшүнүгү тайкы феодалдарга таянып, кыргыз жерлерин улам четинен басып ала берди. Түштүк Қыргызстанды кокондуктардын багындыруусу негизинен XIX кылымдын биринчи чейрегинде аяктайт.

II. КЫРГЫЗДАРДЫН ХАНДЫКТЫН САЯСИЙ ТУРМУШУНА КАТЫШУУСУ

Қокон хандыгы тектеш элдер — кыргыздар менен өзбектер жанаша жашаган Фергана аймагында түзүлгөн эле. Албетте, Фергананын бир өңүрүн ээлеген кыргыз уруулары хандыктын саясий турмушунан четте тура алмак эмес. Ордодогу опурталдуу окуяларга, так талашкан күрөштөргө, хандыктын ички, тышкы саясатынын багыттарын аныктоого кыргыз мыктылары сөзсүз аралашмак.

Қокон хандыгы каратып алгандан кийин жергиликтүү феодалдык төбөлдөр жаңы шартка тез эле ылайыкташып кетишти, ашкере тыңдары ордодон орун алууга, хандын олжолорунан өзүнө шыралга бөлдүрүүгө умтула башташат. Ордо шаарга жакын аймактарды жердеген айрым кыргыз мырзалары ордо кишилеринин катарын толуктап, жер-жерлерде хандын өкүмдөрүнүн аткарылышын көзөмөлдөп жана жан-дили менен анын саясатын жүргүзүп турушту. Атүгүл алар Қокондук төрөлөрдүн баскынчылык жортуулдарына түздөн-түз катышып, али

көз каранды боло элек кыргыз урууларын багындыруу-га көмөк көрсөтүшкөн.

Ошону менен бирге эл ичинде кадыр-барктуу мык-тылар — кыргыз ак сөөктөрү хан бийлигине олуттуу кор-кунуч туудуруп, хан сарайдагы кагылыштарга дилгир-лик менен катышып турушкан. Хан тукумунун ич ара ча-тагы ырбаган кезде кыргыз феодалдары көбүнчө кып-чактар менен бирге болоор эле. Кыпчактар негизинен өзбек урууларынын катарына кирчү, кыргыздардын ичинде да кыргыз-кыпчактар бар эле. Кыргыз, кыпчак уруу башчылары 1842-жылдан тартып хандык такты, таажынын тагдырын өздөрү каалагандай чечип турушкан.

Кокон хандары өзбек тегиндеги мин тукумунан чык-каны менен кийин алар кыргыз кыздарына үйлөнүп, кыр-гыздарга жээн болуп туугандашып кетишкени белгилүү. Мисалы, Шералы хандын энеси кыргыз кызы, атасы Хаджи бек Нарботонун бир тууганы болчу.

Нарбото бийдин бийлигинин акыркы жылдарында Хаджи бек кыргыз кайындарына жана казак төрөлөрү-нө таянып, Кокон эгесине каршылык көрсөтө баштайт. Бирок өлкөнүн калкынын басымдуу көпчүлүк бөлүгү — өзбектер колдобой койгондуктан ал бир тууганы менен элдешүүгө мажбур болгон эле. 1800-жылы Нарбото бий өлгөндө Кокондо ханзадалардын ортосунда бийлик та-лашкан күрөш башталып, акыры Алим хан (1800—1809) жеңип, атаандаштарын өлүм жазасына тартат. Каардуу хандан Хаджи бектин өспүрүм балдары Шералы менен Улугбек эптеп качып кутулуп кыргыздардын арасына баш калкалашкан. Куугундан кутулгандан көп узабай Улугбек чарчап калган болчу. Шералы кийинчерээк Та-ласка таякелерине барып туруп калат да кыргыз кызына үйлөнөт. Андан бала чакалуу болуп, мал күтүп тиричи-лик кылат. Кыргыздар кезеги келгенде Шералыны хан көтөрүп ордодогу бийликти тартып алыш үчүн аны Алим хандан жашырып оңтойлуу учурду чыдамсыздык менен күтүп жүрүштү. Шералы Таласта Коён-Токой деген жердеги Жанболот бийдин ээлигинде (азыркы Бакай-Ата районунда) бир нече жыл жашаган.

Алим хан өтө аксым чыгып, элине өтө жек көрүндү болот. Ал тынымсыз баскынчылык жортуулдарды уюш-туруп, миңдеген бейкүнөө адамдардын канын төккөн. Ал бийлик кылган жылдарда Кокон хандыгынын ээли-ги коңшу (кыргыз, казак, тажик) элдердин эсебинен аябагандай кеңейип, Фергана толугу менен Коконго ко-

шулган. Кыргыздар ага атчан аскер «кыл куйрук» берип турду. Бирок кокондуктар кыргыздардын ички иштерине кийлигишүүгө батына алган эмес. Хан бийлиги салык алуу, кээде кол куроо үчүн жигит жыйноо менен гана чектелчү. Албетте, Кокон ханы өз таасирин чыңдоо максатында кыргыз феодалдарынан аскер башыларды жана ордо кызматчыларын дайындап, аларга ар кандай чиндерди — паңсат, датка, бек ж. б. ыйгарып турган.

Кыргыз бийлери кийинки хандар Омар хан (1809—1822) менен Мадалы хандын (1822—1842) тушунда дагы кырдаалга жараша ордодогу окуялардын активдүү катышуучулары болушту.

Айрыкча хан сарайда так талашкан күрөш күчөгөн коогалануу 40-жылдарда кыргыздардын кокондун саясий турмушундагы зоболосу аябагандай өсүп, бийлик иш жүзүндө убактылуу кыргыз бийлеринин колуна топтолот.

Демек кыргыздар Кокон хандыгында жеринен чечүүчү күч болуп, бийликтин бир ыптасын чоюп турушкан.

ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН КОКОН ХАНДЫГЫНА БИРИКТИРИЛИШИ

I. КОКОНДУК БИЙЛИК ЭГЕЛЕРИНИН XIX КЫЛЫМДЫН БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ БАСКЫНЧЫЛЫК ЖОРТУУЛДАРЫ

XIX кылымдын биринчи чейрегинин акырына карата түштүк Кыргызстанда өз таасирин орноткон соң Кокон хандыгы эми аркалык кыргыздарды багындырууга аракет жасай баштайт. Өрүшү кенен, малга жайлуу, ажайып кооз Ала-Тоо аймагы, жергиликтүү элдин түмөндөгөн төрт түлүк малы кокондук төрөлөрдүн сугун арттырган. Алар кыргыздарга түрдүү салык салып толгон-токой мал, эгин жана аскерлерге унаа-ат, көөлүк үчүн жылкы алып турмак.

Түндүк Кыргызстанды багындырууну Кокон хандыгы Чүй өрөөнүндөгү кыргыз айылдарына кол салуу менен баштады. Хандыктын Ташкентти каратып алуу максатында жүргүзгөн согуштары дээрлик он жылга созулуп XIX к. башында (1799—1809) жеңиштүү аяктагандан көп өтпөй 1822-ж. Олуя-Ата чеп-коргону (Жамбыл) курулат. Бул келечекте Чүйгө, Таласка жортуул уюштурууга алдын-алда көрүлгөн камылга эле. Ал кезде

Сары Өзөн Чүйдү мекендеген солто жана сарыбагыш урууларынын ич ара чыры, талаш-тартышы күч алып, кыргыздар менен Улуу жүз казактарынын чатакташуусу тыйылбай турду. Тоолуктардын ич ара кагылыштарын өз кызыкчылыгына пайдаланууга жедеп маш болгон, мындай абалды оңой менен колдон чыгарбаган өтө эпчил Кокондук залимдер 1825-ж. Чүйгө аскер жөнөтүшөт. 4 миң аскерден турган бул чоң кошуунга Лашкар-кушбеги кол башчылык кылган. Ички биримдиктин жоктугунан Чүйлүк кыргыздар жоонун кысымына туруштук бере алышкан жок. Душман менен бир нече жолку кагылышта жеңилүүгө дуушар болуп, душманга бириндеп каршылык көрсөтүп, айбат кылуудан эч майнап чыкпасына көзү жеткен сарыбагыш, солто уруулларынын бир бөлүгү хандын бийлигин таануруга жана ага салык төлөөгө макулдугун билдирет. Ал эми сарыбагыштардын экинчи бир бөлүгү баскынчыларга багынып берүүнү каалабай Атаке бийдин балдарынын жол башчылыгы астында Көл кылаасына журт которуп кетишет. Чүй өрөөнүндө өз таасирин бекемдеш үчүн кокондук акимдер ошол жылы Бишкек чебин курушкан болчу. Көп өтпөй алар көлдүк кыргыздарга элчи жиберип багынып берүүнү сунуш кылышат. Бирок Ысык-Көлдүк кыргыз уруулары хандыктын сунуш-талабына макул болгон эмес. Уруу улуктарынын Жыргалаң суусунун боюнда өткөн тобу элчилердин сунушун четке каккан бүтүм чыгарган эле. Кыргыздар оңой-олтоң баш ийип бербесине көзү жеткен Кокон ханы 30-жылдардын башында Көлгө, Нарынга эки тараптан жортуул уюштурат. Кокон колунун Ташкен акими Лашкар-кушбеги баш болгон бир канаты Ташкенттен чыгып Чымкент, Олуя-Ата, Чүй өрөөнү аркылуу Ысык-Көлгө жете келген болчу. Ал эми миңбашы, хандын мыкты аскер башчыларынын бири Хак-Куланын сыпайлары Фергана өрөөнүнө жөнөп Көгарттын белин ашып, Ак-Талаа, Ат-Башы, Нарын, Жумгал жана Кочкорго бүлүк салып андан ары Көлдүк кыргыз айылдарына чабуул коёт. Кокон аскерлери атүгүл Иле чөлкөмүнө, Чыгыш Түркстанга чейин кирип барып, кытай бийлигине коркунуч туудурган. Кыргызстандын түндүгүнө жортуул маалында Улуу жүз казактарынын бир бөлүгүнө да Кокон хандыгынын таасири тараган болчу.

Жогоруда айтылгандай кокондук баскынчылардын аз убакытта Теңир-Тоонун ар өңүрүн аралай чаап, тең жеңишке жетишине кыргыздардын бытырандылыгы,

уруулар ортосундагы талаш-тартыштар, алардын ынтымагынын жоктугу түрткү берип, ыңгайлуу шарт түзгөн. Арийне айрым түшүнүгү тайкы, өзүмчүл кыргыз төбөлдөрү өз уруусу менен мамилеси начар урууларды багындырууда Кокон аскерине көмөкчү болгон. Ал кезде сарыбагыштар менен саяктардын, саяктар менен бугулардын, сарыбагыштар менен бугулардын атаандашуусу, тирешүүсү аябагандай курчуган эле. Алардын чатагын душмандар өтө эптүүлүк менен ого бетер ырбатып, четинен жалгыздатып багындырды. Кеңири аймакты мекендеген кыргыз урууларынын ич ара тыкыс жана туруктуу байланыштарына, жооо каршы жетиштүү жана бирдиктүү кол кураганга ашуусу бийик тоолор (бөтөнчө кыш мезгилинде) да тоскоол болгон. Кокондуктардын колу аскердик тартиби, даярдыгы, курал-жарагы жагынан кыйла артыкчылык кылган. Душмандын аскери мылтык, замбирек менен куралданып, бир кол башыга баш ийчү. Кокондук баскынчылардын айрыкча кыш мезгилиндеги жортуулдары кыргыздарды кыйла кыйынчылыктарга кабылткан. Кышкысын кыргыздар кыштоого түшүп келип жай мезгилиндегидей эки жакка жыла албай калчу.

Ошондой болсо да кыргыздар кыйынчылыктардан эч тайманбай колго курал алып, Кокон колунун жолун тороп турду. Элеттик эрендер «эл четинде жоо бетинде» жүрүштү.

II. КОКОНДУК ЧЕПТЕРДИН КУРУЛУШУ

XIX к. 20—30-жылдарында Кокон хандыгынын күч-кубаты аябагандай артып, ээлиги кыйла кеңейет. 1832—1834-жылдары памирлик кыргыздар, Каратегин, Дарваз, Куляб аймактары багындырылат. Түндүк-чыгышта хандыктын таасири Балхаш көлүнө, Иле өрөөнүнө чейин тарап, чыгышта Кашкардагы саясий окуяларга кийлигише алган. Батышта Кокон ээлиги Жызак, Түркстанга чейин созулуп жатаар эле. Зор аймакты каратып алган Кокон хандыгы жаңы ээликтерде үстөмдүгүн бекемдөө, чек араларды, соода кербендерин коргоо максатында жана кыргыздарды өз бийлигинде кармап тескеп туруу үчүн Кыргызстандын түндүгүндө бир катар чеп-коргондорду курат. Алсак, Чүй өрөөнүндө Бишкек, Токмок, Ак-Суу, Чалдыбар, Кара-Балта, Мерке чептери түптөлөт. Ал эми Теңир-Тоодо Ат-Башы, Куртка, Тогуз-Торо, Коч-

кор, Жумгал, Суусамыр чептери, Көл боюнда (Ысык-Көлдө) Тоң, Жаргылчак, Тамга, Барскоон, Каракол коргондору пайда болгон. Куртка менен Бишкек кокондук бектердин турагы катары кызмат өтөгөн. Ар бир чепте сарбаздардан тышкары көптөгөн кокондук соодагерлер жашаган. Чептердин бектери бул тарапка көчүп келүүгө ынтызар өзбектерге дилгирлик менен көмөк көрсөтүшкөн. Натыйжада Түндүк Кыргызстанга көбүнчө өзбек кол өнөрчүлөрү, соодагерлер агылып келе баштайт. Келгендер адегенде чептерде жашап турушат да кийинчерээк кыштактарды негиздешип эгин эгип, багбанчылык кылууга киришишет. XIX кылымдын орто ченинде Тогуз-Торо, Жумгал, Ак-Суу жана Кара-Балта чептеринин айланасындагы өзбек кыштактарынын ар биринде 100гө жакын үй-бүлө түтүн булатып турган. Токмокто 200 түтүн, Курткада 400дөй түтүн, Бишкекте 1000ге жакын түтүн өзбек жащачу.

Аталган чептердин эң ирилери Бишкек, Токмок жана Куртка эле.

Бишкек чеби 1825-ж. негизделген. Уламыш боюнча чеп курулган жердеги береги кербендер, жолоочулар тынбай өткөн жол боюндагы көрүнөө дөңсөөгө мурда солтонун берени Жоочалыштын урпактарынын бири Бишкек баатырдын сөөгү коюлуп, ага төбөсү бийик заңгыраган күмбөз тургузулган. Акырындап ал жер Бишкектин күмбөзү, бейити, кийинчерээк жөн эле Бишкек деп аталып калган. Ошондуктан кокондуктардын жаңы чеби кулакка үйүр Бишкектин ысымы менен аталып кетет. Чүй өрөөнү кийин Орусиянын карамагына киргизилгенде орус төрөлөрү Бишкекти өз тилинин ыңгайына карап Пишпек деп өзгөртүп салышкан. Калаанын тарыхый так аты дээрлик 129 жылдан соң эл талабы боюнча 1991-жылы араң кайтарылды.

Бишкек чебинин улугу бек же датка наамын алып жүрчү. Ага Ак-Суу, Токмок чептери баш ийип турган. Адатта чепте 150—170 сарбаз турчу. Ал эми согуш маалында алардын саны 700гө жетчү. Чеп Аламүдүн суусунун сол жээгинде төрт бурчтуу кош кабат коргон сымак курулуп, сырткы дубалынын бир ыптасынын гана узундугу 150 саржанга, бийиктиги 2,5 саржанга, калыңдыгы 4 саржанга барабар болгон. Аны айланта туурасы 2 саржан келген терең аң казылган. Бишкек чеби кокондук төрөлөрдүн Кыргызстандын түндүгүндөгү башкы таянычы эле. Бүтүндөй Түндүк Кыргызстанды, атүгүл Иле чөлкөмүн көзөмөлдөөнү ушул чепте топтолгон аскерлер

ишке ашырчу. Сарбаздардан тышкары Бишкекте кокондук аким, бектер, салык-зекет жыйноочулар, ташкендик, намангандык, маргалandык, анжыяндык соодагерлер турчу. Алар кыргыз айылдарында соода-сатык кылып карым-катнаш жасашкан.

Токмок чеби 30-жылдардын башында курулган. Бул чеп дагы төрт бурчтуу болуп, түштүктөн түндүккө карай узундугу 75 саржан, батыштан чыгышка туурасы 30 саржан, бийиктиги 3,5—4 аршин эле. Токмок чебиндеги сарбаздар (70) Чүй суусунун төрүндөгү кыргыздар менен казактарды көзөмөлдөп турмак.

Чүй боорундагы Ак-Суу, Ашмара, Мерке, Ит-Кечүү чептеринде да 50—80 ден сарбаз турган.

Нарын тараптагы чептердин чоңураагы — Куртка чеби 1832-ж. Айгыр-Жал деген жерде Нарын дарыясынын оң жээгинде бийик сөкиге тургузулган. Чептин узундугу 200 саржанга жетип үч тарабы дубал менен курчалып, бир тарабы дарыяга такалчу. Куртка чеби Теңир-Тоодогу кокондуктардын башкы чеби эле. Чептин бегине бул аймактагы башка чептер толук баш ийген. Чептин соода түйүнү катары да мааниси зор болгон. Куртканын базарында кокондук, кашкарлык соодагерлер Теңир-Тоолук кыргыздар менен алака кылышкан.

III. ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН ОРУСИЯ МЕНЕН ЭЛЧИЛИК АЛАКАЛАРЫ

XIX к. биринчи чейрегинде Кокон хандыгы тараптан кол салуу коркунучу күчөгөн кырдаалда айрым аркалык кыргыз урууларынын билермандары жоого жеке туруштук бере алышпастыгына көздөрү жетип Орусия сыяктуу чоң өлкөдөн жардам алуу, калканч табуу үмүтү менен ал жакка элчи жөнөтө башташат. Буга Цин дөөлөтүнүн душмандык аракеттери да түрткү болгон. Кыргыздар менен ымала кылууга Батыш Сибирдеги орус төрөлөрү да ынтызар эле. Анткени Кыргызстандын түндүгү, Теңир-тоо аркылуу Чыгыш Түркстанга ж. б. өлкөлөргө өтчү соода жолунун бейкуттугун, Орусиялык кербендердин коопсуздугун кыргыздар гана камсыз кыла алмак.

Орусиялык соодагерлердин Ала-Тоо аймагын аралап өтүшү үчүн кыргыздардын макулдугун алуу максатында орус улуктары Ысык-Көлгө бир нече (3) кербен жөнөтүп, бугунун бийлерине атайлап кат менен кайрылган. Ал-

сак, андай кербендер 1811, 1812, 1813-жылдары жөнөтүлгөнү белгилүү. Кербендердин бирин Шералы бий жана Ниязбек бий меймандостук менен жылуу кабыл алып сый-урмат көрсөтүшүп, ыраазы кылышкан. Бийлер Орусиялык кербендердин коопсуздугун камсыз кылууга, Кытай чегине чейин өз жигиттерин кошуп берүүгө убада беришет.

1813-ж. кеч күздө (21-ноябрь) Ысык-Көлдүк кыргыздардын Шералы бийдин уулу Качыбек, Ниязбек бийдин уулу Жакыпбек баш болгон элчилери Семипалатинскиге жол тарткан. Элчилер 1814-ж. 5-январда Семипалатинск чебине жете келип, Батыш Сибирдин генерал-губернатору Г. И. Глазенап менен бетме-бет отуруп пикир алмашкан. Кыргыз элчилери өз эли Орусия менен соода-сатык жүргүзүүнү каалашарын, алардын мекени аркылуу коңшу өлкөлөргө Орусиялык жолоочулардын бейкапар өтүшү үчүн көмөктөшүүгө даяр экендигин билдиришкен жана өздөрүн Петербургга коё берүүнү өтүнүшкөн. Бирок элчилердин бул өтүнүчүнө Глазенап макул болгон эмес. Ал падышанын ошол кезде борбордо жок экенин шылтоо кылган. Орус төрөсү Орусия мамлекети кыргыздар менен экономикалык жана саясий карым-катнаштарды мындан ары улантууну, өнүктүрүүнү көздөөрүн билдирет. Кыргыз элчилерине падышанын атынан урмат көрсөтүлүп, Качыбекке алтын чен (медаль), Жакыпбекке каухар таш чөгөрүлгөн кымбат баалуу шакек тартуу кылынган. Мындан тышкары Глазенап элчилерге капитан наамын, атайын аларга арналган кылычтарды ыйгартууга убада берет. Элчилер Омск ж. б. чептерде, Барнаулдагы заводдордо болушат. Кийин Ысык-Көлгө кайтканда алар бийлерге Батыш Сибирдеги орус бийлигинен кат ала келишкен эле.

XIX к. 20-жылдарында Ысык-Көлдүк кыргыздардын орус төрөлөрү менен саясий байланыштары кайрадан жандана баштайт. Белгилүү өлчөмдө буга кыргыз айылдарына келген Орусиялык соодагерлердин ишмердиги да түртку берди. Алсак, Семипалатинскидеги орус көпөсү С. Поповдун кызматчысы казандык татар Файзулла Сейфуллин, Семипалатинскиде жашоочу ишимдик мещанин Б. А. Пиленков жана казак султаны Галий Адилевдин төлөнгүтү Үсөнбай Шүкүров бугунун үч уругунун — желдең, арык, белек уруктарынын бийлерин орустар тарапка имерип, Орусияга элчи жиберүүгө көндүрүшкөн. Орусияга жаңы элчилик жөнөтүүгө Кокон хандыгынын баскынчылык аракеттеринин күч алышы, Кы-

тай богдыханынын аксымдыгы, бугулардын, саяк, сарыбагыш ж. б. уруулар менен чатакташуулары себеп болгон. 1821-жылы, андан көп өтпөй 1824-ж. Ысык-Көлдүк кыргыздар Омскиге элчилерин жөнөтүшкөн болчу. Акылбек бий Олжобай уулу, Алгазы бий Шералы уулу, Алымбек бий Жапалак уулу баш болгон кыргыз элчилери (12 миңдей түтүн элдин атынан) 1824-ж. декабрда Семипалатинскиге, 1825-ж. башы ченде Омскиге жете келишет. Омскиде элчилер 25-майга чейин болуп Омск облусунун акими С. Б. Броневский менен кезигишип ага бугунун үч уругу — Арык тукуму, белек жана желдендин бийлеринин катын тапшырышкан. Кийинчерээк кыргыз элчилерин Батыш Сибирдин жаңы генерал-губернатору П. М. Капцевич кабыл алат. Элчилер орус төрөлөрүнөн коңшу уруулар менен кагылыштарда бугу **уруусуна калканч** болуп колдоо көрсөтүүнү өтүнүшкөн жана Орусиялык кербендерди Кашкарга жана Ак-Сууга чейин коштоп барууга эли (бугулар) даяр экендигин билдиришкен. Омскидеги орус бийлиги элчилерге кыргыздар менен мындан ары карым-катнаштарын жакшыртууга убада кылган. Урмат көрсөтүү иретинде элчи башы үч бийге алтын медаль ыйгарган, элчилер элине кайтканда 50 казак-орустан турган чакан кошуун коштоп, сапарга чыккан. Кошуунга адегенде полковник Шубин, кийин хорунжий Нюхалев башчылык кылат. Кошуун менен бирге аскер дарыгери, теги поляк Зиберштейн Ф. К. кошо чыгып жолдо карата көргөн жерлери, бугулар тууралуу кеңири баянды кагаз бетине түшүргөн. Ал кол жазма түрүндөгү өз баянында кыргыздардын чарбасына, коомдук түзүлүшүнө, турмуш-тиричилигине, саясий абалына, табиятына токтолгон. Орусиялыктар кыргыз бийлерине Омскидеги орус төрөсүнүн катын жеткиришкен.

1825-жылы августта элчилер Ысык-Көлгө кайтып келишет. Элчилик байланыштардын кыйла тереңдеген кийинки мезгили 40-жылдарга туура келет.

КОКОН ХАНДЫГЫНЫН ТУШУНДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

I. ЭЗҮҮНҮН ТҮРЛӨРҮ. АЛЫК-САЛЫК СИСТЕМАСЫ

Кокон хандыгы үстөмдүк кылган мезгилде кыргыздар эзүүнүн көптөгөн жаңы түрлөрүнө кабылып жабыр тартып, кыйла азап чекти. Айрыкча Коконго жакыныраак аймактардагы — Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыздардын абалы өтө оор болгон. Ал эми Түндүк Кыргызстанда, бөтөнчө алыскы тоолуу райондордо кокондуктардын бийлиги анча бекем болгон эмес. Ошондуктан кокон акимдери бул тарапта атайын оголе көп чептерди куруп, туруктуу аскерге таянып иш жүргүзгөн.

Жергиликтүү калкты былк эттирбей башкарып туруу жана алык-салыктардын өз убагында төлөнүп турушун камсыз кылуу үчүн хандын аким, бектери ар дайым чептерде кыргыз ак сөөктөрүнүн тукумунан аманат кармашчу.

Кокон бийлиги учурунда кыргыздарды эзүүнүн негизги түрү жер рентасы (акысы) катары салык салуу болгон. Адатта хандыкка баш ийдирилген аймакта мал жайгандыгы үчүн көчмөндөр төлөөчү эң оор салык койзекет деп аталчу. Калыптанган каада-салт боюнча анын көлөмү малдын башынын кырктын бир бөлүгүнө барабар болмок. Арийне, иш жүзүндө ага эч ким көзөмөлдүк кылбагандыктан зекеттин өлчөмү өсүп кетчү. Алгачкы жылдарда кыргыздар Кокон хандыгына негизинен салыктын үч түрүн: түндүк-зекет — ар түтүндөн бирден кой, алал зекет — 50 жандык малдан бирден жандык, эгинчилер харадж — ар кырмандан үчтөн кой төлөп турушкан. Харадж эгин түрүндө алынса түшүмдүн ондон бир, кээде жарым бөлүгүнө тете болгон. Түшүмдүн ондон бир бөлүгүнө барабар жер салыгы кээде үшүр деп да аталчу. Мөмө-жемиш багы бар багбандар менен жашылча эккендерге салынчу салык танап-пулу (танабан) деп аталчу. Кыргыздардан аскер салыгын шылтоо кылып мезгил-мезгили менен түтүнгө бирден тилла (алтын акча) же үчтөн кой алышчу. Мындан тышкары Кокон хандыгында эмгекчи элдин эсебинен салыктын көптөгөн бөлөк түрлөрү жыйналып турган. Алсак, солто жана сарыбагыш уруулары чептердеги кокон аскерлерин жылыга 5 миңдей пуд буудай, тару менен камсыз кылчу, ошондой эле алар салык жыйноочу-зекетчилерди да тоюндуруп турушкан. Алык-салыктардын чен өлчөмү

кырдаалга жараша өзгөрүп, жылдан-жылга улам арбый берген. Адегенде салыктар натуралай алынса, кийинчерээк XIX кылымдын орто ченинен тартып көбүнчө акчалай салык салына баштайт. Зарыл болгон учурда карапайым калк чеп-коргондордун, жол ж. б. курулушунда бекер иштеп берүүгө — ашарга катышууга, мандикер болууга да милдеттүү эле. Жер-жерлерде кокондук акимдер менен бектер өздөрүнө киреше жыйнап алууга укуктуу болгондуктан салыкты каалагандай сала беришчү. Атүгүл кокон төрөлөрү камыш, куурай, чычырканак чогулткандардан да салык алып турду. Бөтөнчө 50—60-жылдарда Худаяр хандын тушунда алык-салыктардын саны арбып (20 дан ашкан) эмгекчи элдин абалы аябагандай оорлоп кетет. Кокон хандыгынын жер саясаты кыргыздардын турмушун, жашоо-тиричилигин ого бетер оорлотту. Кокондук феодалдар, аскер башылар, диниятчылар хандык адеп уюшулган учурдан тартып эле түштүк кыргыздардын дыйканчылык кылуу үчүн оңтойлуу конуштарын ээлеп ала баштаган болчу. Мисалы, Оморхан казнасын байытуу, байлыкка туйтунуу максатында Наманган чөлкөмүн мекендеген кыргыздардын суусу мол түзөң жерлерин алар менен макулдашпай туруп эле өзбек кардарларга сатып жиберген. Ойдуңдагы ата-конушунан ажыраган миң сан кыргыз тоо таянып сүрүлүп кеткен болучу. Фергана өрөөнүндөгү мыкты жерлеринен ажыроо кыргыздардын арасында жакырчылыкты күчөтүп, алардын хан бийлигине нааразылыгын ырбатты. Ошондуктан кыргыздар өтө активдүү күчкө айланып, Кокондук төрөлөргө каршы тынымсыз күрөш жүргүзүшкөн.

Карапайым эмгекчи элди жергиликтүү феодалдык төбөлдөр да ар кандай шылтоолорго, себептерге таяп талап-тоноп турушкан. Патриархалдык-феодалдык мамилелер, уруу-уруктук байланыштардын негизинде калыптанган каада-салттар эзүүнүн маңызын бурмалап, кандаш кара букара калың элдин көзүн будамайлаш үчүн бай-манаптарга ыңгайлуу шарт түзгөн. Кыргыз феодалдарынын ыгым-чыгымы, керектөөлөрү үчүн букара калктан журтчулук, кошумча, салык, союш, чыгым ж. б. жыйналчу.

Кембагалдар байдан алган сааны (уй, кой-эчки), күчү (унаа, мингич—ат, өгүз) үчүн анын күтүрөгөн короокороо кой-эчкисин, үйүр-үйүр жылкысын багып берчү. Атак-даңктуу адамдардын аш-тоюна сарпталган чыгымдарды чогуу көтөрүшчү. Мындай салтты бузгандар то-

гуз (төө ж. б. баштаган төгуз баш мал) айыпка жыгылган. Жатакчы эгинчилер үрөн, шайман, унаа үчүн бай-манаптардын аштыгын айдап бере турган. Түштүк Кыргызстанда феодалдык эзүүнүн түрлөрү катары чайрикерлик, шериктик, ортокчулук кеңири тараган (түшүмдүн бир үлүшү үчүн). Кыргыз феодалдары кээде жалчыларды да жалдап иштетчү. Бай-манаптар бечара жетим-жесирдин эмгегин пайдалануудан да кайра тартканэмес.

Адам чыдагыс оор турмуш, күндөн күнгө күчөгөн эзүүнүн толгон токой түрлөрү кыргыздарды Қокон хандыгына каршы күрөшкө түртпөй койгон жок.

II. КЫРГЫЗСТАНДЫН КАЛКЫ ЖАНА ЧАРБАСЫ

Қокон хандыгынын тушунда кыргыз эли бабалардан калган Ата конушун толук ээлеп турду. Ал кезде кыргыздар данга бай, бышыкчылыктуу Сары-Өзөн Чүйдү, мал киндиктүү Теңир-Тоонун чордонун, Көл кылаасын, төрүндө бетеге, тулаңы белден буралган, өрүшү кенен Алай, Аксы, Талас, Чаткалды колдон чыгарган эмес. Қыргыздын кыйласы Фергана өрөөнүндө — Ош, Анжыян, Наманган вилайеттеринде жашаар эле. Ходжент вилайетинде, Памирде, Бухара эмирлигинин ээлигиндеги аймактарда жана Чыгыш Түркстанда да жоон топ кыргыз жашаган. XIX кылымдын орто ченинде кыргыздардын саны болжолу 400 миң кишиден ашкан (айрым маалыматтар боюнча 800 миңден ашык). В. Радловдун эсебине караганда ошол кезде 80 миң түтүн кыргыз болгон.

Ал мезгилде кыргыздар көп сандаган уруу, уруктардан турчу. Бугу, сарыбагыш, саяк, солто, саруу, кушчу, басыз, мундуз, чоң багыш, кара багыш, кыпчак, моңгуш, адыгине, кыдырша, дөөлөс, бостон, тейит, кесек, канглы уруулары кыргыз уруу бирикмелеринин эң ирилеринен болгон. Алардын ар биринин өз ичинен чыккан улуктары боло турган.

Ал мезгилде Чүй боорунун борбордук бөлүгү менен батыш тарабы солто уруусунун (12—15 миң түтүн) турагы болгон. Алардан күн чыгышта Чүйдүн төрүн, Кеминди сарыбагыштар (10 миң түтүн) мекендеген. XVIII к. аягы — XIX к. башы ченде сарыбагыштардын бир канаты (Эсенгул уругу — темир, болот, надырбек, черикчи) Ысык-Көлдүн батыш тарабына, Қочкор, Нарын, Ат-Башыга журт которгону маалым. Саруу, кушчу жана кытай, багыш уруусу Талас менен Чаткалды

ээлеген. Саяктар Суусамыр, Кетмен-Төбө, Тогуз-Торону жердечү. Алар Жумгал, Кочкор, Нарын, Ат-Башы, Ысык-Көлдө да бар эле. Чериктер Ат-Башынын түштүк өйүзүндө жана Кашкарга чектеш аймактарда чоң багыштарга канатташ жашаган. Ысык-Көлдүн чыгыш тарабындагы күңгөй-тескейинде бугу уруусу (15 миң түтүн) турчу.

Кыргыздардын ири уруу бирикмелери — адыгине, моңгуш, ичкилик, кыпчактар түштүк Кыргызстанды ээлеп турган. Адыгине, моңгуштар Алай өрөөнүндө, ичкилик, кыпчактар Ферганада жашачу. Бул чоң урууларлардан тышкары Ош аймагында найман, кытай, базыс, мундуз, төбөй, жедигер, жетиген, дөөлөс, моңолдор, азык ж. б. уруу-уруктар да жашай турган.

Урууларлардын ортосунда туруктуу, тыкыс экономикалык өз ара байланыштар, бекем биримдик болгон эмес. Ич ара феодалдык чыр-чатактар кыргыз элин алсыратып, бирдиктүү мамлекеттин түзүлүшүнө кедерги болгон жана коңшу өлкөлөрдүн кол салып туруусу үчүн оңтойлуу шарт түзгөн. Кыргызстанды каратып алууну женилдетүү максатында Кокондук, Кытайлык төрөлөр, кийинчерээк Орусиялык төбөлдөр урууларды, алардын улуктарын кайраштырып, бирин экинчисине каршы тукуруп турган.

Кокон хандыгы Кыргызстанда өз үстөмдүгүн орноткону менен урууларлардын ички иштерине кийлигише алган эмес. Иш жүзүндө жер-жерлерде кыргыз бийлери, манаптары бийлик жүргүзчү. Алар хан бийлигине жарым-жартылай гана баш ийген. Кокондуктардын Кыргызстандагы бийлиги негизинен салык алуу менен чектелген. Айрыкча жаратылышы, жолу катаал, алыскы тоолуу аймактарда жашаган кыргыздардын билермандары кокон чептеринин аким, бектерин тоготпой элин өзү каалагандай башкарган. Жергиликтүү ак сөөктөрдү («жакшыларды», «мыктыларды») колдон чыгарбай өз тарабына тартуу үчүн Кокон ханы аларга ар кандай наамдарды (датка, паңсат, токсоба) ыйгарып, түркүн белек-бечкектерди тартуу кылган.

Кыргызстандын түндүгүндөгү Чүй өрөөнү, Ысык-Көл ойдуңу негизинен Ташкендин беклербегинин бийлигине баш ийген. Чүй өрөөнүндөгү соода жолдорунун тоомунда, аймактын дал ортосунда жайгашкан Бишкек чебин хан дайындаган бек башкарган. Чептеги бектин аскерлери Чүй менен Көлдөгү кыргыз айылдарын аралап алык-салык жыйнай турган.

Алай менен Ош аймагы Анжыян вилайетине караган. Кетмен-Төбөлүк жана Таластык кыргыздар Наманган вилайетинин карамагында турду. Ал эми Ферганандын түштүк-батышындагы кыргыз жерлери Кокон вилайетинин бийлигинде болучу.

Борбордук Теңир-Тоодогу Ак-Талаа, Жумгалды мекендеген саяк уруусу, Ат-Башылык черик, моңолдор, Нарын өрөөнүндөгү тынымсейит уруусу ж. б. Куртка чебинин бегине үстүртөн баш ийип Анжыян вилайетинин карамагына кирчү.

Кыргызстандагы кокондук чептердин бектерине жергиликтүү элди башкаруу укугу тапшырылганы менен иш жүзүндө бийлик кыргыз манаптарынын энчисинде кала берген. Кокондуктар кыргыз айылдарына үстүртөдөн гана көзөмөлдүк кылып, алык-салык жыйноо менен чектелишчү. Алар кыргыздардын ички турмушуна кийлигишүүгө, түздөн-түз башкарып тескөөгө батына алышкан эмес.

XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыздардын натуралдык мүнөздөгү чарбасынын башкы тармагы көчмөн мал чарбачылыгы болгон. Ал кезде кокондук баскынчылардын жортуулдары, зордук-зомбулуктары, феодалдык өз ара кагылышуулар, ички байланыштын начардыгы, бытыранды кыргыз урууларынын ыркынын жоктугу өндүргүч күчтөрдүн тезирээк өнүгүшүнө кедергги болду. Ошондой болсо да көчмөн турмуш бир орунда туруп калган жок. Албетте, кыргыздардын кылган кесибинде, тиричилигинде, маданий турмушунда кыйла жылыштар, өсүп-өнүгүү байкалган.

Кыргыздарда төрт түлүк малдын ичинен өтө көп таралганы жылкы менен кой болучу. Жылкыны унаа катары урунушуп, этинен чүйгүн тамактар — казы, карта, чучук, жал ж. б. жасалчу, терисинен идиш-аяктар — сабаа, көнөчөк, көөкөр, кайыш камдалчу. Байтал бээнин сүтүнөн ачытылган бал кымыз далай дартка дабаа болуп адамдын күч-кубатын, дарманын арттырган. Жал, куйругунан аркан, чылбыр эшилген. Койдун эти өтө жагымдуу азык-түлүктөрдөн эле. Анын жүнү көчмөн турмушта кеңири колдонулган. Жүндөн шырдак, таар, кийиздер, өргөө (үзүк, туурдук, түндүк жабуу, эшик жабуу, жабык баш, тизгич, кырчоо, желбоо ж. б.), кийим-кечелерди жасашкан. Сүтү даамдуу келип андан айран, каймак, эжигей, жуурат, сүзмө, курут ж. б. күлазык даярдалган. Кара букара калың эл жылкы менен койдон тышкары уй, эчки кармаган. Төө негизинен кө-

чүп-конуу учурунда унаа, кире катары пайдаланылган. Төөнүн чуудасынан жасалган буюмдар, кийимдер (төө чепкен) жогору бааланган. Терисинен кайыш тилинип, ээр капталаш турган. Эти, өркөчүнүн майы ыйык тамак катары эсептелээр эле (эркек сөзсүз зайыбы менен чогуу ооз тийүүгө милдеттүү болгон, антпесе аялы карында баланы 12 ай көтөрөт деген ишеним тараган).

Алай менен Памирдин бийик тоолуу жайыттарында кыргыздар эт, майы эң сапаттуу, күчтүү топоз багышкан.

Ар бир үй-бүлөнүн менчик малы болуп, ар ким малына өз эн тамгасын салган.

Кыргыз уруу, уруктары айыл-айылга топтошуп чогуу көчүп жүрүшкөнү менен жайыттын жакшысы, күздөө, кыштоо, көктөөнүн мыктысы манап, бийлердин, байлардын энчисине тийген. Адатта бир айылга таандык жайытка бөлөк айыл мал жая алчу эмес. Бирок кезкезде жайыт талашкан чатактар да чыгып турган.

Ал кезде кыргыздар, айрыкча Фергана өрөөнүндөгү кыргыз уруулары аштык айдап дан багуунун, дыйканчылык кылуунун сырын үйрөнүүгө небак үлгүрүшкөн эле. Ошто жана анын тегерегинде жашаган кыргыздар XVIII к. экинчи жарымында дан эгиндеринен тышкары шалы өстүрүүнү да өздөштүрүп алышканы маалым. Кыргызстандын түштүгүндөгү дыйканчылык кылууга ыңгайлуу суусу мол түзөң жерлерде, жылгаларда отурукташа баштаган кыргыздардын чакан кыштактары өсүп чыгат.

Багыш уруусунун жоон тобу XVIII к. аяк ченинде эле отурукташа баштап ойдун жерлерге бир нече арык тартып суу чыгарышкан болучу. Кийинчерээк XIX к. орто ченинде Жалал-Абадга жанаша (Хан-Абад), Сузакта (Жийделүү Могол) кыргыз кыштактарынын түбү түптөлөт. Аларды карабагыш, тейит, могол, найман уруулларынан чыккан эгинчилер, жатакчылар негиздешкен.

Кыргыздардын бир аз бөлүгүнүн отурукташа башташына, дыйканчылыкты кесип тутушуна ирегелеш жашаган өзбек, тажик калктары менен жүргүзүлгөн карымкатнаштар да түртку берген. Кокон хандыгынын карамагына кирген коңшулаш бул элдер бири-биринен дан, мал багуунун сырын үйрөнүшкөн, бири-бирине үрөндөн, шаймандардан (кетмен, күрөк, балта-чот, буурсун, орок, чалгы ж. б.), мал-жандан, ат-көөлүктөн каралаша турган. Кээде жайкысын өзбек, тажиктердин малы кыргыз жайлоолорунда багылчу. Ал эми күзүндө эгинди оруп-

жыюу аяктаганда аңыздарга алардын малы чогуу жайылчу.

XIX к. орто ченинде Түндүк Кыргызстанда да дыйканчылык кылууга көбүрөөк көңүл бурула баштайт. Элет элинин, көбүнчө кембагалдардын эгинчиликти кесип тутушуна көчмөндүү турмуштун катаалдашы, жакырчылык түрткү берген. Ошондой эле буга кокондуктардын чеп-коргондордогу сарбаздарды эгин-тегин, унталкан менен жабдуу, азык-түлүктөн, жем, чөптөн тукулжуратпоо талабы да себеп болду. Эгинчилердин катары негизинен малсыз же малы аз, жайлоого чыга албаган жакырлардын, кедейлердин эсебинен толукталып турган.

Кыргыздардын көчмөндүү турмушка ылайыктуу буюм-тайымдар, эмерек, жарак-жабдык, кийим-кече менен ар кандай кол өнөрчүлөрү — колунан көөрү төгүлгөн зергерлери, темир, жыгач усталары, ээрчилери, өрүмчүлөрү (кайыштан жүгөн, нокто, камчы, куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл, чаболоң өрүп, канжыга, үзөңгү боо, тизгин тилип, булгаары менен ээр каптаган ж. б.), жарашыктуу кийим тиккен уздары жабдычу.

Эл ичинде боз үйдүн жыгачын — кереге, уук кынап, босого-таяк, каалга, түндүк, ала бакан жасаган усталар өтө барктаалаар эле. Ат жабдыктарын жасаган усталар да алардан кем бааланган эмес. Кыргыздарга гана мүнөздүү кол өнөрчүлүктүн айрым түрлөрүнүн өнүгүшүнө, бөтөнчө жүн менен териден ар кыл буюмдарды камдоодо камбыл уз, иштүү зайыптардын эмгеги зор. Уз аялдар оюусун оюп жөрмөгөн, кынаптап шырыган түркүн түстөгү шырдактар, кооз оймо басылган кийиздер, жабык баш, аяк каптар, кызыл-тазыл боёкко боёлгон жүн менен чырмалган ажайып кооз чийлер, эриксиз көп эмгекти талап кылуучу өрмөккө кылдат согулган жел боо, тегирич, тизгич, кырчоо, таар, уук, үзүк, туурдук, боолор, баш чалгычтар, илбериңки кыз-келиндер шөкөттөп сайган саймалуу кооз көшөгө, туштуктар жумурткадай аппак өргөөнүн жарашыгын арттырып, көркүнө көрк кошчу. Түштүктө көз тайгылткан мыкты килемдерди токуу өздөштүрүлгөн.

Кыргыздар Ала-Тоонун кен байлыктарын пайдалануунун жөнөкөй ыкмаларын билишкен. Ысык-Көлдүн батыш тарабында темир кенинен темир эритип — ылгаган устакана, нукура усталар болгону белгилүү (Балыкчыга жакын). Таш-Көмүр менен Сүлүктүнүн көмүрү ошол кезде эле Кокондо отун катары колдонула башта-

ган. Кыргызстан кенге мол келип, Ата журтубуздун ар кайсы өңүрүндө коргошун, калай, жез, күмүш, сымап алынып, алтын чайкалчу. Бөтөнчө кымбат баалуу таштар көп боло турган. Кыргыздар тузду да өз мекенинде өндүрүп, аны атүгүл сыртка канатташ калктарга сатыкка жөнөтүшкөн.

Кокондук, кашкарлык соодагерлер кыргыз айылдарын аралап соода кылып турушкан. Алар кыргыздарга кездемелерди, чапандарды, бөз, эмерек, зергерчилик буюмдарын, мөмө-жемиш сатып, өздөрү мал, аң-терилерин алышаар эле. Кээде кыргыз байлары Кокондун ичкерки шаарларына мал айдатып барып сатышкан. Соода-сатыкта акча бирдиги катарында көбүнчө Кокондук, Бухаралык алтын дилде (тилла), күмүш теңге (танга), жез пулдарын жана кытай жамбысын (күмүштүн уютмасы, кытайча — юаньбао) урунушкан.

III. ФЕОДАЛДЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

XIX кылымдын биринчи жарымында Кыргызстанда негизинен патриархалдык-феодалдык мамилелер өкүм сүргөн. Коомдук мамилелердин өзөгүн өндүрүштүн феодалдык ыкмасы түзгөнү менен али патриархалдык уруулук уклад толук жоюла элек эле. Бул көчмөндөрдүн коомдук түзүлүшүнүн башкы өзгөчөлүгү.

Кыргыз жеринде Кокон хандыгынын үстөмдүгү орногон соң бул тарапта да хандыктын ичкерки аймактарында калыптанган жер ээлигинин түрлөрү (амляк-мамлекеттик жер ээлиги, мүлк жеке менчик жер, вакып-вакуф — медресе, мечит ээлиги) тарала баштайт. Бирок элет элинде жер-сууну урунуу, ага ээлик кылуу адат, наркы кокондуктардын жол-жобосунан кескин айырмаланган.

Сыртынан караган кишиге кыргыздарда жерге жеке менчик болбогондой, алар малды башкы байлык, негизги өндүрүш каражаты катары эсептегендей сезилиши ыктымал. Эгерде кыргыздардын өндүрүштүк мамилелерин тереңирээк үңүлө иликтеп-талдай келсек кыргыздарда деле жер ээлиги калыптангандыгы байкалат. Жердин жогорку кожоюну Кокон хандыгы болгону менен иш жүзүндө ал түпкү калктын ээлигинде кала берген. Бөтөнчө мал-жаны арбын кыргыз феодалдары кеңири жайыттарга, мыкты кыштоолорго ээлик кылышкан. Анткени кең-кесири жайыттарсыз күтүрөгөн көп малды кармаш

эч мүмкүн эмес эле. Адатта, тигил же бул айылга, уруу-га феодалга таандык журтка, конушка бөлөк-бөтөн кишинин мал жаюуга, конуш конууга акысы жок болгон. Ал эми дыйканчылык кылган кыргыздарда мындай мамилелер, жерге ээлик кылуу даанараак көрүнүп турчу. Демек негизги өндүрүш каражаты жер болгон. Ошону менен бирге көчмөн жана жарым-жартылай көчмөндүү чарбада маанилүү өндүрүш каражаты катары мал башкы байлык эле. Малды маанилүү өндүрүш каражаты катары кармоо, урунуу — кыргыздардын коомдук түзүлүшүнүн дагы бир өзгөчөлүгү. Түштүк Кыргызстанда, Ферганада жер-суу маселеси кыйла татаалдашкан болучу. Хандыктын борборуна канатташ жайгашкан кыргыз айылдарынын карамагындагы айдоо жерлерди, жайыттарды пайдаланууга хан тез-тез кийлигишип тураар эле. Хан кыргыздардын мыкты жерлерин күчтөп тартып алып, бөлөк бирөөлөргө сатып жиберген учурлар да болгон.

Кылымдарды карытып көчмөн турмушка ылайык калыптанган адат боюнча жер общинанын — урук, уруунун энчисинде турган. Бирок жайыттарды бөлүштүрүү, пайдаланууга көзөмөлдүк кылуу, көчүү-конууну тескөө манаптардын колунда болучу. Жайыт маселеси боюнча доомат, талаштар манап, бийлердин тобунда талкууланчу. Кээде топко хандын өкүлдөрү да катышкан. Айрым урууларга, феодалдарга алардын ата-бабасы илгертеден ээлеп келген чакан аймакты, кокту-колот, капчыгайларды бекитип берүү жөнүндө өлкөнүн эгеси катары Кокон ханы буйрук чыгара алчу.

Кыргыздарда жерге жеке менчик калыптанганына тосмолонгон коруктар далил. Алсак, Алайлык ири феодал Абдылда бектин Оштон Алайга кетчү жол боюндагы Беш-Булак деген жерде жеке менчик корук жери жана кыштоосу болгон.

Түштүк Кыргызстанда отурукташкан кыргыздар өздөрүнүн карамагындагы жерлерди сатып тургандыгы же жер сатып алгандыгы тууралуу маалыматтар көп эле жолугат. Айрым учурларда Кокон ханы мамлекеттик жерди пайдаланууга укугу жөнүндө кыргыздарга атайын документ (васик) берип турган.

Жалпы жонунан алганда кыргыздарда жер-сууну урунуу боюнча феодалдык мамилелер өкүм сүргөнү менен али патриархалдык-уруулук түзүлүштүн белгилери сакталып кала берген. Кыргыз журтчулугунун коомдук турмушунда тууган-туушкандык байланыштар, карым-катнаштар, каада-салт, үрп-адат, нарк маанилүү роль

ойноп, алардын тамыры теренде жаткан. Мындай түзүлүш кара букара калктын эмгегин өз кызыкчылыктарына пайдалануу үчүн кыргыз феодалдарына — манап, бий, байларга өтө оңтойлуу шарт түзгөн. Букара калк — кедей-кембагалдардан, жакыр, малай, аштыкчы, жатак, чайрикер, орток ж. б. турган.

Кедей-кембагалдар өз уругу, айылы менен бирге жайлоого чыгып чогуу кыштоочу. Арийне, алар жайыт маселесинде өз уругунун билерманына, манап бийлерге көз каранды болушкан. Кысталыш турмуштун айынан кембагалдар феодалдардан убактылуу урунуп турганга мал — саан, мингич алышчу, байдын малын багышчу. Кыргыз феодалдарынын койчулары, жылкычылары, уйчу, төөчүлөрү, үй кызматчылары, көбүнчө кедей агаин-туугандарынан куралаар эле. Ал эми бөлөк уруктан келип жалчы жүргөн жардылар малай аталчу. Колунда кармаган менчик малы калбаган өтө жардылар жакырлардын катарын толуктап турган. Манап, байлардын эгинин эгип, жайлата аны багып, күздө оруп дан бастыргандарды аштыкчы деп коюшаар эле. Көчмөндүү турмуштан биротоло кол үзүп дыйканчылык кылууга киришкендер түндүктө жатакчы, түштүктө эгинчи деген атка конгону маалым.

Кыргызстандын түштүгүндө ал кезде чайрикерлердин саны арбып бара жатты. Чайрикерлер (чейрек) бөлөк бирөөнүн жеринде анын шаймандары менен эгин эгип, багып өстүрүп, оруп жыйышчу. Алынган кызылдын (түшүмдүн) белгилүү бир бөлүгү чайрикердин үлүшүнө тийген. Аркалык кыргыздарда алар орток аталган.

Иш кычаган маалда, оруп жыюу учурунда убактылуу же күнүмдүк жалчы жүргөндөрдү мардикерлер деп коюшчу.

Кыргыздын чоң манаптары кул, күң кармаганы да белгилүү. Кулдар негизинен ич-ара чатактардын, согуштардын учурунда колго түшкөн туткундардан турчу. Манаптар кул, күңдөрүн кудалашууда калыңга төлөнгөн малга кошуп тартуу кылчу, байгеге сайчу, кааласа аларга эркиндик берген. Бирок кулчулук кыргыздарда кеңири тарала алган эмес. Анткени көчмөндүү чарбада кул эмгегине муктаждык анчейин болгон жок. Демек кыргыздардын коомдук турмушунун өзөгүн феодалдык мамилелер түзгөн. XIX к. алардын коомдук мамилелерин патриархалдык феодалдык түзүлүш катары карооого толук негиз бар.

ТҮШТҮК ТЕҢИР-ТОО ЭЛДЕРИНИН ЦИН-МАНЖУУ ҮСТӨМДҮГҮНӨ КАРШЫ БОШТОНДУК КҮРӨШҮ

I. ЧЫГЫШ ТҮРКСТАНДЫК ЖЕРГИЛИКТҮҮ КАЛКТЫ ЦИНДИК БИЙЛИКТЕРДИН УЛУТТУК ЭЗҮҮСҮНҮН КҮЧӨШҮ

XVIII кылымдын 50-жылдарында Цин баскынчылары Жунгар хандыгын талкалаган соң Чыгыш Түркстанды каратып алууга киришкен. Буга чейин Жунгар хандыгына күнкор болуп келген Чыгыш Түркстандын элдери жаңы баскынчыларга дээрлик эки жыл катуу каршылык көрсөтүп багынбай турду. Цин аскерлеринин бул тарапта согуштук аракеттери 1757-жылдын аяк ченинен 1760-ж. башына чейин созулат. Ал кезде Чыгыш Түркстанда уйгурлардан тышкары кыргыздар, казактар, өзбектер жашачу. Кыргыздын чоң багыш, кыпчак, жамантейит, черик ж. б. уруулары Кашкар аймагынын түндүк-батыш чет-жака чөлкөмдөрүн ээлеп турган. Ал эми Чыгыш Түркстанга жанаша жаткан Алай, Алайкуу, Ак-Талаа, Ат-Башы, Нарын өрөөндөрүн адыгине, тейит, саяк, черик, моңолдор ж. б. уруулар мекендеген. Теги бир жалпы түрк элдери бири-бири менен үзбөй катташып, чарбалык, саясий алака кылып турушкан.

XVIII кылымдын аягы — XIX кылымдын биринчи жарымында Түркстан элдерине Цин мамлекетинин баскынчылык аракеттерине жана үстөмдүгүнө каршы биргелешип күрөшүүгө туура келди.

1758-ж. жазында манжуу аскерлеринин бир түмөну (10 миң жоокер) Куча, Үч-Турпанды ээлеп, күзүндө Жаркентти камалай баштайт. Кийинки жылы жай айларында Хотан менен Кашкар душмандын колуна өтөт да Чыгыш Түркстанды жана Жунгарияны Цытайлык баскынчылар «Синьцзян» (жаңы жер, жаңы чек) деп атап коюшат. Жаңы ээликте өз үстөмдүгүн бекемдөө максатында Цин дөөлөтү 1763-ж. Иле дарыясынын жээгиндеги мурда жунгар хандарынын ордо-журту турган жерге Хоюанчэн (Кулжа) калаасын курушкан эле. Аймакты башкаруу милдети цзянцзюнга (генерал — губернатор) жүктөлгөн. Ага эки нөкөр кеңешчи (хебеанбань) вице-губернатор көмөк көрсөтмөк. Нөкөрлөрдүн бири Тарбагатайда, экинчиси Чыгыш Түркстанда турмак. Бирок жергиликтүү калк тынымсыз катуу каршылык көрсөткөндүктөн цин төрөлөрү бул чөлкөмдө бийликти толук өз колдоруна топтоого батына алышкан эмес. Ошондуктан ички башкаруу өзгөртүлгөн жок.

Алык-салыкты өз убагында жыйнап алуу, тартипти, коопсуздукту сактоо үчүн алар ири шаарларда аскер кармашкан, чек араларды коргоо үчүн кароолдорду коюшкан. Кат-кабарларды тез жеткирип туруу үчүн жер-жерлерде бекеттер курулган болучу.

Аскерлерди азык-түлүк менен камсыз кыла турган жумушчу күчү катарында Иле чөлкөмүнө Кашкар, Жаркент, Хотан, Ак-Суу ж. б. аймактардан XVIII к. 60-жылдарында (12) 6 миңге жакын түтүн уйгурлар көчүрүлгөн. Алар дың жерлерди өздөштүрүп, арык тартып суу чыгарышкан, эгин эгип дыйканчылык кылышкан, кыштактарды, сепилдерди, жолдорду, көпүрөлөрдү курушкан. Аларды манжуулар таранчы (дыйкан) деп аташкан. Таранчы деген атка конгон уйгур дыйкандары аскерлерди тамак-аш, ун-талкан менен жабдууга милдеттүү болушкан. Ар бир түтүн казынага белгилүү өлчөмдө кызыл дан: күрүч, таруу, буудай жана конок тапшырчу. Алар казнадан буурсун, тырмоо жана өгүз алып турушмак. Бирок өкмөт ар дайым эле убадасында турган эмес. Иле чөлкөмүндө таранчылар жан башына 16 таар кап (1 кап — 4 пуд) арпа, буудай, таруу, конок төлөчү. Кээде кен байлыктарынан да салык алынчу (алтын, күкүрт ж. б.). Чыгыш Түркстан чөлкөмү ири шаарлар чордону болгон бир нече аймакка бөлүнүп, аларды жергиликтүү төбөлдөр — хакимбектер, бектер башкарчу. Кытайлык аскер бийлиги — цзянь-цзюнь, хебе-анбань, анбандар аларга көзөмөлдүк кылган. Хакимбек, бектерди хебе-анбань дайындап богдыхан (император) бекитчү. Хакимбектер менен бектердин эшикагабек (тартипке көз салчу), казыначы (салыкчы), мутавали (үй сатууга көз салуучу), муфтишафу (динчилерге башчы), дугуан (аскер, почта башы), казий (сот) ж. б. өндүү өнөктөрү болгон. Алардын баардыгы цин төрөлөрүнө баш ийип таазим кылууга, буйругун аткарууга милдеттүү болчу.

Түркстандын бектери жыл аягында Пекиндеги ордого өз чиндерине жараша белек тартуу жеткизишчү. Албетте андай тартуудан Жаркентте жашоочу Чыгыш Түркстандын улугу — хебе-анбань, ар аймактын амирлери-анбандар да куру калчу эмес (хебе-анбань — вице-губернатор — округду башкаруучунун мансап-мартабасы).

Кытай төрөлөрү коңшулаш казак, кыргыздарга кысым көрсөтүп, аларды өз тарабына тартууга, колдон келсе баш ийдирүүгө умтулган. Цин дөөлөтү өзүн Жунгар хандыгынын мураскору катары жарыялап, калмак-

тар убактылуу ээлеп алган казак, кыргыз жерлерине көз арткан. Жунгар хандыгы кыйраган соң өз жерине кыргыз, казактар кайтканда Кытай өкмөтү алардан акы доолаган болучу. Алсак, XVIII к. 60-жылдарында кытай акимдери ар бир жүз жылкыдан, жүз уйдан бирден жылкы, уй, миң койдон бир кой талап кылган. Бул салыкты жыйноо үчүн жылыга Иледен (Кулжа эки кошуун, Кашкар менен Тарбагатайдан бирден кошуун, жөнөтүлчү. Илелик кошуундардын бири Каратал аркылуу Аягызка келип Тарбагатайлык кошуунга кошулчу. Экинчиси Санташ ашуусун ашып, Ысык-Көлдүн күңгөйүн аралап өтүп Зоока өткөөлү аркылуу Нарындын төрүнө чыкчу да андан ары бойлой жүрүп Шаркыратма суусунун куймасына (азыркы Нарын шаары жайгашкан жер) чейин келчү. Бул жерге көпүрө салынган. Кашкарлык кошуун Теректи, Ак-Суу аркылуу Ак-Сайга түшүп Беш-Белчир белин ашып Ат-Башыга, андан Кызыл-Белди басып өтүп Нарынга жете келишчү. Кийинчерээк кытай төрөлөрү кыргыз жерине ичкери кирип аралап чыгуучу мындай аскерлерди жиберүүдөн баш тартууга мажбур болот. Алгачкы жылдары кытай баскынчылары кыргыздардан атты аябагандай арбын алып элди наразы кылган. Кыргыздар менен мамиленин курчушунан айбыккан император алардан ат-көөлүк алууга көп өтпөй тыюу салып, айырбаштоого гана уруксаат берген.

Кытай бийликтери Чыгыш Түркстандын шаарларындагы базарларда соода кылган соодагерлерден да салык алып турду. Алсак, Кашкарга Орто Азиялыктар, Теңир-Тоолук кыргыздар ж. б. чет жерликтер сатыкка айдап келген малынын отуздан бир бөлүгүн базар акысы катары төлөчү. Ал эми жергиликтүү калк жыйырмадан бир бөлүгүн ыйгаруучу.

Цин төрөлөрүнүн ар кандай чиндерди ыйгарып, белек-бечкектерди тартуулап кыргыз бийлерин өз таасирине имерүү аракетинен эч майнап чыкпады. Эркиндик үчүн эч нерседен жалтанбаган элет эли Цин дөөлөтүнө күнкор болуп багынып бере койгон жок. Кыргыз бийлери тең ата элдин улуктары катары Пекиндеги богдыхандын ордосуна элчи жиберип турушканы белгилүү. Кытай бийлигине кыргыз урууларынын кандайдыр бир салык төлөгөндүгү тууралуу да маалымат жокко эсе.

Чыгыш Түркстандагы кытай чек ара кароолдору кыргыз конуштарынан кыйла алыс турган. XVIII к. 60-жылдарынын башында Цин бийлигине белгилүү 20 кыргыз уруусунун онунан гана Пекинге элчилер барган

болсо, 1763-жылдан тартып мындай элчилер таптакыр каттабай калган.

Цин дөөлөтү менен кыргыздардын өз ара мамилелеринин эң талуу жери чектеш аймактар тууралуу маселе болгон. Император Хун Ли 50-ж. аягы 60-ж. башында Ысык-Көл, Ат-Башы, Нарын, Чүй, Талас, өрөөндөрүнө кароол коюп, ээлеп алуу боюнча Синьцзяндагы наместнигине бир нече ирет көрсөтмө бергени маалым. Бирок анын ойлогон ою ордунан чыккан жок. Цин төрөлөрү кыргыз жеринин чет жакаларына гана көзөмөлдөп кыдыруучу аскерлерди жиберүү менен чектелген. Синьцзянга жанаша жаткан кыргыз конуштарын кыдырып чыгуучу аскерлерди жиберүү аркылуу ыдык көрсөтүп, ал жерлерди өз карамагына каратууну, кыргыздардан салык алууну, аларга сез көрсөтүп жүрөгүнүн үшүн алууну көздөгөн. Оңтою келгенде «көзөмөлчү» кытай аскерлери анык каракчыларча кыргыз айылдарына дүрбөлөң салып мал мүлкүн талап алышчу, «кереге-уугун кыйратып, келин-кызын ыйлатып» олжо кылышчу, аштыгын атка тебелетип салышчу. Тынч жаткан элдин тынчын алган кытай аскерлерине кыргыздар чечкиндүү каршылык көрсөтүп, өзү катылган жоонун катыгын берип турушкан. Алсак, 1760-жылы сарбагыш бийи Черикчинин курал-жарагы шайма-шай жаландаган жигиттери Ат-Башыга кирип келген кошуундун жолун тороп ок чыгарышат. 1764-ж. кыргыздар Иледен келген кытай колуна кол салып, жоонун бир нече жоокерин жок кылышкан (7 аскер, 1 офицерин).

Цин-манжуу баскынчыларынын кордугу, зордук-зомбулугу кыргыздардын, жалпы Чыгыш Түркстан элдеринин боштондук күрөшүнүн күчөшүнө себепкер болду. XIX к. башында жергиликтүү калктардын социалдык-экономикалык саясий абалы өтө оорлоп, улуттук эзүү күчөгөн эле. Катаал турмуш, зар заман чет элдик эзүүчүлөрдүн чеңгелинде калып айласы куруган элди сөзсүз эркиндик үчүн күрөшкө түртмөк.

II. ЗИЯ АД-ДИНДИН КӨТӨРҮЛҮШҮ ЖАНА АГА КЫРГЫЗДАРДЫН КАТЫШУУСУ

XVIII кылымда учу-кыйырына көз жетпеген кең аймакты ээлегенге үлгүргөн Цин дөөлөтү үчүн келерки XIX кылым кыйын кезеңдин, алсырап күч-кубаттан тайый баштоонун мезгили болду. Өлкөнүн экономика-

лык жана ички саясий абалы кыйла начарлаган эле. Капиталисттик өлкөлөр Кытайдын өзүнө чыгыш, түштүк-чыгыш тараптан кол салып турду. Кытай өкмөтүнө Европалык өлкөлөрдүн баскынчылык аракеттерине каршы көп күч жумшоого туура келди. Ошондуктан Цин бийлиги Синьцзянда мурдагыдай өтө активдүү саясат жүргүзө албай калган. Арийне, Чыгыш Түркстанга ээлик кылуу, аны кармап туруу өтө кымбатка турган. XIX кылымдын башында ал жакта жергиликтүү калктар Цин үстөмдүгүнө каршы биринен сала бири тынымсыз көтөрүлүш чыгарышат. Ал көтөрүлүштөрдү басууга кыйла каражат сарпталып, ири аскер күчтөрү колдонулду.

Чыгыш Түркстан элдеринин Цин-манжуу үстөмдүгүнө каршы кыймылынын алгачкысы Зия ад-Диндин жетекчилиги астындагы көтөрүлүш болуп эсептелет.

Кашкардан 180 чакырым аралыктагы Ташмалык кыштагында 1814—1816-ж. чыккан бул көтөрүлүшкө «Ысхакиййа» сопулук агымынын («Кара тоолуктар») өкүлү ахун Зия ад-Дин жетекчилик кылган. Көтөрүлүшкө уйгурлар менен бирге Чыгыш Түркстандык кыргыздар активдүү катышкан. Атүгүл адегенде көтөрүлүшчүлөрдүн ооругу да кыргыздардын тоо арасындагы конушунда (айылында) жайгашкан. Зия ад-Дин кыргыздардын арасына келип, кыймылга кыйла камылга көргөндөн кийин гана көтөрүлүш баштайт. Ал аз убакыттын ичинде кыргыздардын колдоосуна ээ болуп өз тарабындагылардын санын арбытууга, курал-жарак топтоого үлгүргөн. Көтөрүлүшкө чыккан уйгурларга кошулган кыргыздардын башында кыпчак уруусунун бийи Турдумамбет турду. Жамантейит, чоң багыш урууларынын да көтөрүлүшкө катышканы тууралуу маалыматтар бар.

Кашкардын хаким-беги Юсуптун аксымдыгы көтөрүлүшкө шылтоо болгон.

Көтөрүлүшкө чыккан калк Кашкарды ээлеп алууну, Кытай төрөлөрүн, алар дайындаган хаким-бекти куун чыгып, чет жерликтердин бийлигинен кутулууну самашкан. Зия ад-Динге кошулган уйгурлар менен кыргыздар цин кароолдоруна бир нече жолу кол салып көптөгөн аскерлеринин көзүн тазалашат, бекеттерин жана Кашкардын чет жакасындагы жылкы заводун кыйратышат. Кыргыздардын көтөрүлүшкө катышкандыгы жөнүндө ордого кабар жеткенде богдыхандын аябай ачуусу келип көтөрүлүштү тезирээк басып, ага катышкандарды

аёосуз жазалоону буйруган. Көп өтпөй Синьцзяндагы кытай акими Сун-Юнь богдыхандын буйругун аткаруу-га чечкиндүү киришет. Саны, курал-жарагы жана даярдыгы жагынан артыкчылык кылган цин аскерлери көп күч жумшап, акыры көтөрүлүштү басып коё алды.

Көтөрүлүштүн жетекчилери Зия ад-Дин менен Турдумамбет бий өлүм жазасына тартылып, кескиленип өлтүрүлдү. Зия ад-Диндин уулу Ашряб бек улантканкүрөш да жеңишке жетишкен жок. Кийин колго түшкөндө аны дагы кыйнап өлтүрүшкөн.

Көтөрүлүш жеңилип калганына карабастан боштондук күрөшүнүн андан ары күч алышына түрткү берди. Жергиликтүү элдердин чет жерлик төбөлдөрдү жек көрүү сезими ого бетер курчуп, аларды жаңы көтөрүлүштөргө шыктандырган. Көтөрүлүш учурунда душман бир топ жоготууларга дуушар болуп, бийлиги бошоңдой түшкөн.

Көп өтпөй кыргыздар Кашкар аймагында цин-манжуу бийлигин кулатуу үчүн жүргүзүлгөн күрөшкө кайрадан активдүү аралаша башташты.

III. ЖААҢГЕР-КОЖОНУН (ЖАХАНГИР) КЫЙМЫЛЫ ЖАНА КЫРГЫЗДАР. СУРАНЧЫ БИЙ

XIX к. биринчи жарымында цин-манжуу үстөмдүгүнө каршы Чыгыш Түркстан элдери жүргүзгөн күрөштүн өтө күчөгөн учуру Жаангер кожонун кыймылы. Бул кыймыл 20-жылдарда болуп өткөн. Жаангер кожо Чыгыш Түркстандын бийлик эгелеринин бири, «Ышкийя» сопучулук агымынын өкүлү Аппак кожонун урпагы, Бурханеддиндин небереси эле. 1758-ж. цин-манжуу баскынчыларына каршы кармашта Илидеги цзян-цзюн Чжаохойдун аскерлеринен жеңилип калган Бурханеддин Бадахшанга кире качкан болчу. Бирок Бадахшандын акими Султан-шах аны өлтүрүп, башын кытай төрөлөрүнө тартуу кылат. Бул кылыгы үчүн ал бүткүл мусулман дүйнөсүнө жек көрүндү болуп каргышка калган. Бурханеддиндин уулдарынын өспүрүм баласы Сарымсак гана араң качып кутулган. Сарымсак кожо узак жылдар бою Орто Азиянын ар кайсы аймактарын кыдырып жүрүп, акыр аягында карып-арыган чагында Кокондо жашап калат. Акырындап Кокондо Сарымсак кожону пир туткан кашкарлык качкындар топтоло берет. Кожонун үч уулунун эң кенжеси Жаангер 1783-жы-

лы жарык дүйнөгө келген. Жааңгер жаштайынан тың, чыйрак чыгып, жакшы тарбия алат. Ал өзүнүн акылынын курчтугу, жөн билгилиги, көптү билген көрөгөчтүгү менен элге таанылып, Ата журт эркиндиги үчүн күрөш баштоого бел байлайт.

1820-ж. жайында санаалаш шериктери коштогон Жаангер кожо Кокондон кыргыздарга жардам сурап келип кол куроого киришет. Кашкардагы кытай үстөмдүгүн кулатуу үчүн күрөштө ага саяк уруусунун бий, билермандары Жаңгарач, Байбакас, Мендылак, Тайлак, кыпчак Турдумамбеттин туугандары, чоң багыштардын бийи Суранчы көмөк көрсөтүүгө даяр экендигин билдиришкен. Жаангер кожого көп өтпөй Маматкул баш болгон моңолдор уруусу да кошулат.

Кытай баскынчылары менен айыгышкан айкаштарда бөтөнчө Суранчы бийдин колу эчен ирет эрдик көрсөтүп даңкы чыккан.

1820-ж. күзүндө Жааңгер кожо кыргыздардан куралган бир нече жүз жоокерин ээрчитип чек арадан өтүп Кашкарды көздөй жол тартат. Ошол эле учурда Суранчы бий Устун-Артыш айлында топтогон 300 жигити менен Кашкарга жете келип, калаага жанаша жайгашкан кыштактардагы кытай аскерлерине кол салат. Анын жигиттери салгылашуулардын биринде Кашкардын чет жакасындагы кытай кароолун талкалаган болчу. Жааңгер кожонун кыймылынын алгачкы этабы кытайлык маалыматтарда бекеринен «Суранчы буруттун козголоңу» деп аталып калбаса керек.

Бирок Жааңгер кожо менен Суранчынын колу душмандын арбын аскеринин кысымына туруштук бере албай чегинүүгө аргасыз болот. Цин төрөлөрү Кашкарга кошумча аскер жөнөткөн эле. Алар кыйла кыйынчылыктар менен Кашкарды курчоодон куткарып калды. Чегинип кеткен көтөрүлүшчүлөрдү биротоло талкалоону көздөп алардын артынан сая түшкөн жазалоочу аскерлер Суранчынын Кэншибай деген жердеги эски журтуна келип орула элек эгинди, 30 дан ашуун өргөөнү өрттөшөт. Андан соң жоон топ кыргызды туткундап, алардын 20дан ашыгын мыкаачылык менен өлтүрүшкөнү маалым.

Ошону менен бирге цин төрөлөрү кыргыздарды чатактан алыс болуп тынч жашоого, тополоңго аралашкандан көрө Суранчыны кармап берип чоң сыйлыкка ээ болууга үндөгөн. Ар кандай коркутуп-үркүтүүлөргө карабастан кыргыздар өз жолбашчыларын душманга

кармап берген жок. Тескерисинче Суранчы бийдин эл арасында кадыр-баркы ого бетер өскөн.

1821-жылы Жаангер кожо Кашкарга экинчи ирет жортуул уюштуруп, жеңишке жетише албаган соң Алайга чегинип кыргыз айылдарында 2—3 жылча тынч туруп калат. Алайлык кыргыздар ага жылуу мамиле кылып кошуун топтоп беришкен.

1824-ж. кышында Жаангер кожонун көбүнесе кыргыздардан куралган колу Алайдан Кашкарды көздөй жылып, Улугдагы кытай кароолуна чабуул койду. Айыгышкан кармашта эки тарап тең бир топ жоокерлеринен ажырады. Салгылашуу учурунда айтылуу Турдумамбеттин эң жакын жардамчысы жамантейит уруусунун бийи Сергаджы эрендерче кармашып жатып көз жумат. Сан жагынан кыйла артыкчылык кылган кытай аскерлери акыры Жааңгердин колун Кашкар аймагынан сүрүп чыгып, чек арага жакын конуп отурган кыргыз айылдарын талап-тоногон болчу. Кашкардын наместниги Юнь Цинь кийинки жылдары дагы Жаангер кожону жана анын жан-жөкөрлөрүн кармап берүүсүн өтүнүп кыргыз бийлерине тыңчыларды тез-тез жөнөтүп турду. Кыргыздарды бөлүп-жарып Жаангер кожону негизги таянычынан ажыратуу үчүн богдыхан 1825-жылы кыймылга катышууга үлгүрө элек бир нече бийге наам, кымбат баалуу сыйлыктарды ыйгаруу жөнүндө атайын буйругун жарыялаган.

1825-жылдан тартып Теңир-Тоонун борбору, Ак-Талаалык саяктардын билермандары Атантай, Тайлак айылы Жаангер кожонун оорук-турагына, цин-манжуу баскынчыларына каршы кыймылдын чордонуна айланат. Саяктар сыяктуу эле кожого черик, басыз, каба уруу-уруктары кол кабыш кылышкан. Ошол жылы күзүндө Жаангер кожо келип туруп калган Тайлактын айылына Кашкардагы кытай төрөсү (анбань) Юнь Цинь ынгайлуу учурду колдон чыгарбай кожону туткунга түшүрүүнү эңсеп өз нөкөрү Баянбату баш болгон 500 (200) жоокерди Ак-Талаага шашылыш жөнөткөн. Кытай кошууну Торугарт, Чатыр-Көл, аркылуу түнкүсүн гана жол жүрүп отуруп Курткадан төмөнүрөөк Нарын дарыясын жээктей конгон Тайлак менен Атантайдын айылына капыстан кол салат. Бирок Жаангер кожо, Тайлак, Атантайлар жоо чабаардын алдында бөлөк айылга тойго мейманчылап кетишкен эле. Издегенин таба албай кыжыры кайнаган Баянбатунун колу коргоосуз калган айылды тыптыйпыл кылып кыйратып, 100дөн

ашык аял, бала-бакыраны кырып салып баса беришет.

Эли кызыл кыргынга кабылып бейкүнөө жапа чеккени тууралуу аянычтуу кабар жетээри менен Тайлак баатыр кыргыз кошуунун баштап жоонун артынан эч кылчактабай сая түшүп тез эле жете келет да жоону тар капчыгайга камап чабуул коёт. Ошол айкашта басыз уруусунун бийи Чыбылды душмандын далай аскерин мертинтип өз жигиттерине үлгү болгон. Эки тарап тең эрегише салгылашып кан суудай аккан айкашта кыргыз кошууну жеңип, жоонун жалгыз жоокери араң качып кутулат. Кытай аскери түгөл кырылып, атүгүл кол башы Баянбату өзү жортуулдан аман кайтпай калды. Бул жортуулда Жаангер кожо Тайлак баатырдын жанында жүргөн.

Ушул жеңиштен кийин Жаангер кожо Кашкар тарапка жаңы казат уюштурууга чечкиндүү түрдө киришип, ага камына баштайт. Ал Коконго, Ура-Төбөнүн акимине, Кундустун эмирине, тажиктерге, өзбектерге, казак кыргыз урууларына жардам сурап чабармандарды жөнөткөн.

1825—26-жылдардын күз, кыш айлары Жаангер кожо Ак-Талаа, Тогуз-Тородо кыргыз айылдарын аралай өргүп, чечүүчү кармашка даярдык көрөт.

1826-ж. жазында (май) Жаангер кожонун колу Ак-Бейиттин белин ашып Арпа, Аксай аркылуу чек арадагы Ислык, Тешикташ кароолдорун жарып өтүп Кашкар багытына сапарын улайт. Жаангер кожо Чыгыш Түркстанга келээр замат жергиликтүү элдер цин-манжуу бийлигине каршы жаңы көтөрүлүш баштады. Бул Жаангер кожонун жетекчилиги астындагы элдик кыймылдын чечүүчү этабы, өтө күчөгөн учуру эле.

Жаангер кожонун колу менен кытай аскерлеринин ортосундагы алгачкы ири салгылашуу Кашкардын чекебелиндеги Аппак кожо мазарына жакын жерде болду. Ошол кезде ал кыргыз кошуунун Үч-Турпанды душмандан арылтуу үчүн жөнөткөн болчу. Көп өтпөй кыргыздар ал калаага барчу жолду ээлеп алышат. Тайлак, Атантайдын жигиттери Барчандагы кытай кароолун кыйратканы.

Жаангер кожонун башкы күчтөрү орношкон Башкирим кыштагына Кашкар дубанындагы бөлөк кыштактардын калкы агылып келип жатты. Ал кийинчерээк Түмөн Суусунун оң жээгиндеги Давлетбах түзөңүндө Илилик цзян-цзюндун аскерлерин талкалап, жоонун курал-жарагын олжо кылат.

Қыштактарды камалоодо тажиктер бөтөнчө эрдиктин үлгүсүн көрсөттү. Узакка созулган салгылашуулардан соң Кашкардагы кытай аскери сепилге бекинип, калаанын калкы Жаангер кожонун кошуунун кубанып утурлап тосуп чыкты. Шаан-шөкөт менен калаага кирген кожо сеид Жаангер султан мартабасын кабыл алды. Көп узабай Жаркент, Хотан, Янысардын калкы козголуп, шаарлардагы цин аскерлерин, сепилдерди мойсоп Кашкарга жөнөшкөн.

Жаангер кожонун көтөрүлүшү дээрлик 1828-жылга чейин созулуп Чыгыш Түркстандагы көпчүлүк шаарларды, кеңири аймакты кучагына алды. Ч. Валиханов жазган кабарга караганда көтөрүлүшкө 200 миңге жакын адам катышкан. Көтөрүлүшчүлөр союл, айры, чалгы, кылыч, найза, мылтык менен куралданышкан. Алар кытай аскерлеринен атүгүл бир нече замбиректи (төө замбиреги) тартып алышкан эле. Көтөрүлүштүн жүрүшүндө айрыкча кыргыздар зор роль ойношту. Алсак, 1827-ж. мартта кыргыздар менен уйгурлар Хотанда ири кошуун топтогон болчу. Кыргыздар чалгынга чыгып, кытай аскерлерине капилеттен тополоң салып, азык-түлүк, ок-дары тарткан кирелерин тартып алып турушту. Ал эми алардын билермандарынын бири Атантай кожонун эң жакын кеңешчиси эле. Бекеринен ага Жаангер кожо Кашкардын мурдагы хакимбегинин кызын тартуулабаса керек.

Бирок курал-жарак, ок-дары менен жакшы жабдылбаган, аскердик даярдыгы начар, машыгып такшалбаган карапайым калк өлкөнүн ичкери жагынан келген ири аскер күчтөрүнө туруштук бере алган жок. 1827-жылы эрте жазда Джун-тань кол башылык кылган 70 миң аскер Кашкар, Жаркент, Хотанга чабуул койду. Душман мыкты куралданган эле. Алар көтөрүлүшкө чыккан калк көгөрө өжөрлөнүп жан аябай коргогон калааларга мылтык, замбиректерден окту мөндүрдөй жаадырып турду. Жаангер кожо Кашкарды ээлегенден кийин түзүлгөн оңтойлуу кырдаалды кылдат пайдалана алган жок. Ал Ак-Суу, Кулжа өңдөнгөн цин-манжуу бийлигинин Синьцзяндагы негизги таяныч борборлоруна чабуул коюунун ордуна Орто Азия элдеринен жаңы жардамды күтүп жай баракаттыкка жол берди, жана эң башкысы, убакыттан уттуруп койду. Натыйжада Чыгыш Түркстандын зор бөлүгү кытай төрөлөрүнүн карамагында кала берип, душман тез арада Кулжага көп аскер топтоого үлгүргөн болчу. Кожонун жакын жардамчы-

ларынын арасындагы ич ара талаш-тартыш, ырктын бузулушу да кыймылга терс таасирин тийгизди.

Кашкардын жанындагы чечкиндүү кармашта калаанын коргоочулары жеңилип калып, Жаангер кожо калааны калтырып кетүүгө мажбур болот. Кытай бийлиги дайындаган Кашкардын жаңы хакимбеги амалкөй Исакван чет жерлик төрөлөргө берилгендигин далилдеш үчүн ар кандай айла-амалдарды колдонуп, элдик кыймылдын сүйүктүү жол башчысын алдап кытайларга кармап берет. Аны Пекинге алып барып бир нече жылдан кийин өтө коркунучтуу козголоңчу катары кескилеп өлтүрүшөт.

Ошентип, Жаангер кожо жолбашчылык кылган жалпы элдик кыймылдын акыркы чечүүчү этабы 9 айга созулуп, Чыгыш Түркстандагы кеңири аймакты кучагына алса да акыры жеңилиш менен аяктады.

Жеңилип калганына карабастан бул кыймылдын Чыгыш Түркстан элдеринин боштондук күрөшүнүн тарыхында мааниси зор. Кыймылдын жүрүшүндө түпкү калк кыйла такшалды, эркиндикти эңсөөсү, ага умтулуусу ого бетер күчөдү. Цин-манжуу быскынчылары олуттуу жоготууларга дуушар болуп, алардын Синьцзяндагы үстөмдүгү, бийлиги бошоңдой түшкөн эле. Боштондук кыймылын биротоло басып коюуга алардын дарманы, чамасы жеткен жок. Цин үстөмдүгүнө каршы Чыгыш Түркстан элдеринин өз бетинчелик үчүн күрөшү кийинки жылдарда да улана берген. Алардын бардыгына кыргыздар активдүү катышып турду. Алсак, 1830-ж. Жусуп кожонун көтөрүлүшүн саяк Атантай, Тайлак баатырлар, басыз, кыпчак, чоң багыш уруулары колдоп чыгып Кашкарды камалоого катышкан.

1845-ж. Чыгыш Түркстандык кыргыздар кайрадан козголуп Янги-Гиссар аймагындагы цин кароолун талкалашат. Ал эми кийинки 1846-ж. алар Кашкар дубанындагы кароолдорго жортуул уюштурушкан. 1847-ж. Кашкарда циндерге каршы кожолордун жаңы кыймылы башталганда Алым бий менен Кыдыр бий аны колдогон. Атүгүл, 1851-ж. Кашкарга жортуул жасаган Валихан төрөнүн кошууну көбүнчө кыргыздардан куралганы белгилүү.

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КОКОН ХАНДЫГЫНА КАРШЫ КҮРӨШҮ

I. КЫРГЫЗСТАНДА КОКОН АКИМДЕРИНИН ЗАЛИМДИГИНИН КҮЧӨШҮ

XIX кылымдын 20—30-жылдарында Кокон хандыгы Орто Азиядагы бараандуу ири мамлекетке айланды. Ошол кезде хандык Ташкент, Ходжент (Худжант), Каратегин, Дарваз, Куляб аймактарын караткан, Кетмен-Төбө, Теңир-Тоонун ичкери жагына, Талас, Чүйгө жана Көл кылаасына дембе-дем жортуул уюштуруп, өз үстөмдүгүн орноткон. Ала-Тоонун ар өңүрүндөгү кыргыздардын оңтойлуу конуштарына кокондуктар чеп, сепилдерди куруп, көп сандаган сарбаздарды жайгаштырышкан. Кыргыз жеринде Кокон ханынын бийлигин орнотуу, бекемдөө, жергиликтүү элди тескеп хан салык алып туруу милдети жүктөлгөн чептердеги аксым, ач көз бектер карапайым калкка далай кордук көрсөтүп, зордук-зомбулук кылып жек көрүндү болушкан. Кокондуктардын жылдан-жылга көбөйгөн өлчөөсүз салыгы, залимдиги элет элинин жанына батып кыжырын кайнатты.

Аким, бектердин мартаба-арбайына, хан жарлыгына акаарат айтып каршылык көрсөткөн эр жүрөк өткүр жигиттерди, өтө кадыр-барктуу кишилерди камап, элди коркутуу-үркүтүү үчүн чептерде атайын терең орлорзындандар камдалган. Аларда ондогон кыргыз кыраандары жарыкты көрүүгө зар болуп камалып жатты. Кокондук төрөлөр өлүм жазасына тартылган «күнөкөрлөрдү» мыкаачылык менен аябай кыйнап өлтүрүшкөн. Казыкка отургузуу, «кылмышкердин» башын кыя чабуу, даргага асуу ж. б. жазанын оор түрлөрү кеңири колдонулган. Мындай жазаны илгиртпей ишке ашырууга абыдан машыккан баш кесерлер өз милдетин маашырланып аткарышаар эле.

Кыргыздардын арасында өз таасирин чыңдоо үчүн жана салыктарды үзбөй убагында алып турууну көздөп бектер чептерде такай эл ичинде кадыр күткөн ак сөөктөрдүн тукумдарынан аманат кармачу. Мындан тышкары Кокон ханы тыңчылары, хаким, бектер аркылуу кыргыз урууларынын билермандарын кайраштырып ич ара бүлүк чыгарып бүлүнтүп турду. Мындай амалкөй кылдат саясат, кокондуктарга каршы күрөштө кыргыз элинин биримдигин бузган. Ынтымагы ыдырап ыркы кетип

өз ара чатакта алсыраган элди митаам хан оңой-олтоң багындырып узак жылдар бою бийлеп турмак.

Көчмөн кыргыздарды айрыкча хан салыктын түрлөрүнүн күндөн-күнгө көбөйүшү нааразы кылган. Алгачкы жылдарда кыргыздардан негизинен салыктын башкы түрү катары зекет (мал салык) алынса, кийинчерээк бөлөк түрлөрүн төлөөгө мажбурлашат. Хандын казынасына кыргыздар шарият боюнча 40 баш майда жандыктан бирди, (кой-эчки), 40 жылкыдан бирди, 30 баш кара малдан (уй) бирди төлөчү. Эгерде зекет төлөгөн адамдын жылкысы 40тан көп болсо анда ал ар бир ашык баш жылкысы үчүн 40 тыйын төлөмөр болгон. Төөсү бар бардар кишиден беш төөгө бирден кой алышчу. Салыктын өлчөмү тез-тез өзгөрүп турган. Алсак кээ бир жылдары кыргыздарды малынын жыйырмадан бир бөлүгүн зекет үчүн төлөөгө мажбурлашкан.

Мал салыктан тышкары көчмөндөр түндүк зекет — ар өргөөдөн (түтүн, үй) бирден кой, адал-зекет — 50 баш малдан бирди төлөшкөн. Эгинчилик кылып жакада калгандардан харадж — жер салыгы алынчу. Мезгил-мезгили менен кокондуктар аскер салыгы деген шылтоону бетке кармап түтүнгө бирден тилле (алтын тыйын) же үчтөн ирик салык салышкан. Салык жыйноо учурунда зекетчилер менен бектердин зордук-зомбулугу ашынып, салыкты ашыра жыйнашчу, толгон-токой белектерди берүүгө элди мажбурлап оңой олжого туйтунушчу. Алар калктын арзыбаган мал, мүлкүн талап-тоноодон да кайра тартышкан эмес. Ордодон жиберилген илбегилер кыргыз айылдарын аралап элге көз салып турган. Чептердин бектери кыргыз манап, бийлеринин топторуна (жыйын) катышып, бүтүм кабыл алууга кийлигишишкен. Андай жыйындарды чептерге жакын жерде өткөзүүнү талап кылышчу.

Кокон хандыгында кийинчерээк кара букара калктан салыктын 20га жакын түрү алынган.

Ар кандай салыктарды төлөө менен бирге элет эли чептердеги кокондук сарбаздарды азык-түлүк, унаа ж. б. каражаттар менен камсыз кылышчу. Түштүк Кыргызстанда Кокон ханы суусу мол, дыйканчылык кылганга ылайыктуу жайык төрлөрдү, түзөндөр менен ойдуң жерлерди тартып алып, кыргыздарды тоо-ташка сүрүп чыгууга аракет жасаган. Таластык жана Анжыян, Аксы, Алайлык кыргыздар хандын карамагына ат-көөлүгү, курал-жарагы шайма-шай жигиттерден (кыл-куйрук) кошуун курап жөнөтүп турууга милдеттендирилгени бел-

гилүү. Кокондуктар кыргыздын өңдүү-түстүү кыз-келиндерин күчкө салып хан ордосуна алып кетишээр эле.

Адам чыдагыс оор турмуш, Кокон хандыгынын көрсөткөн кордугу, аксым, аким, бектердин зордук-зомбулугу кыргыздарды өз Ата журтунда күнкор кылууну эңсеген баскынчыларга каршы көз каранды эместик үчүн күрөшкө түрттү.

II. КОКОН ХАНДЫГЫНА КАРШЫ АТАНТАЙ МЕНЕН ТАЙЛАК БААТЫРДЫН КӨТӨРҮЛҮШҮ

Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы кыргыз элинин боштондук күрөшү XIX кылымдын 30—40-жылдарында күч ала баштаган эле. Ал жылдарда кокондук баскынчыларга бөтөнчө Нарындын төрүн жердеген саяк уруусу катуу каршылык көрсөтүп турду. Анткени саяктар буга чейин Чыгыш Түркстандагы цин-манжуу бийлигине каршы кыймылга, Жаангер кожонун Кашкарга жасаган жортуулдарына такай катышып, аскердик уюмдашуу жана курал-жарак топтоо жагынан кыйла такшалып калышкан. Ошондуктан алар хан бийлигине баш ийбей тез арада куралдуу көтөрүлүшкө чыга алышты. Көтөрүлүшкө айтылуу ага-ини Атантай менен Тайлак баатыр жетекчилик кылып, ага Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Нарын, Ат-Башылык кыргыздар активдүү катышкан. Элдик кыймылдын жаңы эпкинине, толкунуна кокондук аскерлердин 1831-жылкы кезектеги жортуулу учурунда күч алган аёосуз талап-тоноолор, баскынчылардын адам чыдагыс зөөкүрдүктөрү, көрсөткөн кордугу себеп болду.

Ага-ини Атантай, Тайлак жеринен Ак-Талаа аймагын мекендеген саяк уруусунун билермандары эле. Алардын атасы уругу чоро Ырыскул кезегинде оң, солго аттын кашкасындай таанылган, атактуу Жанболот бий заманында (XVIII к.) кытайлар менен айкаштарда кол баштап жүргөнү тууралуу маалыматтар бар. Ак-Талаа тарапта Кокон хандыгынын үстөмдүгү Тайлак Баатырдын өспүрүм бала чагында эле орной баштаганы белгилүү.

1831-жылы жазында Кокон ханы Нарындын төрүндөгү кыргыз айылдарына жортуул уюштурат. Ал эми кийинки жылы (1832) Хаккула кол башынын 7 миң жоокери Ак-Талаадагы саяк уруусун кыйратып, алардын бийлерин — Атантай менен Тайлакты туткунга түшүрүп, Коконго алып кетишет да элге өтө оор салык салышат. Туткундан кутулган соң Атантай, Тайлак эки шер Ко-

кон ханына баш ийгилери келбей Илеге Улуу жүз казактарына көчүп кетишет. Бирок казак феодалдары малмүлкүн талап ала баштагандыктан алар кайрадан өз Ата журтуна кайтып келип Қокон бийлигине каршы күрөштү улантышат.

1832-жылы Нарын дарыясынын боюндагы оңтойлуу жерге Куртка сепили курулган эле. Хан бийлигинин Теңир-Тоодогу негизги таянычы катары түптөлгөн бул чептө ал кезде 1000ге жакын кокондук сарбаздар турчу. Курткадагы бекке кыргыздар түрдүү салыктарды, анын ичинде улфан аталган салыкты — 10 кап буудайдан бир кап буудай жана дагы зекет — 80 койдон 2 кой төлөшчү. Мындан тышкары кыргыздар кокон бегине желдей сызган, жүрүшү мамык жорголорду тартуулап турууга милдеттүү болгон. Аксым бектер айдай сулуу кыз-келиндерди зордоп ордого алып кетишчү.

Акыры хан бийлигинен калайыкка эч кандай кайрымдуулук, адилеттик болбосуна көзү жеткен Атантай, Тайлак албарс кылыч, бөрү тил найза колго алып, ак келтени ай далыга асынып боштондук күрөшүн башташат.

Тайлак тез арада кол топтоп Куртка сепилиндеги сарбаздарга кол салат. Салгылашта кыргыздар жоону жеңип чептеги терең ор-зынданда зарыгып жаткан туткундарды бошотушкан. Эл кокондук төрөлөр тартып алган малына кайра ээ болуп, салык төлөөдөн караманча баш тартат. Көп өтпөй Теңир-Тоодогу көптөгөн кыргыз айылдары күрөшкө көтөрүлүшөт.

Күндөн-күнгө күч алып бара жаткан жаңжалдан чочулаган Куртка беги ордого шашылыш чабарман чаптырып кабар айттырат. Тайлактын «кылмыштуу кылыгы» тууралуу кабарды угаар замат Қокон ханы Мадалы кыргыздардын кыймылын тезинен басуу үчүн Ак-Талаага Арап баатыр кол башылык кылган 500 жоокерди жөнөткөн. Тайлак баатырды колго түшүрүп, кыргызды экинчи баш көтөргүс кылып жазалоону көздөгөн Қокон колу Көк-Арт ашуусу аркылуу Тогуз-Торого келгенде Тайлактын чалгынчылары жоону утурлап байкап турган.

Тогуз-Тородогу Быча деген жайыкта Тайлактын жигиттери адеп, чабуул койгон Араптын колунун жолун тороп, эки тарап беттешет. Айыгышкан салгылашта акыры кыргыздар жеңип, талкаланган жоо чаң-тополоң түшүп чегинүүгө аргасыз болду. Ошол салгылашта душман оор жоготууга кабылып 400дөй аскеринен айрылды.

Айласы түгөнүп бир аз сарбазы менен качып жөнөгөн кол башы Арапты кыргыздар артынан сая түшө кубалап жөнөшөт. Тайлак баатыр качкан жоонун калдыгына белди ашып кетээрде кууп жетип, Арапты мерт кылган болчу. Арап набыт болгон ал жер, кийин «Араптын бели» аталып калды.

Ушул жеңиштен соң Тайлак Баатыр Куртка чебин ээлеп туткунга түшкөн 60 кокондук мырзанын үчөөн хандын ордосуна жөнөткөн. Алар ханга Тайлактын талаптарын айтып барышмак. Тайлактын талабы төмөнкүдөй эле: «Силердин бектериңер ар түрдүү салык алып кыргыздарды талап-тоноду: бизден жылкы, төө алышты, зекет менен улфан алышты. Кокондук төрөлөр биздин асыл буюмдарды да койбоду, алтын, күмүшүбүздү жана кымбат баалуу аң терилерди тартып алышты. Мындан тышкары келишкен сулуу кыздарыбызды тартып кетишти. Ушул мүлктү, айтылгандарды кайтарып бергиле. Эгерде кайтарып бербесеңер, анда туткунга түшкөн кокондук мырзалардын баардыгын кырып салабыз».

Талапты аткарбаска чамасы жок Мадалы хан аргасыздан эпке келип ордодогу олжо кыздарды элине кайтарганы маалым.

Тайлак баатыр узак жылдар бою Кокон хандыгына баш бербей жоонун кийинки жортуулдарынын да мизин майтарып турду. Теңир-Тоолук кыргыздарды биротоло багындыруу үчүн Кокондук төрөлөр ар кандай айла-амалдарды пайдалануудан да кайра тарткан эмес. Хан эбин таап элдин сүйүктүү жолбашчысынын көзүн тазалоо максатында Нарындагы кыргыз айылдарына табып кейпин кийген өз тыңчысын жиберет. Тыңчы табып бир нече жыл айылдарды аралап дарыгерчилик кылып элдин ишенимине кирет. Акыры ал оңтою келгенде сыркоолоп калган Тайлакты ууландырып коюп баса берген болчу. Баатыр 1838-жылы 42 жаш курагында көз жумган.

Туу туткан баатырынан айрылып мүңкүрөй түшкөн элди багынтуу үчүн Кокон ханы Нарынга эки ирет атайын аскер аттандырып, Тайлак талкалаган Куртка чебин кайра курдурат. Узак жылдарга созулган тирешүүлөрдө кыйла жоготууларга дуушар болуп алсыраган кыргыздар бу жолу убактылуу багынып беришти. Көтөрүлүш жеңилгени менен элдин кыймылы биротоло тыйылган жок. Элет эли боштондук күрөштү кийинки жылдарда дагы уланта берди.

Тайлак Баатырдын жетекчилиги астында Кокон

хандыгына каршы боштондук кыймылы элдин эсинде түбөлүккө сакталып калды. Ошол окуялар, баатырдык күрөш тууралу эл оозунда дастан айтылып калган. Акын А. Чоробаев элдик оозеки чыгарманын негизинде «Тайлак Баатыр» дастанын жараткан. Дастанда Ата журтка болгон сүйүү сезими, Мекен эркиндигин көздүн карегиндей сактоо милдети, Тайлак өндүү элдик баатырлардын эрдиктери, жоого каршы жортуулдар өтө элестүү чагылдырылган. Чыгарма кыргыз элинин Кокон үстөмдүгүнө каршы боштондук күрөшүнүн дастан түрүндө калыптанган тарыхы.

III. 40-ЖЫЛДАРДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШТӨР

30-жылдардын аяк ченинде көз каранды эместик үчүн күрөшкө Бишкек чебине жанаша жаткан аймакты жердеген кыргыздар көтөрүлөт. Аларга Улуу жүз казактарынын бир бөлүгү кошулган. Кокон ханынын 300 сарбаз жандаган зекет жыйноочу элбегинин зордук зомбулугу, залимдиги калктын кыжырын кайнаткан. Хан бийлигине каршы көтөрүлгөн букара эл кокондук бул кошуунду тыптыйпыл кылып талкалап салык жыйноочу элбегинин өзүн да өлтүрүп коюшат. Ташкен хакими эки жолку жортуулдан кийин гана араңдан зорго көтөрүлүштү басып коё алды.

40-жылдарда кыргыздардын көз каранды эместик үчүн кыймылы кайрадан күч алып, Кыргызстандын түндүк, түштүгүндөгү зор аймакты кучагына алат. Алсак, 1843-жылы Ысык-Көл өрөөнүндөгү кыргыздар көтөрүлүш баштап Кара-Кол, Барскоон, Коңур-Өлөң чептеринен кокондук сарбаздарды кууп чыгышкан.

Ал эми 1845-жылы алайлык кыргыздар жана Ош аймагында ферганалык кыргыздар хан бийлигине каршы күрөшкө көтөрүлүп, ордонун коопсуздугуна олуттуу коркунуч туудурган. Ошондуктан Ошко Кокондон Мусулманкул кол башылык кылган көп аскер шашылыш жөнөтүлгөн болчу. Кыргыздар жоонун жолун торроп катуу каршылык көрсөттү. Бирок курал-жарак жагынан кыйла артыкчылык кылган, баскынчылык жортуулдарда такшалган кокондуктардын жер жайнаган колунун кысымына, чабуулдарына туруштук берүүгө мүмкүн эмес эле. Душмандын бир нече жолку чабуулунун мизин кайтарып жан аябай кармашкан соң чегинүүгө туура келди. Акыры Мусулманкул көтөрүлүштү күч менен басып Ош-

то туруп калат да көтөрүлүшкө чыккан кыргыздарды аёсуз жазалайт.

40-жылдардын аяк ченинде Нарындык кыргыздардын кыймылы кайрадан жанданат. Кыргыздар Коконду бекке баш ийбей улам-улам Куртка чебине кол салып чабуул коюп турушкан. Бул жылдары черик уруусунан чыккан Турдуке баш болгон Ат-Башылык кыргыздар Куртка бегине салык төлөөдөн ачык эле баш тартып, эркиндик үчүн күрөш баштаган. Кыргыздарды тынчытууга өзүнүн кудурети жетпесин түшүнгөн Куртка беги Мамразык эки жыл бою Анжыян бегинен кошумча 700 сарбаз сураганы маалым.

Нарын аймагында Табылды баатыр (тынымсеит) жетектеген элдик кыймыл да эки жылга созулуп Коконду төрөлөрдү көптөгөн жоготууларга дуушар кылган.

XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыз элинин Кокон хандыгына каршы күрөшүнүн тарыхый мааниси зор. Элдик кыймылдын күч алышынын натыйжасында баскынчылар жергиликтүү элдин катуу каршылык көрсөтүүсүнө кабылып, көп аскеринен айрылды, чыгашасы арбып бийлиги бошоңдоду. Кыргыз элинин боштондук күрөшү Кокон хандыгын кыйла алсыратты. Кыргызстанда кокондук бектер менен сарбаздар туруктуу жана бекем бийлигин орното алышкан жок. Элет элинин көз каранды эместикке, өз алдынча болууга умтулуусу ого бетер күчөдү. Кыргызстандын ар кайсы аймактарын мекендеген айрым кыргыз урууларынын саясий жактан биригүү аракетинин белгилери небак калыптана баштады. Атантай, Тайлактын көтөрүлүшүнөн ындыны өчкөн кыргыздарды саясий бир бүтүндүккө, ынтымакка чакыруу демилгеси жандана баштаган. Бирок тарыхый кырдаал, татаал шарт буга жол бербеди.

КЕНЕСАРЫ КАСЫМ УУЛУНА ЖАНА КОКОНДУК ТӨБӨЛДӨРГӨ КАРШЫ ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БОШТОНДУК КЫЙМЫЛ

I. КЕНЕСАРЫНЫН БАСКЫНЧЫЛЫК ЖОРТУУЛДАРЫНЫН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

XIX кылымдын 40-жылдарында Кенесары Касым уулу баш болгон казак феодалдары Кыргызстандын түндүгүнө талоончул жортуулдарды уюштурду. Буга ошол мезгилдеги татаал тарыхый кырдаал, Казакстанды

толук каратууну эңсеген Орусия мамлекети менен Орто Жүз казак султандарынын ортосундагы мамилелердин курчушу, эки тараптын эрегишип тирешүүсү, жоокерчилик заман өбөлгө түзгөн. Казак, кыргыз феодалдарынын узак жылдарга уланган жайыт талашкан чатактары да канатташ калктардын кандуу кагылышына себеп болду.

Арийне, алар ар дайым эле чатакташып турган эмес. Жанаша жашаган тектеш эки элдин ортосундагы мамилелерге көбүн эсе тыкыс карым-катнаш, чарбалык-маданий алака байланыштар, чет жерлик баскынчыларга каршы күрөштөрдө калыптанган ынтымак-ымала мүнөздүү. Айрыкча XVII—XVIII кылымдарда калмак коңтаажыларынын жортуулдарынын маалында казак-кыргыз ынтымагы кыйла чыңдалганы маалым.

Кыргыздар менен казактар патриархалдык-феодалдык коомдук мамилелердин деңгээлинде туруп, саясий жактан али бириге албай чачкынды бойдон кала беришкен. Мындай шартта бытыранды калктардын ич ара чыр-чатагы тыйылбай, айрым казак хандары менен султандарынын, кыргыз манап, бийлеринин ортосундагы феодалдык согуштар эки элди тең аябай алсыраткан. Бийликке жутунуп оңой олжо, байлыкка туйтунууну эңсеген феодалдык төбөлдөр кээде кан төгүүдөн да кайра тартышкан эмес.

Бейкүнөө далай кишинин өмүрү кыйылган ошондой оор согуштун бири — хан Кененин 1845—1847-жылдардагы чабуулу. Кенесары Касым уулу (1802—1847) Аблай хандын небереси, Касым султандын уулу, ак сөөк төрө тукумунан эле. Анын жеке өз энчисине таандык 6 миңдей жылкысы, 2 миңден ашуун коюу, толгон токой дүнүйө мүлкү болгон.

Алгач Кенесары Орто Жүздө XVIII к. 40-жылдарында чоң атасы Аблай хан түзгөн хандыкты калыбына келтирүүнү жана өзүнүн чексиз жеке бийлигин орнотууну эңсеген. Ошондой эле ал Казакстанда Орусия дөөлөтүнүн таасиринин таралышына, үстөмдүгүнүн орношуна жол бербей тоскоол болууну көздөп, чечкиндүү түрдө падыша аскерлеринин жолун торогон. Дээрлик 10 жылга созулган хан Кене кыймылы (1837—1847) кийинчерээк зордук-зомбулук, талап-тоноолор, жөнү жок кан төгүүлөр, орду толгус жоготуулар менен коштолду.

1841-жылы уруу ак сөөктөрүнүн, султандардын курултайында Кенесары хан көтөрүлөт. Хан Кененин ордосу ал кезде Иргиз, Тургай өрөөндөрүнүн аймагында жайгашкан болчу. Алгачкы жылдарда Кенесарынын ко-

лу падыша аскерлерине каршы айкаштарда айрым бир ийгиликтерге жетишип, боштондук кыймылы кеңири аймакты кучагына алат. Акырындап ага катышкан казактардын саны арбыган. Анткени алар чет жерлик төрөлөргө күнкор болгондон көрө Ата журт эркиндиги үчүн күрөштө өз жанын курман кылууну артык көрүшкөн. Бирок керт башынын кызыкчылыгын ойлогон өзүмчүл султандар менен бийлердин биримдиги анчейин бекем болбой, алардын ыркы кетип кыймыл алсырай баштайт. Натыйжада падышачылык аскерлердин Казакстандын ичкерки райондорун көздөй жылышы оңойлоду. 1845-жылы Урал, Оренбург тараптан падышалык аскерлердин кысымы күчөгөн эле. Ошол жылы генерал-майор Вишневский кол башчылык кылган орус жоокерлери Кенесарынын артынан сая түшөт. Кунанбай, Барак, Нуралы өңдүү кээ бир казак султандары Вишневскийдин колуна кошулуп кетет.

Абалы начарлап, аскерлери суюлган хан Кене Борбордук Казакстанды калтырып, Сары Аркадан Улуу жүз казагынын журту — Жети-Сууга конуш которууга мажбур болду. Жаңы конушта ал Улуу жүз казагы менен Ала-Тоолук кыргыздарды багындырууну жана аларга таянып падыша аскерлерине, Кокон хандыгына каршы күрөштү улантууну көздөгөн. Бирок анын ойлогон ою ордунан чыкпай ойрон болду. Анткени акыркы жылдарда күч алган анын талоончул согуштары, аксымдык аракеттери элди иренжитип, калайык калктын кыйла бөлүгүн, султан, бийлердин бир тобун кыймылдан четтеп кетүүгө түрткөн. Алсак, 1846-жылга карата Кенесары кыргыздарга чапкын уюштуруп бүлгүн салганда, бул жортуулдар түпкүлүгү жакшылыкка алып келбесине көзү жеткен Орто Жүздүн Аягуз, Каркаралы, Көкбекти округдарынын айрым султандары өлөрман хандан четтеп кетишет. 1846-жылы Улуу Жүз казак султандары менен бийлеринин көбү Орусия тарабына оойт. Атүгүл, Ата журт, эл тагдырына караганда жеке керт башынын кызыкчылыгын артык көрүп өз тагдыры үчүн көбүрөөк кам жеген, бийлик, байлыкты эңсеп жутунган андай феодалдык төбөлдөр Орусия төрөлөрүнө жагынып «ак кызмат» кылуудан да кайра тарткан эмес.

Бирок, өзүнүн абалы начарлап бара жатканына карабастан Кенесары кыргыз жерине чабуул коюуга камынат. Ал Улуу жүз казак султандары менен кыргыз феодалдарынын ортосунда жоокерчилик заманга ылайык жылкы тийүү, айылдарды чаап алуу, барымта кылуу

учурунда тутанчу жоолашууларды өз максатына пайдаланып, айрым бир «кекчил» султандардын колдоосуна ээ боло алды.

Казакстанда орус аскерлерине каршы кармашта алдан тайып түштүктү көздөй сүрүлгөн хан Кене кыргыздарды каратып салык, аскер алууга үмүт кылган. Кыргызстан жооо каршы чечкиндүү күрөштү улантуу үчүн кам көргүдөй эң эле оңтойлуу оорукка айланмак.

II. ХАН КЕНЕНИН ЧАПКЫНЫ. МАЙ-ТӨБӨ, МЫКАН САЛГЫЛАШУУЛАРЫ

Кенесары адегенде кыргыздарды тынчтык жолу менен кепке, эпке келтирип багындырууга аракеттенет. Бирок кыргыздар анын бийлигиме өз ыктыярыңар менен баш ийип бергиле деген талабына көнбөдү. Кыргыздардын оңой жоо эместигине көзү жеткен соң хан Кене аларды күч колдонуп каратууга, чаап алууга бел байлайт. Ал өзүн буга чейин кыргыздардан «ыдык көргөн» казактардын калкалоочусу катары көрсөтүп кыргыздарга көптөгөн дооматтарды койгон. Кыргыз айылдарына кол салуу үчүн ага шылтоо гана жетишпей турду. Атүгүл ал атасы Касым менен чоң атасы Аблайдын «эски доосун» бетке кармагандан да кайра тарткан жок.

1845-жылы күзүндө Кенесары кыргыздарга (Ормон, Жантай, Жаңгарачка) элчи жиберип, алардан баш ийип берүүнү, хандык бийлигине таазим этип зекет төлөөнү талап кылат. Анын мындай талаптарына кыргыз манаптары өз ара кеңешип «Хан бийлигин сакалдуу (улуу) эмеспи, манап Ормонго ыйгарганыбыз оң, ал эми калган иштерди Кенесары билсин» деп ортосаар жооп айттырышкан.

Кенесары менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн Калыгул бий баштаган өз элчилерин жөнөткөн соң сарбагыштын чоң манаптары Ормон, Жантай, солтонун чоң манабы Жангарач бугу, сарыбагыш, солто, саяк, черик, саруу, кушчу ж. б. уруулардын билермандарын хан Кененин талабын талкуулоо үчүн атайын топко (жыйын) чакырышат. Ошол топто кыргыздар Кенесарынын талаптарын аткаруудан баш тартып, согушка камдануу, өзү катылган жоонун катыгын берүү жөнүндө чечим чыгарат. Кыргыз уруулардын биргелешип мындай чечимге келишине Кокон хандыгындагы ич ара чатактын ырба-

шы ыңгайлуу шарт түзгөн. Ордодогу окуяларга алагды болгон кокондуктар бул учурда түндүк Кыргызстандын калкынын турмушуна кийлигише албай калган эле. Иш жүзүндө Кыргызстандын түндүгү көз каранды эместикке жетишкен болучу. Кокон чептеринде аз сандагы гана аскерлер туруп, алар кыргыз элинин үстүнөн хан бийлигин толук камсыз кыла алышкан эмес. Ушундай кырдаалда аркалык кыргыздар жаңы баскынчы Кенесарыга каршы күрөшкө жапа тырмак көтөрүлүштү. Касташкан жоо менен кармаштын жүрүшүндө Чүй, Талас, Ысык-Көл, Борбордук Тянь-Шанды мекендеген кыргыз урууларынын саясий жактан биригүүгө умтулуусу жанданып, анын белгилери даана байкалып турду.

Ормонхан, Жантай, Жаңгарач сыяктуу чоң манаптар Хан Кененин кыянаттыгы кычап, жортуулдары күчөгөн кезде кыргыздардын душманга каршы күрөшүн уюштуруу демилгесин колго алып эл башында болушту. Ири феодалдар экендигине, эл ичинде өз беделин, кадыр-баркын арттырууну эңсегенине карабастан биз алардын Ата журт алдында сиңирген эмгегин тана албайбыз. Албетте бул кыймылга тарыхый баа берүүдө эмгекчи элдин чечүүчү ролу көңүлдүн борборунда болушу абзел. Ансыз анын маани-маңызы, элдик мүнөзү толук ачылбай калышы ыктымал. Дагы бир айта кете турган нерсе кыймыл маалындагы кыргыз-орус мамилеси. Падышачылыктын зордук-зомбулугунан, аксым, залимдигинен, Орусия дөөлөтүнүн далай элди сыздаткан колонизатордук тышкы саясатынан али кабары жок, колониялык эзүүнүн азабын тарта элек элет эли Орусияга дурус мамиле кылган. Ошондуктан кыргыздар Кенесарынын Орусия үстөмдүгүнө каршы кыймылын колдогон эмес.

Тескерисинче хан Кене аскерлеринин бейкүнөө элге көрсөткөн кордугу: каракчыларча талап-тоноолору, зордук-зомбулуктары, таш боордугу, мыкаачылыгы мүлдө кыргыз журтунун кыжырын кайнатып, көз каранды эместик үчүн күрөшкө түрттү. Караламан калың журт түп көтөрө жоого каршы жапа тырмак аттанды.

Чүй өрөөнүндөгү кыргыз айылдарына Кенесары 1845-жылдын аяк ченинде эле кол сала баштаган болучу. Ошол жылкы жортуулдар учурунда ал Ит-Кечүү жана Мерке чептериндеги кокондук сарбаздар менен кагылышып, Ит-Кечүү чебин талап алат. Ал эми Мерке беги белек тартуу кылып жатып кыйроодон араң кутулган. Чүй боорундагы кокондук бөлөк чептердин сарбаз-

дары да айбат кылып Кенесарынын чабуулдарына тоскоол боло албады. Келерки 1846-жылы эрегишкен жоо солто уруктары: жайыл, талкан, бөлөкбай, сарыбагыш уругу тынай айылдарын чаап ала баштайт. Солтонун атагы чыккан баатыры Жаманкара душмандын колунан каза болот. Ал эми Улуу Жүз казагынын баатыры Шоорук Кененин берген кепеши боюнча кыргыздын белгилүү 13 баатырын «кепке, сөзгө келели, элдешели» деп алдап чакыртып алып жүзүкаралык менен өлтүрүп салган эле. Шейит болгон 13 баатырдын кунун кууган кыргыздардын чакан кошууну Челектеги канкор Шооруктун айылына кол салып анын жигиттерин жана өзүн жайлап, жылкысын айдап кетет. Бул коогалаңдуу окуяны Кенесары кыргыздарга жаңы жортуул уюштуруу үчүн шылтоо катары пайдаланды.

Казак конуштарынын колтугунан орун алып айылдарынын көбү жолдун таманындагы кокту-колот, жайык-төрлөрдө, жылгаларда жайгашкан солто уруусунун ахвалы өтө оор болчу. Алар жоонун алгачкы соккусуна кабылмак. Муну туюп-баамдаган солтонун билерман чоң манабы Жаңгарач (1801/1802—1864) Эшкожо уулу элин кызыл кыргындан сактап калуу максатында Кенесары менен сүйлөшүп тынчтык келишим түзүү үчүн ага Тынай бий баштаган элчилерин жиберет. Бирок жортуулга камылгасы шайма-шай хан Кене тынчтык сүйлөшүүлөрдөн баш тартып сарыбагыш айылдарына чабуул коёт. Адам каны суудай агып, кара жер канга жуурулган ошол салгылашта айрыкча тынайлар азап чекти. Алардын Калпак, Ормонбек, Суванбек өңдүү баатырлары өз жигиттерине үлгү болгудай жоонун күргүштөгөн көп колунан тайманбастан салгылашып жатып курман болушту.

1847-жылы жазында Кенесары кыргыз айылдарына чечкиндүү чабуул баштайт. Бирок бул кезде кыргыздар Батыш Сибирдеги Орус төрөлөрү менен ымала кылууга үлгүрүп, өздөрүнүн абалын бир топ оңоп алышкан эле. Орус бийлиги кыргыздарды Кенесарыга катуу каршылык көрсөтүүгө үндөп, зарыл болгондо кол кабыш кылабыз, аскер, курал-жарактан каралашабыз деп убада беришкен болучу. Мындай убада кыргыздардын демине дем кошуп, чечкиндүү кармашка шыктандырды, жеңишке жетише ала тургандыгы тууралуу ишенимин арттырды.

Кыргызстанга кайрадан кол салганда хан Кененин карамагында 10 миңден ашуун аскери, 1500 мылтыгы

жана 2 замбиреги болгон. Жоонун колу жакындап калганда Чүйлүк кыргыздар Чүй дарыясынын төрүнө тоо этектеп чегинип кетет. Ал эми Бишкек менен Токмоктогу кокондук сарбаздар кыргыздарга жардам берүүнүн ордуна душманга даай албай жан айласы кылып чеп-коргондоруна корголошкон. Болгону Бишкектин беги Алишер кыргыздарга 2 замбиректи гана ыраа көргөн экен.

Кенесарынын колу адегенде ийгиликтерге ээ болуп, көп сандаган кыргыз айылдарын талап-тоноп, жүздөгөн бейкүнөө адамдарды жайлашат. Канкор колбашчылар чал-кемпирлерди, катын, баланы да аяшпады, бет келгендин баарын мойсоп жүрүп отурушту. Албетте, кыргыздар да жөн туруп калган жок. Чабармандар алыскы айылдарды аралай чаап калкка канкор хан баштаган жаңжалдан кабар бериштн, эл бийлеген билермандар, эл ичинде баркы бар баатырлар тез арада кол курап келип душман менен жан аябай баатырларча салгылашты. Көп өтпөй Чүй өрөөнүнүн күн чыгыш тарабына жыйналып келген кыргыз кошуундары Токмок чебинин түндүк-чыгыш жагындагы бөксө тоо этегиндеги адырдан оңтойлуу жерди тандап орун алышат да душманга чечкиндүү сокку урмай болушат. Ошондо сарбагыштын чоң манабы Ормон ханга чогулган кыргыз колуна кол башылык кылуу, башына каран түн түшкөн элге башкөз болуу милдети жүктөлгөн. Ормон (Ормонхан Ниязбек уулу 1791/1792—1854) буга чейин эле өзүн «хан» атаганы, жакын арадагы кыргыз урууларын «хандык» бийлигине баш ийдирип бириктирүүгө умтулганы маалым.

Эки тизгин, бир чылбыр бийлик колго тийген соң Ормон хан алдыда боло турган чечүүчү салгылашууларга камдана баштайт. Ал жоокерчилик заманга ылайык согуш өнөрүн, катылган жоо менен кармаштын сырын, душмандын талуу жерин таап оңолгус сокку урууну айла-амалын жакшы билген шыктуу, мыкты жолбашчы катары өзүн көпчүлүккө тааныта алды.

Айкаш башталаардын алдында Ормон хан түнкүсүн күүгүм кирип көз байлангандан тартып жон-жонго, ар кайсы кырга алоолото от жактырып жер жайнаган аскер келип калгандай сүр көрсөтөт. Күндүзү атайын таңгакталган тал, чычырканактарды атка сүйрөтүп адыр аралай кыр ылдый өйдө-төмөн чапкылаган жигиттер уюлгуган коюу чаң чыгарып түмөндөгөн кол топтогондой түр көрсөтүп жоонун жүрөгүнүн үшүн алган. Ормон хандын мындай аскердик айла-амалы эл ичинде «Ормон

опуза» деп айтылып калды. Чынында эле Ормон кыйла аскер жыйнаган болуш керек. Анткени Кенесарыга каршы күрөшкө көтөрүлгөн кыргыз урууларынын жалпы саны (сарыбагыштар 10 миң түтүнгө жакын, бугулар 15 миңдей түтүн, солто 15 миң түтүн, саяк 10 миң түтүн, черик 6 миң түтүн, кушчу, саруу 2 миң түтүн) болжол менен 50 миң түтүндөн кем эмес экенин эске алсак, ар түтүндөн бирден жигит жоого каршы аттанса да кеминде 50 миңдей аскер жыйналмак (100 миң аскер жыйналган деген так эмес маалымат бар).

Кенесарынын аскери менен Ормондун колунун ортосундагы чечүүчү салгылашуу 1847-жылы апрелдин аягында башталып бир нече күнгө созулду. Эрегишкен эки тарап бирин-бири жеңе албай далай ирет тирешкен бул уруш Майтөбө — Текеликтин Сеңиринде жүрдү. Жүрөгүндө жалы бар, эл, жер дегенде өлүмдөн кайра тартпаган арстандай айбаты сүрдүү өлөрман берендери баштаган кыргыз колу кайратынан жанбай баатырларча кармашып эрдиктин үлгүсүн көрсөттү. Эгерде ич ара биримдикти бекемдеп, жакшылап уюшуп чечкиндүү аракеттенишсе бөлөк бирөөлөрдүн көмөгүсүз эле ээликкен жоону жеңээрине кыргыздардын көзү жетип, ишеними артты. Мунун тескерисинче урушта кыйла аскеринен ажыраган Кенесары арттан жаңы толуктоолор келбеген соң кайратынан жанып мурунку өктөмдүгү басаңдап, өткүрлүгү мокоп, өтө зарыл болгондо гана душманга капысынан ат коюп керекке жарачу, атайлап аяп айкаштан четте кармаган кошуунун майданга алып кирүүгө батынбады. Аскерлерин канчалык күргүштөтүп кармашка айдап турган менен ал көксөгөн мүдөөсүнө жеткен жок. Көп өтпөй кыргыз колу коргонуу мүнөзүндө жүргүзгөн уруштан чабуул коюуга өтүп жоого оң-сол канаттан дембе-дем сокку уруп жүдөтө баштайт. Душмандын аскери тамак-аштан өксүп алдан тайыды, көңүлү чөгүп ындыны өчтү, ат-көөлүгү жем-чөп жок тукулжурады. Үч күн, үч түнгө созулган каргаша бороон да буга кошул-ташыл болуп Кенесарынын аскерлеринин абалын ого бетер кыйындаткан болчу. Ал эми кыргыздар айылдарына жакын тургандыктан муктаждыктарын өз убагында камсыз кыла алчу. Ооруктагы калк эл четинде, жоо бетинде жүргөн жигиттерди керектүү нерселерден, «аттан, тондон», кемитпей, күл азыгын камдап үзбөй жабдып турду, жер өңүтүн, уусун (сырын) мыкты билгендиктен кокту-колот, капчыгайлардагы тар жол, тайгак кечүүлөрдө оңтоюн келтирип кармаштын

ыкмасын тез-тез өзгөртө алышчу. Согуштук аракеттер өтө курчуган кезде Батыш Сибирь генерал-губернатору жиберген орус аскерлери Кенесарыга арттан келе турган кошумча кошуундун жолун торогон. Анткени Кенесарынын тезирээк жеңилиши Орто Азияга орус аскерлеринин жылышын жеңилдетмек.

Кезектеги салгылашуулардын биринде кыргыз колу жеңишке жетишип хандын аталаш иниси Кудайменде кол башылык кылган 5 миң аскерди тоо арасындагы тар капчыгайда таш талканын чыгарып талкалашат. Кармашта кол башчы Кудайменде туткунга түшүп өлүм жазасына тартылат. Мындан ары Кенесары кыргыздардын артыкчылык кыла баштаганына көзү жетип чабуул коюуга батына алган жок. Ал аскерлерин бир жерге топтоп бир топ күн кошумча аскердин, жаңы толуктоонун келишин чыдамсыздык менен күтүп жатты. Бирок көп күттүргөн толуктоо келбеди.

Кенесарынын абалы оорлой баштаган кезде Улуу жүздүн ага кошулган султандары ханды калтырып кете баштаган эле. Илилик казактардын жооң тобу Илиге кетти. Рүстөм султан жана Супатай бий алдын ала кыргыз манаптары менен жашыруун макулдашып алышып түнүчүндө өз айылдарына, ханга билгизбей жылт коюшат. Кыргыздар алардын колуна тоскоолдук кылбоого, кол салбай өткөзүп жиберүүгө убада беришкен.

Жакын жан-жөкөрлөрү, шериктери таштай качкан хан Кене эртеси урушту улантуудан айбыгып, түн жамынып чегинүүгө мажбур болду. Мурдатан душмандын аскери улам суюлуп бара жатканынан жакшы кабары бар (тыңчы аркылуу) Ормон хан чамасы чак жоонун колуна ат коюуга кыргыз кошуундарын даяр кармап турду. Артка кайра тартканда Кенесары аскерине ээ боло албай калат да кошуундары чымындай жандын айынан туш келген жакка дүрбөп качып жөнөйт.

Кыргыз колу баш аламан качкан жоонун артынан калбай кубалап Мыкандын кара сазына камайт. Ушул жерде эки тарап акыркы жолу беттешти. Айыгышкан айкашта Кенесарынын колу биротоло талкаланып өзү нөөкөрлөрү менен туткунга түштү.

Далай адамдын бейкүнөө канын төккөн, таш боордугу жана канкордугу менен элдин жек көрүндү душманына айланган хан Кене, анын баш кесерлери өз кылмышына тете өлүм жазасын алып жандары тынды.

Ошентип Кенесарынын кыргыз жерине жасаган жор-

туулдары анын жеңилиши, ойрон болушу менен аяктады. Ата журттун көз каранды эместиги үчүн күрөштө далай эр-бүлө күлгүндөй өмүрүн кыйды. Кыргыз элинин кайра жангыс кайрат, деми өзү катылган жоо менен жалтанбай таймашып кармашуусу жеңишке жеткирди. Кенесарынын талоончул жортуулдарынын учурунда аркалык кыргыз урууларынын саясий жактан биригүү аракети байкалды. Бирок кийинки ички, тышкы мамилелердин чиеленишн: өз ара мансап талашып эрегишүүлөр, коңшу өлкөлөрдүн кыйды ой-максаттары, митаам айлакер саясаты, татаал тарыхый кырдаал буга жол берген жок. Кыргыз эли кезектеги дагы бир мүмкүнчүлүктөн, саясий жактан биригип өз мамлекетин түзүү келечегинен кол жууп калды.

III. КОКОНДУК ЧЕПТЕРДИ ТАЛКАЛООГО ЖАСАЛГАН АРАКЕТТЕР

40-жылдарда кыргыздардын Кокон хандыгына каршы көз каранды эместик үчүн кыймылы күчөп, Кыргызстандын түндүк, түштүгүндөгү кеңири аймакты кучагына алат. Буга 1842-ж. ордодогу козголоң жана Мадалы хандын өлүмү оңтойлуу шарт түзгөн. Анткени козголоң чыгарган феодалдык топтордун чыр-чатагы, бийлик талашкан ич ара күрөшү хандыкты алсыратып күч-кубатынан тайыткан. Ордодогу окуяларга алагды болгон Кокондук төрөлөр кыргыз элинин боштондук кыймылын тез арада басып коё албады жана ага кудурети да жетмек эмес. Айрым аймактарда бул жылдары кыргыздар кокондук чептерди кыйратууга аракет жасашат. Бөтөнчө Ысык-Көлдүк кыргыздардын кыймылы баскынчыларды кыйла кыйынчылыктарга, зор жоготууларга дуушар кылды. Көл кылаасында көтөрүлүш 1842-жылы башталып ага көпчүлүк айылдардын калкы катышты. Элдик кыймылды кан буугандай токтотуп койгудай чептерде кокондуктардын жетиштүү санда сарбазы жок эле. Ал кезде Каракол, Барскоон жана Коңур-Өлөң чептеринде 40—60 гана сарбазы бар чакан кошуундар турган. Сарбаздар соода кербендерин кайтарчу жана зекет жыйноо маалында зекетчиге көмөк көрсөтүшчү. Алар кыргыздардын кысымына туруштук бере алган жок. 1843-жылы кыргыздар кокондук кошуундарды, зекетчилерди Ысык-Көл өрөөнүнөн кууп чыгып аталган чептерди талкалашат. Натыйжада Ысык-Көл ойдуңунда Кокон хан-

дыгынын үстөмдүгү жоюлуп, кыргыздар убактылуу хан бийлигинен кутулду. Ошол эле жылдарда Чүй боорундагы кыргыз калкы да убактылуу көз каранды эместикке жетишет.

Ал эми 1845-жылы түштүктө Алайык кыргыздар хан бийлигине каршы күрөшкө көтөрүлөт. Көп өтпөй элдик кыймыл Ош аймагына чейин кулач жайып ордонун коопсуздугуна олуттуу коркунуч туудурду. Ошондуктан Ошко ошол кезде хан сарайда каалаганындай иш кылып турган кадимки Мусулманкул миңбашы өзү көп аскер менен шаша-буша жөнөгөн болучу. Алай менен Ош аймагынын көтөрүлүшкө чыккан түпкү калкы — кыргыздар кокон аскеринин жолун тороп катуу каршылык көрсөттү. Бирок курал-жарак жагынан кыйла артыкчылык кылган, далай жортуулдарда такшалган атайын даярдыгы бар, камылгасы шайма-шай жоонун жер жайнаган колунун кысымына, чабуулдарына туруштук берүү эч мүмкүн эмес эле. Душмандын бир нече жолку кызууланган чабуулдарынын мизин кайтарып жан аябай кармашкан соң чегинүүгө туура келди. Акыры Мусулманкул көтөрүлүштү күч менен басып Ошто туруп калат да кыймылга катышкан кыргыздарды аёосуз жазалайт.

40-жылдардын аяк ченинде Нарындык кыргыздардын Кокон хандыгына каршы кыймылы кайрадан жанданат. Элет эли кокондук бекке баш ийбей улам-улам Куртка чебине кол салып камалып турду. Эбин таап элди тынчытуу максатында Куртка беги Мамаразык жергиликтүү манаптарды амалкөйлүк менен өз тарабына тартууга аракет жасаган. Алсак, анын сунушу боюнча Тайлак баатырдын уулу Осмонго датка наамы ыйгарылган болчу. Бирок бектин айла-амалынан майнап чыккан жок. Караламан калың журт, бий, билерман-дардын көбү «койнунда котур ташы бар» төрөнүн «таттуу» сөзүнө муюбады, убадасына көнбөдү. Айрыкча Ат-Башылык 6 миң түтүн чериктер Курткадагы сарбаздарга катуу каршылык көрсөтүп баш бербей турду. Черик айылдарына көз салып чыр-чатактарды, доо-талашты, териштирүү, күнөөлүүлөрдөн казынага алынчу айыпты жыйноо милдети жүктөлгөн Асанбай элбеги алардын айылдарына айбыгып жолой албаганы белгилүү. Ал эми Турдуке Турдумамбет уулу баш болгон чериктердин бир бөлүгү Кокон ханына зекет төлөөдөн баш тарткан эле. Кыргыздарды тынчытууга өзүнүн кудурети жетпесин баамдаган Куртка беги Мамаразык эки жыл

бою Анжиян бегинен жардам иретинде кошумча 700 сарбаз сурап турганы маалым.

50-жылдарда Нарын өрөөнүндө Табылды (баатыр (тынымсейит) жетектеген элдик кыймыл да эки жылга созулуп Кокондук төрөлөрдү көптөгөн жоготууларга дуушар кылган.

40-жылдардын аягы 50-жылдарда Чүй, Талас өрөөндөрүндө кокондуктар жергиликтүү калктын катуу каршылыгына кабылат. Кенесары менен кармашта бир кыйла жоготууларга дуушар болгон кыргыздарды аяк-башын жыйганга үлгүртпөй оңой-олтоң биротоло баш көтөргүс кылып багындыруу максатында Кокон ханы 1848-жылы Сары өзөн Чүйгө көп аскер жөнөтөт. Ошондо Ормон хан жана Жантайдын колу кайра куралып, душмандын чабуулунун мизин кайтаруу менен гана чектелбестен, жоону чектен алыс сүрүп чыккан. Ошол эле жылы күзгө жуук кокондуктар дагы бир сапар кыргыз айылдарына кол салат. Бирок бул жолку жортуулда да баскынчылар жеңишке жетише алган жок. Катуу кармаштардан кийин гана кыргыздар жоонун мыкты курал-данган жарак-жабдыгы шайма-шай көп аскери менен узакка тең тайлашууга дарманы жетпесине ынанып кайрадан Кокон ханына баш ийип беришет. Чындыгында бул убактылуу гана баш ийүү эле. Кокон бектеринин Чүйдөгү бийлиги али бошоң бойдон кала берген. Атүгүл кийинки 1850-жылы жайында кыргыздар Бишкек чебине кол салып бир топ күн аны камап-матап турду. Андан көп өтпөй Ормон хан башкарган кыргыздар Көтмалды чебиндеги сарбаздарды талкалап, чепти кыйратышат.

Кокон ханы өз бийлигин бекемдөөнү көксөп, Чүй бооруна, Көлгө, Теңир-Тоо, Таласка дембе-дем сарбаздарды жөнөтүп жатты. Алсак, 1851-жылы жазында кыргыздарды баш көтөртпөй кармап туруу үчүн Бишкекке 7 миң сыпайы (атчан аскер) келген. Сыпайлар менен кармашта солто уруусуна сарыбагыштар көмөк көрсөткөндүктөн, хан бул тарапка жаңы жазалоочу кошуундарды жөнөтөт. Жөө тумандай самсыган кокон колу «козголоңчу» айылдарды аёосуз жазалап, малмүлкүн талоон кылды.

50-жылдардагы боштондук кыймылынын эң ириси 1857-жылкы казактар менен кыргыздардын биргелешкен көтөрүлүшү болуп эсептелет. Бу сапар Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы адегенде Улуу жүз казактары күрөш баштады. Көп өтпөй аларга Талас менен Чүйдүн кыргыз калкы кошулду. Ташкенттик хаким Ах-

мед мырзанын зөөкүрлүгү, залимдиги, зордук-зомбулуктары жана салыктын арбын алынышы көтөрүлүшкө себеп болгон. Мындан бир аз мурдараак кокондук төрөлөр кыргыз, казактардан хан салык үчүн 100 койдон 3 кой талап кылган.

Эзүү жанына батып, кордукка чыдабаган жамаат-таш эки эл чечкиндүү күрөшкө көтөрүлүп, айрым бир ийгиликтерге жетишет. Алар Худайберди-диванбеги кол башылык кылып Чүйгө жете келген кокон колун бирин калтырбай кырып салышат. Көтөрүлүш кийинки 1858-жылы уланып кеңири аймакты камтыган эле. Кыргыздар менен казактар душмандын сарбаздарына кайра-кайра сокку уруп, Бишкек, Олуя-Ата чептерин курчоого алып кокондуктарды жылдырбай бир топко камап турушкан. Худайберген жетектеген казактар Ахмед мырзага жардамга келген сарбаздардын жолун тороп Олуя-Атага жолотпой койгон болчу. Кийин Кокон ханы Олуя-Атага көп аскер жиберип, Ахмед мырзаны арандан зорго куткарып кетет.

Кокон хандыгына каршы элдик кыймыл кийинки жылдары да токтогон жок. 60-жылдардын башында Кыргызстандын түндүк, түштүгүндө боштондук күрөшү ого бетер күч алды.

КОКОН ХАНДЫГЫНДАГЫ ФЕОДАЛДЫК ИЧ АРА ЖАҢЖАЛДАРДЫН КУРЧУШУ. ТҮНДҮК КЫРГЫЗДАРДЫН БИР БӨЛҮГҮНҮН ОРУСИЯГА ЫК АЛЫШЫ

I. ХАНДЫКТАГЫ ИЧ АРА ЖАҢЖАЛДАРДЫН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА ӨБӨЛГӨЛӨРҮ. НҮЗҮП. (ЙУСУП). ШЕРАЛЫ ХАН. МУСУЛМАНКУЛ

Учу-кыйыры Орто Азия, Казакстандын кыйла жерин камтыган Кокон хандыгы көп улуттуу калкы бар ири феодалдык мамлекет болгон. Бирок хандыкта бекем ички саясий биримдик болгон эмес. XIX кылымдын орто ченинде ал 15 бектикке бөлүнүп, аларды адатта ири феодалдардан дайындалчу бектер башкарып турган. Кокон калаасынын айланасындагы аймак, Маргалан, Шадихан, Анжыян, Наманган, Суг, Махрам, Булак-башы, Балыкчы, Чаартак, Ноокат, Касан бектиктердин өтө бараандуулары болучу. Хан сарайда жана чет жакалардагы ээликтерди тескеп башкарууда Ташкендин хан дайындаган улугу — беклербеги (бектер беги) маа-

нилүү роль ойногон. Бектер, айрыкча Ташкендик беклер беги зор бийликке ээ болуп өзүлөрүнө тапшырылган аймактарды каалагандай башкарышкан. Атүгүл, кээде алар ханга акаарат айтып ордого каршы күрөш жүргүзүшчү. Қокон хандыгы бирдиктүү мамлекет болгону менен иш жүзүндө феодалдык бытырандылыктын белгилеринен алигиче арыла алган эмес. Бийлик үчүн тынымсыз күрөш жүргүзгөн ири феодалдар ханды тез-тез алмаштырып, такка өздөрүнө жаккан ханзааданы отургузуп турушкан. Хандыкка караштуу аймактарда ар түркүн калктар: өзбектер, тажиктер, кыргыздар, кыпчактар, Улуу жүз казактарынын бир бөлүгү жашачу. Ар элдин феодалдык төбөлдөрү ич ара жаңжалдарга ар дайым аралашып, ордодогу орчундуу орундарды энчилеп алууга умтулушкан.

Тынымсыз феодалдык жаңжалдардан, феодалдардын зомбулугунан биринчи кезекте эмгекчи эл жабыр тарткан.

Хан сарайдагы так талашкан чыр-чатак 40-жылдары айрыкча күч алат. 40-жылдардан тартып кыргыз, кыпчак феодалдары ордодо чечүүчү роль ойногон.

1842-жылы Мадалы хандын аксымдыгына нааразылык аябагандай күчөгөн кырдаалда анын жан-жөкөрлөрү менен динчилер ханга каршы козголоң уюштурушту. Зөөкүр хандын каада-салтка, шариятка сыйбаган кылык, жоругу козголоңго шылтоо болгон. Анткени Мадалы хан эже-сиңди эки кызга нике кыйдырганы аз келгенсип өгөй энеси, атасы Омор-хандын жесири, жаш зайыбына, ай чырайлуу токолуна жашыруун үйлөнүп алган эле. Мындай исламга жат, аттуу-баштуу киши даабай турган бузук ишке ханзааданын барышы ордо кишилеринин, көпчүлүк калктын кыжырын кайнатты. Қозголоңчулар ошол кезде Орто Азия мусулмандарынын диний калкалоочусу катары эсептелген Бухара эмири Насруллага кайрылышат. Көп өтпөй Мадалы хан Бухара эмирине каршы согуш баштайт. Бирок ал согушта жеңилип калып эмирге багынып берүүгө мажбур болгон. Натыйжада калктын нааразычылыгы ого бетер күчөп 1842-ж. Қокондо көтөрүлүш чыгат. Ошондо оңтойлуу кырдаалды колдон чыгарбаш үчүн эмир Насрулла көп аскери менен келип Қоконду ээлейт да Мадалы ханды, анын бир тууганын, аялын, тун уулун өлүм жазасына тартат. Бухара эмирлигине каратылган Қоконду мындан ары эмир дайындаган улук башкармай болуп, калааларга бухаралык төрөлөр жөнөтүлдү. Бирок

Бухара эмиринин Кокондогу бийлиги узакка созулган жок. Үч ай өтүп-өтпөй Кокондо бухаралык улуктун зордук-зомбулугуна каршы көтөрүлүш чыгып Бухаранын үстөмдүгү кулатылат. Көтөрүлүшкө чыккан калкты кыпчактар менен кыргыздар колдогон.

Ошону менен бирге феодалдык топтордун арасында Кокон ханынын тактысы үчүн күрөш башталат. Бийлик талашкан бул эрегиште кыргыз феодалдары жеңишке жетишкен эле. Кыргыз, кыпчак феодалдары өз ара кеңешип Алим хандын аталаш иниси Шералыны (1792—1845) хан көтөрүү жөнүндө бүтүм кылышат. Ал айтылуу Нарбото бийдин бир тууган иниси Хаджи бектин Чаткалдык кыргыз зайыбынан төрөлгөн уулу болучу. Кезинде Шералы Алим ханга каршы козголоңдон соң адегенде Чаткалдагы кыргыз таяке-тайларына жашырынып качып барып баш калкалап, кийин Таласта туруп калганы маалым. Таласта ал кыргыз кызына үйлөнүп очорбачар болгон. 1842-жылы кыргыз төбөлдөрү аны элүүдөгү курагында ак кийизге отургузуп хан көтөрүп алышат. Шералыны хан көтөрүүдө кыргыз феодалдары Нүзүп (Йусуп) миңбашы менен Ажы датка зор роль ойношту. Алар Талас өрөөнүндө элдик кошуун түзүшкөн жана Бухара эмиринин аскерлерин талкалоого активдүү катышкан. Кыргыз, кыпчакка аттын кашкасындай тааныпал, ордодо опол тоодой баркы бар Нүзүп Наманган вилайетиндеги кыргыз феодалдарынын арасынан жөн билгилиги менен алдыга суурулуп чыккан чыгааны эле. Мадалы хандын маалында ал миң башылыкка чейин көтөрүлүп, кийин кайра Маргалаңдын акими болуп дайындалып мансабынан төмөндөтүлгөн.

1842-жылы жайында (июнь) Талас менен Чаткалдык кыргыздардан жана кыпчактардан куралган колдун коштоосунда Шералы хан Коконго келип такка отурат. Бала чагынан кыргыздардын арасында чоңоюп көп жакшылык көргөн, атүгүл алардын кийлигишүүсү менен хан сарайды ээлеген жаңы хан эми кыргыз феодалдарын ордодо өзүнө жакын кармап, маанилүү мансаптарга дайындайт. Алсак, Нүзүпкө миңбашылык, таластык аскер ишин мыкты билген Сейдалы бекке кол башылык мансабы ыйгарылган. Адегенде Шералы хан кыргыз, кыпчак феодалдарынын айтканына көнүп, аларга жаккыдай иш кылып турду. Бирок Талас менен Алайдан жана башка алыскы айылдардан келген кыргыз кошуундары баш калаадан чыгып кетээри менен кыргыз феодалдарынын ордодогу таасири бошоңдой баштайт. Ордо

үчүн чыр-чатактын учурунда Нүзүптү кыпчак төбөлү Мусулманкул жайлатып салган. Хан сарайда бир аз убакыт теги тажик Шады бийликти колго алган болучу. Ал эми жалпы хандыкта бул кезде кыпчактар чечүүчү күчкө айланган. Салыштырмалуу түрдө саны арбып борборго жакын аймакта чогуу жашаган кыпчактар Кокондогу хан бийлигине ар дайым кысым көрсөтүп таасир эте алышкан. Бухара эмирине каршы күрөштө зоболосу өсүп кадыр-баркка ээ болгон кыпчак ак сөөктөрүнүн жолбашчысы Мусулманкул (1794—1852) ордодогу өтө таасирдүү кишилердин бири эле. Кокон ханы кыпчактарды хан сарайдан четтете баштаганда ал ханга каршы кыймылдын башында турду. Ал өзүнүн жакшы уюшулган, даярдыгы мыкты кыпчак колу менен Шады миңбашы баш болгон Кокон аскерине каршы аттанып аны талкалайт да 1844-ж. аягында ордо шаарды басып алат. Кармашта каза болгон Шады миңбашынын ордуна Мусулманкул өзүн миңбашы жарыялап, иш жүзүндө бийлик жүргүзө баштайт. Шералы хан тактыны сактап калганы менен аныкбийлигинен ажырап миңбашынын кол жоолугуна айланган. Көп өтпөй бийликтен четтетилген өзбек, кыргыз төбөлдөрү 1845-ж. Мусулманкул Ош тарапта башталган кыргыздардын көтөрүлүшүн басканы кеткенде козголоң уюштуруп, Шералы ханды тактан кулатышат да Алым хандын уулдарынын бири Мурадды хан көтөрүшөт. Бирок ал өлкөнү болгону 11 күн гана бийледи. Мусулманкул Коконго ишенимдүү аскерин баштап келип Мурад ханды өлтүрүп Шералынын 13 жашар өспүрүм уулу Кудаярды тактыга отургузат. Ошондон кийин ал өзүн аталык атап хандыкты жеке өзү башкара баштаган болучу. Кыпчак феодалдары бийликти ээлеген соң ордодон өзбек, кыргыз феодалдарын куугунтуктай баштаган эле. Жаш ханды биротоло өз таасиринде кармап туруу максатында Мусулманкул Кудаярды кызына үйлөндүрүп күйөө бала кылып алат. Кудаяр хандын энеси Таластык кыргыз кызы болгон. Ошондуктан ал таяке-тайлары, кыргыз феодалдары менен байланышты үзгөн эмес. Атүгүл Мусулманкулдун аялы дагы Кетмен-Төбөдөгү чоң манаптын кызы болгону белгилүү.

Акырындап жаш хандын аны бийликке ээ кылбаган аталыкка нааразылыгы арта берген. Акыры ал бойго жеткенде, 1850-ж. кайнатасына каршы күрөшүүгө бел байлап, күч топтоого киришет. Адегенде ал Ташкент беги Нурмагамбетке жардам сурап куш тилиндей кат

жиберген. Нурмагамбет хандын өтүнүчүн канааттандырып, Коконго аскерин жөнөтөт. Мусулманкулдун колу менен кармашта Ташкент бегинин аскери жеңилип калып Кудаяр хан туткунга түшкөн. Бирок аталык качкын хандын күнөөсүн кечирип ага тийген эмес.

1852-ж. октябрда Кудаяр хан кайрадан кайнатасы Мусулманкул менен жоолашып чечүүчү кармашка камынат.

Кыпчак аскери менен хандын жоокерлери 8-октябрда Былкылдама деген жерде беттешип, кырчылдашкан бул кыргында хан тарабы жеңип чыкты. Жеңилген жоого, колго түшкөн туткундарга кечирим, эч аёо болбоду. Канкор, мыкаачы Кудаяр хандын буйругу боюнча Кокон колу мен кыпчак дегенди түтүнгө түрө кыдырып кызыл кыргын, кара сүргүн кылды, айыл, кыштак, калаа канга боёлду. Мусулманкул Наманган аймагындагы Уйчи кыштагында колго түшүп Кокондо дарга асылды.

Ошентип оор согуштардын натыйжасында ордодогу кыпчак феодалдарынын таасири жоюлду. Эми Кокон хандыгында саясий бийлик убактылуу өзбек төбөлдөрүнүн колуна өтөт. Бирок, өзбек, кыпчак, кыргыз феодалдык топторунун ич ара бийлик талашкан жаңжалы мындан кийин деле тыйылып калган жок. Алсак, 1858-жылы Кудаяр хандын агасы Малля бек кыргыз, кыпчак феодалдарынын колдоосуна таянып жаңы чатак чыгарат. Алайлык кыргыздардын арасында кадыр-барктуусу Асан бий болгон, Кара-Суу, Анжыян аймактарындагы кыргыз төбөлдөрү андан жардамын аяган эмес. Саманчыдагы айкашта Кудаяр хандын аскери жеңилип, хан Бухара ээлигине кире качкан соң кыргыз, кыпчак феодалдары ханзаада Малля бекти хан (1858—1862) көтөрүп тынышат. Жаңы хандын тушунда Алайлык Алымбек датка бир аз убакыт вазирлик кылган.

II. ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ УРУУЛАР АРАЛЫК ФЕОДАЛДЫК СОГУШТАРДЫН КҮЧӨШҮ. БОРОНБАЙ. ОРМОН ХАН

XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыз урууларынын ортосунда жоокерчилик заманга мүнөздүү феодалдык согуштар тез-тез болуп турду. Айрыкча бугу менен сарыбагыштын чатагы узакка созулуп, аркалык кыргыздарды аябай алсыратканы белгилүү. Уруулар аралык жаңжалдардын максаты жана мүнөзү ар кан-

дай болуп, ички, тышкы шартка, тарыхый кырдаалга жараша өзгөрүп турган.

Адатта мындай согуштар көбүнчө коңшу уруунун жылкысын тийүү, малын айдап кетүү, барымта кылуу, туткун менен олжого туйтунуу үчүн жүргүзүлгөн. Кийинчерээк жер, жайыт талашкан чатактар көбөйгөн болучу. Ошону менен бирге айрым феодалдык төбөлдөрдүн өздөрүнүн саясий үстөмдүгүн кеңейтүү жана бекемдөө аракети менен байланыштуу саясий мүнөздөгү себептер ири жаңжалдарга түрткү берген. Алсак сарыбагыш уруусунун чоң манабы Ормон Ныязбек уулу (1791/92—1854) бүткүл түндүк кыргыз урууларынын үстүнөн бийлик жүргүзүүгө, кыргыз хандыгын түзүүгө умтулуп кыйла аракет жасаган. Ормондун кыргыз жерин саясий жактан борбордоштуруу, бириктирүү демилгесин айрым кыргыз урууларынын ири феодалдары колдогон эмес. Ошондуктан ага саяк, бугу урууларынын өз алдынча болууну эңсеген, бирдиктүү бийликке караганда бытыранды лыкты артык көргөн ак сөөктөрү менен чатакташууга туура келди. Мындан тышкары Ормон коңшу өлкөлөр — Кытай менен Кокон хандыгынын бөлүп-жаруучулук аракеттерине жана улам берилеп жакындап келе жаткан Орусиянын кыйды саясатына кабылды. Алардын ар биринин жашыруун максаттары болгон. Ал өлкөлөрдүн өкүлдөрү, тыңчылары кыргыз урууларын кайраштырып чатак чыгаруудан, кыянаттык кылуудан кайра тарткан эмес. Анткени ыркы кетип, ынтымагы бузулган элди багындыруу оңой болмок.

XIX кылымдын биринчи чейрегинде сарыбагыш, саяк, бугу, солто урууларынын кайра-кайра кагылышып турду. Андай кагылышуулардын алгачкысы — солто менен сарыбагыштын чабышы 20-жылдардын башында болгон. Бул чатак Чүй боорун Мадалы хан каратып ала баштаган учурга дал келип, аймакта Кокон үстөмдүгүнүн орношун кыйла жеңилдеткен. 30-жылдардын орто ченинде сарыбагыш, саяк урууларынын жоолашат. Эки уруунун чоң манаптарынын өз ара таарынычы, бирин-бири менменсинип кемсинтүүсү, намыска тийип шылдыңдоолор буга себеп болду. Албетте айрым бир түшүнүгү тар, ниети бузук адамдар ортого от жаккан. Эрегиште эр өлүп, эки ортодо бейкүнөө эл азап чеккен.

Сарыбагыштын чоң манабы Ныязбектин тууганы Айдаке баатырды саяктын чоро уругунан чыккан Жанболот бийдин жылкычылары шылдыңдап, намысына тиет. Айдаке Ныязбекке арызданат. Урунаарга тоо таппай,

урушаарга жоо таппай эсирип араң турган башка манаптар сыяктуу эле Ныязбек дагы от менен ойноду. Ал чоро, курманкожо уруктарынын чоң манаптары Қачыке баатыр менен Медет даткага жигиттерин жиберип, Жанболот бийди айыпка жыгууну талап кылып, буга көнбөсөңөр анын айылын чаап алам деп коркуткан. Акыры чатак ырбап жаңжал чыккан.

Ныязбектен кордук көрүп көңүлү калган Қачыке баатыр Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торолук саяктардан кол курап эки жыл даярданган соң Жумгалдан Чүйгө сарыбагыштарга каршы жортуул уюштурат. Желаргы — Тайгак деген жердеги Ныязбектин айылы Қачыке баатырдын жортуулунан эч кабары жок камырабай көктөмдө мал көктөтүп, жаңыдан желеге кулун илип, бээ байлап жайбаракат жаткан эле. Қапилеттен кол салган Қачыке баатырдын кошууну айылды чаап, мал-мүлкүн талап, жылкысын айдап кетет.

Ныязбек шашылып сарыбагыштардан жигит жыйнап саяктардын артынан жөнөйт. Бирок «Ныязбектин сегиз беги» деген атка конгон анын уулдары жетектеген сарыбагыш колу Шамшы капчыгайынын оозундагы салгылашта саяктардан жеңилип калат. Эки тарап жапырт беттешээрден мурда Ныязбектин эки уулу — Ормон жана Субанбек сайышка түшүп саяк баатырлары Эралы менен Қожобердиден жеңилип кайтышат. Тополоңдо сарыбагыштар көп жоготууларга дуушар болуп Ормон туткунга түшөт. Ал 8 ай бою саяктарда туткунда жүрүп көп кордук көргөн соң араң качып кутулган.

Саяктар менен сарыбагыштардын чабышы кокусунан болгон эмес. Таймаштын тамыры теренде жаткан. Эң башкы себеби ошол кезде Ныязбек Эсенгул уулу башында турган сарыбагыш манаптарынын Қочкор жана Жумгал өрөөндөрүндөгү мыкты жайыттарды ээлеп алуу жана чоро, курманкожо, кулжыгач сыяктуу чачкынды саяк уруктарын, Ысык-Көлдүн батыш тарабындагы саяктарды өз бийлигине баш ийдирүү аракетине байланыштуу болгон.

Ошол эле 30-жылдарда саяк менен бугу урууларынын ортосунда ич ара талаш-тартыштар күчөйт. Бытыранды болуп ар кайсы аймактарда жашаган саяктардан саны арбын бугу уруусу үстөмдүк кылып чатакта көбүнчө жеңишке жетишип турду (бугулар XIX к. башында 15111 түтүн, саяктар 7427 түтүн, Аристов Н. А. Каракиргизы. «Живая старина», вып. III—IV. СПб., 1894, с. 396; Джамгерчинов Б. Очерк политической истории

Киргизии XIX века (перв. половина), Фрунзе: Илим, 1966, с. 81.).

Алсак, бугунун баатыры Ногой бир жолку жортуулунун учурунда Медет датканын айылын чаап, мал-мүлкүн талоон кылган. Ошол чабышта Медет датканын уулу Айтак баатыр көз жумат. Көкүрөгүн күйүт чалган датка Кокондуктардан жардамга аскер сурап алып, бугуларды Текеске чейин сүргөн соң көксөөсү бир аз суугандан эле. Олжо, туткундарды ал кийин баласы Айтактын ашында байгеге сайган.

Мындан көп өтпөй бугуларга саяктардын дагы бир чоң манабы Качый кол салат. Кокондук кошуун колдогон саяк колунун чабуулуна туруштук бере албай бугулар Каркыра, Текеске чегинди. Бирок Качый бугулардын капысынан уюштурган чабуулуна кабылып Керойт баатырдын колунан өлөт. Ошондон кийин кол башысынан айрылган саяктар кайра тартууга мажбур болду. Бугулар да жөн жатып калган жок. Бугулардын саяктарга каршы жортуулдарынын бирине айтылуу Балбай баатыр жетекчилик кылды. Эч нерседен жалтанбас эрдиги, көк жалдыгы менен даңкы чыккан Балбай баатыр Курманкожо уругунун чоң манабынын сай күлүк атына, Медет датканын Аксыйнат аттуу келишкен сулуу кызына көзү түшүп, аларды колго тийгизүүнүн эбин таппай жүргөн. Ай чырайлуу Аксыйнат ал кезде агасы Дөөлөт баатырдын колунда болучу. Ошол ойлорун ишке ашырууну көздөп Балбай баатыр Жумгалдагы Курманкожо, Кулжыгач айылдарына жортуул уюштурат. Бирок анын башкы максаты оңой олжого, жаңы жайытка ээ болуу, бугу уруусунун манаптарынын саясий таасирин кеңейтүү эле. Бугунун чоң манабы Боронбай Бекмурат уулу бекеринен жортуулга катышпаса керек.

Балбайдын жортуулга чыкканы жөнүндө алдын-ала кабар жеткен Дөөлөт баатыр кармашка жакшылап камынганга үлгүрөт. Бугулар Жумгалга келгенде саяктардын катуу каршылык көрсөтүүсүнө кабылып, Балбай өзү чалгын чалганы чыгып, колго түшөт. Саяктар анын кулагын кесип, узак убакыт туткун катары кармашканы маалым. Кийин туугандары көп мал берип жатып аны араң куткарып алышкан. Кетпес кеги бар Балбай баатыр өч алуу үчүн кайрадан саяктарга кол салып турду.

XIX к. экинчи чейрегинде сарыбагыштын чоң манабы Ныязбек уулу Ормон атасынын ордун басып уруусун өз бийлигине бириктирет. Ормон бугуларга каршы күрөштө сарыбагыштын жардамына муктаж болгон

саяктардын Курманкожо, Кулжыгач уругу менен ымала кылып өзүнө жакын темир, болот жана черикчи уруктарынын коштоосунда Чүйдөн Кочкорго конуш которот. Акырындап анын таасири Жумгал, Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаага чейин тарады. Ормон бугулардын саяктарга каршы жортуулдарын токтотуп, аларды өз тарабына тарта алды. Балбай баатыр Ормондун айылын чапканы келгенде колго түшүп кышы, жайы менен колу-бутуна кишен салынып ордодо отурду. Алдан тайып өлгөнү калганда аны бугулар сан жылкы берип өлүмдөн куткарып калышкан.

XIX кылымдын 40-жылдарынын башында Ормон аркалык кыргыз уруулларынын бирикмесин түзүүгө жетишип, саяк жана бугулардын бир бөлүгүн өз бийлигине имере алды. Бул уруулардын чоң манаптары жарымжартылай ага баш ийип беришкен эле. Эл оозунда айтылып калган уламыш кеп боюнча Ормон сарыбагыш, саяк, бугулардан тышкары солто, черик, чоңбагыш, кушчу, саруу ж. б. түндүк кыргыз урууларын бириктирүүгө көп күч жумшаган. Көздөгөн максатына жетиш үчүн ал 40-жылдардын баш ченинде Көтмалдыга (Балыкчы калаасы турган жер) атайын топ (жыйын) чакырат. Бугу, саяк, сарыбагыш, солто, саруу, кушчу, черик ж. б. уруулардын бий, билерман аксакалдары, «жакшылары» жыйылган ошол топто ак боз бээ сойдуртуп, ак кийиз жайдыртып Ормонду хан көтөргөн экен. Хан бийлигинин белгиси катары ага кызыл тебетей (төбөсү кымбат баалуу кызыл кездеме менен тышталган суусар тебетей) кийгизишиптир. Ошондон тартып Ормон хан аталып, өзүн кыргыз ичинде жогорку бийлик эгеси, өкүмдар, журт атасы катары сезип калган. Ал Жантайды кеңешчи, Төрөгелдини черүү башылыкка дайындайт. Иш жүзүндө кыргыз уруулларынын көпчүлүгү Ормон хандын бийлигин тааныган жок. Хан Кененин талоончул жортуулдарынын учурунда гана (1845—1847) аркалык кыргыздардын баардыгы хандын айланасына биригип, анын жол башчылыгы астында жоого каршы күрөштө бирге болушту. Кенесары менен кармашта жетишкен жеңишти Ормон хан өз бийлигин чыңдоо үчүн пайдалануу умтулган. Ал Кокон ханын тоготпой өз бетинче бийлик жүргүзүп түндүк кыргыз уруулларынын арасында таасирин кыйла бекемдеп алган болучу.

Ормон хан таш боор, кара мүртөз жана ырайымсыз аксым хан болгон. Ал мылтыгынын таамай тиер түздүгүн сынаш үчүн кул, күңдөрдү бута катары пайдалан-

чу. Залим хан саяктарды жер соорусу Соң-Көл жайлоосун атайлап хандан жашыргансыңар деп жалаа жаап айыпка жыккысы келгени белгилүү. Ормон хан атүгүл өзүнүн жан-жөкөр манаптарынын бири Алыбектин Уулбала деген өндүү-түстүү сулуу аялын тартып алуудан да кайра тарткан эмес.

Ормон хан канчалык жан үрөп аракет кылганы менен кыргыз урууларын саясий жактан биротоло бириктире алган жок. Ал кезде өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүү үчүн өтө зарыл ички жана тышкы саясий шарттар жок эле. Ич ара феодалдык жаңжалдар, Кокон хандыгынын кыянаттыгы кыргыз элинин кендирин кесип турду. Кытай богдыханы менен Орус падышасы деле кыргыздардын күч алышын, бирдиктүү мамлекетке бириги шин жактыра бербеди. Ал өлкөлөрдүн баардыгы Кыргызстанды каратып алууну, кыргыз элинин үстүнөн өз үстөмдүгүн орнотууну самаган. Буга казак султандарынын жоолашуусу кошул-ташыл болуп кыргыз элин кыйла жоготууларга дуушар кылды.

50-жылдардын орто ченинде бугу менен сарыбагыш урууларынын ортосунда жаңжал башталып, ал Түндүк Кыргызстан Орусиянын карамагына толук киргизилгенге чейин (1868-ж.) тыйылган эмес. Ордо оюну шылтоо болгон ошол чабыштардын биринде Ормон хан колго түшүп найза жеп өлөт (1854). Ормондун кунун кууган сарыбагыштар кайра-кайра жортуул уюштуруп бугулардын тынчын алган. Боронбай баш болгон бугунун бир топ айылы Каркыра менен Текеске чегинет. Боронбай кытай төрөлөрүнө, орус бийликтерине калканч издеп кайрылууга аргасыз болгон. 1855-жылы кышында 17-январь) бугу уруусу Орусиянын карамагына өткөндөн кийин орус төрөлөрүнүн киилигишүүсү менен жаңжал басандай баштайт.

III. ТҮНДҮК КЫРГЫЗДАРДЫН БИР БӨЛҮГҮНҮН ОРУСИЯГА ЫК АЛЫШЫ

XIX кылымдын биринчи чейрегинде түндүк кыргыз урууларынын бири — бугу уруусу Орусия дөөлөтүнүн Батыш Сибирдеги төрөлөрү менен элчилик алака кылып турганы белгилүү. 40—50-жылдары мындай байланыштар андан ары улантылды. Орусиялык соодагерлер кыргыз жергесинде ээн-эркин соода-сатык иштерин жүргүзүшүп, ал аркылуу Чыгыш Түркстанга кабатырланбай

каттап турушчу. Кашкар тарапка каттаган соода кербендеринин коопсуздугун камсыз кылуу милдетин кыргыздар өз моюндарына алышкан эле. Ошол кездеги эң татаал тарыхый кырдаал, коңшу уруулар менен ич ара чыр-чатактын ырбашы, Кокон хандыгынын, казак султандарынын кысымы, Кытай богдыханынын амалкөй аракеттери бугуларды Орусия мамлекетине калканч издеп кайрылууга мажбур кылды. Кокондуктар сыяктуу эле Кулжадагы кытай бийлиги дагы Көлдүк кыргыздардан жылына салык алууга аракет жасачу. Айрыкча сарыбагыш, саяк феодалдарынын жортуулдары бугулардын чарбасын бүлүнтүп, оор жоготууларга дуушар кылган.

Канатташ казак калкынын конуш-журттары Капал, Или төлкөмдөрүн орус аскерлеринин ээлеши жана Верный (Алма-Ата) өңдөнгөн калаа, чептердин негизделиши, алардагы падыша аскерлеринин жылдан жылга арбышы да түндүк кыргыздардын бир бөлүгүнүн Орусияга ык алышы үчүн өбөлгө түздү. Казакстан аркылуу Орто Азияны каратып алууну эңсеп, жутунган Орусия дөөлөтүнүн мыкты куралданган кошуундары бул кезде Кыргызстандын колтугунда, көлдүк кыргыздардын иреге-босогосунда турган. Кыргызстандын түндүгүнө, Ысык-Көлгө келген татар соодагерлери кыргыз айылдарын аралап бий, манаптар менен жакшы мамиле түзгөн соң аларды өзүлөрүнө имерип, Орусияга кошулууга үгүттөшкөн.

1844-жылы Кокондуктар менен Кытай төрөлөрүнүн кысымынан тажаган, уруулар аралык чабыштардан азап чеккен 10 миң түтүндөн ашуун бугулардын чоң манабы Боронбай Бекмурат уулу Батыш Сибирь генерал-губернаторуна атайын кат менен кайрылат. Катта Боронбай коңшулардын кол салууларынан бугуларды калкалап калууну, орус падышасы менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн кыргыз элчилерин ордо шаарга жиберүүнү өтүнгөн жана Орусия менен ынтымак-ымала кылуу, келечекте анын карамагына өтүү ниетин билдирген. Бирок орус төрөлөрү аралыктын өтө алыстыгына байланыштуу кыргыз элчилерин борборго жөнөтүүгө макул болгон эмес.

1847-жылы Кенесарынын чабуулу өтө күчөгөн кезде сарыбагыштын чоң манаптары Ормон хан менен Жантай жана солтонун чоң манабы Жангарач өздөрү бийлеген 40 миң түтүнгө жакын кыргыздын атынан орус бийлигине жардам сурап кайрылышат. Ошондо Кенесары-



Кыргыз көчү. *XIX к.*



Боронбай — Бугу уруусунун чоң манабы *(1856-ж. П. М. Кошаревдун тарткан сүрөтү).*



Курманжан-датка *(1811—1907-жж.)*.




Памир кыргыздары *(XIX к.)*.



Орто Азияга орус аскерлеринин жортуулу *(XIX к. 60-жж.).*



Шабдан Жантай уулу *(1838—1912-жж.)*.



Падыша аскерлери Алай өрөөнүндө *(XIX к. 70-жж.)*.



Өзгөндүн болушу *(XIX к. аягы).*



Байтик баатыр.



Жети-Суулук казак, кыргыз, дунган, уйгур болуштары жана көпөстөрү *(XIX к. аягы — XX к. башы).*



Шабдандын мечити. Ушул жерде 1916-жылы кыргыздар көтөрүлүш баштоо тууралуу чечим кабыл алышкан.



1916-ж. кыргыздардын көтөрүлүшү. Көтөрүлүшчүлөрдү жазалоо.



Кытайга качкан кыргыздар.



Памирлик кыргыздар өз турагынын жанында *(1899-ж.)*.



Ош. Сулайман тоонун этегиндеги элдик оюн-зоок *(1899-ж.)*.



Ош. Алымбектин медресеси.

нын кыймылын биротоло талкалап, Казакстанды толук каратууну самаган падышалык төрөлөр кыргыздарга аскерден каралашууну туура көргөн.

1848-ж. бугунун чоң манабы Боронбай кайрадан Батыш Сибирь генерал-губернаторуна кат менен кайрылып Көл кылаасында атайын орус чебин куруп, дубан түзүүнү, бугу, саяк, сарыбагыштардын ич ара чатактарын, уруулар аралык чабыштарды тыйып элди тынчытууга киришүүнү өтүнгөн. Генерал-губернатор Горчаков П. Д. Боронбайга жиберген жооп катында анын өтүнүчүн кезеги келгенде аткарышарын билдирген жана баалуу белектерди жөнөткөн.

Батыш Сибирдеги орус бийлиги падыша өкмөтүнүн ошол кездеги Орто Азияга карата саясатына, түпкү максат-мүдөөсүнө ылайык иш жүргүзүп, кыргыз билермандарын, кадыр-барктуу манаптарды, ажаат ачаар жөн билги аксакалдарды Орусияга ык алдырууга аракеттенчү. Андыктан падыша сардарлары алардан ар кандай сыйлыктарды, түрдүү белек-тартууларды аяган эмес. Феодалдык бытырандылыктын, тынымсыз ич ара согуштардын шарттарында, кыргыздар үчүн тышкы саясий абал туруксуз болуп, коңшу өлкөлөрдүн кысымынан арыла албай турган кыйын кезеңде айрым ири феодалдар, уруу башчылары орус төрөлөрү менен ымала кылууга бел байлашты. Алар Орусия сыяктуу зор өлкөдөн таяныч, калканч табууга, анын колдоосуна ээ болууга ниеттенишкен эле. Феодалдык төбөлдөрдүн мындай аракети ошол кездеги катаал шартта караламан калың элдин мүдөө-тилеги менен дал келди. Падыша өкмөтүнүн Орто Азия тараптагы саясатынын түпкү максатынан кабары жок калайык калк анын кийинки зордук-зомбулугунан, колонизатордук аракеттеринен шек санабады.

50-жылдардын башында айрыкча бугу уруусу ич ара жаңжалдардан жабыр тартып аябагандай алсыраган болучу. Аларга Кокон хандыгы да ар дайым коркунуч туудуруп турган. Ошондуктан бугулар Орусия менен жакындашууга шашылып, кайра-кайра Батыш Сибирдеги орус улугуна элчи жиберип жатты. 1853-жылы күзүндө (сентябрда) Боронбай Бекмурат ууляу баш болгон бугунун чоң манаптары Батыш Сибирь генерал-губернаторуна кат жөнөтүшөт. Катта коңшу уруулардын кол салууларынан азап чеккен, Кокондуктардын аксымдыгынан тажаган бугулар Орусия букаралыгына өтүүнү каалары жазылган. Анткени Ормон менен Боронбайдын эрегишүүсү себеп болгон бугу-сарыбагыш чатагы бугу-

ларды кыйла кайгы-муңга кабылткан. Кокондуктар кыргыз манаптарын ар дайым кайраштырып турган. Ормон хан адегенде көп аскер курап келип Көлдүн тескей бетиндеги бугулардын конуштарын тартып алат. Ысык-Көлдүн чыгыш тарабына сүрүлгөн бугуларга канатташ казак төрөлөрү да тез-тез кол салып, тынчтык берген эмес. Ушундай оор тагдырга кабылган бугу уруусу орус бийлигине жогорудагыдай каттар менен кайрылууга мажбур болду.

Падыша өкмөтү бугулардын бул каты менен таанышкан соң алардын өтүнүчүнө көнүп, Орусия дөөлөтүнө ант берүү үчүн элчи жиберүүнү кыргыздарга сунуш кылат.

1854-ж. 26-сентябрда бугулардын элчиси менен Качыбек Шералы уулу 12 манаптын мөөрү менен тамгасы басылган ишеним катты (грамота) алып, куран кармап антташуу үчүн Омскиге келет. Алдын ала эки тараптын милдеттери, ынтымак-ымаланын шарттары такталып макулдашылган соң 1855-ж. 17-январда ант берүү аземи өттү. Ага Батыш Сибирдин көптөгөн улуктары, генералдары, Омскиге ардактуу мейман катары келген казак султандары катышты. Аземде манап Качыбек Шералы уулу бугу уруусу Орусиянын букаралыгына өтөөрү жөнүндө кепил катары куран кармап ант берди.

Орус бийлиги Боронбайдын эмгегин жогору баалап ага бугунун башкы манабы мансабын жана подполковник чинин ыроолоду.

Орусия дөөлөтүнүн карамагына өтүү бугуларды коңшу уруулар менен өлкөлөрдүн кол салууларынан коргомок. Бугуларды кошуп алуу Орусия үчүн абдан пайдалуу болду. Орусия мамлекетинин Түндүк Кыргызстанда өз үстөмдүгүн орнотуу аракети оңойлоду.

1856-жылы борбору Верный (1854-ж. негизделген) болгон Ала-Тоо округу түзүлүп, Көл кылаасындагы бугулардын ата конушу ага карады. Бирок Кокон хандыгы да тим жаткан жок. Кокондук бектер Ормон менен Боронбайды кайрадан кайраштырып сарыбагыш-бугу чатагын ого бетер ырбатышты. Анткени Боронбай орус төрөлөрүн демөөр көрүп Ормон ханды тоготпой калган эле. Буга чейин бугунун чоң манаптары белгилүү өлчөмдө кээде Ормон хандын айтканына көнүп, кебине муюп хандык бийлигин таанып турушканы белгилүү. Боронбай эми орус аскеринин жардамы менен Көл кылаасындагы эски конуштарын кайтарып алууга умтулган.

1855-ж. жайында дымагы күч Ормон хан орус бий-

лигин тааныган Боронбайдын элин чаап, өзүн жазалаш үчүн сарыбагыш, саяктардан кол курап жаңы жортуул баштайт. Бул согушта далай эр-бүлөнүн өмүрү кыйылып, зайыптар жесир, балдар жетим калды. Феодалдык төбөлдөрдүн жөнү жок эрегишүүлөрүнүн, чатагынын айынан бейкүнөө эл кырылып азапка белчесинен малынды.

Көлдүн Тескейинде Шаты суусунун жээгиндеги кырчылдашкан салгылашууда Ормон хан Боронбайдын асыранды тун уулу Кылыч баатырдан найза жеп оор жарадар болот. Жарадар ханды кан кудасы Боронбай өлтүрүүдөн ийменип уулу, Ормондун күйөө баласы Өмүрзактын өргөөсүнө алдырып келет. Ормон хан оңоло албай күйөө, кызынын төрүндө көз жумган эле.

Ормон хандын тууган-уругу бугулардан хандын куну үчүн миң жылкы же Боронбайдын кыздары баш болгон жүз кызды аттап-тондоп жөнөтүүнү талап кылышты. Бугулар буга көнбөсө Көлдү үч айланта чабууга сарыбагыштар шерт кылган. Көп өтпөй, бугулар кун төлөөдөн баш тарткан соң Ормондун жаалы күчтүү тажаал жана карамүртөз каардуу уулу Үмөтаалы Боронбайдын айылдарына бүлүк салды. Ысык-Көлдүн түндүк-чыгыш тарабында кан күйгөн катуу кармашта бугулар жеңилип Каркыра менен Текеске, кытай чегине качышты. Ошондо Боронбай орус төрөлөрүнөн Ысык-Көлгө аскер жиберүүнү, Көл өрөөнүнө чеп куруп тополоңго тоскоолдук кылууну, бугуларды кыргындан куткарып калууну өтүнгөн. Орус бийлиги Боронбайдын өтүнүчүнө жооп иретинде 1855-ж. күзгө жуук (9-сентябрда) Көлгө казак-орус кошуунун жөнөткөн. 1859-жылы сарыбагыштардын журтуна жакын аймакта Кастек чеби курулуп бул аймакка орус аскерлери көзөмөлдүк кыла баштаган соң сарыбагыш феодалдары бугуларга каршы жортуул уюштырууну токтотушат.

Ал эми 1863-жылдан тартып Ысык-Көлдө туруктуу орус аскерлери туруп калган болучу.

ТҮНДҮК КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫНЫН ОРУСИЯ ДӨӨЛӨТҮНҮН ТАМАН АСТЫНДА КАЛЫШЫ

I. ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН ОРУСИЯ ДӨӨЛӨТҮНӨ КАРАТЫЛЫШЫНЫН ТАРЫХЫЙ ӨБӨЛГӨЛӨРҮ. ОРТО АЗИЯДАГЫ АНГЛИС-ОРУС ТЕҢТАЙЛАШУУСУ

XIX кылымдын 50—60-жылдарында түндүк кыргыз уруулары Орусия дөөлөтүнүн курамына киргизилди. Алардын ичинен алгачкы болуп бугу уруусу киргени белгилүү (1855).

Кыргызстандын Орусиянын курамына бириктирилиши орус капитализминин ички рын аймактарда тамыры тереңдеши, чет мамлекеттерди көздөй канат жайып өнүгүшү жана падышачылыктын XIX к. үчүнчү чейрегиндеги колониялык саясаты менен түздөн-түз байланыштуу. Анткени дүркүрөп өнүгүп бара жаткан орус капитализмине кардары арбын базарлар, чийки заты мол, соолубас булак сыяктуу агылып тургандай кеңири, жаратылышы бай аймактар зарыл эле. Андай аймактар борбордук губерниялардан миңдеген орус дыйкандарын көчүрүп келип отурукташтырууда керекке жарамак. Бул түпкү элдин жерин түбөлүккө ээлеп алып, өзүн биротоло баш ийдирүүнүн эң ишенимдүү жана ыңгайлуу ыкмасы болчу.

Кыргызстанды, дегеле бүтүндөй Орто Азияны каратып алуу падышачылыкты жергиликтүү калкка ар кандай салыктарды салуу аркылуу жаңы кирешелерге, эсепсиз көп байлыкка туйтунтмак. Жаңы энчи, ээликтерге жана мартаба, мансаптарга ээ болууну эңсеп көксөгөн орус дворяндары, мансапкор мырза, төрөлөр Орто Азияны Орусиянын карамагына тезирээк киргизүүгө умтулушкан.

Орусия дөөлөтүнүн Орто Азияга, анын ичинде Кыргызстанга көз артып умтулуусу XIX к. орто ченинде бөтөнчө күч алат. Буга бир катар ички, тышкы шарттар шыкак болду. Адегенде Орус мамлекети Орто Азия менен соода, экономикалык жана саясий алакаларды жөнгө салууну күчөтүүнү көздөгөн. Алсак XIX к. 20-жылдарынын орто ченинде Орусиядан Орто Азияга товар жөнөтүү кылымдын башындагыга караганда 1 миллион сомдом 4 млн. сомго, Орто Азиядан Орусияга буюм-тайымдарды, чийки зат алып келүү 2 млн. сомдон 6 млн. сомго өскөнү маалым. Ал эми 1840—1850-жылдары, 10 жыл ичинде Орусиянын Орто Азия менен соода-сатыгы 40 пайызга көбөйөт.

Өзгөчө кездеме токуучу жеңил өнөр жайы пахта буласына муктаж эле. Ошондуктан Орто Азиядан Орусияга кебез ташып кетүү жылдан жылга арбып бара жатты. Буга АКШдагы 1861—1865-жылдардагы атуулдук согуш дагы түрткү берди. Европа өлкөлөрүнө мурда кыйла кебез жөнөтүп турчу. АКШдан эми атуулдук согуштун натыйжасында кебез ташып келүү үзгүлтүккө учурады. Эгерде 1861-ж. Азия тараптагы чектеш өлкөлөрдөн Орусия 152 миң пуд кебез сатып алса, 1864-ж. 704 миң пуд кебез алыптыр. Ошол эле учурда орто азиялык кебездин наркы жогорулап кеткен болучу. Алсак Нижний Новгород жарманкесинде анын баасы 4 сомдон 23 сомго чейин көтөрүлгөн. Пахтанын наркынын мындай кескин өсүшү өндүрүштүн кыскарышына алып келди. Демек кездеме токуучу ишканаларды чийки зат менен камсыз кылуу үчүн Орто Азияны тезирээк каратуу кечиктирилгис милдеттердин бири болмок.

Ал эми Кыргызстандын өзүн алсак, Орусияны айрыкча анын мал чарбасы кызыктырган. Орус мамлекети тоолуу аймактын калкынан төрт түлүк мал жана мал чарба заттарын: жүн, тери, май, кымбат баалуу аң терилерин сатып алып турмак. Кыргызстан орус өнөр жай ишканаларында жасалган буюм-тайымдар, эмеректерди, токулган кездемелерди сатып өткөрүү үчүн өтө пайдалуу базар катары кызмат өтөмөк.

XIX к. экинчи чейрегинде Орусия Кашкар жана Кулжа чөлкөмү менен мурдагыга караганда туруктуу соода байланыштарын түзө баштайт. Орус көпөстөрү Чыгыш Түркстан менен түздөн-түз байланыш жүргүзүүнү өз колдоруна алууга, Орто Азиялык соодагерлердин далдалчылыгынан арылууга умтулушкан. Ал эми Түндүк Кыргызстанды каратуу үчүн бул оңтойлуу шарт түзмөк. Анткени Чүй боору, Көл кылаасы, Теңир-Тоо аркылуу Орусия, Орто Азиядан Кашкар, Кулжа тарапка өтө ыңгайлуу жана кыска кербен жолу өтчү.

Падышачылыктын Орто Азияны, анын ичинде Кыргызстанды ээлөө үчүн аракетинин тездешине Англия менен Орусиянын ортосунда Чыгыштагы теңтайлашуу да түрткү болду. Англия XVIII к. экинчи жарымында эле Индиядан Европалык атаандаштарын сүрүп чыгып, бул өлкөнүн зор бөлүгүн ээлегенге, ал жакта майда мамлекеттердин арасынан бекем орун-очок алганга үлгүргөн. Кийинчерээк ал Индиядагы өз ээликтерин коргоону шылтоолоп коңшулаш өлкөлөргө: Ооганстан, Иран, Чыгыш Түркстанга, Бухара эмирлигине, Хива

жана Кокон хандыктарына көз артып жутуна баштайт. Бул өлкөлөр Британ империясынын Чыгыштагы олуттуу атаандашы, кубаттуу Орусия дөөлөтү менен күрөштө ага таяныч болмок.

20-жылдардан тартып Ост-Индия компаниясынын адегенде соодагер жана саякатчы кейпин кийген тыңчылары жашырын, кийин ачык эле Орто Азия хандыктарын аралай башташат. Көп өтпөй Англия Индияга жанаша жайгашкан өлкөлөрдү басып алууга киришет. Алсак, 1838—1839-жылдары Англия Ооганстанга кол салган эле.

Падышалык Орусия Англиядан озунуп Орто Азияны эртерээк өзүнө каратуу максатында согуштук аракеттерди күчөттү. Кыргызстанды Орусия курамына киргизүү падышачылыктын Казакстан менен Орто Азия хандыктарындагы колониялык экспансиясы менен тамырлаш, ажырагыс байланышта болгон жана бул өлкөлөрдө Орусия үстөмдүгүнүн орношунда, бекемделишинде маанилүү роль ойногон.

30-жылдарга карата Орусия бийлиги Жети-Сууга чейинки кеңири аймактагы казак конуштарына тараган болучу. 1831-жылы Батыш Сибирдеги орус аскерлери Семипалатинскиден чыгып, көп өтпөй Аягуз өзөнүнө жете келишет да «Аягуз приказы» аталган чепти негиздешет. Жаңыдан уюшулган Аягуз тышкы округуна караган Улуу жүз казагынын бир бөлүгүн акимдик башкаруу ушул чептен ишке ашырылмак. Аягуз тышкы округу Омск облусуна карамак. Бул округ Орусиянын Жети-Сууну көздөй Сибирь тилкеси боюнча жылышында ооруктун милдетин аткарды. Ошол эле учурда орус аскерлери Оренбург тараптан Сыр-Дарыяны бойлой казак аймактары менен Кокон ээликтерин кысып кирди. Ошентип падыша аскерлери Орто Азия менен Улуу жүз казагына эки канаттан Сибирь тилкеси боюнча Батыш Сибирден жана Сыр-Дарыя тилкеси боюнча Оренбург тараптан чабуул койду. 1853-жылы орус колу Сыр-Дарыя боюнда Ак-Мечит коргонуна чейин жете келип, аны басып алышат. Ал эми Батыш Сибирь колу Жети-Суунун кыйла жерине кол сермеп, 1847-жылы Копал суусунун жээгине Копал чебин курган. 1854-жылы Или чөлкөмүндө, Улуу жүз журтунун чордонунда Верный (Алма-Ата) чеби негизделет. Жети-Суу Орусия үстөмдүгүн түптөөнүн башталышы эле. Натыйжада мыкты куралданган, даярдыгы шайма-шай падышанын аскердик колу Чүй менен Көл кылаасындагы кыргыз конуш-

тарынын колтугунан орун алып жаңы жерди кулатуу жөнүндө жаңы буйруктарды күтүп турду.

Ошол кезде түндүк кыргыз уруулары татаал тагдырга кабылып оор саясий турмушту баштан кечирип жаткан. Уруулар аралык чыр-чатактар ырбап, кыргызды туш тараптан анын жерине көз арткан жоо курчап, ал чиеленишкен чыйырлардын айрылышына кептелди.

Өз ара жаңжалдардан өтө алсыраган кыргыз эли өз алдынча түндүк көтөрүп, түпөктүү кызыл туу сайып мамлекет түзө албады. Қокон хандыгына каршы тынымсыз жүргүзүлгөн күрөштөрдө Цин-манжуу баскынчыларына каршы кыймылдарда кыргыздар кыйла жоготууларга дуушар болду. Өзгөчө солто-сарбагыш, сарбагыш-саяк, бугу-саяк, сарбагыш менен бугунун чабыштары, бири-биринин мал мүлкүн талап-тоноолор, барымта кылуу, жылкы тийүү ж. б. коогалаңдар кыргыздарды азапка салып чарбасын бүлгүнгө учураткан. Қордук, зордугу көкөйгө көк таштай тийген Қокон хандыгы сыяктуу эле Қытай богдыханы да Қыргызстанга көз артып, чек арага жакын жайгашкан айрым кыргыздарга кысым көрсөтүп турган. Ошондой эле канатташ казак элин караткан Орусия дөөлөтүнүн мансапкор төрөлөрү, түмөндөгөн кошуундары кыргыз журтунун иреге-босогосуна чейин кирип келген болучу.

Ушундай оор шартта айрым кыргыз урууларынын манап, бий, билермандары Орусия дөөлөтүнө калканч издеп кайрылышты, өзүнүн коңшу кыргыз уруусуна каршы оторчулар менен ынтымак-ымала кылууга бел байлашты. Қытай, Қокон хандыгына караганда ордосу, элжери оголе алыс жайгашкан Орусия дөөлөтүн алар арка-бел тутууну көздөшкөн, андан жардам үмүт кылышкан.

Қекирейген кексе төрөлөр келип бийлик жүргүзөөрү, эки тизгин бир чылбырды өз колдоруна алаары, кыңк этсең төбө каңдаганга даяр ак падышанын чет жакалардагы жасоолдору — каңкор казак-орустар, самсыган дыйкандар каратаандай каптап келип жер соорусу Чүй менен Көлдө мыкты өтөк, өндүр, өрөөн, жайыктарды тартып алаары, түркүн салык салаары алардын оюна келген эмес.

Бирок түндүк кыргыз урууларынын бардыгы эле Орусия менен мамиле кылууга бет алган жок. Кыргыздардын кыйласы ак падышага багынуудан баш тартканы, атүгүл куралдуу каршылык көрсөткөнү белгилүү. Бугудан — Мураталы, Балбай баатыр, Тилекмат, Чоң

Карач, сарыбагыштан — Үмөтаалы, Төрөкелди баатыр, Чаргын, саяктан — Осмон, солтодон — Жаңгарач, Майлмыл ж. б. баш болгон кыргыз айылдары бир топ жыл орус бийлигине моюн бербей турду.

II. ЧҮЙ ЖАНА ТАЛАС ӨРӨӨНДӨРҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫНЫН ОРУСИЯ ДӨӨЛӨТҮНҮН КОЛ АСТЫНДА КАЛЫШЫ. ЖАНТАЙ ХАН. БАЙТИК

Чүй боорундагы кыргыз уруулары Орусия дөөлөтүнүн курамына киргизүү 60-жылдардын башында орус кошуундарынын Чүй өрөөнүндөгү Кокондук чептерди ээлеши менен бирге ишке ашырылды.

XIX к. 50-жылдарынын акырында падыша сарайында Сибирь жана Сыр-Дарыя тилкелерин кошуу, Орто Азиянын түпкүрүн көздөй жылуу маселеси көбүрөөк козголо турган болду. Ошондуктан падыша өкмөтү 60-жылдары бул маселени биротоло чечүүгө чечкиндүү кириштн.

1859-ж. жайында капитан Венюковдун чакан кошуунун Или чөлкөмү тараптагы казак, кыргыз конуштарынын чегине жер чалып келип, болочокто Түндүк Кыргызстандагы кокондук чеп-коргондорго чабуул койгондо тирек болгудай Кастек чебин негиздейт. Ошондо Токмок менен Бишкек чебиндеги кокондук сарбаздар орус аскерлерине жолтоо боло алган жок. Венюковдун кошууну чалгынды эч тоскоолдуксуз ийгиликтүү жүргүзгөн соң, Кокондуктарды Сары Өзөн Чүйдөн сүрүп чыгуу анчейин көп күчтү талап кылбасына орус төрөлөрүнүн көзү жетип, ишеними артты.

Ошол эле 1859-ж. апрель — июнь айларында Голубев баштаган орус кошууну Көл кылаасындагы кыргыз айылдарын кыдырып, бугулардын арасында Орусиянын таасирин ого бетер чыңдаган болучу. Бирок Кокон хандыгы Ысык-Көлдө кайрадан өз үстөмдүгүн орнотуу, бүтүндөй Түндүк Кыргызстанды өз таасиринде кармап туруу үчүн аракеттенип, Чүйлүк кыргыздарды канатташ казактар менен кайраштырууну, сарыбагыштарды бугуларга каршы тукурууну уланта берди. Атүгүл Кокон ханы Көл жээгине жаңы коргон курууга, бугулардан салык алууга ниеттенгени маалым. Алсак, 1859-ж. жаңжалдардын биринде сарыбагыштардын кадыр барктуу манабы Төрөгелди баатыр бугулардын колуна туткунга түшүп калат да, аны бугулар сарыбагыштардын корку-

туп-үркүткөндөрүнө карабастан туткундан бошотпой турду. Бугулар Орусиялык Ала-Тоо округунун улугунан жардам алабыз деп ойлошкон. Көп өтпөй сарыбагыштар Төрөгелди баатырды туткундан куткаруу үчүн жортуулга даярдана башташат. Ушундай катаал учурда Бишкек беги бугулардан зекет төлөөнү талап кылып, эгерде баш тартсаңар 500 жигит жиберип күч менен салыкты арбын алабыз деп коркутту. Ошол кезде бугунун чоң манаптарынын ыркы кетип, эки топко бөлүнүп калган эле. Ич ара жаатташуу айрыкча Боронбайдын көзү өткөн соң (1858-ж.) күчөгөнү белгилүү.

Бугунун жаңы чоң манабын, билерманын шайлоодо орус бийлигине баш ийүүнү каалабаган манаптар Муратаалыны, ал эми орус бийлигине моюн сунган топ — Качыбекти жана Боронбай уулу Өмүрзакты колдоп чыккан.

Абалдын оорлошунан чочулаган Батыш Сибирь генерал-губернатору Гасфорд Ала-Тоо округунун улугу Перемышльский төрөгө жаңы чоң манапты шайлоонун жүрүшүнө кийлигишүүнү сунуш кылат. Ал бугулардын айлына келип чоң манап мансабын Өмүрзакка ыйгартып кайтат. Бир жыл өтүп-өтпөй бул мансапка Орус төрөлөрүнө небак эмгеги сиңип жакшы таанылган Качыбек бекитилген болчу. Ал жана анын жан-жөкөрлөрү Ала-Тоо округунун төрөсүнөн коңшу уруулардын кол салууларынан, кокондуктардын кысымынан коргонуш үчүн дембе-дем жардам сурап жатты. Айрым кыргыз феодалдарынын мындай өтүнүчтөрүн орус бийлиги Чүй өрөөнүнө, Токмок жана Бишкек чеп-коргондоруна жортуул уюштурууда шылтоо катары пайдаланды.

Кыргызстандын түндүгүнө жортуул уюштурууга жетекчилик кылуу үчүн Гасфорддун карамагына ордо шаардан генштабдын полковниги Циммерман мырза жөнөтүлгөн болучу.

1860-ж. 5-февралда Ала-Тоо округунун улугу полковник Г. А. Колпаковский Верныйдан Ысык-Көлгө жүз башы Жеребятьев баштаган казак-орус кошуунун жөнөтөт. Алардын соңунан Венюковдун кошууну Верный-Кастек багыты боюнча андан ары Суук-Дөбө (Сюектөбө, Сөөкдөбө) өткөөлү жана Кичи Кемин, Көк-Моюн, Тору-Айгыр ашуулары аркылуу Көтмалдыга (Балыкчы, Ысык-Көл) сапарга чыкмак.

16-февралда Жеребятьевдин кошууну Көлдүн чыгыш тарабына жете келип, Түп суусунун боюндагы бугулардын конуш-журтунан орун алат. Кошуундун негизги

милдети Ысык-Көл ойдуңунда Орусия үстөмдүгүн биротоло бекемдөө эле. Ошондой эле орус аскерлери кокондуктардын таасирин жоюп, сарыбагыштарга сүр көрсөтүп, алардын манап, бий, билермандарын ак падыша амирлигине имермек.

Кадыр-барктуу манаптарга тартуу кылуу үчүн орус төрөлөрү акча-тыйын, баалуу белек-бечкектерди арбын алып чыгышкан болучу. Ал эми Орусияга карата душмандык мамиле жасаган «зыяндуу» манаптарды туткунга түшүрүп, байлап-матап кетүү жөнүндө Венюковго алдын ала көрсөтмө берилгени белгилүү. Атүгүл Сибирь корпусунун кол башысы эгерде Муратаалы менен Чоң Карачтын тобундагы манаптар орус аскерлерине ачык жолтоо болсо, аларды бөлөктөргө сабак катары кырып салууну Колпаковскийден катуу талап кылган.

Май айында Колпаковский өзү Кокондон келген жоого каршы чечкиндүү согуштук аракеттерди жүргүзүү үчүн аскер ээрчитип Көлгө келет. Ысык-Көлгө кошумча аскер бөлүктөрү келип, орус кошуундарынын саны арбыган кезде кокондуктар Жууку капчыгайы аркылуу түн жамынып Куртканы көздөй чегинет. Ошондо мыкты куралданган, кам-кашеги шайма-шай орус колунун жолун тороп тирешкенге дарманы жетпесин баамдаган бугунун бардык манаптары полковник Колпаковскийге келип, ак падышанын бийлигине баш ийишээрин дагы бир ирээт аргасыз билдиришет. Алардын арасында буга чейин Орусия дөөлөтүн тоготпой келген манаптар: Муратаалы, Тилекмат жана Чоң Карач да бар эле. Колпаковский аларга мындан ары ак падышага акаарат айтып антты бузсаңар элиңерге эч аёо болбойт, чыккынчылар катары айылыңар таланып башыңар алынат, — деп катуу эскертет. Ал эми Орусияга берилген, эмгеги сиңген манаптарга ал Батыш Сибирь генерал-губернаторунун атынан белек, сыйлыктарды тартуулаган болучу. Ошентип 60-ж. башына карата бугунун бардык уруктарынын үстүнөн Орусия дөөлөтүнүн үстөмдүгү камчы кезөө жана бал тилге салуу жолу менен толук орноду.

Май айында (20-майда) Кичи-Кеминден чыгып, Көк-Мойнок, Тору-Айгыр ашуулары аркылуу Ысык-Көлдүн күн батыш жээгине жете келген Венюковдун кошууну сарыбагыш манаптары Төрөгелди, Үмөталы, Адыл, Ажы, Калыгулдун артынан сая түшөт. Адыл, Ажы жана Калыгул бийлеген сарыбагыш уруктары ал кезде Көлдүн күңгөй бетинде отурушчу. Алардын ичинен Субан уулу Адыл баатыр Жан-Булакта айлакер жоонун колу-

на түшүп, калгандары жамандыктын болоорун сезип, Теңир-Тоонун алыскы төрүнө жана Суусамыр менен Талас тарапка айылдарын көчүрүп кетүүгө үлгүрүштү. Кочкор өрөөнүндө буга чейин чыр чатактан оолак тынч жашаган айрым сарыбагыш уруктары калган эле. Аларды манап Рыскулбек башкарчу.

Ушул ийгиликтүү жортуулдардан кийин Кокон хандыгынын абалынын начарлыгына көзү жетип эрдемсий түшкөн орус оторчулары тез арада Чүй бооруна жүрүш жасап, Кокон чептерине чабуул коюуга бүтүм кылды. 1860-ж. июнда Циммерман Или чөлкөмүндөгү орус аскерине кол башы болуп дайындалат. Ошол эле учурда Кокон ханы да ак падышанын колу менен беттешүүгө камынып Чүйгө сарбаздарын жөнөтүп жатты. Июль айына карата кокондуктар Чүй өрөөнүнө 5 миңдей сарбаз топтогон болучу. Кокон колу капысынан Кастек чебине кол салып аны талкалашы керек эле.

1860-ж. 1-июлда Бишкек беги (Атабек датка) Кастек тарапка чалгынчылар кошуунун жөнөтөт. Июль айында Кокондук кошуундар Кастек чебине кайра-кайра чабуул коюп камап турду. Бирок алар сан жагынан кыйла артыкчылык кылса да чепти ээлей алышкан жок. Анткени полковник Циммермандын кошумча аскер бөлүгү өз учурунда чепке жете келип, мусулман аскерлерге каршылык көрсөтүүгө үлгүрдү. Ошол кезде Бишкекке Ташкен беги Рүстөмбек 3 миң сыпайы менен келгени белгилүү.

Бишкекте топтолгон хандын аскерлери менен Чүйлүк кыргыз манаптары кураган кол үзөнгүлөш турду. Адегенде солто манаптары: Байтик Канай уулу, Жангарачтын иниси Султанбай, Абайдылда бий, сарыбагыш манабы Жантай Орусиялык жаңы баскынчылардан элжерди коргоону эп көрдү. Ошондуктан алар жигиттери менен Бишкекке келип Орусиялык чеп Кастекти камалоого катышкан.

Кастек чебин кыйратып орус аскерин чептен алыс сүрүп салуу аракети оңунан чыкпаган соң Кокон ханы дале болсо келечектен үмүт, күдөрүн үзбөй, жоонун жолун торош үчүн Олуя-Атага 5 миң жоокерин жиберет. Бул кол хандын буйругу боюнча Олуя-Ата аркылуу Бишкекке жөнөп, Или чөлкөмүндөгү орус аскерлерине чабуул коймок. Чүйдөгү кокондук кошуундарга кол башылыкка Канаат-шаа дайындалат.

Кокон ханынан озунуп Чүй өрөөнүн эртерээк ээлеш үчүн Или чөлкөмүндөгү падыша аскерлери Циммерман-

дын кол башчылыгы астында 23-августта Верныйдан Токмокту көздөй жортуулга чыгат да эки күн жол жүрүп Караконуз суусуна кирип келишет (Токмоктун түндүк тарабында Чүй суусунун оң өйүзүнө, азыркы Масанчын айылы ченде).

26-августта Циммермандын кошууну Чүй суусун кечип өтүп, анын сол өйүзүндөгү Токмок чебин күүгүм киргенче камап жатып басып алат. Жамгырдай жааган мылтыктын огу, бир саатка жакын жалын чачкан замбиректен аткылоо болгону 100 дөй сарбаздан турган чептин коргонуучуларын багынып берүүгө мажбур кылды. 28-августта чеп толук кыйратылган күнү Циммерманга казак-орус кошууну менен Колпаковский келип кошулду. Эртеси алар Бишкекти көздөй бет алышат да, 31-августта бул чепти ээлешет. Ошол күнү таң эртеңден тартып түн киргенче баш көтөртпөй кайра-кайра замбирек менен аткылоонун натыйжасында коргондун кыйла бөлүгү кыйрап, акыры Атабек датка, Алишер датка баштаган 627 сарбаз аргасыздан орус төрөлөрүнөн жан соога сураган эле.

Кокон чептерин басып алуу үчүн кармаштардын маалында Чүй өрөөнүндөгү кыргыздар эки ортодо бөөдө кыргынга кабылуу коркунучунан, дегеле эрегишкен эки жоонун чатагынан алыс болууну көздөп тоо аралай, капчыгай, кокту-колоттордун төрүнө көчүп кетишкен. Элет эли үчүн алардын бири-биринен анча айырмасы жок болучу. Анан калса кыргыздардын көпчүлүгү эч нерседен кабары жок Суусамырда жайлоолоп жүргөн. Кокондуктардан далай кордук көрүп тажаган түпкү калк аларга кыйын кезеңде каралашкысы келген жок. Бирок ак падыша бийлиги орносо кандай жаңы азап-тозокторго кабылаарын алар дааналап билген эмес. Ошондой болсо да кээ бир чоң манаптар — Жаңгарач, Байтик ж. б. тар капчыгайлардагы оңтойлуу жерден өңүт алып, жигиттери менен жоо катылса ат коюуга эл, жерди коргоого даяр турушту.

Бишкек чебин талкалагандан көп өтпөй сентябрдын орто ченинде орус аскерлери Верныйга кайра кайтат. Ошондо Кокон ханы Чүйгө Канаат-шаа баштаган 10—15 миңдей аскерин шашылыш жөнөтүп кыйраган коргон-чептерди кайра куруп, 1861-ж. үстөмдүгүн убактылуу калыбына келтирет. Канаат-шаа менен бирге келген алайлык кыргыздардын билерманы Анжыян вилайетинин беги Алымбек датка ири кошуунга кол башылык кылган болучу.

20-октябрда Узун-Агач бекети жайгашкан аймакта эки жоо кайрадан беттешип, негизги салгылашуу Кара-Кастек өзөнүнүн өңүрүндө өттү. Алгач Алымбек датканын найза, кылычтан бөлөк жарагы жок кыргыз, казактардан куралган колу (4 миң атчан жигит) Узун-Агач чебине ат коюп, бирок өрт менен өлүм чачкан замбиректин огуна туруштук бере албай кайра тартты. Эртеси Узун-Агачка көп аскер коштоп жете келген Колпаковский Канаат-шаанын сарбаздарын, Алымбек датканын жигиттерин замбиректин огунун күрүлдөгөн добушу менен жүдөтүп жүрүп отуруп акыры өрөөндөн сүрүп чыкты. Замбиректин огуна Кокон колунун кыйласы боо түшүп кырылды. Бирок Колпаковский Кокон колун биротоло талкалап коё алган жок. Канаат-шаа Кара-Кастектен чегинип кеткен соң орус аскери жоонун артынан сая түшүп куугунтуктоодон айбыгып батына албай артка кайра тартты. Ошондой болсо да Узун-Агачтагы окуялар Орусия дөөлөтүнүн Түндүк Кыргызстандагы кийинки ийгиликтерин оңойлотпой койгон жок. Айтмакчы бул салгылашуу учурунда Жантай уулу Шабдан баатыр кокондуктар тарабында кыргыз жигиттерин баштап, Орусияга каршы согушкандыгы маалым. Шабдан буга чейин эле, Канаат-шаа адеп Чүйгө келип Бишкек менен Токмокто хан бийлигин кайрадан калыбына келтирген кезде аны менен ымала кылууга үлгүргөн болучу. Канаат-шаанын кеңеши боюнча Малла хан Шабданды Коконго ордосуна чакыртып, алтын жалатылып кооздолгон кылыч, мылтык жана жибек чапан тартуулайт. Ал эми Узун-Агачтагы айкаштан кийин Шабдан Канаат-шаа менен бирге Ташкентке кетип ал жакта эки жыл жүрөт. Ал Худаяр хан тарабында так талашкан күрөштөргө аралашып Түркстан калаасынын беги мансабына арзыган.

Узун-Агачтагы салгылашуудан көп өтпөй, 1862-ж. сарыбагыштын тынай уругунун чоң манабы Жантай Верныйга келип, Чүй өрөөнүнүн чыгышындагы Кеминдик кыргыздар Орусия дөөлөтүнүн карамагына өтөөрүн билдирет. Буга ошол кездеги тарыхый кырдаал, тынайлардын темир (черикчи) жана болот (эсенгул) уруктары менен ич ара чатагы түрткү болду. Жантай жана тыныгууга Бишкекке келип, Рахматулланын абагына тутулуп андан араң качып чыккан анын уулу Шабдан ошондон тартып такай Орусия бийлигине кызмат кылышты. Чүй өрөөнүн Орусиянын курамына киргизүүдө ак падышага өтөгөн «ак кызматы» үчүн чоң манап Жан-

тай Карабек уулуна 1867-жылы полковник мартаба-наамы ыйгарылган. Кезинде ал Кенесары менен согушка жигердүү катышкандыгы жана Орусия төрөлөрүнө көрсөткөн көмөгү үчүн алтын медалга арзыган. Бекеринен ал «хан» аталбаса керек. Дегеле, Ормон хан көз жумгандан кийин Жантай сарыбагыш манаптарынын арасында эң таасирдүү, кадыр-барктуусуна айланганы маалым.

1862-жылы жайында Бишкектен тартып Таласка чейинки Чүй өрөөнүнүн этегин ээлеп турган солто уруусунун чоң манаптарынын кырааны, айтылуу Байтик баатыр Кокондук аким Рахматуллага каршы күрөш баштайт. Рахматулла Чүй өрөөнүнүн бектигине 1861-ж. дайындалган, анын тушунда кыргыздардан арбын салык алынып турду, кокондуктардын зордук-зомбулугу өтө күчөдү. Жек көрүндү кокондук бекти, анын сарбаздарын айла-амал менен колго түшүрүп жазалоо үчүн Байтик аларды адегенде жайлоого мейманга чакырат. Кексе Рахматулла шек санап келбеген соң, күзгө маал эл жайлоодон түшкөндө Байтик Боз Бөлтөктүн шилисине — Ак-Чийге көчүп келип, той өткөргөн болуп бекти мейманга дагы бир ирет чакырат. Бул жолу Рахматулла тойго барууну эп көрүп, 60 сарбазы менен Ак-Чийдеги Байтиктин айлына келип, атайлап тигилген ак өргөөгө түшөт. Той кызыган маалда Байтиктин жигиттери Рахматуллага, сарбаздарга кол салып, курчоодон эптеп кутулуп чыккан бекти манап Көкүм артынан кууп жетип найза менен аттан ыргыта сайып өлтүрөт.

Кокондук төрөнү, сарбаздарды жайлап алгачкы жеңишке шыктанган кыргыздар бир топ күн Бишкек чебин камап турду. Бирок коргонго бекинип алып катуу каршылык көрсөткөн кокондуктарга караганда кыралжарагы начар, чар-жайыт чабуул жасаган бир ууч кыргыз колу сепилди ала алмак эмес.

Ошондуктан Байтик баатыр иниси Сатылганды Колпаковскийден жардамга аскер, замбирек сурап Верныйга жөнөткөн.

Орус төрөлөрү мурдатан эле Түндүк Кыргызстанды Орусиянын карамагына биротоло киргизүүгө камынып, Чүй өрөөнүнө жаңы жортуул уюштырууга даяр турган. Байтиктин элчи-чабармандары Верныйга келээри менен Колпаковский Батыш Сибирдин жаңы генерал-губернатору (1861-ж. тартып) Дюгамельге кабарлап, Бишкекти ээлөө боюнча андан көрсөтмө алат.

1862-ж. 3-октябрда падыша аскерлери Колпаковский-

дин кол башчылыгы астында Верныйдан Чүйдү бет алып жөнөдү. Он күн жол жүрүп 13-октябрда Бишкек чебине жете келген орус кошуундарына Байтик баатыр жигиттери менен кошулат. Рахматулланын ордуна Төрөкул баатыр башы башкарган Коконduк сарбаздар катуу каршылык көрсөтүп, чепти камалоо бир нече күнгө созулду. Акыры замбиректин огунун коштоосунда орус колунун көшөкөр кысымына туруштук бере албай кокон кошууну аргасыздан багынды. 24-августта чеп Колпаковскийдин колуна өтүп, эки күндөн кийин коргонду кыйрата башташат.

Чүй боорундагы ири чеп — Бишкекти ээлөөнүн натыйжасында Кыргызстандын, Орто Азиянын ичкери жагына орус аскерлеринин андан ары жылышы, Орусия дөөлөтүнүн үстөмдүгүнүн орношу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр, ыңгайлуу кырдаал түзүлдү. Эми Чүй өрөөнүнүн этегинде кокондуктардын башкы таянычы катары орустардын Орто Азиянын борборуна өтөөр жолун тосо турган Олуя-Ата чеби гана калган. Бирок бул чеп деле кубаттуу Орусия дөөлөтүнүн көп сандаган, мылтык, замбиректер менен жакшы жабдылган аскерлеринин чабуулдарына узакка туруштук бере алмак эмес.

Бишкек чебин талкалагандан кийин кыштын жакындап калгандыгына байланыштуу Колпаковский убактылуу 2-ноябрда Верныйга кайтып кетет.

Ошол кезде манаптар Жаңгарач, Маймыл жана Тынаалы бийлеген солто уруусунун бир бөлүгү орус бийлигине баш ийүүнү, Орусия карамагына күн кордонуп кирүүнү каалабай, Таластын төрүнө конуш которгон эле. Жаңгарач атүгүл орус аскерлерине каршылык көрсөтүү максатында бир нече миң жигиттен турган чоң черүү кураган болучу.

Жаңгарачтын ойлогон ой-максатын ойрон кылыш үчүн орус бийлиги Байтик менен Жантайдын кеңеши боюнча 1863-жылы Токмокко войсковой старшина Бутаковдун казак-орустар кошуунун Кеминди чалгындоону шылтоолоп жөнөткөн. Бутаков Токмокко солтонун кадыр-барктуу манаптары Байтик, Корчу, Макеш, Шайдылда, Жаңгарачтын жакын тууганы Өзбек Бошкой уулун, сарыбагыштардан Менде менен Мырзаалы Жантай уулун чакыртат. Аталган манаптардын баарын Бутаков казак-орустардын коштоосунда Верныйга айдатып барып, кыйла күн барымта, аманат катары кармап турган.

1864-жылы жазга жуук солтонун чоң манабы Жаң-

гарач көз жумгандан кийин анын уулдары жана манап Көкүм орус төрөлөрү менен ымала кыла баштайт. Ал эми манап Маймылдын тобу орус бийлигине каршылык көрсөтүүнү уланта берди. Айрым маалыматтарга караганда ал көп өтпөй падыша аскерлеринин колуна түшүп, Орус мамлекетинин өтө коркунучтуу душманы катары өлүм жазасына тартылган (атып салышкан). Мунун өзү Чүй өрөөнү да Орусия тарабынан куралдуу зомбулук жолун бейкут сүр көрсөтүү жолу менен айкалыштыра басып алынгандыгын айгинелейт.

1865-жылга карата Таласка көчө качкан кыргыз билермандары жок кылынган соң, Чүй жана Таластык кыргыздарды, анын ичинде саруу менен кушчу урууларын Орусиянын карамагына басып алуу жараяны негизинен аяктайт. Аталган аймактарды каратууну падыша аскерлери кокон хандыгынын чеп-коргондорун ээлеп алуу менен бирге ишке ашырды.

Абалдын оордугун, жоонун артыкчылыктарын жана аны менен жоолашууга дарманы, чамасы жетпесин алдын ала байкаган айрым кыргыз манап, бийлери акыры ак падышага багынып берди. Бирок бугулардын манаптары сыяктуу алар Орусия букаралыгына атайлап ант берип өткөн жок. Буга чейин Улуу жүз казагын толук каратып, түндүк Кыргызстандын чыгыш ыптасында — Ысык-Көлдө, Кеминде небак өз таасирин түптөп бекемдөөгө үлгүргөн падышачылык аларды ант бердирүүгө анчейин деле муктаж эмес эле. 1864-жылы Чаткал, Суусамыр, Кетмен-Төбө Орусия курамына киргизилген болучу.

III. ТЕҢИР-ТОО КЫРГЫЗДАРЫН КАРАТУУ

Орто-Азияны толугу менен Орусия курамына бириктирүүнү көксөгөн орус төрөлөрү алты сан кыргыз элинин ажайып кооз мекенинин бир өңүрү, түздөн-түз Кытай менен чектешкен Теңир-Тоо аймагына да көз артып, аны каратууга зор маани берген. 1863-ж. май-июнь айларында подполковник Лерхенинин кол башчылыгы астындагы кошуун (2 рота, замбирекчен 1 взвод, 1 казак орус жүздүгү) Бишкектен Олуя-Атага чейинки Чүй өрөөнүнүн батыш тарабында жер чалуу иштерин жүргүзө баштайт. Ошол эле жылы Борбордук Теңир-Тоого дагы чалгындоо тобу жөнөтүлүп, «кашкар отряды» деп аталган бул кошуунга генштабдын капитаны Проценко кол башылык кылды.

Теңир-Тоонун чордонундагы Кочкор, Жумгал, Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо өрөөндөрүндө, Кашкар тарапта сарыбагыш, саяк, черик, моңолдор, чоң багыш, бугу-тынымсейит ж. б. уруулар жашачу. Жер соорусу Соң-Көл, Солтон-Сары, Кара-Кужур, Кара-Саз, Кең-Саз, Аксай, Арпа өрөөндөрү малга жайлуу, төрт түлүгү төрүндө туйлаган, туланы белден буралган мыкты жайлоолор эле. Алардын айрымдарын кезинде Кокон ханы каратып салык алып турса, кээ бирөөлөрү (черик, чоң багыштар) Кашкардагы цин-манжуу бийлигинин таасиринде турган. Бирок Борбордук Теңир-Тоодо Кокондуктар туруктуу бийлик жүргүзө алган эмес. Кокон ханды-гы мезгил-мезгили менен көп аскер жиберип убактылуу гана өз үстөмдүгүн орното алчу.

Кыргыздар кокондук төрөлөргө баш ийбей тынымсыз бөлтөндүк кыймылына чыгып турганы белгилүү. Айрыкча 30—40-жылдары алардын көз каранды эместикке умтулуусу күчөп, Кокон үстөмдүгү жокко чыгып калган болучу. Иш жүзүндө кыргыздар өз бетинче жашап, 40-жылдардын орто ченинде өзүнчө хандык түзүүгө аракет жасашкан.

Борбордук Теңир-Тоодо Орусия таасирин орнотуу Чыгыш Түркстан, айрыкча Кашкар менен түз соода байланыштарын өнүктүрүү үчүн да өтө зарыл болучу. Буга чейин орус көпөстөрү Кашкар менен соода-сатыкты көбүнчө Кокон хандыгы аркылуу жана Верный тараптан Кулжа аркылуу ишке ашырып турган.

Ал эми Түндүк Кыргызстан аркылуу түз байланыш түзүү жолду кыйла кыскартып, өтө пайдалуу болмок. Бул жол Көлдүн батыш тарабы, Кочкор, Нарын, Ат-Башы, Ак-Сай аркылуу өтүп, Көлдүн чыгыш жагындагы жолго караганда оңтойлуу, ашуу-белдери анча татаал эмес эле. Кашкарга өтө турган бул жолду өздөштүрүш жана кербендердин коопсуздугун камсыз кылыш үчүн аталган аймактарды ээлеш керек болучу.

1863-ж. 3-майда Проценко баштаган «кашкар отряды» Кастектен сапарга чыгып, Боом капчыгайы, Орто-Токой жана Кызарттын бели аркылуу Жумгал өрөөнүнө чейин жете келет. Адегенде Кочкор менен Жумгалды жердеген сарыбагыш, саяк уруулары орус кошуунун деле, кокондуктарды деле колдогон эмес. Ошол кезде Жумгалдагы коргондо бар болгону жарак-жабдыгы өтө начар 50 гө жетпеген кокондук сарбаз турган. Алар жоого каршылык көрсөтүүгө даай албай коргонду таштай качканда аны орус аскерлери ээлеп талкалап сал-

ды. Андан соң Проценконун кошууну Соң-Көл жайлоосу аркылуу Теңир-Тоодогу кокондуктардын башкы ишеничтиреги — Куртка чебин көздөй сапарын улайт.

Қыйла аскер топтолгон бекем чеби болсо да Кокондук төрөлөр орус кошуунунун жолун Ак-Талаада тороп чыккан жок. Ээси күн мурдатан чегинип кеткен бул чепти Проценко май айынын аягында эч кандай салгылашуусуз эле басып алып кыйратып салган.

Курткада бир топ күн өргүп, узак сапарда чарчап-чаалыккан жоокерлери эс алган соң капитан Проценко жердин уусун жакшы билиш үчүн кошуундун жарымын ээрчитип дарыя бойлоп Нарындын төрүнө бет алат. Ал эми анын кошуунунун бир бөлүгү Куртка чебинде калган эле. Ошондо Үмөтаалы Ормон уулу баш болгон сарыбагыш, саяк манаптары орус аскерлерин бириндетип талкалап Ата журттан сүрүп салуу максатында 19-июнда Эки-Чат деген (Куртка өзөнү өтүүчү колотто) жерде подпоручик Зубаревдун кошуунуна кол салышат. 40 аскери бар бул кошуун июндун башында Нарындан Көтмалдыга азык-түлүк, ок-дары үчүн барып кайра кайтып келе жаткан болучу. Қыргыздар орус аскерлерин эки жакка караманча жылдырбай эки күн бою Эки-Чатта камап турду. 21-июнда гана Нарындын төрүндө жер чалып жүргөн Проценкодон казак-орустар кошууну жардамга келип, алсырай түшкөн орус аскерлерин курчоодон, кыргындан куткарып калууга үлгүрдү. Буга чейин 2—3 миң жигиттен турган Үмөтаалынын колу Нарын дарыясындагы көпүрөнү бузуп салган эле. Эки-Чаттагы кыргыздардын 18 жолу жасаган чабуулдарынын учурунда Зубарев жана 7 аскер жарадар болуп, алардын экөө көз жумган.

Қыргыздар менен Ак-Талаа аймагындагы кагылышуу орус кошуундарынын Борбордук Теңир-Тоодогу андан ары жылышын кыйындатты. Көп өтпөй Қытай чек арасында кырдаалдын кыйындашына байланыштуу Колпаковскийдин буйругу боюнча «кашкар кошууну» Кеген кошуунуна биригүү үчүн кайра кайтат. Ошондой болсо да бул кошуун өзүнө жүктөлгөн милдеттердин бир тобун чечүүгө, айрым кыргыз урууларын Орусия таасирине имерүүгө үлгүрдү. Жумгал, Куртка Тогуз-Торо чептери кыйратылды. Қашкар кошуунунун Борбордук Теңир-Тоого жортуулу айрыкча черик уруусунун Орусия курамына киргизилишин тездетти. Черик уруусу ал кезде Нарын дарыясынан түштүктө Күйкө-Турпан тоосуна чейин Қакшаал суусунун жээктеринде, Ат-Башы, Арпа,

Аксай өрөөндөрүнөн Кашкарга чейин (аталган калаадан 50 чакырым аралыкта) көчүп-көнүп жүрүшчү. Кокон хандыгынан тышкары чериктерден цин-манжуу төрөлөрү, кийин Кашкардын улугу Жакып бек (Якуб бек) салык төлөөнү, баш ийип багынууну талап кылып турган. Ушундай катаал кырдаалда коңшулардын кысымынан кутулууну эңсеген чериктердин айрым манаптарына ак падышанын бийлиги женил болчудай сезилген, Орусия курамына кирүү оңтойлуудай болгон.

1863-ж. жазында 6 миңдей түтүн черик уруусунун чоң манабы Турдумамбет Тоймат уулу, Турдуке Турдумамбет уулу баш болгон бийлер Ала-Тоо округунун улугу Колпаковскийге атайын кат жөнөтүп, ал катта ак падышадан өбөк-жөлөк болууну өтүнүү жөнүндө өздөрүнүн чечимин кабарлашат. Батыш Сибирдин генерал-губернатору Дюгамелдин согуш министрине жана мамлекеттик вице-канцлерге жиберген сунушу боюнча император көп өтпөй өз макулдугун билдирген.

1863-ж. күзгө жуук Омскиге келген чериктердин элчилери (4 киши) 13-октябрда ак падыша бийлигине баш ие тургандыктары тууралуу черик уруусунун атынан ант беришет. Кылган кызматы үчүн элчилердин ар кимисине орус төрөсү баркыт чапан жапкан. Ал эми кадырлуу манаптар: Турдуке Турдумамбет уулу чоң алтын медаль менен 1-даражадагы баркыт чапанга, Кармышак Сазан уулу чоң күмүш медалга жана 1-даражадагы нооту чепкенге арзыды. Мындан тышкары дагы 4 манапка Орусия мамлекетине өтөгөн пайдалуу эмгегинин өтөлгөсү катары нооту чепкендер тартуу кылынды. Бирок, 1868-жылы Нарын чеби курулганга чейин орус бийлиги чериктердин үстүнөн өз үстөмдүгүн реалдуу түрдө толук орното алган эмес. Ал эми Нарын чеби негизделген кезде чериктердин көпчүлүгү Ала-Тоо округуна карап, калганы Жакып бектин (Якуб бектин) карамагында турду. Кийин Жакып бектин мамлекети Чыгыш Түркстанда жоюлганда алар Кытай императорунун бийлигине өтөт.

1864—1865-жылдары Нарындын башын мекендеген бугу — тынымсейит уруусу, саяк уруусунун Кочкор, Жумгал, Кетмен-Төбөнү жердеген уруктарынын кыйласы Орусия курамына киргизилет. Ал эми Үмөтаалы бийлеген сарыбагыштар менен Осмон датка башкарган Тогуз-Торолук жана Ак-Талаалык саяктар (чоролор) орус бийлигине багынбай каршылык көрсөтүүнү уланта берди. 1865-ж. Орусиянын карамагына Ак-Талаадан Жум-

галга конуш которуп келген сарыбагыштын борукчу уругу (1000 түтүн) өтөт. Алардын башында манаптар Шамен, Кодоң, Байтели жана Жаманак турган.

1867-жылы жайында Нарынга полковник Полторацкийдин мыкты куралданган колу каптап келгенде Кара-Кужурдан тартып Ак-Сай, Чатыр-Көлгө чейинки кең аймакты (500 чакырым аралыктагы) ээлеп, 5—6 миң түтүн элди бийлеген Үмөтаалы багынып берүүгө мажбур болду. Ал эми Осмон Тайлак уулу болсо өз күрөшүү кайгылуу аяктаган соң, Чыгыш Түркстанга баш калкалай качып өтүүгө аргасыз болгон.

Ал кезде Кашкар, Жаркент, Хотан аймактарында Жакыпбек (Якуб бек) мамлекет түзүп бийлик жүргүзүп турган (1867—1877). Ал Осмонго колдоо көрсөтүп аны менен алака кылган. Осмон Жакыпбек көз жумган соң Теңир-Тоого кайтып келет. Анткени Жакыпбектин ууларынын ортосунда так талашкан чатактан мамлекет алсыраганда кытай аскерлери Кашкарды басып алышкан болучу (1877-ж. декабрь).

Борбордук Теңир-Тоо Орусия курамына күчтөп киргизилгенден кийин Ала-Тоо округунун улугу Үмөтаалыдан Эки-Чаттагы кармашта өлгөн эки жоокер жана жарадар болгон жети аскер үчүн кун доолады. Орус оторчу төрөсүнүн талабы боюнча ар бир өлгөн аскер үчүн 75 жылкы, жарадар болгон офицерге — 100 жылкы, 5 аскердин ар бирине 25 тен жылкы кун төлөнмөк (акчалай төлөсө 7500 сом, бир жылкы 20 сомго бааланган).

1868-ж. күзүндө 60 жаштагы Үмөтаалы белгиленген кунду жарымын акчалай, калганына жылкы төлөп кутулду. Ал орус бийлиги тарабынан эл башкаруудан четтетилип, 1879-жылы көз жумганга чейин жупуну, тынч жашады.

Ошентип Үмөтаалынын 1867-ж. багынып бериши менен Борбордук Теңир-Тоону каратуу аяктап, бүткүл Түндүк Кыргызстан Орусия курамына киргизилди. 1868-ж. Нарын жана Караколдо орус чептери курулуп аларда туруктуу аскер кошуундары турмай болду. Аскерлер кыргыз жериндеги Орусия дөөлөтүнүн тиреги катарында анын үстөмдүгүн, жаңыдан өз карамагына бириктирилген аймактагы чек аранын коопсуздугун камсыз кылмак жана коргомок. Эми Кыргызстандын түштүгүн Орусияга каратуу үчүн кеңири жол ачылып, орус оторчуларынын мүмкүнчүлүгү кыйла кеңейди. Түндүк кыргыз уруулары буга чейин кеңири аймакты каратып учу-кыйырына көз жетпес зор мамлекетке айланган Ору-

сия дөөлөтүнүн чеңгелинде калып, колониялык эзүүнүн ак падышалык тилкесине кабылды. Ал тилке узакка, 1917-жылкы февраль жана октябрь төңкөрүштөрүнө чейин созулду.

XIX КЫЛЫМДЫН 60-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ ТҮШТҮК КЫРГЫЗДАРДЫН КООМДУК-САЯСИЙ АБАЛЫ

I. КОКОН ХАНДЫГЫНДА САЯСИЙ АБАЛДЫН НАЧАРЛАШЫ. АЛЫМБЕК ДАТКА. АЛЫМКУЛ АТАЛЫК

50-жылдардын аягы 60-жылдардын башында ордодогу ич ара чыр-чатактардын ырбашынын натыйжасында Коқон хандыгынын саясий абалы өтө начарлап кетти. Хан сарайдагы так талашуулар, кайра-кайра кайталанган козголоңдор, хандардын тез-тез алмашып турушу хандыкты аябагандай алсыратып, Орто Азияга эки тараптан (Сыр-Дарыя жана Сибирь тилкеси) кысып келе жаткан Орусия аскерлеринин Фергана өрөөнүнө, Түштүк Кыргызстанды көздөй жылышын жеңилдетти.

Баштагыдай эле бул жылдары дагы хандыктын саясий турмушуна кыргыздар, кыргыз билермандары активдүү түрдө аралашып турду. Айрыкча Ош аймагы менен Алай өрөөнүн мекендеген кыргыздар саясий окуяларга көбүрөөк тартылып, айрым козголоңчу ханзаадалардын тиреги, өбөк-жөлөгү болушкан. Такты, таажыны тартып алуу тилеги ишке ашпай калган ханзаадалар кээде күрөштөн күдөр үзбөй кыргыздарга келип баш калкалашчу. Алсак, 1858-жылы Кудаяр хандын агасы Малля бек хандык бийликти тартып алуу үчүн козголоң уюштурууга камына баштаганда ага кыргыз, кыпчак феодалдары колдоо көрсөтмөй болгон. Бирок ордодо козголоң даярдалып жатканы ханга билинип калып Малля бек Ошко качып келет. Көп өтпөй козголоңчу ханзаада Кара-Сууга, Өзгөнгө жана Гүлчөгө келип Алайлык кыргыздардын кадыр-барктуу билермани айтылуу Алымбек датка Асан бий уулуна жардам сурап кайрылат. Алайдан Кара-Суу, Ош аймагына чейинки кеңири чөлкөмдү мекендеген кыргыз уруулары на баркы бар Алымбек датка Малля бекке колдоо көрсөттү. Натыйжада ал тез арада ханга нааразы кыргыз, кыпчак, өзбектерден чоң кол куроого үлгүрөт да Кудаяр хандын аскерлери менен айкашта жеңишке же-

тишип бийликти өз колуна алат (1858—1862). Ал эми Кудаяр Бухарага кире качып кутулган эле.

Малля хан өзүнө көмөк көрсөткөн кыргыз феодалдарынан мартаба мансаптарды, баалуу белек, тартууларды аяган жок. Тактыга отуруары менен жаңы хан Алымбек датканы Анжыяндын акими, Саитбек датканы Ходженттин акими, Молдо Касымды Нау чебинин беги кылып дайындайт.

Алымбек Мадалы хандын тушунда эле Кокон хандыгынын саясий турмушуна эртелеп аралашып 1831-ж. хандан Алайлык кыргыздардын улугу — датка мансабын алган. Ал адыгине уруусунун баргы ургугунан чыккан. Кокондуктардын зордук-зомбулугу күчөгөн учурда Алымбек датка өзүгө каршы элдик кыймылдын башында туруп эл, жер үчүн жан аябай күрөшкөн болучу. Буга 1845-жылкы Алай, Ош аймагындагы кыргыздардын хан бийлигине каршы күрөшү далил боло алат. Чыгыш Түркстандагы кожолор кыймылынан да ал четте калган жок. Алсак, 1847-жылы Кашкар аймагында цинманжуу үстөмдүгүнө каршы кыймыл күч алганда Алымбек датка бийлеген Алайлык кыргыздар ага катышып, Чыгыш Түркстандык уйгурлар менен кыргыздарга жөлөк болушкан.

Алымбек датка аркалык кыргыздар менен карымкатнашты үзбөй, Ормон хан, Жантай, Жаңгарач, Үмөтаалы, Осмон датка ж. б. чоң манаптар менен байланышып турган. Атүгүл, ал Кокон ханынын ага мамилеси бузулган кезде Ак-Талаа, Нарын, Ат-Башыга чейин тууганчылап келип, сыйлуу мейман катары кыйла убакыт туруп кеткени белгилүү. Анын Кара-Сууда жана Ошто турагы: короо-жайы, там-ташы, ээлик жери, дүкөндөрү бар эле. Кокон хандыгындагы эң ири медреселердин бирин Алымбек датка курдурганы маалым. Ак-Буура суусунун боюна курулган ал медресе кезинде билимдин очогу, калаанын сыймыгы болгон.

Арийне, Алымбек датканын кылган иши, кыял-жоругу тууралуу кеп кылганда калыстыктан тайбай анын мүнөзүнүн терс жактарын да эске алганыбыз жөн. Ал жан дүйнөсү, кулк-мүнөзү ошол кездеги оомалуу-төкмөлүү дүйнөгө шайкеш калыптанган саясий ишмер эле, ооматы колдо турганда акараат айткандарды карамүртөздүк, таш боордук менен аёосуз жазалап катаал бийлик жүргүзгөн. Кээде керт башынын кызыкчылыгы, мансап-мартаба үчүн күрөштө ал өз жакындарын да аячу эмес.

1860-жылга чейин Алымбек датка аким мансабында Анжыян вилайетин сурап турду. Ошол жылы орус аскерлери Бишкек, Токмок чептерин ээлеп алып кыйраткандан кийин Кокон ханы Чүйгө Ташкенттин беклербеги Қанаат-шаанын кол башчылыгы астында көп аскер жөнөтөт. Ошондо хандын буйругу (жардыгы) боюнча Алымбек датка өзү башкарган Анжыян вилайетине караштуу калктан кыйла жоокер топтоп Борбордук Теңир-Тоо аркылуу Сары өзөн Чүйгө Қанаат-шаага жардам бергени келет. Жол бою ал кыргыз айылдарын аралап кол жыйып, Куртка менен Қетмен-Төбөдө жигиттеринин санын 12 миңге чейин арбытканы маалым. Чүй өрөөнүндөгү кыргыз манаптары ага өтө кадыр-барктуу кол башчы катары сый, урмат көрсөтүшкөн болучу. Көп өтпөй орус аскерлери менен Узун-Агач, Қастектеги кармаш маалында Алымбек датка Қанаат-шааны тоготпой, анын буйругуна көнбөй өз бетинче аракет жасап кыргыз колун өзү башкарган. Кийин Қанаат-шаа ордого барганда Алымбекти ханга жамандап, «кылган кылмышы» үчүн аны оор жазага тартууну талап кылат. Бирок Малля хан Анжыян вилайетинде, бөтөнчө Алай өрөөнүндө зор кадыр-баркы бар Алымбек датканы жазалоого, аким мансабынан ажыратууга батына албады.

1861-жылы февралда хан өлкөнү аралап жүрүп Анжыянга келгенде Алымбектин душмандары аны ханга кайрадан жамандап жалаа жабышат. Ошондон соң хан ушак айыңга ишенип «ээн баш» датканы өлүм жазасына тартууга жашыруун бүтүм чыгарган эле. Айла-амал менен торго түшүрүп эч кимге билгизбей көзүн тазалаш үчүн Алымбекти Анжыяндан хан Коконго ордосуна чакыртат. Ошондо ордо кишилеринин бири митаам хандын караниет бүтүмү тууралуу Алымбек даткага озунуп кабар кылган болучу. Бул каңшаарды угаар замат ал Алайга качып барып, Кокон ханына каршы көтөрүлүшкө камына баштайт. Тез арада датка бүткүл Алай өрөөнүнүн кыргыз калкын — адыгине жана моңгуш урууларын толук бойдон ханга каршы кыймылга көтөрүп чыга алды. Бирок өтө шашылыш жыйналган, даярдыгы жетик эмес кыргыз кошууну саны арбын, мыкты жаракжабдыгы бар Кокон колунун кысымына узакка туруштук бере алган жок. Ошондуктан Алымбек Алайдан Борбордук Теңир-Тоого ооп келип Нарындын төрүндөгү кыргыз айылдарында туруп калат. Бул аймакты мекендеген сарыбагыштын чоң манаптары Үмөтаалы, Ажы, саяктардын чоң манабы Осмон ж. б. даткага колдоо

көрсөттү. Натыйжада козголоңчу датканы жазалоо максатында жөнөтүлгөн Қокон кошууну тоо арасындагы тар капчыгайга камалып кыргыздардын колунан кыргынга учурады.

1862-жылдын башы ченде Малля ханга каршы жаңы козголоң уюштурулуп, ага ордодогу хандын өтө таасирдүү жан-жөкөрлөрү менен бирге Қанаат-шаа дагы катышкан. Козголоңчулар Малля ханды өлтүрүп тактыга Кудаярды отургузууну көздөгөн болучу. Бирок козголоң даярдалып жатканын хан билип калып, аны уюштуруучулардын айрымдарынын башы алынды.

Ошол эле жылы февраль айынын аягында хан сарайда кайрадан козголоң уюштурулуп, Малля хан өлтүрүлүп анын аталаш иниси, Шералы хандын небereлеринин бири Шах-Мурат хан көтөрүлөт. Бу жолу козголоңду даярдоодо кыргыз феодалдары Алымбек датка менен Қыдырбек датка, Маргалаңдын акими кыргыз-кыпчак Алымкул, Түркстандын беги Шадман кожо, Кудайназар датка, Қытайбай ж. б. чечүүчү роль ойногону белгилүү. Ошондуктан жаңы хан Алымбекке вазир мансабын ыйгарган эле. Алымбек датка ордодон орун алганы менен анын вазирлик бийлиги узакка созулган жок. Қозголоңдон жарым жыл өтүп-өтпөй анын атаандашы, буга чейин үзөңгүлөш жүргөн Алымкул бийликти өз колуна алууну эңсеп көрүнүктүү аскер башылар Алымбек менен Қыдырбек датканын, Ырыскулдун, Кудайназар датканын көзүн тазалоого үлгүргөн болучу.

Ордо кишилери ич ара чатакка алагды болуп турган ушундай кырдаалда Бухарада жүргөн Кудаяр хан ага жан тарткан Ташкент беги Қанаат-шаанын чакыруусу боюнча Ташкенге келет (1862-ж. мартта). Қанаат-шаа Коконго келип аскер башчы мансабын алуу жөнүндө Шах-Мураддын сунушун четке кагып Кокондун анык ханы Кудаяр деп жарыя кылат. Көп өтпөй Кудаяр хан менен Қанаат-шаа Бухара эмири Музаффар ад-Диндин жардамы аркасында Коконду ээлеп, калаанын жанындагы кармашта жеңишке жетишет. Ал эми Шах-Мурад хан айкашта кыйла суюла түшкөн кыргыз, кыпчак колу менен бирге Қыргызстанга чегинип кетүүгө мажбур болгон эле. Бирок кыргыздар менен кыпчактар каңкор, зулум Кудаяр ханга каршы күрөштөн биротоло баш тарткан эмес. Элет элинин залим ханга каршы кыймылына эми кыргыз-кыпчак Алымкул менен Сарымсак бай жетекчилик кылды. 1862-ж. жайында алар Фергана өрөөнүндөгү чоң шаарлар — Анжыян, Наманган жана

ЧЫГЫШ ТҮРКСТАНДАГЫ ЭЛДЕРДИН ЦИН ДӨӨЛӨТҮНӨ КАРШЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КЫЙМЫЛЫ

I. ЙАКУБ-БЕК ЖАНА АНЫН «ЖЕТИ-ШААР» МАМЛЕКЕТИ ГАНЬСУ, ШЭНЬСИ, СИНЬЦЗЯН ПРОВИНЦИЯЛАРЫНДАГЫ ДУНГАНДАРДЫН КӨТӨРҮЛҮШҮ

XIX к. орто ченинде Цин дөөлөтүнүн түндүк-батыш аймактары — Ганьсу, Шэньси, Синьцзянды турак кылган калктар — дунган, уйгурлардын ж. б. абалдары өтө оорлоп кеткен эле. Өзгөчө, жердин жетишсиздиги жылдан жылга алардын турмуш-тиричилигин начарлаткан болучу. Дыйканчылыкка ыңгайлуу мыкты жерлерди көбүнчө Цин төрөлөрү тартып алып турушкан. Айдоо аянттарынын көпчүлүк бөлүгү жергиликтүү феодалдардын, аким-бектердин, көпөстөр менен сүткорлордун колунда боло турган. Эмгекчи калк алардан оор шартта ижарага чакан жер үлүшүн алууга мажбур болгон. Кургакчылык, табигаттын күтүлбөгөн кырсыктары кембагалдарды тез-тез ачарчылыкка жана кыргынга кабылтып турду. Эл массаларынын абалын цин бийликтеринин бой көтөрмө улутчул (шовинисттик), элдерди бири-бирине каршы тукуруу, бөлүп жаруучулук мүнөздөгү улуттук саясаты, майда элдерди жок кылуу аракети ого бетер оорлоткон. Барган сайын алык-салыктардын саны, өлчөмү өсүп, эзүүнүн жаңы түрлөрү арбып бара жатты. Буга ач көз цин төбөлдөрүнүн зордук-зомбулугу, аксым-зөөкүрдүктөрү кошул-ташыл болуп элдин кыжырын кайнаткан. Натыйжада 60-жылдардын башында Кытайдын түндүк-батыш аймактарын мекендеген калктар цин үстөмдүгүнө каршы жалпы элдик кыймылга чыгат.

Бул кыймыл 1862-жылы башталып дээрлик 15 жылга созулду. Күрөшкө дунгандар массалык түрдө катышып, айрыкча активдүүлүктү көрсөткөндүктөн аны тарыхчылар «дунгандар көтөрүлүшү» деп да атап жүрүшөт.

Көп өтпөй көтөрүлүш эң зор аймакты кучагына алды. Шэньси, Ганьсу провинциялары, Синьцзян провинциясына караштуу Жунгария, Чыгыш Түркстан чөлкөмдөрү элдик кыймылдын чордондоруна айланды. Дунгандар сыяктуу эле көтөрүлүшкө Кулжа (Или), Кашкар аймактарын жердеген уйгурлар дагы жигердүү түрдө катышышты. Или чөлкөмүндө уйгурларга канатташ казак калкы көмөктөшкөн. Ал эми Кашкар

тарапта кыймылга кыргыздар дагы тартылганы белгилүү.

Англия жана Франция сыяктуу Европалык күч-кубаттуу өлкөлөр менен болгон согушта жана тайпиндер көтөрүлүшүндө алдан тайый түшкөн цин-манжуу өкмөтү узак убакыт көтөрүлүштү баса албай убараланды. Көтөрүлүш кызыган кезде, 1864-жылы Кулжа (Илинин төрү) чөлкөмүндө өз алдынча эки хандык уюшулат. Алардын бири — Дунган хандыгы Үрүмчү аймагында, экинчиси — Таранчылар (уйгурлар) хандыгы Или провинциясында түзүлгөн. Мындан бир аз мурда, 1863-жылы Кашкар аймагында көтөрүлүш башталып, ага Аксу, Кашкар, Жаркент жана Хотан шаарларынын калкы аралашты. Кезинде элдик кыймылдын кеңири кулач жайышында Кучар шаарынын калкы да зор роль ойногон эле. Кучарда көтөрүлүш 1864-ж. жайында башталып анын демилгечилери дунгандардын чакан кошуунунун башчылары Машур-ахун, Малун ж. б. калаанын элин Цин төрөлөрүнө каршы күрөшкө үндөп чыгышат. Алардын кошуунуна көп өтпөй Алияр бек баш болгон уйгурлардын жоон тобу кошулган. Калаада турган аз сандагы кытай аскерлери көтөрүлүшкө чыккан калктын кысымына туруштук бере алган жок. Шаардагы бийликти цин төрөлөрүнөн тартып алган соң көтөрүлүштүн жетекчилери белгилүү «ак тоолук» кожолордун тукуму Рашид-ад-динге хандык бийликти сунуш кылышып анын макулдугун алышкан. Рашид-ад-дин Хан кожо аталып бийликти колго алат да Кашкар, Жаркент жана Хотанга жортуул уюштурат. Ошондо сопучулук жамааттар — «ак тоолук» кожолор менен «кара тоолук» кожолордун ортосунда ич ара жаңжал, бийлик талашуу кайрадан жанданган эле. Өз ара чатак аларды кытай төрөлөрүнө каршы боштондук күрөшүнөн бир топко алагды кылды. Мына ушундай кыйын кырдаалда Хан кожо кытайлыктардын бул жакка келе жаткан кылкылдаган көп аскерине каршылык көрсөтө албасына көзү жетип, Орто Азия хандыктары менен байланыш түзүүгө умтулган. Ошол кезде Кашкардагы кадыр-барктуу кишилердин бири кыргыз Садык бек боло турган. Анын кыргыз жигиттеринен куралган чоң кошууну болгон. Бирок анын жигиттери курал-жарак жана сан жагынан бир топ артыкчылык кылган кытай колунун чабуулуна туруштук бере алмак эмес. Ошондуктан ал Кокондун анык кожоюну Алымкул-аталыкка жардам сурап кайрылат.

Садык бек хан көтөрүш үчүн айтылуу Жаңгир кожонун уулу Бузурукту Кашкарга тезирээк жөнөтүүнү өтүнгөн.

1865-жылы (1864-ж.) Бузурук кожо Ак-Мечит чебинин мурдагы беги Йакуб бек (1820—1877) баштаган 50 жигиттин коштоосунда Кашкарга келет. Бузурук Кашкарга келээри менен Садык бек ага бийликти өткөрүп берип, жакын кенешчи катары ордодогу орчундуу орундардын бирин өзү ээлейт. Бирок көп узабай ордодо Садык бек менен Йакуб бектин ортосунда тең-тайлашуу күчөйт. Экөөнүн биринин өлүмү гана эрегишти токтотмок. Амалкөй Йакуб бек адеп эрегишүү башталганда эле Бузурукту Садык бекке каршы тукуруп, өртого от жакты. Натыйжада Садык бек жаалданган хандын каарынан хан сарайды таштай качып араң кутулду. Ал эми айла-амал менен Садык бекти ордодон сүрүп чыккан Йакуб бек башкы кол башчылыкка дайындалды.

1865—1867-жылдары Йакуб бек Чыгыш Түркстандагы Кашкар, Жаркент, Янги-Гиссар, Хотанда ж. б. ири шаарларда кытай төрөлөрүнүн бийлигин кулатып, өзү менен теңтайлашкан Хан кожо баш болгон кожолордун үстүнөн жеңишке жетишип, бийликти толук өз колуна алат. Ал түзгөн феодалдык мамлекет тарыхта «Жети шаар» мамлекети деген ат менен белгилүү. Аны Йакуб бектин же Багдөөлөттүн мамлекети деп да атап коюшат. Анткени ал Бузурук ханды Меккеге ажылыкка жөнөтүп хандык тактыны тартып алган соң өзүн «багдөөлөт» (бак, дөөлөтү башында, бакыт, бийлиги колунда деген мааниде) жарыялаган.

Кашкар чөлкөмүндөгү жана ага коңшулаш аймактарды (борбордук Теңир-Тоо) жердеген кыргыздар Чыгыш Түркстан элдеринин Цин дөөлөтүнө каршы боштондук кыймылына жигердүүлүк менен катышты. Йакуб бек дагы аларды өз тарабына тартууга аракеттенип, Орусияга кошулууну каалабай, падыша аскерлерине катуу каршылык көрсөткөн кыргыз манаптарын колдоп турган (Үмөтаалы, Осмон). «Багдөөлөттүн» атчандар кошуунунун көпчүлүк бөлүгү кыргыздардан куралбаганы бекеринен болбосо керек. Ошондой эле кыргыз жигиттери ордо шаарда кызмат өтөшүп, чабармандык милдетти аткарышкан. Хан аларды ар дайым өзүнө жакын кармоого тырышаар эле. Чек ара аймагындагы айрым кыргыз уруулары Йакуб бектин бийлигин таанып, ага салык төлөп ту-

рушкан. Атүгүл анын бийлигин чыңдоодо да кыргыздар кыйла эмгек сиңиргени маалым.

Йакуб бек Борбордук Теңир-Тоону өз ээлигине кошуп алууга умтулган. Эгерде анын мындай максаты ишке ашса мамлекети кыйла кеңейип, күч-кубаты артмак, кыштактарда, шаарларда дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана соодагерчилик менен жан баккан калкты кыргыздар эт, сүт, май, жүн, тери ж. б. азык-түлүктөр, мал менен жабдып турмак. Ал эми Йакуб бектин кыргыздарга кылган мамилеси бул аймакты өз энчиси катары эсептеген орус төрөлөрүнө жага берген эмес. Ошондуктан Ала-Тоо округунун улугу Теңир-Тоолук кыргыздарга карата «багдөөлөттүн» аракеттеринен чочулап үзбөй көз салып турган, алардын ынтымак-ымаласына жолтоо болуунун жолун издеген. Падыша өкмөтү Йакуб бектин мамлекетин атайлап тааныган жок. Бирок орус бийлиги Чыгыш Түркстандын жаңы өкүмдары менен байланыш түзүүдөн, соода, элчилик сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдөн баш тарткан эмес.

1868-ж. Улуу Британия (Англия) Йакуб бектин мамлекетин өз алдынча мамлекет катары таанып, эки өлкөнүн ортосунда элчилик байланыштар түзүлөт. Натыйжада «багдөөлөт» англиялыктардан жаңы курал-жарак 10 миң мылтык, бир нече (батарея) замбирек алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Көп өтпөй Йакуб бектин мамлекетин Түркия дагы тааныды. Түркия султаны Йакуб бекке эмир мартабасын ыйгарган. Англиянын элчиси Дуглас Форсейт Йакуб бектин өтүнүчү боюнча Петербургга келип падыша өкмөтүнүн өкүлдөрү менен бейтарап өлкө катары Кашкардын көз каранды эместигин тануу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн эле. 1872-жылы 6-майда Йакуб бек Ак-Сай өрөөнүндөгү Чатыр-Көлдүн жанында Түркстан генерал-губернатору Кауфман жөнөткөн орус элчилери менен жолугушуп, эки өлкөнүн ортосунда келишимге кол коюлат.

Келишимдин шарттарына ылайык орус соодагерлеринин Кашкарда соода жүргүзүү, анын ээлиги аркылуу бөлөк өлкөлөргө өтүү укугу кеңейип, такталган. Орус элчилери менен бирге Йакуб бек өз элчилерин Орусияга жөнөтөт. Бирок эки өлкөнүн ортосундагы мындай мамиле узакка созулбады. Орус аскерлери Хиваны басып алгандан кийин Йакуб бек Орусияга жүз үйрүп мамилесин үзөт да чектеш жерлерди орус төрөлөрүнөн

талаша баштайт. Ошондо эки ортодо эзелтен кыргыз элинин мекени Ат-Башы өрөөнү талашка түшкөн.

70-жылдары Түркстан генерал-губернатору орускашкар чек арасын аныктоо жана Ат-Башыда Орусия үстөмдүгүн биротоло орнотуу максатында бул тарапта көп аскер топтогон болучу. 1876-ж. майда Кашкарга капитан А. Н. Куропаткин (кийинки Түркстандын генерал-губернатору, Орусиянын согуш министри) атайын тапшырма менен келип, Орусия үчүн пайдалуу келишим түзгөн. Жаңы келишим боюнча чек ара масөлесинде Орусия дөөлөтү утушка ээ болду.

Ошол кезде кытай аскерлери кашкар-жунгар согушунун натыйжасында түзүлгөн оңтойлуу кырдаалдан пайдаланып, Жунгарияда цин-манжуу үстөмдүгүн калыбына келтирет. 1877-ж. июнда Йакуб бек көз жумгандан кийин анын уулдарынын ортосунда башталган так талашуу мамлекеттин кыйрашын тездетти. 1877-ж. декабрда кытай баскынчылары кайрадан Кашкарды ээлеп өздөрүнүн бийлигин орнотот.

Йакуб бектин феодалдык мүнөздөгү чакан мамлекети аз убакыт, болгону он чакты жыл жашаганы менен Чыгыш Түркстан элдеринин тарыхында маанилүү роль ойноду. Бул мамлекет цин үстөмдүгүнө каршы жергиликтүү калктын боштондук кыймылынын шарданында пайда болгон жана анын андан ары өнүгүшүнө түрткү берген. Бул жылдары Синьцзянда цин-манжуулардын бийлиги убактылуу жоюлду, баскынчылар түпкү элдин эркиндик үчүн айбаттуу күрөшүнө кабылып көптөгөн жоготууларга дуушар болду. Аскер күчтөрү жагынан артыкчылык жана Кашкардагы ич ара жаңжалдар гана цин төрөлөрүн жеңишке жеткирди.

II. ДУНГАН, КАЛМАК ЖАНА УЙГУРЛАРДЫН ЖЕТИ-СУУГА ЖУРТ КОТОРУУЛАРЫ. БИЙ ЯНХУ

Дээрлик 15 жылга созулган жалпы элдик кыймыл жеңилип калды. Эркиндикти эңсеп кан төккөн калк кытайлык аскерлердин аёосуз жазалоосунан аман калыш үчүн жер кезип кетүүгө, кыргыз, казактардын арасына корголоого мажбур болду. Адегенде көчө качканы сарт-калмактар эле. Алар 1866-жылы Жети-Сууга баш калкалап көчүп келишет да, бир нече жолку өтүнүчтөн соң 1869-ж. Орусия мамлекетинин букаралыгына кабыл алынат. Булардын уругу зорган деп аталчу.

Алты сумундан (айылдан) турган качкындардан алгач эки болуштук: бири Ысык-Көл үйөзүндө — Текес өрөөнүнүн төрүндө (1317 түтүн), кийинкиси Верный үйөзүндө (732 түтүн) уюшулат.

Кийинчерээк, 1882-жылы Жогорку Или чөлкөмү (1871-ж. Орусия ээлеп алган) Кытайга кайтарылганда алиги калмактардын көбү — 5 айыл Кытайга таандык аймакта калып, ал эми алтынчы айыл (240 түтүн) өз каалоосу менен Орусиянын ээлигинде калаары тууралуу бүтүм чыгарган. Аларды жалпы жонунан «кара калмактар» деп аташчу, ал эми өздөрү «өлөттөрбүз» (өлөт) дешчү (кыргыздарда малга-уйга жини келгенде айтылчу «өлөт алгыр» деген сөз бар). Түпкү теги боюнча сарт-калмактар моңголдордун батыш канаты ойротторго, анын ичинен кара калмактарга же өлөттөр тукумуна кирет.

1882-ж. Кытай менен Орусиянын ортосундагы жаңы чек ара Капкак аркылуу (Текес өрөөнүндө) такталгандан кийин сарт-калмактар эски журтта эки жыл кышташат да, 1884-ж. гана Көл кылаасына илгерилеп көчүп келишет. Көп өтпөй Каракол, Ырдык өзөндөрүнүн аралыгында Бөрүбаш, Челпек, Таш-Кыя аймагы алардын түбөлүк конушуна айланып, акырындык менен бул тегеректеги кыргыздарга ирегелеш сарт-калмактардын Бөрүбаш, Челпек кыштактары өсүп чыгат.

Качкындар адеп келгенде көлдүк кыргыздар аларга текебер мамиле жасап кыр көрсөтпөдү, тескерисинче алсыраган элдин демине дем кошту, өбөк-жөлөк болду. Натыйжада ач-жылаңач азганактай бир ууч эл тез арада ирденип, 1913-жылга карата алардын саны 240 түтүндөн 366 түтүнгө (2262 киши), ал эми 1916-жылга карата 483 түтүнгө (2,9 миң киши) жеткен.

Ал эми дунган калкы Кытайдан Жети-Сууга 1877—1884-жылдарда эки этап менен келишет. Биринчи этапта (1877-ж.) дунгандардын бул тарапка көчүп келишинин негизги себеби жогоруда аталган көтөрүлүштүн жеңилип калышы болгон. Орусияга алардын букаралык абалы 1881-жылкы орус-кытай келишими менен бекемделген. Бул келишимдин шарттарына ылайык дунгандарга жана уйгурларга Ата журтунда — Синьцзянда калуу же Орусия ээлигине көчүп кетүү эркиндиги берилген. Албетте, бул мурдатан эле башталган өз бетинче көчө качууну мыйзамдаштыруу гана болучу.

Алгачкы этапта дунгандар Орусия — Кытай чек арасын үч топко топтолуп, үч багытта бузуп өтүшөт.

Тилекке каршы 1877-жылкы кыш адаттагыдан тышкары, өзгөчө ызгаардуу болду, кар калың түшүп, ашуу-белдерди күрткү басты. Ага карабастан чымындай жандын айынан качкындар баарына кайыл болуп тобокелге салды.

Ганьсулук дунгандардын Да-Сы-Фу жол башчылык кылган миңден ашуун кишиден турган алгачкы тобу Турпандан жөнөп, 1877-ж. октябрдын аягы — ноябрдын башы ченде Беделдин белин ашып өтөт да Караколго жете келет (1166 киши). Качкындардан кыргыздар жардамын аяган жок, тамак-аштан, үй-жайдан каралашты. Кийинки жылы жазга маал келгиндерге Караколдун жанындагы көк өтөк Ырдыктан жер бөлүнүп берилген.

Кытай аскерлеринен куугунтук жеген дунгандардын дагы бир тобуна Ма-Да-Жэнь жетекчилик кылган. Синьцзяндык жана Ганьсулук дунгандардан куралган бул топ (2 миңдей киши) Ак-Суудан чыгып, Марал-Башы, Эргеш-Там ашуусу аркылуу Түштүк Кыргызстанга башпаанек издеп кире качат. Ошондо ач бел, куу жондо калган бечараларга жол бою кыргыздар эт-аштан, айран-сүт, ун-талкандан жана ат-көөлүктөн кол кабыш кылышкан. Атүгүл Оштон 600дөй ат, төө топтолуп, унаа жөнөтүлгөн.

Шэнсилик дунгандардын Быянху (Бий Янху) баш болгон тобунун да сапары оңойго турган жок. Кычыраган кыш чилдеде Торугарт, Таш-Рабат, Кызыл-Бел сыяктуу бийик белдерди ашып, өлгөндөн калган дунган качкындарынын бул тобу 1877-жылы декабрдын башы ченде (6-декабрда) Нарынга келет. Мында бир аз тынығып, аяк-башты жыйган соң, кайрадан жолго чыккан 3314 дунган декабрдын этегинде араң Токмокко жете келет. Жол бою кезиккен кыргыз айылдары жолоочуларга мал, дан, баш калкалаганга үй-жайдан (боз үй, алачык) каралашты. Ошондой эле Бий Янхунун өтүнүчү боюнча Токмоктон жолдогу кыргыз айылдарында калган оорукчан, сыркоо качкындар үчүн ун жүктөлгөн арабалар жөнөтүлөт.

Дунгандардын Жети-Сууга ооп келишиндеги экинчи этап орус өкмөтү Или чөлкөмүн Цин бийлигине кайтарып берүүсү менен байланыштуу. Или аймагын орус аскерлери 1871-ж. ээлеп алган эле. 1881-ж. Петербургда Орусия менен Кытайдын ортосунда Или чөлкөмүн кайтарып берүү жөнүндө келишим түзүлгөндө дунган, уйгурларга Кытай букаралыгында калуу же орустарга

караштуу Жети-Суу дубанына көчүп кетүү укугу берилген. Ошондо дунгандардын жаңы топтору жана уйгурлардын кыйла бөлүгү Жети-Сууга көчө башташат. 1884-жылдын аягына карата бул тарапка Илиден 1147 дунган үй-бүлөсү же 4682 адам ооп келди. Баш аягы Жети-Сууда 10 миңден ашуун дунган, 45 миңдей уйгур орун-очок алган.

Уйгурлар негизинен Верный (Алматы), Жаркент (Панфилов) үйөздөрүнө, дунгандар Бишкек, Ысык-Көл үйөздөрүнө жайгашат. Ал эми түштүк Кыргызстанга келген дунган, уйгурлар адегенде Ошко жакын жерде (Кара-Суу районунда) туруп калган болчу.

Дунган, уйгурлар Жети-Сууга ооп келген кезде бул аймакта падышачылык небак өз бийлигин орнотконго үлгүргөн болучу. Падышачылыктын Түркстандагы оторчул саясаты жер-суу маселесинде даана байкалып турду. Мыкты жерлердин бардыгын келгин орус дыйкандарына, казак-орустарга бөлүштүрүп берип, падышалык төрөлөр кыргыз, казактарды тоо-ташка, чөл-талаага сүрүп чыгарып жаткан эле.

Кийин керекке жаратуу үчүн ээн кармап турган жерлерден колониялык бийликтер дунгандарга убактылуу жер бөлүп бере баштайт.

Бий Янхунун тобу Токмоктон 8 км аралыкта Чүй суусунун оң жээгинде Кара-Коңуз өтөгүнөн орун-очок алып түбөлүккө туруп калышты. 1878-жылдын аягына карата Кара-Коңузга (азыркы Масанчын) отурукташкан дунгандардын бардыгы короо-жай, там-таш куруп алганга үлгүрүшкөн эле. Аларга 10306 теше жер берилген. Эзелтен дыйкан дунгандар жаз алды менен жер айдап буудай, жүгөрү ж. б. дан эгиндерин, калемпир, буурчак, сабиз, сарымсак ж. б. жашылчаларды эгишти. Кийинчерээк сууга жакын жерлерге шалы эге башташат.

Ал эми Сокулукка келген дунгандарга 2064 теше жер бөлүштүрүлгөн болучу. Бирок бул жер суудан өксүп тургандыктан аларга буудай эгиш үчүн ыңгайлуу Сокулук суусунан суу чыгарылган кыргыздардын жери ыйгарылат. 1883-ж. Сокулукта 333 үй-бүлө өздөрү курган үйлөрдө жашап калышкан. Ошентип мурда ээн жаткан жерде иш кагаздарында Александровка деп аталган кыштак өсүп чыгат. Кыргыздар бул кыштакты Сокулук, дунгандар Сохулу деп коюшчу. Дунгандардын айрым бир чакан топтору шаарларда калып, шаардын чет жакасында өзүнчө слободкаларды негиздешкен.

Мисалы, Бишкекте дунган слободкасы 1882-ж. пайда болгон. Адеп уюшулганда мында 150 үй-бүлө турчу. Мындай слободка Токмокто да негизделет.

Акырындап чачылган эл аяк-башын жыйды, учугу узарып үзүлгөнү уланды, тукуму өсүп саны арбыды. 1897-жылкы эл каттоо боюнча облуста жашаган уйгурлар 56 миңге жетип, дунгандардын санынын 14 миңден ашканы буга күбө (келгендегиси: уйгурлар 45 миң, дунгандар 10 миң эле).

Келгиндер Жети-Сууга көчүп келгенден кийин алар отурукташкан аймактарда 5 болуштук: Мариинск (Ырдык), Кара-Коңуз (кийинчерээк Николаевск аталган), Александровск (Сокулук), Жаркент (Жаркент үйөзүндө — Казакстанда), Жалпак-Дөбө (Олуя-Ата — Жамбылдан 5—6 км аралыкта) болуштуктары уюшулат.

Кыштактарда бийлик толугу менен болуштардын (волостной управитель), казылардын жана старчындардын (старшина — элүү башы) колунда болучу. Алар айылдардан атайын жөнөтүлгөн шайлоочулар чогулган жыйында үч жылдык мөөнөткө шайланышчу.

Акырындык менен болуштардын, старчындардын бийлиги күчөп, алык-салыктар арбыды. Буга падышачылыктын Түркстандагы колониялык саясаты кошулташыл болуп келгиндердин турмуш-тиричилигине терс таасир этпей койгон жок.

ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫ ОРУСИЯНЫН КАРАТЫП АЛЫШЫ

I. ТҮШТҮК КЫРГЫЗДАРДЫН КОКОН ХАНДЫГЫНА КАРШЫ КӨТӨРҮЛҮШҮ (1873—1876). КӨТӨРҮЛҮШТҮН СЕБЕПТЕРИ

XIX кылымдын 60-жылдарынын аягы 70-жылдарынын башы ченде хандыктын жалпы калкынын, анын ичинде түштүк кыргыздардын абалы өтө оорлоп кеткен эле. Кокон хандыгынын Орусиянын вассалына айланышы дагы буга себеп болду. Орусия мамлекети менен тирешүү учурундагы жеңилүүлөр, көп миңдеген калкы, Ташкент, Чымкент, Ходжент сыяктуу бай шаарлары бар зор аймактан айрылуу хандыкты аябай алсыратып, казынасын жардыланткан, ж. б. көптөгөн чыгашаларга дуушар кылган.

Таш боор, канкор хан жана анын жан-жөөкөрлөрү

чыгашаларды элдин эсебинен толуктоону көксөп салыктардын санын, өлчөмүн көбөйтүшөт.

Эзүүнүн ар кандай түрлөрү кыргыздардын абалын кыйла кыйындатып, зулум хан бийлигине каршы бөштондук кыймылына түрткөн.

Кокон хандыгына караган бөлөк аймактардагыдай эле Түштүк Кыргызстанда да мыйзамсыздык, зордукзомбулук жана аксымдык өкүм сүрүп элдин нааразылыгын күчөткөн. Хандын канкор аким, бектери бейкүнөө калктын канын төгүп кырып-жоюудан кайра тартканэмес. Кокондук сарбаздар эч себепсиз кыргыз айылдарын талап-тоноп, каршылык көрсөткөн кыргыздарды өлтүрүп коюшчу. Атүгүл секелек кыргыз кыздарын тартып алып, өспүрүм балдарды кулдукка сатып жиберишчү.

Кокон хандыгында айрыкча Кудаяр хан заманында алык-салыктын саны арбып, өлчөмү өскөнү маалым. Аксымдыгы, ач көздүгү менен калайык калкка жек көрүндү болгон Кудаяр хан хандык бийлигинин акыркы жылдарында казынасын байлыкка толтурууну, жеке өзү туйтнууну эңсеп алык-салыктын көптөгөн түрлөрүн ойлоп табат. Алсак, 70-жылдардын башына карата Кокон хандыгынын калкы салыктын 20 дан ашык түрүн төлөп турду. Бул кезде хандыкта мал салыгы, соода-сатык салыгы, эгинчилик, багбанчылык, көмүрчүлүк, камыш, чөп салыгы ж. б. салыктар алынчу, чычырканак кыркканда, куурай чогултканда, тезек тергенде да салык төлөнчү. Атүгүл Кудаяр хан дүйнөдөн кайткан кишинин мүлкүнүн кырктан бир бөлүгүн салык катары алуу адатын киргизген. Кыз күйөөгө чыкса, жигит үйлөнсө (10 теңге, 2 сом) салык төлөөгө милдеттүү болгон. Кыргыздар үчүн өзгөчө малдан алынчу зекет өтө оорлоп, ал мурдагыдан үч-төрт эсе көп алына баштайт. XIX кылымдын 30-жылдарында 100 койдон бир кой зекет алынса, 50-жылдарда 40 койго бир кой, 70-жылдарда 25 баш койго бир кой мал салыгы салынган. Булардан тышкары ар бир түтүндөн үчтөн кой, бирден жылкы аскер салыгы катары жыйналчу. Аскер салыгы адат боюнча согуш маалында жыйналууга тийиш эле, бирок хандын салыкчылары аны тынчтык учурда деле жыйнай беришчү. Элден ашыкча жыйнаган алык-салыктын эсебинен аким, бектер, салыкчылар (зекетчилер) оңой-олтоң байлыкка туйтунушуп, уламдан-улам алардын ач көздүктөрү артып бара жатты. Айрыкча Кудаяр хандын өзү аябагандай байып, анын байлыгы

7 млн. сомго (алтын акча менен) жеткен. Кудаяр хан таш боор, кара мүртөз, кыянат жана канкор хан болгон. Кийинки беш жыл ичинде гана (1866—1871) анын буйругу боюнча 3000 кишинин өлүм жазасына тартылганы буга далил.

Кыргыздар үчүн хандын аскеринде кызмат өтөө да кыйын иш, оор сыноо боло турган. Анткени аскер кызматынын атайын белгиленген мөөнөтү, чеги болгон эмес. Жоокерлер керектүү нерселерди: ат-көөлүк, курал-жарак ж. б. өздөрү камдачу. Тынчтык учурда түштүк кыргыздар ханга кызмат өтөө үчүн 500 атчан жоокер жөнөтүп турушкан. Ал эми согуш мезгилинде хан кыргыздардан каалашынча кошумча аскер алууга аракеттенген.

Өзбек кедей-кембагалдары сыяктуу эле кыргыз жарды-жарчылары да мамлекеттин, хандын пайдасына бекер иштеп беришкен: арык казышчу, арыктарды тазалашчу, жолдорду, көпүрөлөрдү, чептерди ж. б. курушчу, оңдошчу. Алардын эмгек шарттары адам чыдагыс, жашоосу өтө оор болгон, ар кандай жугуштуу оору-сыркоолорго тез-тез чалдыгып азап тартып турушкан.

Фергана өрөөнүндөгү кыргыздарга таандык дыйканчылык кылууга ыңгайлуу ойдуң жерлерден кыргыздарды сүрүп чыгуу алардын турмушуна терс таасирин тийгизбей койгон жок. Мындай кыянатчылык, кыргыз дыйкандарынын жерлерин тартып алуу Кудаяр хандын тушунда бөтөнчө күч алат.

Кокон ханы көпчүлүк учурда кыргыздардын үрп-адат, каада-салттарын эске албай жалаң шариятка таянып каалаганын жасачу.

Түштүк кыргыздардын жашоо шарттарынын уламдан-улам начарлашы, хандык эзүүнүн күндөн-күнгө күчөшү, аким, бектердин зордук-зомбулуктары Фергана, Алай, Анжиян аймактарынын зор бөлүгүн камтыган хан бийлигине каршы жаңы көтөрүлүштүн башталышына өбөлгө түздү.

II. КӨТӨРҮЛҮШТҮН БАШТАЛЫШЫ ЖАНА ЖҮРҮШҮ (БИРИНЧИ БАСКЫЧ, 1873—1874)

Тарыхта Кокон көтөрүлүшү деп аталып калган түштүк кыргыздардын эң ири боштондук кыймылы кеңири аймакты кучагына алып ага 100 миңден ашуун адам катышты. 1873-жылы башталып 1876-жылга че-

йин созулган бул көтөрүлүштү илимпоз тарыхчылар эки баскычка бөлүшөт жана антифеодалдык, элдик-боштондук мүнөздөгү кыймыл катары баалашат. Көтөрүлүштүн биринчи этабында (1873—1874) эл массалары түздөн-түз Кокон хандыгына каршы күрөшкөн. Ал эми экинчи этапта (1875—1876) кош душманга каршы күрөшүүгө, Кокон колунан тышкары падыша аскерлери менен да кармашууга туура келди. Анткени көтөрүлүшкө чыккан калктын чечкиндүү соккуларынан алсыраган Кокон ханына көп өтпөй падыша өкмөтү көмөк көрсөтө баштаган болучу. Кокон хандыгы ошол кезде падышалык Орусиянын вассалы, ага жарым-жартылай көз каранды мамлекет эле. Ошондуктан орус падышасына эмгекчи элге караганда хандын керт башынын кызыкчылыгы артыгыраак сезилген.

Көтөрүлүштүн алгачкы белгилери, учкундары 70-жылдардын башында эле байкала баштаган. Алсак, 1871-жылы эрте жазда Сох жергесин жердеген кыргыздардын арасында хан бийлигине каршы толкундоолор башталат. Толкундоолорго акырындап бүткүл Алайлык кыргыздар катышат. Көп өтпөй бул тарапка Кокон ханы башкы аскер башчысы Наиб Атабек баштаган 2 миң сарбазын жөнөтүп толкундоолорду күч колдонуу менен араң токтоткон болучу. Элет элине сүр көрсөтүп коркутуу үчүн сарбаздар колго түшүргөн 12 кишини хан Коконду өлүм жазасына тартат. Бирок хандын мындай таш боордук аракети кыргыздардын нааразылыгын ого бетер күчөтүп, аларды чыйралтты, эркиндик үчүн чечкиндүү күрөшкө түрттү.

Алайлык кыргыздардын толкундоолору Түштүк Кыргызстандагы жалпы элдик көтөрүлүштүн алгачкы эпкини гана болучу. Элдик боштондук кыймылынын кубаттуу толкуну 1873-ж. жаз-жай айларында башталып, тез арада кеңири аймакты кучагына алды. Хан салыгынын кескин арбышы көтөрүлүшкө шылтоо болгон. 1873-жылы жазында Кудаяр хан Кокондун түштүк-чыгыш тарабындагы кыргыз айылдарына салыкчыларын жиберип мурдагыдан үч эсе көп салык талап кылат. Буга чейин ар бир түтүнгө бирден кой салык салынса, эми ач көз хан үчтөн кой салык салган. Кыргыздар мындай хан салыкты төлөөдөн караманча баш тартып салык жыйнаганы келген төрөлөрдү токмоктоп, алар жыйноого үлгүргөн мал-мүлкүн тартып алышып, атүгүл айрымдарын өлтүрүп салышкан. Бул окуя тууралу кабар жетээри менен Кокон ханы кыргыздардын үшүн алып эч

кандай аёосуз жазалоо үчүн сыпайлар кошуунун жөнөтөт. Ошол кезде көтөрүлүшкө Алайлык кыргыздар активдүү катыша баштаган болучу. Көп өтпөй көтөрүлүшкө кыпчактар да кошула баштайт. Бирок сыпайлар менен айыгышкан айкашта начар куралданган кыргыз, кыпчактар жеңилип калат да 20 миң түтүн кыргыздар менен 10 миң түтүн кыпчактар тоо таяна чегинип кетет. Алгачкы жолку кармашта жеңилип калганы менен аксым хан бийлигине каршы көтөрүлгөн калк күрөштү биротоло токтотуп койгон жок. Кыргыздар менен кыпчактар жаңы кармаштарга чечкиндүү түрдө камданып жатышты. Улам жаңы аймактарга жайылып бара жаткан элдик кыймылдан чочулаган Кудаяр хан кыргыздарды айла-амал менен тынчытууну көздөп тоо арасындагы кыргыз айылдарына Абдурахман Афтобачыны жөнөтөт. Ал мындан бир аз мурдараак исламдын ыйык калаасы Меккеге барып ажы наамын алып кайткан эле. Кыргыз, кыпчак ичинде анын баркы бар болучу. Абдурахман Афтобачы кыргыздар менен кыпчактарды убактылуу күрөштү токтото турууга көндүрөт. Анын кеңеши боюнча кыргыз, кыпчактын кадырлуу аксакалдары — 40 киши хан ордосуна сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, элдин арыз-муңун, талаптарын айтуу үчүн элчилер катары жөнөтүлөт. Абдурахман Афтобачы алардын өмүрүнө, коопсуздугуна кепил болмок. Ал Кудаяр ханга элчилердин айткан арыз-арманын угууну, калкына аман-эсен кайтарууну, абайлап иш кылууну, көтөрүлүшкө чыккан кыргыз, кыпчактарды тынчтык жолу менен тынчытууну сунуш кылган. Бирок канкор хан эч кеп жебей, эпке келбей, айткан акылга көнбөй элчилердин башын алууга буйрук берет. Хандын мындай кылыгы, таш боордук менен жасаган мыкаачылык кылмышы калайык калктын кыжырын кайнатып ого бетер чыйралтты, кайратына кайрат кошту. Ушул кайгылуу окуядан соң кыргыздар Кокон хандыгына каршы ачыктан-ачык чечкиндүү күрөшкө көтөрүлөт. Эки тараптын ортосундагы эрегишкен кандуу кармаш 1873-ж. июль айында башталды. Көтөрүлүшчүлөр Өзгөндү жана хандын жашыруун казынасы катылган тоо арасындагы Сох чебин ээлеп алышат. Кыргыз, кыпчак кошуундары хандын бир тууганы, Маргалаң беги Муратбектин колун талкалап Коконду көздөй чабуул коюшат. Аз убакыт ичинде Өзгөн, Ош, Үч-Коргон, Сузак жана Булак-Башы сыяктуу калаа, чеп, кыштактар көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өтөт. Ушул жеңиштердин учурунда хандын 3 миңдей (айрым маалы-

маттар боюнча 5 миң) сарбазы (жөө аскери) көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кетет. Мындан тышкары 300 аскер туткунга түшкөн эле. Қоқондо туруудан корккон Кудаяр хан Маргалаңга көчө качат да Абдурахман Афтобачы кол башчылык кылган көп аскерин көтөрүлүштү басуу үчүн жөнөтөт. Бирок эки тараптан тең көп жоготуулар менен коштолгон бир нече жолку салгылашуудан кийин Төрө Қоргонго жакын жердеги чечүүчү кармашта Афтобачынын колу оор жеңилүүгө дуушар болду. Қол башы баш аламан качкан бирин-серин аскери менен Қоконго чегинет.

Көтөрүлүш уламдан-улам жаңы аймактарга кулач жайып ага кыргыз, кыпчактардан тышкары өзбектер да катыша баштайт. 1873-жылдын күз айларына карата түштүк кыргыздардын дээрлик бардыгы көтөрүлүшкө чыккан эле. Көтөрүлүш өтө күч алган кезде ага Түштүк Қыргызстанды мекендеген 42 урук (132500 түтүн кыргыз) катышкан. Бул аныс элдик-боштондук кыймыл болучу. Анын жүрүшүндө эл ичинен таанымал, эл ишенип ээрчиген жол башчылар чыкты. Алардын бири Мамыр Мерген уулу Анжыян кыргыздарынын кыймылына жетекчилик кылган. Ал эми чаткалдык кыргыздардын башында Момун Шамурзак уулу турган. Көтөрүлүштүн дагы бир жол башчысы Пулат хан (Исак молдо) болгон.

III. МАМЫР МЕРГЕН УУЛУНУН ЖЕТЕКЧИЛИГИ АСТЫНДАГЫ АНЖЫЯН КЫРГЫЗДАРЫНЫН КӨТӨРҮЛҮШҮ

Мамыр Мерген уулу Анжыянда туулган экен. Ал 1873-ж. жаз-жай айларында Анжыян кыргыздарынын көтөрүлүшүнө жетекчилик кыла баштайт. Көтөрүлүшкө чыккан кушчу, мундуз, багыш, басыз, карабагыш уруулары аны өздөрүнө жол башчы кылып алышкан болучу. Ал адегенде Ханабат калаасына чабуул жасап калааны ээлеп алат. Бирок Қоқондон келген кошумча аскер күчтөрү менен кийинки кармашта жеңилип 300 дөй кишисинен ажырайт. Ошондо колго түшкөн кыргыздарды кокондуктар мыкаачылык менен жазалашкан. Элдин жүрөгүнүн үшүн алыш үчүн ар бир кыштакка 5—7 туткунду алып келип казыкка олтургузуп кыйнап өлтүрүшөт. Сарбаздар аялдарды, балдарды да аяган эмес. Атүгүл боюнда бар аялдардын кардын жарып ымыркай балдардын өмүрүн кыюудан кайра тарткан

эмес. Бул жеңилүүдөн алсырай түшкөн кыргыздардын бир бөлүгү 1700 түтүн Жети-Суу облусуна караштуу аймакка тоо таяна көчө качат. Аларга кокондук төбөлдөр киши жиберип кайра кайтып келүүгө үгүттөйт. Натыйжада качкындардын кыйласы өз айылдарына кайткан болчу.

1873-ж. августун орто ченинде Өзгөн чөлкөмүндө кокондуктар кыргыздарга капысынан кол салат. Бу сапар кыргыздардан 40 киши өлүп, 60 киши туткунга түшөт. Бирок Кокон ханы кыргыздарды биротоло тынчыта албады. Болгону Мамыр Мерген баштаган көтөрүлүшчүлөрдүн жоон тобу күзгө жуук Тогуз-Торо тарапка, Кара-Кулжага убактылуу ооп кеткен эле. Кийинки жылы эрте жазда Мамыр Мерген хан бийлигине каршы кайрадан күрөш баштады. Ал тез арада Өзгөндү, Базар-Коргонду ээлеп, Анжыянга жортуул уюштурат. Кезинде ал Кашкар аймагын мекендеген кыргыздарды да көтөрүлүшкө тартууга, аларга таянууга аракет кылганы белгилүү. Көп өтпөй Кокон ханы Мамыр Мергендин көтөрүлүшүн басуу үчүн мыкты куралданган 2000 сарбаз жөнөтөт. Ахмат бек Батыр Башынын кол башчылыгы астындагы Кокон колу кыргыздарды Базар-Коргондон сүрүп чыгып жеңишке жетише алды. Бир тобу туткунга түшүп, мал-мүлкү олжого кеткен кыргыздардын кыйласы кайрадан Токмок үйөзүнө Капка капчыгайына көчүп кетүүгө мажбур болду. Эскерте кете турган нерсе көтөрүлүш учурунда орус бийлиги ар дайым падышалык Орусиянын вассалы — Кокон ханын колдоп турду. Падышалык чиновниктер кыргыздардын кыймылын басууда ханга ачыктан-ачык жардам көрсөтүүдөн да тартынбады. Алсак, 1874-ж. 15-июнда Нарындагы орус аскер акими жөнөткөн кошуун Мамыр Мерген уулун кармап келип, Токмок үйөзүнүн оёзу аны түрмөгө камайт. Кийинчерээк Түркстан генерал-губернаторунун буйругу боюнча элдик баатыр жол башчы зыяндуу адам катары Лепса станциясына сүргүнгө айдалган болчу. Орус бийлиги андан аябагандай чочулап катуу көзөмөлдөгөнү маалым.

IV. ПУЛАТ-ХАН. МОМУН ШАМУРЗАК УУЛУНУН ЖЕТЕКЧИЛИГИ АСТЫНДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШ

1873-жылы жайында Кокон хандыгына каршы күрөшкө көтөрүлгөн кыргыз уруулары — кутлук сеит, наймандарга Молдо Исак Хасан уулу (1844—1876) жол

башчылык кылды. Ал өзүн Алим хандын небереси Пулат хан атаган. Анын өз атасы ичкилик уруусунун бостон уругунан чыккан Хасан деген киши болгон. Хасан кезинде Маргаландагы «Ак медреседе» мударистик кылып бала окуткан. Исак атасынын жолун жолдоп адегенде башталгыч диний мектепте, кийин Кокон менен Маргалан медреселеринде окуган билимдүү киши болгон. Бир нече жыл Охна кыштагында, бостон уругунун арасында, конушунда жашагандыктан ал хан бийлигинин азабын тарткан кыргыз туугандарынын ой-тилегин, санаасын эң жакшы билчү. Ошондой эле анын хан ордосундагы опурталдуу окуялардан, хандыктагы саясий абалдан жетиштүү кабары бар эле. Анткени ал Анжыян, Ташкент шаарларында да айрым жылдарда жашап турган. Турмуштук мындай бай тажрыйба көтөрүлүш башталганда Исактын эркиндикти эңсеген элдин жол башчысы болуп калышынын башкы себеби болсо керек. Адегенде аны Чаткалга жакын арадагы Ала-Бука, Ахтам, Нанай, Көк-Жар, Мамай жана Сафид-Булан кыштактарынын аксакалдары Пулат хан катары кабыл алышкан. Андан кийин көтөрүлүшкө чыккан калк Пулат хандын жол башчылыгы астында Наманган шаарын көздөй жөнөйт. Сафид-Булан менен Ала-Буканын ортосунда көтөрүлүшчүлөр хан жөнөткөн жазалоочу кошуунга кол салып аны зор жоготууга дуушар кылышат. Эми Көкүмбай жана Юмалах-шейх кыштактарынын калкы да Пулат хан тарабына өтөт. Кудаяр хан Наманган, Төрө-Коргон жана Яны-Курган калаалары нан көп аскер топтоп Пулат ханга каршы жөнөтөт. Хандын аскери сан, курал-жарак жагынан көтөрүлүшкө чыккандардан бир топ артыкчылык кылган. Эрегишкен салгылашуу Кокон колунун жеңиши менен аяктап, Пулат хан Чаткалга чегинип кетти. Ошондон көп өтпөй лейлектик кыргыздар көтөрүлүшкө чыккан болчу. Адеп көтөрүлүш башталганда эле Кокондон келген кошуунду тыптыйпыл талкалоого үлгүргөн кыргыздарды жазалоо максатында хан Лейлекке Абдурахман Афтобачы баш болгон 1000 аскерди шашылыш жиберет. Ал айлакерлик менен адегенде элди алдап таркатат да 400 кишини колго түшүрүп Коконго айдап келет. Аларды хан өлүм жазасына буйруду.

Июлдун аягы ченде Чаткал кыргыздары залим ханга каршы чечкиндүү күрөшкө көтөрүлдү. 10 миңдей адам катышкан бул кыймылга Момун Шамурзак уулу жана Пулат хан жетекчилик кылышты. Көтөрүлүшчүлөр Чат-

калдан Алабука капчыгайы аркылуу Қасан шаарын көздөй жөнөп жолдо Чартак, Яны Курган чептерин ээлешет. Қасандын акими Төрө-Қоргонго качып кетип бул калаанын калкы кыргыздарга кошулуп кетет.

Күндөн күнгө күч алып бара жаткан элдик кыймыл хандын шаштысын кетирди. Аргасы түгөнүп айласы кеткен Кудаяр хан аскеринин дээрлик баардыгын — 7 миң сыпай, 1000 сарбазды көтөрүлүштү эптеп токтотуу үчүн жөнөтөт. Начар куралданган, жакшы уюшулбаган, даярдыгы мажес карапайым калк кам-кашеги шайма-шай хан аскерлери менен кармашта жеңилип калды. Төрө-Қоргондун жанындагы айкашта Мусулманкул өлүп, Пулат хан Қокондун түндүк-батыш тарабына тоо аралай качып кутулду. Ал эми Момун Шамурзак уулу Чаткалга кайтат.

Ушул окуялардын учурунда Түркстан генерал-губернатору ачыктан-ачык Қокон ханына колдоо көрсөттү. Анын буйругу боюнча Олуя-Ата үйөзүнүн оёзу жергиликтүү бир нече болушту Момун Шамурзакты таап кармап келиш үчүн Чаткалга жөнөтөт. Алардын артынан Чаткалга казак-орустар кошууну келет да элдик жол башчы кармалып, 1874-ж. 24-августта Олуя-Ата түрмөсүнө камалат. Бирок көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар хандын аскерлерине каршы күрөштү уланта берди. Алсак, Абдурахман Афтобачы кол башчылык кылган Қокондук аскерлер менен кыргыздардын ортосунда кийинки кагылышуу сентябрда Намангандын түндүк тарабында Қызыл-Тогой деген жерде болду. Бул кармаш көтөрүлүшчүлөрдүн толук жеңилиши менен аяктады. Көп өтпөй Қокон хандыгы Чаткал аймагындагы элдик кыймылды күч колдонуп басып коё алды. Ошентип, 1874-жылдын ноябрь айынын орто ченинде Қокон хандыгына каршы кыргыздардын элдик боштондук күрөшүнүн биринчи этабы аяктайт. Көтөрүлүштү басууда хандын жазалоочу аскерлери мыкаачылыктын үлгүсүн көрсөтүшүп эч кимди, атүгүл балдарды, аялдарды, чалкемпирлерди да эч аяшкан жок. Далай айылдарды, кыштактарды талап-тоноп, өрттөп, жүздөгөн адамды дарга асышты. Қыргыз айылдарын кыйратып көтөрүлүшчүлөрдү аёосуз жазалоодо сиңирген эмгеги, канкор ханга кылган «ак кызматы» үчүн Абдурахман Афтобачыга парваначы наамы ыйгарылды.

Кудаяр хандын эзүүсүнө каршы кыргыздардын көтөрүлүшү күчтөп басылганына карабастан Қокон хандыгын кыйла алсыратты. Элдик кыймыл биротоло

токтоп калган жок. Кыштын келиши, ашуу-белдерге калың кар түшүп жолдун бүтөлүшү, катнашуунун кыйындашы кыргыздарды убактылуу тынч турууга мажбурлады. Алар алдыда боло турган дагы далай кармаштарга камынып жатышты.

Көтөрүлүштүн жүрүшүндө орус төрөлөрү, орус падышасы ханга жан тартып, жардам көрсөтөрүнө, анын таламын талашарына кыргыздардын биротоло көзү жетти. Ошондуктан алар мындан ары орус падышасына, падыша өкмөтүнүн душмандык аракеттерине да каршы күрөшмөй болушкан.

V. ЭЛДИК КЫЙМЫЛДЫН ЭКИНЧИ ЭТАБЫ

Көтөрүлүштүн экинчи этабы 1875-ж. июль айынын орто ченинде Өзгөн шаарынын айланасындагы кыргыздардын жаңы кыймылы менен башталат. Кудаяр хандын аксымдыгы менен элди эзүүнүн ого бетер күчөшү көтөрүлүштүн жаңы жогорулашына себеп болгон. Ач көздүгү ашынган хан мурдагы адаты боюнча салыктын жаңы түрлөрүн ойлоп табууну, аны арбын алууну уланта берген. Айрыкча кыргыздардын абалы оор болуучу. 1874-ж. күзүндө кыргыздарга көтөрүлүш чыгарганы үчүн айып катары кошумча салык салынган. Мурдатан төлөп келген зекеттен тышкары кыргыздар аскер кызматын өтөө үчүн атчан, курал-жарак менен жабдылган жигиттерден чоң кошуун жөнөтүүгө милдеттендирилет («кыл куйрук»). Хандын мындай кордугу калайыктын нааразылыгын күчөтүп кайрадан күрөш башташына түрткү болду. Кыргыздар менен кыпчактар активдүү катышкан бул жалпы элдик көтөрүлүшкө Пулат хан жетекчилик кылды. Кыймылга өзбектер да катышканы маалым.

1875-жылдын башында Пулат хан Чаткалдан хандыктын түштүк-батыш тарабына Лейлекке келип жергиликтүү кыргыздардан кол курай баштайт. Бул кезде Лейлектик кыргыздардын арасында хан бийлигине каршы жаңы толкундоолор башталып калган болчу. Бирок кыргыз, өзбек эмгекчилеринин хандын эзүүсүнө каршы чечкиндүү күрөшкө чыгышы июль айына туура келет. Ошол кезде көтөрүлүш Ош, Өзгөн шаарларына чейинки кеңири аймакка кулач жайып анык жалпы элдик кыймылга айланган эле. Ага калктын ар кандай катмарлары: дыйкандар менен малчылар, соодагерлер ме-

нен кол өнөрчүлөр, феодалдар менен динчилдер катышкан. Көтөрүлүштү тез арада басыш үчүн Кудаяр хан Абдурахман Афтобачы ж. б. аскер башчылар кол башчылык кылган 4 миң аскерин жөнөтөт. Бирок хандын аскерлери июлдун орто ченинде Үч-Коргон кыштагына келген соң көтөрүлүшчүлөр тарабына өтүп кетет. Алардын артынан Кудаяр ханга өзүнүн тун уулу, Анжыян вилайетинин беги Насреддин чыккынчылык кылып, 5 миң аскери менен көтөрүлүшчүлөргө кошулат. Көп өтпөй көтөрүлүшчүлөр тарабына хандын бир тууганы, Маргалаң беги Султан Муратбек өтүп кеткен болучу. Айта кетчү нерсе алардын ар биринин жашыруун максаттары ич ара ханга таарынычтары бар эле. Эң башкысы алардын бардыгы эркиндик үчүн күрөшкө чыккан элге таянып, бийликке жетүүнү, хандык тактыны ээлеп алууну эңсеген, керт башынын кызыкчылыгын ойлогон. Убактылуу көтөрүлүшчүлөргө кошулганы менен ханзаадалар, хандын аскер башчылары калктын мүдөөтилегин орундатмак эмес.

Өзбек, кыргыз, кыпчактардан куралган Қокон колунун көпчүлүк бөлүгүнүн көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кетиши көтөрүлүштүн ого бетер күч алышына шарт түздү. Натыйжада кыска убакыттын ичинде көтөрүлүшчүлөр Ош, Наманган, Анжыян жана Асаке, Маргалаң шаарларын ээлеп, ордо шаар — Қоконго жакындап кирип келишет.

Көтөрүлүштү токтото албасына көзү жеткен Кудаяр хан 20-июлда Түркстан генерал-губернатору Қауфманга киши жиберип, Қоконго тезирээк орус аскерлерин жөнөтүүсүн өтүнөт. Бирок хан жардамдын келишин күтпөй 22-июлда Қокондон чыгып кетип жаткан орус элчилери менен кошо орус аскерлеринин коштоосунда Ходженттеги орус төрөлөрүнө корголоп ордосун таштай качты. Көп өтпөй көтөрүлүшчүлөр Қоконду ээлеп салт боюнча ханзаада Насреддин бек хан көтөрүлөт. Ал эми Пулат ханды Абдурахман Афтобачы баш болгон феодалдык төбөлдөр Махрам чебине камап коюшкан. Кийинчерээк ал камактан качып чыгып Чаткалга кеткен.

Насреддин Қокондо хан көтөрүлгөндөн кийин Абдурахман Афтобачы менен бирге көтөрүлүшкө чыккан элге таянып хандыктын толук көз каранды эместигин, мурдагы чек арасын калыбына келтириш үчүн падышалык Орусияга каршы күрөшө баштайт. Бирок Насреддин хандын жана анын жан-жөкөрлөрүнүн мындай аракети ийгиликсиз аяктады. Анткени падыша аскерлери

курал-жарагы, саны, машыгуусу жагынан кыйла артыкчылык кылган, аларды көптөгөн салгылашууларда такшалган атайын билими бар аскер башчылар башкарган. Ошондуктан Кауфман башкарган орус кошууну Махрам чебинин жанында Кокон колуна сокку уруп, 29-августта Коконду ээлейт. Сентябрь айында падыша аскерлери салгылашуусуз Маргаланды ээлеп полковник Скобелев башкарган кошуун Абдурахман Афтобачынын колунун артынан сая түшүп Миң-Төбөдө өткөн айкашта жеңишке жетишет. Андан соң Скобелев Ош шаарына кирип барат. 22-сентябрда түзүлгөн жаңы келишим боюнча Кокон хандыгы Орусияга мурдагыдан да көбүрөөк көз каранды болуп калат. Келишимдин шарттарына ылайык Кокон хандыгы өтө көп өлчөмдө, 1876-ж. тартып жылыга 500 миң сом контрибуция төлөмөк, Сыр-Дарыянын оң жээгиндеги Кокон хандыгынын ээлиги Орусиянын карамагына өтмөк. Жаңыдан Орусия ээлигине өткөн Наманган чөлкөмүнүн акимдигине кийинчерээк полковник Скобелев дайындалат. 28 пункттан турган бул келишим падышалык Орусия тарабынан талоончул мүнөздөгү келишим болучу. Бул келишим кыргыз, кыпчак, өзбек ж. б. калктардын үстүнөн эзүүнү күчөтүп, алардын абалын ого бетер оорлотту. Натыйжада орус төрөлөрү менен ымала кыла баштаган Насреддин хандын эл ичинде баркы кетип, ага нааразы калк кайрадан көтөрүлүшкө чыгат. Хан бийлигине, анын колдоочусу орус бийлигине каршы элдик кыймылдын башында кайрадан Пулат хан турду. Насреддин хандын хандык бийлигин таануудан баш тарткан кыргыз, кыпчак билермандары Анжыянга жакын Бута-Кара кыштагына чогулуп, Пулат ханды эзелки салтка ылайык ак кийизге отургузуп хан көтөрүшөт. Ошондо Түркстан генерал-губернатору Кауфман хандыктын калкына атайын чакырык менен кайрылып, Пулат ханды кармап берүүнү, Насреддин ханга баш ийип көмөк көрсөтүүнү талап кылган болчу. Ошол эле учурда Кауфман көтөрүлүштү тезирээк басыш үчүн Анжыянга генерал-майор Троцкийдин ири аскер бөлүгүн жөнөткөн. Орус аскерлерине каршы күрөшүү максатында Анжыянга жыйылган 70 миңге жакын өзбек, кыргыз. кыпчактар душманга катуу каршылык көрсөтүп жан аябай салгылашты. Бирок даярдыгы, курал-жарагы начар, жакшы уюшулбаган көтөрүлүшчүлөр акыры жеңилип Анжыян шаары жоонун колуна өттү.

Бирок элдик кыймыл хандыктын бөлөк аймактарын-

да улана берет. Айрыкча Асаке кыштагы жайгашкан аймак көтөрүлүштүн чордонуна айланып, бул жерге туш тараптан эл агылып келе баштайт. Асакеде убактылуу туруп калган Пулат хан аз убакыттын ичинде 12 миң атчан аскер топтогон болучу. Алардын негизги бөлүгүн кыргыздар түзгөнү белгилүү. Көп өтпөй Пулат хандын колу Файзабаддын жанында Насреддин хан жөнөткөн Султан Мурат-бектин колун талкалайт. Анжыяндын алды жагындагы салгылашууда ал орус аскерлерине сокку урат. 9-октябрда Пулат-хан баш болгон көтөрүлүшчүлөр хандын аскерлери менен акыркы ирээт салгылашып жеңишке жетишишет да бир нече күндөн кийин Коконду ээлеп алышат. Ал эми Насреддин хан орус төрөлөрүнө корголоп Ходжентке качып кетет. Ордо шаардын жана анын айланасындагы кыштактардын калкынын ханга каршы толкундоолору жеңишти кыйла жеңилдеткен эле.

VI. КӨТӨРҮЛҮШТҮН БАСЫЛЫШЫ. КОКОН ХАНДЫГЫНЫН ЖОЮЛУШУ

Күндөн күнгө күч алып бара жаткан жалпы элдик кыймыл падышалык чиновниктерди чочутуп шаштысын кетирди. Ошондуктан Түркстан чөлкөмүндөгү орус төрөлөрү көтөрүлүштү биротоло токтотуу максатында шашылыш чара көрө баштайт. Алсак, Түркстан генерал-губернатору падыша өкмөтүнө Кокон хандыгын жоюуну, хандыктын ээлигин Орусияга толук каратууну, орус бийлигине каршылык көрсөткөн аймактарга ири аскер бөлүктөрүн жөнөтүүнү сунуш кылган. Падыша өкмөтү бул сунушту колдоп тез арада көтөрүлүштү басуу жана хандыкты Орусия курамына киргизүү жөнүндө Түркстан акими Кауфманга көрсөтмө берген. Ушул максатта Кауфман Эки-Суу арасына генерал Скобелевдин кол башчылыгы астында мыкты куралданган падыша аскерлеринин жүрүшүн уюштурат. Аларга Нарын жана Кара-Дарыя аралыгындагы аймактагы кыргыз, кыпчак калкын талап-тоноо, аёосуз жазалоо милдети жүктөлгөн. Анткени ушул аймактын калкы элдик кыймылга өтө активдүү катышып, кезинде Кокон ханына, орус бийлигине катуу каршылык көрсөткөн. Жүрүш 1875-ж. 25-декабрда башталып, кийинки жылдын алгачкы айынын аягына чейин созулду. Ага үч миңге жакын аскер катышты. Ушул жортуул учурунда Скобелев-

дин кошууну Эки-Суу арасындагы кыргыз, кыпчактардын кыштактары Сармак, Пайтак, Ходжават, Ак-Мазар, Лугумбек, Караянтак, Кайрабат, Капан-Кышлак, Жангыз-бак ж. б. кыштактарды талап-тоноп, өрттөп жиберишет. Орус аскерлери менен жергиликтүү калктын ортосунда айыгышкан кармаш Анжыяндын алдында болуп өттү. Бул салгылашуу да падыша аскерлеринин жеңиши менен аяктап 1876-ж. 9-январда Анжыян шаары экинчи ирет орус бийлигине багындырылат. Тарыхый маалыматтарга караганда Анжыянды коргоо үчүн салгылашта 1000 киши көз жумган (айрым маалыматтар боюнча 20 миң). Ушул окуялардан кийин Абдурахман Афтобачы баш болгон айрым ак сөөк феодалдык төбөлдөр күрөштү токтотуп орус падышасына баш ийип беришет. Ал эми Пулат хан болсо өжөрлөнүп күрөштү уланта берди.

1876-ж. 28-январда падыша аскерлери Пулат хандын акыркы таянычы Үч-Коргон чебине капысынан чабуул коюп аны чептен сүрүп чыгышат. Көп өтпөй көтөрүлүштүн жол башчысы Исфара капчыгайында чыккынчылык менен туткунга түшүп, 19-февралда Анжыяндагы орус төрөлөрүнө тапшырылат. Аскер сотунун чечими боюнча аны 1-мартта Маргаланда дарга асып өлтүрүшкөн. Пулат ханды дарга асаарда эл көп келип, аянтка батпай кеткендиктен дарды төрт тарабынан аскерлерге курчатып элди тосуп турууга туура келди.

Ошентип элдик кыймыл акыры жеңилүү менен аяктады. Анткени ал негизинен чачкынды мүнөздө жүргөн, алдын-ала жакшылап уюшулган эмес. Көтөрүлүштүн жүрүшүндө ага жалпы жетекчиликти бир жол башчы колго ала алган жок. Көтөрүлүшкө бир нече жол башчы жетекчилик кылып, алар көпчүлүк учурда өз ара макулдашпастан чачкынды, баш аламан аракеттенишкен. Карапайым калктын, а түгүл алардын жол башчыларынын да атайын аскердик даярдыгы жок эле. Көтөрүлүшчүлөрдүн курал-жарагы да начар, жетишсиз болчу. Көтөрүлүштүн жеңилишине айрым феодалдык төбөлдөрдүн ич ара чыр-чатагы, чыккынчылыгы да себеп болгон.

Көтөрүлүш жеңилиш менен аяктаганына карабастан анын тарыхый мааниси зор. Кокон көтөрүлүшү XIX кылымдагы кыргыздардын боштондук кыймылынын эң ириси, күбаттуусу жана жаңы баскычы эле. Көтөрүлүш учурунда кыргыздар кыйла такшалып, эркиндик үчүн күрөштүн тажрыйбасын байытышты. Дал ушул жалпы

элдик кыймыл Кокон хандыгын аябагандай алсыратып, хандыктын кийинки тагдырын аныктады.

Көтөрүлүш басылгандан кийин Кокон хандыгы жоюлуп анын ээлигиндеги аймакта 1876-ж. 19-февралдагы орус падышасынын буйругу боюнча Фергана области уюшулат. Түштүк Кыргызстанды да кучагына алган жаңы область 1867-ж. түзүлгөн Түркстан генерал-губернаторлугуна караган. Жаңы областтын аскер губернатору кызматына Фергана аймагын Орусияга каратууда кыйла «эмгек сиңирген» генерал-майор М. Д. Скобелев дайындалды.

VII. АЛАЙЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫ ОРУСИЯГА КАРАТУУ. КУРМАНЖАН ДАТКА

Кокон хандыгы жоюлган кезде түштүк Кыргызстандын тоолуу аймактары, Алай ж. б. кээ бир өрөөндөр али орус мамлекетине каратыла элек болучу. Алайда кыргыздын моңгуш, адыгине, ичкилик уруулары жашачу. Алардын жалпы саны 15 миң (бөлөк эсеп боюнча 17 миңден ашык) түтүнгө же 75 миң кишиге жакын эле. Алайлык кыргыздар көпчүлүк учурда Кокон ханын анчейин тоготпой хан бийлигине жарым-жартылай гана баш ийип келишкен.

Кокон хандыгы Орусияга биротоло каратылгандан кийин алайлык кыргыздар орус бийлигине баш ийгиси келбей өз алдынча болууга аракеттенишет. Ошондуктан алар Алайга жортуул уюштурган падыша аскерлерине чечкиндүү каршылык көрсөтүштү. Бул кезде Алай өрөөнүн атактуу Алымбек датканын жесири Курманжан датка (1811—1907) бийлеп турган. Ал эми Алымбек датка 1863-ж. Кокондо хан ордосундагы кезектеги козголоң учурунда киши колдуу болгон. Бир сапар Кудаяр ханга колдоо көрсөтүү үчүн Ошко чейин келген Бухара эмири Саид Музафар-Эддин Курманжандын акылына муюп, көсөмдүгүнө, билгичтигине ыраазы болуп ага датка наамын ыйгарган. Курманжан датка 1811-жылы моңгуш уругунан чыккан Маматбай деген орто чарбалуу кишинин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1829-жылы аны 18 жаш курагында кудалашкан жерине күйөөгө беришет. Курманжан күйөөсүн (Кул Садыяр уулун) той өткөн күнү биринчи жолу көрүп, ага көңүлү тойгон эмес. Үч жылдан кийин ал алгачкы күйөөсү менен ажырашат да, 1832-жылы Алайдын акими Алым-

бек датқа күйөөгө чыгат. Ошондон тартып Курманжан ар дайым Алымбек датканын көзү өткөнчө эң жакын кеңешчиси, акыл кошор ишенимдүү зайыбы болду.

Кезинде Курманжандын көрөгөч көсөмдүгү, сактыгы аркасында Алымбек датка бир нече жолу Кокондук кыянат төрөлөр ага каршы уюштурган козголоңдордон кутулуп кеткени, ажалдан аман калганы маалым. Кийинчерээк Кудаяр хан экинчи ирет хандык бийликке келгенде Курманжан Коконго ордого келет. Ошондо хан аны жакшылап кабыл алып Алайдагы бийлигин, датка наамын бекемдеген. Ал эми анын уулу Абдылдабек Оштун акимдигине дайындалган эле. Бухара эмири менен Кокон ханы сыяктуу эле Кашкардын ханы Якуб бек дагы Курманжанга урмат көрсөтүп жылыга элчилерин, көп белек жөнөтүп турган.

Курманжан датканы өз эли да абдан сыйлачу, эл арасында анын кадыр-баркы өтө жогору эле. Ал ар дайым адилеттүүлүк, чындык үчүн күрөшкөн, элинин бейкуттугу, ынтымагы үчүн жанын үрөп кызмат кылган. Курманжан датканын акылман жана көптү билген көрөгөч саясатчы, коңшу өлкөлөр менен алака-мамилени оңтойлуу туура нукка сала билген, элчиликтин сырын мыкты өздөштүрүүгө кудурети жеткен көсөм жол башчы болгон.

Кокон хандыгы Орусияга каратылгандан кийин Алайлык кыргыздардын көз каранды эместик үчүн падыша аскерлерине каршы күрөшүнө датка айымдын Абдылдабек, Оморбек баш болгон балдары жетекчилик кылды.

Адегенде Алай менен Гүлчөлүк кыргыздар орус оторчуларынан окчун туруп, алардан алыс болуу максатында тоо таяна журт которушат. Өз эл-журту менен бирге Курманжан датка дагы Кашкарга чектеш, Көк-Суу өрөөнүнө көчкөн эле. Бирок жаңы журт жайлуу болбой Алайга кайра кайтууга туура келди. Анткени Кашкарлык төрөлөр датка айымдын жана анын ээрчите келген элинин төрт түлүк күтүрөгөн көп малына көз артып талап ала баштаган болчу.

Түркстандагы орус бийлиги Алайлык кыргыздарга ачык эле кысым көрсөтүп тез арада баш ийип берүүнү талап кылды. Алардын мындай зордугу кыргыздарды ого бетер чыйралтып, чет жерлик баскынчыларга каршы чечкиндүү күрөшкө түрткөн. Алсак, 1876-ж. мартта Түркстан генерал-губернатору Алайга жаңы ээликтерди каратуу, элдик кыймылдарды аёосуз жазалоо боюн-

ча бай тажрыйбасы бар генерал-майор М. Д. Скобелевди жөнөтүп кыргыздардан үч күндүк мөөнөттө баш ийип берүүнү жана ар бир түтүнгө салык төлөй баштоону талап кылат. Эгерде кыргыздар талапка көнбөсө аларды күч менен мажбурлоо жөнүндө Скобелевге көрсөтмө берилет. Арийне, кыргыздар өз ыктыяры менен багынып берген жок. Элет эли ата-конуш ыйык жерди падыша аскерлеринин кол салууларынан жан аябай коргоону артык көрдү.

Генерал Скобелев баштаган падыша аскерлери 21-мартта Ошко келет. Көп өтпөй орус аскерлери менен Алайлык кыргыздардын ортосунда айыгышкан кармаштар башталат. 24-апрелде Скобелев 390 аскери менен Гүлчөдөн чыгып Абдылдабек жол башчылык кылган кыргыздардын турагы — Жаңырык капчыгайы, Терек-Даван ашуусун көздөй жөнөйт. Жаңырык капчыгайынын кууш төрүндө Абдылдабектин колу тосотто турган эле. Тар капчыгайда эки тарап 3 саатка жакын эрегише тирешип турду. Салгылашууга катышкан 1500 кыргыз жигиттеринен 150 дөйү окко учту. Эртеси Скобелев көп күч жумшап жана айла-амал колдонуп (айланып өтчү жол аркылуу күтүүсүздөн чабуул койгон) капчыгайды ээлейт да кыргыздарды Сопу-Коргонго чейин сүрүп таштайт. Ушул салгылашуудан кийин Скобелев Гүлчөгө кайтат. Ал эми Абдылдабек калган жигиттери менен Кызыл-Арт ашуусу тарапка чегинип, андан ары Памир тоолоруна өтүп кеткен болчу.

VIII. ПАДЫША АСКЕРЛЕРИНИН АЛАЙ ЖҮРҮШҮ

Алайлык кыргыздарды Орусияга биротоло каратуу үчүн Түркстан генерал-губернатору Кауфман июль айынын орто ченинде алыскы жайлоолордогу кыргыз конуштарына «Алай» аскердик жүрүшүн уюштурду. Бул жүрүш жазалоочу жана аймакты илимий изилдөө мүнөзүндөгү жүрүш катары белгилүү. Жүрүшкө Скобелев жетекчилик кылган. Жүрүш башталганда (15-июль) падыша аскерлери Алайга үч тараптан: Ош, Үч-Коргон жана Гүлчөдөн жөнөшкөн. Ошол кезде Абдылдабектин 2 миң кишиден куралган кошууну Оштон 40 чакырым аралыктагы Шаты колотунда буктурма уюштуруп, падыша аскерлерин Алайга өткөрбөөгө аракет жасаган.

Күндөн күнгө кыргыздардын кыймылы күчөп бара жатканын баамдаган Скобелев тынчтык сүйлөшүүлөр-

дү жүргүзүү аркылуу эпке көндүрүү максатында Шабдан Жантай уулун Абдылдабекке жиберет. Бирок элчинин кебине ал муюбай коёт. Ошондо элдик баатырдын колун толук талкалоо үчүн полковник Витгенштейндин кошууну жаңы жортуулга аттанган болчу. 29-июлда бул кошуун Кызыл-Арт ашуусуна жете келип Абдылдабектин колуна чабуул коёт да аны чегинүүгө аргасыз кылат. 31-июлда алайлык кыргыздардын бир нече бийи Скобелевге багынып берүүгө мажбур болду. Өжөрлөнүп каршылык көрсөткөндүгү үчүн жазалоо иретинде ал алайлык кыргыздарга 1,5 эсе арбын салык салып, жол курулушунда иштөөгө жумшайт.

Витгенштейндин кошууну август айынын башында Абдылдабектин артынан сая түшүп Памирге кирип барат да Кара-Көлдөн кайра тартат. 28-августта «Алай жүрүшүнө» катышкан падыша аскерлери Кара-Кызык ашуусу аркылуу Коконго кайтат. 8-сентябрда Сохко жакын тоодогу Айланма аттуу жерде Витгенштейндин кошууну менен Абдылдабектин колу акыркы жолу салгылашып, жарак-жабдыгы, даярдыгы шайма-шай жоодон жеңилип калат. Орус аскерлеринин «Алай жүрүшүнө» Шабдан Жантай уулу 30 дан ашык жигити менен катышып, Алай кыргыздарын Орусияга каратууда орус төрөлөрүнө көмөк көрсөттү. Ал Абдылдабекти туткунга түшүрүү үчүн бир нече жолу аракет жасаган. Бирок падыша аскерлери сыяктуу эле ал дагы Абдылдабекти колго түшүрө алган жок. Ал инилери Мамытбек, Асанбек ж. б. жан-жөкөрлөрү менен Кара-Көлдөн Чоң-Суу капчыгайына өтүүгө, андан Туюк-Суу капчыгайы аркылуу Кашкар, Шугнан тарапка, кийин Ооганстанга изин жашырууга аргасыз болгон. Ошол эле жылы ал Меккеге зыяратка жөнөп жолдо көз жумат. Анын сөөгүн кийин Гүлчөгө алып келип коюшкан.

Элине кадыр-баркы бар, акылы тунук айым Курманжан датканы өз бооруна тартып кыргыздарды тынчытуу үчүн М. Д. Скобелев жаңы түзүлгөн Ош үйөзүнүн оёзу Ионовго датка айымды таап сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү буйруган. Ионов датка айымды тууганы Исмадияр бийдин айылынан таап Скобелевге жөнөтөт. Орус төрөсү менен жолугуп көзмө-көз сүйлөшүүгө датка айымды уулу Камчыбек, небереси Мырзапаяс ж. б. жоон топ жан-жөкөрлөрү коштоп келди. Курманжандын көңүлүн алуу анын элин колго алганга тете экенине көзү жеткен Фергананын амалкөй аскер губернатору датка айымды жылуу кабыл алып сый-урмат көрсөтөт.

Скобелев чыгыштын салтын сыйлаган кыязда Курманжан даткага өз колу менен алтын аяк тартуулап, кымкап чапан жабат жана «Алай ханышасы» атайт. Ошону менен бирге ал датка айымдан кыргыздарды орус бийлигине баш ийүүгө ынандырууну өтүнүп, эгерде уулдары күрөштү токтотуп Алайга кайтса алардын керт башынын коопсуздугун камсыз кылууга, «күнөөсүн» кечирүүгө убада берген. Курманжан датка мындай сунушка аргасыз макул болду. Анткени далай жолку айыгышкан салгылашууларда кыйла жоготууларга дуушар болуп алсыраган элет эли улам жаңы кошуундар менен толукталып жаткан падыша аскерлеринин кысымына узакка туруштук бере алмак эмес.

Ошентип көптөгөн кан төгүлгөн кармаштардан кийин акыры Алайлык кыргыздар дагы орус оторчуларына багынып берди. 17380 түтүн калкы бар Алай, Гүлчө аймагында Кичи-Алай, Гүлчө ж. б. болуштуктар уюшулуп аларды Курманжандын Махмутбек, Асанбек, Баатырбек деген балдары бийлеп турду. Датканын булардан бөлөк Карабек, Камчыбек аттуу эр жүрөк уулдары, Арстанбек, Мырзапаяс ж. б. сыяктуу өткүр өктөм неберелери болгон. Алар кийинчерээк дагы, бөтөнчө 90-жылдарда орус бийлигине катуу каршылык көрсөтүп турушканы маалым.

IX. ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫ ОРУСИЯГА КАРАТУУНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Алайды басып алуу менен Кыргызстанды Орусияга каратуу жарыяны аяктайт. 1876-ж. Фергана областына караштуу Кокон, Маргалаң, Анжыян, Наманган, Ош, Исфара жана Чуст үйөздөрү түзүлөт. Ал эми түштүк кыргыздардын көпчүлүгү караган Ош үйөзүндө Гүлчө, Кичи-Алай, Ак-Буура, Ноокат, Өзгөн болуштуктары уюшулган.

Эми кыргыз эли Кокон хандыгы жоюлуп анын үстөмдүгүнөн кутулганы менен жаңы баскынчылардын чеңгелинде калып, кыргыз жери Орусия дөөлөтүнүн колониясына айланды.

Орусия курамына киргизилгенден кийин кыргыздар бир нече аймактык-администрациялык бирдиктин: Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана областтарынын карамагында турду. Бул кыргыздардын өз ара карым-катнашын кыйындатып, биримдигинин чыңдалышына, улут-

тук аң-сезиминин калыптанышына кедерги болгон. Түркстанда, анын ичинде Кыргызстанда да бийлик толугу менен оторчулардын колунда топтолгон болчу. Падышачылыктын Кыргызстанды каратуудагы максатынын баскынчыл маңызы өзгөчө анын оторчул (колонизаторлук) жер саясатынан даана байкалды.

Кыргызстанда Орусия дөөлөтүнүн үстөмдүгүнүн орношунун көптөгөн терс жактары менен бирге анын айрым оң жактарын да айта жүрүү керек. Кыргыздардын Орусияга каратылышы көчмөндөрдүн көнүмүш коомдук-чарбалык турмушуна кыйла өзгөрүүлөрдү алып келди, ич ара чатактардын басандашы, өндүргүч күчтөрдүн тезирээк өнүгүшү үчүн оңтойлуу шарт түзүлдү. Көчмөн жана жарым жартылай көчмөн чарбалардын дыйканчылык кылып жан сактоо, отурукташуу жараяны күч алат. Кол өнөрчүлүк, бөтөн жер, бөлөк элдер менен соода-сатык кылуу күчөйт. Ошондой эле эл ичинде социалдык жиктелүү андан ары терендеген. Манап, бийлер акырындап падышалык чиновниктер менен ымала түзүп, кээси колониялык бийликтин тетиктерине айланды. Ал эми жалпы эмгекчи калктын турмушу жылдан-жылга оорлоп, падышачылыктын колониялык саясатына нааразылык уламдан-улам күчөй берди. Буга 1898-жылкы Анжыян көтөрүлүшү, 1916-жылкы көтөрүлүш далил.

Х. КУРМАНЖАН ДАТКА — «АЛАЙ ХАНЫШАСЫ»

Алай өрөөнү Орусияга карагандан кийин деле Курманжан датка көзү өткөнчө өз элин бийлөөнү уланта берди. Ага орус төрөлөрү узак жылдар бою «Алай ханышасы», кыргыздардын чыгаан ишмери, билерманы катары мамиле кылышкан. Айрыкча аны менен Оштун алгачкы оёзу Ионовдун мамилеси өтө жакшы болчу. 1892-ж. 81 жаштагы курагында «Алай ханышасы» Гүлчөгө 80 чакырым жерден жорго минип кебелбей келип, генерал-губернатор барон Веревский менен кезигишип маек курган. Датка айымдын кыраакылыгы менен эркине, чыдамкайлыгына таң калып ыраазы болгон генерал ага сый көрсөтүп, салт боюнча кымкап чапан жапкан. Ал эми Курманжан датка Веревский мырзага адатынча сары жорго тартуулайт. 1898-ж. датка айым С. М. Духовский менен жолугуп аңгемелешкен. Орус төрөлөрү ар дайым анын куюлуштуруп таамай сүйлөгөн

кулакка жагымдуу чебер сөзүнө муюп, чукугандай сөз тапкан чечендигине, эч нерседен тартынбас өткүрлүгүнө, терең акылына жана тубаса элчилик ажаат ачаар жөндөмүнө таң калышчу. Жашы 90 го таяп улгайган чагында да анын көзүнүн курчу кетпей, карегинен жаш кездеги жалындын учкуну чачырап, сүйкүмдүү каратору жүзүнөн мээрим төгүлүп турчу. Оңойлук менен күйүткө алдырбаган, кыйынчылыктарга моюн сунбаган өзгөчө касиети бар чыдамкай жан эле. Алсак ал, 1895-жылы уулу Камчыбек Ошто дарга асылганда кадимкидей кайратынан жанбай өлүм алдында уулуна ата намысын алдырба деп акыл айтып, кайгы-муңун сыртка чыгарбай ичтен сыза кайрылбай бастырып кеткен. 1901-жылы 13-декабрда Орусия императору кылган кызматы үчүн ага каухар таш чөгөрүлгөн алтын саат тартуулоо жөнүндө жарлык кылат.

1907-жылы 1-февралда Оштон 12 чакырым жердеги Мады айылында Курманжан датка 97 жаш курагында көз жумду. «Алай ханышасын» акыркы сапарга узатуу азасына ар тараптан көп эл келип, сөөгү Оштогу «Сары Мазар» көрүстөнүнө коюлду. Андан бери кыйла жылдар өтсө дагы Курманжан датканын жаркын элеси, ал жөнүндө аңыз, баян, уламыш кептер муундан-муунга мурас катары сакталып кала берүүдө. Эл камын жеген акылман жол башчы датка энени эли эч качан унутпайт.

КЫРГЫЗСТАНДЫН ОРУСИЯГА КАРАТЫЛГАНДАН КИЙИНКИ САЯСИЙ ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

I. АЙМАКТЫК-АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК БӨЛҮШТҮРҮҮ ЖАНА КОЛОНИЯЛЫК БИЙЛИК

Кыргызстан толугу менен Орусияга каратылгандан кийин кыргыздар бир нече аймактык-администрациялык бирдиктин: Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана облустарынын карамагында турду. Падыша өкмөтү бул тарапта (Орто Азияда) аймактык тескөөнү жалпы орус мамлекетиндегидей иретке келтирүүнү 60-жылдарда эле ишке ашыра баштаганы белгилүү. Алсак, 1865-жылы февралда Орусия аскер министринин буйругу боюнча түндүк-батышта Арал деңизинен түштүк-чыгышта Ысык-Көлгө чейинки зор аймакты камтыган Түркстан

облусу түзүлгөн эле. Облус Оренбург генерал-губернаторлугуна карамак. Буга чейин Орусия курамына киргизилген кыргыз уруулары Батыш-Сибирь генерал-губернаторлугуна караштуу Семипалатинск облусунун Ала-Тоо округунун карамагында турган болчу. Түркстан облусу адеп уюшулганда ага Ысык-Көл, Чүй, Кемин, Кетмен-Төбө өрөөндөрү, кийинчерээк Борбордук Теңир-Тоо карап калган. Түркстан облусунун алгачкы аскер-губернаторлугуна генерал Черняев дайындалып, анын колуна аскердик жана граждандык башкаруу бийлиги топтоштурулган. 1867-жылы облус Түркстан генерал-губернаторлугуна айланат да анын чегинде Сыр-Дарыя (борбору Ташкент) жана Жети-Суу (борбору Верный — Алматы) облустары түптөлөт. Облустар үйөздөргө бөлүнгөн. Сыр-Дарыя облусу Олуя-Ата, Ходжент, Жызак, Ташкент, Чимкент, Түркстан, Казалы, Перов үйөздөрүнөн турчу. Ал эми Жети-Суу облусуна Ысык-Көл (кийин Пржевальск), Верный, Токмок (кийин Пишпек), Копал, Сергиопол (кийин Лепсы) үйөздөрү карачу. 1893-жылы облуста жаңы Жаркент үйөзү түзүлөт. Өз кезегинде үйөздөр болуштуктарга, алар айылдарга бөлүнгөн.

Өткөн темадан белгилүү болгондой 1876-ж. мурдагы Кокон хандыгынын аймагында Түркстан генерал-губернаторлугуна караштуу Фергана облусу түзүлгөн. Ага Анжыян, Исфара, Кокон, Маргалаң, Наманган, Ош, Чуст үйөздөрү карар эле. 1886-ж. тартып «Түркстан чөлкөмүн башкаруу жөнүндө Жобо» күчүнө кирет да Түркстан генерал-губернаторлугу Түркстан крайы аталат. Бул кезде крайдын карамагына Самаркан, Сыр-Дарыя жана Фергана облустары кирчү. Ал эми Жети-Суу облусу 1882-жылы Талаалуу (Степной) генерал-губернаторлугуна кошулган болчу. 1899-жылы ал кайрадан Түркстан крайына карап калат.

Аймактык-административдик бөлүштүрүүлөрдүн натыйжасында кыргыз жери, кыргыздардын Ата журту ар кайсы үйөздөрдүн: Токмок, Ысык-Көл, Олуя-Ата, Ош, Анжыян, Наманган, Маргалаң (Скобелев), Кокон, Ходжент үйөздөрүнүн карамагында туруп, аябай бөлүндү болду. Орусиялык төрөлөр Түркстан аймагын административдик жактан бырчалап бөлүштүрүүдө жергиликтүү элдердин түпкү кызыкчылыктарын, экономикалык, этникалык жана маданий өзгөчөлүктөрүн эч эске алган эмес. Натыйжада кыргыз эли бытырандыланып, ар кайсы облустарга кирип калган. Мындай жагымсыз

абал элет элинин өз ара карым-катнашын кыйындатып, ынтымагынын чыңдалышына, улуттук аң-сезимдин, ой, мүдөө-тилектин өсүп-өнүгүшүнө тоскоол болгон. Орусиянын бөлөк колониялык ээликтериндегидей эле Түркстанда, анын ичинде Кыргызстанда да бийлик толугу менен оторчулардын колунда топтолгон. Алсак, генерал-губернатор Түркстан аймагынын акими катары, аскер губернаторлору облустарда, оёздор үйөздөрдө каалагандай бийлик жүргүзүп турушту. Алардын аксымдыгына, зордук-зомбулугуна эч кандай чек коюлган эмес, жылдан-жылга укугу кеңейип, бийлиги күчөй берген.

Болуштуктар 1000—2000 түтүндөн, айылдар 100—200 түтүндөн турган. Аларды элүү башылар, 3 жылдык мөөнөткө шайланган болуштар менен старчындар башкарчу. Шайлоонун жыйынтыгын аскер губернатору менен оёздор чыгарып, болуш старчындарды бекитишчү. Кийинчерээк аскер губернатору кааласа шайлоо өткөрбөй эле болуш, старчындарды дайындоо укугуна ээ болот. Падышалык чиновниктердин буйруктарын кынк этпей аткарууга алар милдеттүү эле. Болуштар элдин жалпы маанайына көз салып, алык-салыктардын өз убагында жыйналышына ж. б. иштердин аткарылышына көзөмөлдүк кылган. Старчындар болуштарга баш ийип, алардын көрсөтмөлөрүн аткарган. Отурукташкан калкты айыл аксакалдары тескеген. Жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн катарына булардан тышкары бийлер жана казылар кирчү. Алар үйөздүк жана аскер соттору карай турган кылмыштардан тышкары доо-талаштарды талкуулап бүтүм чыгарышчу. Бийлер көчмөн калк арасында адатка таянып сот ишин жүргүзгөн жана күнөкөрдү айыпка жыккан (төө баштаган тогуз мал ж. б.). Казылар отурукташкан калк ичинде шарыятка таяп чечим чыгарган.

Жалпы жонунан алганда аймактагы бийлик аскердик-оторчул (колониялык) мүнөздө болгон. Анткени үйөздөрдө, облустарда жана крайда бийлик толугу менен Орусиялык аскер адамдарынын колунда топтолгон. Ал эми болуштар менен старчындар колониялык башкаруу аппаратынын тетиктери гана болгон.

II. ПАДЫША ӨКМӨТҮНҮН ОТОРЧУЛ ЖЕР САЯСАТЫ ЖАНА АЛЫК-САЛЫКТАРЫ

Падышачылыктын Кыргызстанды каратуудагы максатынын баскынчыл маңызы өзгөчө анын оторчул жер саясатынан даана байкалды. 1867-ж. жана 1891-ж. кабыл алынган «Жоболорго» ылайык көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенген калктын бардык жерлери мамлекеттин менчиги деп жарыяланды. Жерге мал жайганы, эгин эккени үчүн анын анык ээси кыргыздар мамлекетке жер акысы катары салык төлөмөк. Кыргыздар жайгашкан жерлер жайлоолор менен кыштоолорго бөлүнгөн. Жайлоолордогу жана кыштоолордогу жайыттарды общиналык негизде пайдалануу тартиби мыйзамдаштырылган. Жайыт жерлерди урунуунун мындай түрү айрыкча малы арбын ири феодалдар үчүн өтө пайдалуу болчу.

1886-ж. жана 1891-ж., «Жоболор» боюнча кыштоолорду, аштык ж. б. айдалган аянттарды болуштуктар менен айылдардын, айрым чарбалардын ортосунда бөлүштүрүү укугу болуштуктардан жана айылдардан шайланган өкүлдөрдүн өзгөчө тобуна (жыйын) берилген. Албетте өкүлдөрдүн жыйыны көбүнчө феодалдык төбөлдөрдүн таламын талашкандыктан жерге байланыштуу талаш-тартыш манап, байлардын пайдасына чечилчү. Анын үстүнө кыштоолор, айдоо жерлер жеке чарбалар арасында малдын санына жараша бөлүнчү.

Түштүк Кыргызстанда калкы отурукташкан ойдуң жерлерде алгачкы жылдарда жеке менчик жер ээлиги — мүлк жана мечит, медреселерге таандык жер ээлиги — вакуф сакталып калган эле. Кийинчерээк падышачылык аларды жоюп жиберген.

Оторчул бийлик борбордук губерниялардан акырындык менен Кыргызстанга оор келген орус, украин дыйкандарына дыйканчылык кылууга абдан ыңгайлуу өзөн-суусу мол өрөөндөрдү, ойдундарды, өтөктөрдү кыргыздардан тартып бере баштайт. Келгиндерге жер кесип берүүдө падышалык чиновниктер түпкү калктын кызыкчылыгын эске алган эмес. 1868—1883-жылдарда Жети-Суу облусунда уюшулган 36 орус-украин (2500 түтүн) кыштактарынын көбү жер соорусу Сары Өзөн, Чүйдөн, Көл кылаасынан орун алганы белгилүү. Өз үстөмдүгүн түбөлүккө орнотууну көздөгөн падышачылык аймакка келгин орус дыйкандарын тез арада көбүрөөк жайгаштыруу жана тың, оокаттуу, туруктуу чарбалар-

дын калыптануусуна шарт түзүү максатында адегенде жер үлүштөрүн арбын бере баштаган. Алсак, ар бир дыйканга 30 тешеден (1 десятина — 1,2 га) жер бөлүнүп, 15 жылдык мөөнөткө салыктын бардык түрлөрүнөн бошотулган, акчалай насыя (ссуда) берилген. Анткени, мал-мүлктүү, оокаты тың, чарбасы жакшы жолго коюлган кулактар падыша өкмөтүнүн бул чөлкөмдөгү ишеничтүү социалдык таянычы болмок. Кийинчерээк келгендердин саны өтө көбөйгөндүктөн жер жетишпей үлүштүн өлчөмүн азайтууга туура келди (17, 10 теше), Бирок оторчул бийликтин негизги таянычы казак-орустардын жерлеринин көлөмү өзгөртүлгөн эмес.

Дыйканчылык кылууга оңтойлуу сугат жерлери жетишпегендиктен жана жергиликтүү калктын нааразылыгынын күчөшүнөн чочулаган падыша өкмөтү 1896—1905-жылдары орус дыйкандарынын Түркстанга көчүп келүүсүнө тыюу салган. Ошого карабастан XX кылымдын башында борбордук губернияларлан дыйкандардын өз алдынча көчүп келүүлөрү ого бетер күчөгөн. Келгиндердин көбү Жети-Сууга жөнөп, 1902-ж. гана бул облуска 2700 үй-бүлө ооп келген. Алардын ичинен 1200 түтүн Пишпек уездинде калган.

Биринчи орус революциясы башталганда падышачылык орус дыйкандарынын Түркстанга көчүүсүнө кайрадан уруксат берди. Бул багытта иш жүргүзүү үчүн Жети-Суу жана Сыр-Дарыя келгиндер (переселенческий) райондору түзүлөт. 1906-жылга карата Жети-Сууда —40 миң, Сыр-Дарыя облусунда —27 миң, Ферганада 4 миң келгин топтолгон. Кыргыздардын жерин тартып алуу айрыкча Столыпиндик агрардык реформа учурунда күч алат. Жети-Суу облусунда 1907-жылы гана 289 миң теше жер келгиндерге бөлүштүрүлгөнү маалым. 1914-жылга карата облустун түпкү калкы 4 млн. тешеден ашык жеринен кол жуйт. Ал эми Фергана облусунда 762 миң теше жерди кыргыздардан тартып алуу белгиленген.

Падышачылыктын ачыктан-ачык оторчул саясатынын натыйжасында жергиликтүү эл жеринен ажырап жакырланды. Эгин эгип дыйканчылык кылганга ыңгайлуу жеринен ажыраган кедей-кембагалдар өтө оор шартта орус-украин кулактарынан, казак-орустардан, манап-байлардан ижарага жер алууга мажбур болушкан. Жергиликтүү элдин мыкты жерлерин массалык түрдө тартып алуу, келгиндерге таратып берүү агрардык

мамилелерди аябагандай курчутуп, падыша өкмөтүнүн саясатына нааразылыкты күчөттү.

Алык-салыктар. Кыргызстан Орусияга каратылгандан кийин кыргыздар орус мамлекетине алык-салыктын ар кандай түрлөрүн төлөй баштаган. Орус бийлиги кыргыздарга адегенде Кокон хандыгынын тушундагы салыктар сыяктуу салыктарды салып, кийинчерээк салык алуу жол-жобо мыйзамын жергиликтүү шартка шайкеш келтирет. Көчмөн мал чарбачылыгы менен жан баккан калк негизинен түтүн башына салык төлөгөн. Алар адегенде (60—70-жж.) түтүнгө 2 сом 75 тыйындан салык төлөшкөн. Ал эми 1882-ж. тартып салыктын өлчөмү 4 сомго жеткен. Ар түрдүү салыктардын көлөмү жылдан-жылга көбөйө берген. Биринчи дүйнөлүк согуш учурунда түтүнгө салынчу алык-салыктардын натуралай төлөөлөрүнүн жалпы көлөмү 15 сомго чейин өсүп жеткен.

Ал эми отурукташкан калк салыктын эки түрүн төлөп турушкан. Эгин аянттарынан 1886-ж. чейин «харадж» аттуу салык алынып, бак-дарак, мөмө-жемиш тигилген, жашылча өстүрүлгөн жерге танаптык салык салынып турган. Харадж кызылдын (түшүмдүн) 10 пайызына барабар болуп натуралай төлөнгөн. Танаптык салык акчалай алынчу. 1886-ж. салык салуу тартибине өзгөртүү киргизилет. Эми салык эгин эгилген аянтка гана салынбастан жалпы аштык айдоого жарактуу жердин бардыгына салына турган болду. Жаңы эреже боюнча жердин иштетилгени же иштетилбегени эске алынмак эмес. Натыйжада мамлекеттин пайдасына түшчү киреше, кыйла арбыды. Мисалы, Фергана облусунан гана алынуучу салыктын көлөмү орто эсеп менен жылына 500 миң сомго көбөйгөн. Алык-салыктын жогорудагыдай негизги түрлөрүнөн тышкары жергиликтүү калк орус бийлигинин талабы боюнча толгон-токой жумуштарды жасашкан. Жолдорду, көпүрөлөрдү ондоого, арыктарды тазалооого, аскер бөлүктөрүн унаа, кире жана отун-суу менен жабдып турууга ж. б. иштерди аткаруугa милдеттүү болушкан. Айылдык, болуштук бийлик өкүлдөрүнө жумшалчу чыгымдар да элдин эсебинен жыйналган. Болуш, старчындарды шайлоого, падышалык чиновниктерди коноктоп-сыйлоого, аларга белек тартуулоого байланыштуу чыгымдарды дагы эл көтөрчү. Чоң аш, тойлорду өткөрүү, айып, кун төлөө үчүн урук-тууган ичинде жыйналчу жардам, кошумча, журтчулук, ынтымак, союш, чыгым ж. б. салыктын өзгөчө бир түрүнө окшоп кетчү.

Падыша өкмөтүнүн алык-салык саясаты калктын турмушун оорлотуп, жакырлануусун ого бетер күчөттү. Эмгекчи эл барган сайын арбыган ар кандай салыктарды төлөй албай карызга белчесинен баткан эле. Мындай оор абал алардын оторчул бийликке нааразылыгын туудурбай коймок эмес. Ал алгач айрыкча Анжыян көтөрүлүшүнүн учурунда даана көрүндү.

III. ЧАРБАЛЫК ӨНҮГҮҮ

Айыл чарбасы. Кыргызстан Орусиянын курамына киргизилгенден кийин деле төрт түлүк мал багуу кыргыздардын чарбасынын негизги тармагы болуп кала берди. Малдын эти, сүтүнөн түркүн азык-түлүк, чүйгүн тамактар жасалчу, териси менен жүнү, кылы, төөнүн чуудасы кийим-кечеге, боз үй, өргөө көтөргөнгө, үй эмерек-буюмдарын ж. б. жасаганга жарачу, жылкы, өгүз, төө унаа катары пайдаланылчу.

Жазгы көктөмдө мал көктөтөр ойдуңдарга, жайкысын бетеге, шыбак ж. б. малга жагымдуу тулаңы белден буралган атактуу жайлоолорго, күзүндө, кышында малга ыктоо кокту-колотторго бай, суусу мол кыргыз жери мал бакканга жайлуу, ыңгайлуу болгон. Бирок мал чарбачылыгы экстенсивдүү мүнөздө өнүккөн. Анткени өндүргүч күчтөр жайбаракат өнүгүп, эмгек куралдары жупуну, өтө жөнөкөй эле. Ошондуктан көчмөн калк кыш оор болгондо малга кереги тийгидей жем-чөп камдап ала алышчу эмес. Төрт түлүк мал жылы бою жайытта багылып, атүгүл кышкысын дагы кар тээп оттой турган. Кар калың түшүп кыш узакка созулган жылдары жут болуп малдын көбү кырылып калчу. Ошого карабастан калктын көпчүлүк бөлүгү али дыйканчылык кылууга анчейин маани бербей мал чарбачылыгы менен жан багууну, күн көрүүнү уланта беришкен. Алсак, Пишпек үйөзүндө түпкү калктын 84,89 пайызы, Пржевальск үйөзүндө 80,7 пайызы көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен. Ал эми Кыргызстандын түштүгүндө мындай көрсөткүч бир аз төмөнүрөөк болчу. Мисалы, Ош жана Көкон үйөздөрүндө кыргыздардын 65 пайызынын негизги кесиби көчмөн жана жарым жартылай көчмөн мал чарбачылыгы боло турган.

Кыргыздар негизинен кой-эчки, жылкы, үй, топоз, төө кармашкан. Нечен миңдеген төрт түлүк малы бар чоң байлар эл ичинде «миң жылкылуу», «миң койлуу»

бай аталып даңаза кылынган. Бирок андай чоң байлар саналуу гана болгон. Алар калктын болгону болжол менен 5—10 пайызын түзгөн.

Дыйканчылык. Кыргыз кыштактары. XIX к. экинчи жарымында бул тарапка журт которуп ооп келген орус, украин, уйгур, дунган ж. б. тийгизген таасири аркасында кыргыздардын чарбалык турмушунда айрым өзгөрүүлөр байкала баштайт. Ар кайсы тилде сүйлөгөн, ар түркүн динди туткан элдердин жанаша жашоосу алардын өз ара ымаласы үчүн ыңгайлуу шарт түзүп, чарбачылыкта болобу, турмуш-тиричиликте же маданият жаатында болобу, бири-бирине оң таасирин тийгизди. Дыйкан мал баккандын, малчы дан баккандын сырын үйрөндү. Эзелтен жердин майын чыгара эмгектенген дунгандар, алардан кем калбаган мээнеткеч орус-украин дыйкандары өзөн суу бойлой дың бузушту, эгин, жашылча-жемиш эгип, жердин көркүн чыгарышты. Кезинде Чүй боорунда жүзүмзардын кеңейишинде өзбек, дунгандардан тышкары молдавандардын да эмгеги зор. Бир гана мисал: Бессарабиядан ооп келген молдавандар Пишпек үйөзүндө 620 теше жерге жалаң жүзүм отургузушкан.

Отурукташкан калктардын таасири аркасында кыргыздар, көбүнесе кедей-кембагалдар дыйканчылыкка көбүрөөк тартыла баштайт. Дыйканчылык менен күн көрүүгө бел байлаган кыргыздар буудай, арпа, сулу, таруу ж. б. дан эгиндерин, өсүмдүктөрдү эгишкен. Ошондой эле түштүктө пахта, күрүч, картөшкө, коон, дарбыз, жүгөрү, тамеки ж. б. өстүрүүнү өздөштүрө башташканы белгилүү. Акырындап кыргыздар эзелки эски, жупуну эмгек куралдарынан тышкары жаңы жана өндүрүмдүү айыл чарба шаймандарын: чалгы, орок, темир соколорду, тырмоолорду, малаларды ж. б. колдоно башташкан. Бирок алардын көпчүлүк бөлүгү дыйканчылык кылуунун татаал сырларын жакшы өздөштүрө элек эле, мыкты эмгек куралдарын жетиштүү санда сатып ала алышкан эмес. Ошондуктан эмгектин өндүрүмдүүлүгү өтө төмөн болуп түшүм аз алынган.

Ошол эле учурда кыргыздардын отурукташкан турмушка өтүүсү күч ала баштайт. Бул өзгөчө Кыргызстандын түштүгүндө тезирээк жүргөн. Алсак, Октябрь төңкөрүшүнүн (революциясынын) алдында Фергана облусунда кыргыздардын 60 пайызга жакыны толук же жарым-жартылай отурукташууга үлгүргөнү маалым.

Облуста негизинен кыргыздар жашаган 500 гө жакын кыштак болгон.

Кыргызстандын түндүгүндө кыргыз кыштактары түштүккө салыштырганда кийинчерээк калыптанып, XX к. башында алардын саны 70 тен ашкан эмес. Кыргызстанда кыргыз, өзбек кыштактарынан тышкары ошол кезде 100 дөн ашуун орус-украин, 5 немис, 3 дунган кыштагы бар эле.

Түштүктөгү ири кыштактардын катарына Ачы, Маңгыт (Араванга жакын), Ак-Терек (Караван аймагында), Жаман-Кыя (Базар-Коргондо), Кашка-Терек (Өзгөндө), Кара-Булак (Баткенде) ж. б. кирген. Алардын ар биринде 500 дөн ашык киши жашаган. Ал эми Баткен, Бостон, Кара-Багыш, Төлөйкөн сыяктуу өтө чоң кыштактарда 1000—2000 ден киши жашачу.

Ири кыштактарда тегирмендер, өсүмдүктөн май сыгуучу чакан ишканалар курулуп, мусулман мектептери уюштурулган.

Түндүк Кыргызстанда калыптанган кыштактардын ирилери Кара-Арча, Жайылган, Үч-Коргон (Таласта), Чала-Казак, Таш-Төбө (Чүйдө), Темир, Чоң-Өрүктү, Тепке, Дархан ж. б. кыштактар эле. Аларда 100—200 дөн киши жашачу. Бирок кыйла кыргыз кыштактары түптөлгөнү менен түпкү калктын басымдуу көпчүлүк бөлүгү али көчмөн жана жарым-жартылай көчмөн турмушта жашоону уланта берди.

Өнөр жайы. Кол өнөрчүлүгү. XIX к. аягы — XX к. башына карата Кыргызстанда өнөр жайдын өнүгүшү боюнча айрым жылыштар байкалды. Ала-Тоолуу аймакта тоо кендерин казуу иши тездеди, айыл чарба чийки заттарын иштетүүчү чакан ишканалар пайда болду. Бирок кыргыздардын коомдук турмушунда патриархалдык-феодалдык мамилелер үстөмдүк кылган ошол шарттарда өнөр жайы жакшылыктуу өнүгө алган эмес. Өнөр жайдын өнүгүшү өтө жай жүрүп, анын жөнөкөй түрлөрү кеңири таралып, негизинен кол өнөрчүлүк өндүрүштүн деңгээлинде кала берген. Бул тарапта өнөр жайдын өнүгүшүнө падышачылыктын экономикалык саясаты да кедерги болгон. Падыша өкмөтү Кыргызстанды орус өнөр жайын чийки зат менен үзгүлтүксүз жабдып тура турган колония катары гана пайдалануну көздөгөн.

Кыргыздардын кол өнөрчүлүгүн көнүмүш адат боюнча эки түргө: аялдардын кол өнөрүнө жана эркектердин уста, зергерлигине бөлүүгө болот. Колу эптүү, иштүү уз

аялдар боз үй, ак өргөө көтөргөндө анын ички, сырткы жасалгасын көркүнө чыгарып, келиштире жасашчу. Ак элечек уздардын чебер колунан жаралган түркүн түстөгү кооз шырдактар, ала кийиздер, таарлар, ажайып кооз оюулар түшүрүлүп кылдат чырмалган чийлер, жабык баш, желбоо, кырчоо, тизгич, чачылар ж. б. көргөндүн көз жоосун алып турчу. Алар кийим-кечениң бардык түрлөрүн: ак калпак, көрпө, суусар тебетей, илбирс, карышкыр, түлкү ичик, баркыт, кымкап чапан, кемсел, төө чепкен, ак кементай, көйнөк, шым ж. б. жарашыктуу кийимдерди тигишчү, түрдүү саймаларды сайышчу. Түштүктө уздар кыргыздарга мүнөздүү кооздуктары менен айырмаланган килемдерди токушкан.

Ал эми эркек усталар көбүнесе күндөлүк турмуштиричиликке керектүү буюм-тайымдарды жасашкан. Жыгач усталар кереге, уук, түндүк, босого, каалга, ала бакан, такта, бешиктерди, ээрлерди, идиш-аяктарды жасаса, зергерлер аялдардын кооздук буюмдарын: сөйкө, шакек, билерик, чолпу, оймок, чач уштук, кур ж. б. эркектердин кемер курларын, ат жасалгаларын алтын, күмүш, жезден чегишчү. Темир усталар курал-жарак, көчмөн турмушка керектүү ар кандай жабдыктарды, жөнөкөй айыл чарба шаймандарын жасашкан.

Кыргыз кол өнөрчүлөрүнүн жасаган буюмдары негизинен чукул айылдардын калкынын талабын канааттандырып, бир аз бөлүгү гана алыскы айыл, кыштактарга, базарларга сатыкка чыгарылып турган.

Орус-украин кыштактарында, шаарларда ошол кезде чакан ишканалар пайда боло баштаган эле. Алсак, 80-жылдарда Пишпекте булгаары жасоочу алгачкы чакан завод курулат. Ал эми Ош шаары кол өнөрчүлүктүн ири борборуна айланган. XX к. башына карата калаада 8 миңден ашуун кол өнөрчү жашачу жана узанчу. 1885-ж. Пишпек үйөзүндө 5 тери заводу иштеп турган. Алардын үчөө кыргыз көпөстөрүнө (Мамашев, Бикеев, Өзбеков) таандык болгон. Кээ бир кыргыз бай-манаптары өсүмдүк майын сыгуучу заводдорго да ээлик кылышкан. Ош үйөзүндө мындай ишканалардын саны XIX к. аягында 200 дөн ашкан.

60—90-жж. Кыргызстанда тоо-кен өнөр жайы калыптана баштайт. Алардын эң алгачкысы Сүлүктү аймагындагы Көк-Кене-Сай кенинде 1868-ж. көмүр казыла баштаганы белгилүү. Кыргызстандын тоо кендерин казууну уюштуруруну колго алууга орус буржуазиясы сыяктуу эле чет өлкөлүк ишкерлер дагы умтулган. 80-

жылдарда орус ишкерлери Таш-Көмүр, Майлы-Сай кендеринен көмүр, нефть казууну колго алышкан болучу. 1898-ж. тартып Кызыл-Кыя көмүр кенинде көмүр казыла баштайт. Көмүр, нефть кендери бөлөк аймактарда да ачылып, аларды иштетүү үчүн чет өлкөлүк ишкерлер ар кандай акционердик коомдорду, шериктештиктерди түзүшкөн (Антверпен, Лондон). Аталган кендер Кыргызстандын тоо-кен өнөр жайынын башатында туруп кезинде анын өнүгүшүнө кыйла салым кошкон. Ошого карабастан өнөр жай өндүрүшү жайбаракат өнүгүп төмөнкү деңгээлде кала берген.

Жаңыдан калыптанган өнөр жай ишканаларында, мастерскойлордо жалданма жумушчулар шаардык, айылдык кедей-кембагалдардан, жакырланган кол өнөрчүлөрдөн куралган. Алардын эмгек шарттары өтө оор, маяналары абдан аз болгон. Бул албетте жумушчулардын нааразылыгын туудурган.

Шаарлары жана соода-сатыгы. XIX к. экинчи жарымында кыргыз жеринде бир катар жаңы шаар тибиндеги ири кыштактар пайда болот. Андай кыштактар акырындап аймактагы соода-кол өнөрчүлүк борборлоруна айланган эле.

Жаңы шаарлар, калкы өңчөй соодагерлик кылган кыштакчалар (орус, украин, дунган, өзбек ж. б. жашаган слободкалар, местечкалар) көбүнчө мурунку кокондук чептердин урандыларына жакын жерлерде түптөлгөн. Токмок, Пишпек, Кара-Көл дал ошондой шаарлардан болгон. Адегенде алар аскердик-административдик жана чек аралык түйүн катары негизделип кийинчерээк гана анык шаарларга айланышкан. Биздин кылымдын башы ченде Пишпек, Ош, Пржевальск (1889-ж.) сыяктуу үйөздүк шаарлар Орусиядан, Орто Азиянын ар кайсы калаа аймактарынан дыйкандар менен соодагер-ишкер кишилердин көчүп келишинин натыйжасында жергиликтүү соода жана жаңыдан калыптана баштаган өнөр жайдын борборлоруна айланат. Чөлкөмдүн коомдук-саясий жана маданий турмушунда алардын ролу уламдан-улам өсүп бара жатты. Түштүктө Өзгөн менен Жалал-Абад кан базары кайнаган калкы жыш, Оштон кем эмес калаалардын катарында турган. Бирок шаардык калк Кыргызстандын жалпы калкынын 7,4 пайызын гана түзгөн. (1897-ж.) Шаар калкынын басымдуу көпчүлүк бөлүгү кол өнөрчүлөрдөн, майда соодагерлерден, ар кандай кызматкерлерден, жалданып жан баккан кембагалдардан турган. Чүй боорундагы эң ири шаар Пиш-

пекте XIX к. аягында 6615 киши жашаган. Калаада көп улуттуу калк: орустар, украиндер, өзбектер, дунгандар, татарлар, казактар, кыргыздар жанаша жашашчу. Дунгандар шаардын калкынын дээрлик жарымын түзүп, өзүнчө слободкада турушчу. Шаарда айыл чарба чийки заттарын иштетүүчү бир нече чакан ишкана бар эле (пиво ачытуучу, булгаары жасоочу, тери ийлөөчү ж. б.). 1913-ж. Пишпекте 500 гө жакын соода түйүндөрү (дүкөн) иштеп турган. Шаар Жети-Суу менен Батыш, Чыгыш Түркстанды байланыштырган соода жолунун боюнда жайгашып, эгин, мал сатууда, экономикалык байланыштардын күч алышында маанилүү роль ойногон. Бул аймактагы ири соода чордондорунун бири Токмок кыштагы боло турган. Ал калк жыш жашаган өрөөндө, Верный, Пишпек, Кара-Кол шаарлары жана Фергана, Сыр-Дарыя дубандары менен катнаштырган соода жолунун таманында жайгашкан. Мында көбүнчө майда соодагерчилик, кол өнөрчүлүк менен кесиптенген орустар, өзбектер, уйгурлар, дунгандар, татарлар, кыргыздар турган. 1905-ж. Токмокто жашаган калктын саны 10 миңден ашкан, 400—500 дөй дүкөнчөлөр бар эле. Базарга күнүгө 5 миңдей кардар келип кетчү, жылына болжол менен 2,5 млн. сомдун тегерегинде буюм-тайым сатылчу. Токмокто тери иштетүүчү, май сыгуучу бир нече завод, тегирмендер болгон.

Ал эми түштүктөгү ири шаар Ошто 1914-ж. 46 миң киши жашаган. Шаарда 800 дөн ашуун дүкөнчөлөр тынымсыз соода жүргүзүп турчу. Ош шаары Жети-Суу, Фергана аймагынын, Орто Азиянын шаарлары, чыгыш өлкөлөрү менен соода байланышын жүргүзүүдө маанилүү роль ойногон.

XIX к. экинчи жарымында Кыргызстандын Орусия, Казакстан жана Өзбекстан менен соода байланыштары ого бетер чыңдалат. Буга Орто Азиянын Орусия курамына киргизилиши түрткү берди. Анткени чөлкөм толугу менен орус өнөр жайы үчүн чийки зат алуучу булакка жана өнөр жай товарларын сатып өткөрүүчү базарга айланган болчу.

Акчалай алынуучу салыктарды төлөө жана өнөр жай, кол өнөрчүлүк буюмдарын сатып алуу үчүн кыргыздар колунда болгон малынын, жыйган эгининин ж. б. бир бөлүгүн сатууга аргасыз болгон. Өз кезегинде бул натуралдык чарбанын бузулушуна жана түпкү калктын товардык-акча мамилелерине тартылышына өбөлгө түзгөн.

Күндөлүк жашоо-тиричиликке абдан керектүү пахтадан токулган кездемелер, булгаары жана темирден жасалган буюмдарды Кыргызстанга соодагерлер Орусиядан, Өзбекстандан ж. б. аймактардан алып келишчү. Ал эми Орусияга Түштүк Кыргызстандан пахта, жибек, кургатылган жемиштер (өрүк, мейиз, как ж. б.), жүн, терилер жөнөтүлчү. Түндүк Кыргызстандан соодагерлер негизинен мал, тери, жүн, кыл, ичеги, эгин ж. б. сатып кетип турушкан. Кыргыздар белгилүү өлчөмдө кол өнөрчүлүк буюмдарын: кийиз, шырдак, кап, аркан, жиптерди, килемдерди, боз үйдүн жыгачтарын, жыгач буюмдарын (ээр, идиш) ж. б. сатышчу. Коңшу өзбек, тажик, уйгур, дунган соодагерлерден кыргыздар пахта, жибек кездемелерин, кийим-кече, өтүк-маасы, эмгек куралдарын, жашылча-жемиштерди, орус-украиндерден кетмен, күрөк, чалгы, орок, буурсун ж. б. сатып алышчу. Соода-сатыкта көпчүлүк учурда мал, аң-терилери, мал чарба заттары акча ордуна колдонулчу.

Соода сатыктын, ич ара чарбалык карым-катнаштын өнүгүшүндө базарлар менен жарманкелердин да маанизи зор болгон. Жарманкелер Ат-Башыда (1883-ж. тартып), Каркырада (1893-ж. тартып), Пржевальскиде (1898-ж. тартып), Пишпекте (1905-ж. тартып) мезгил-мезгили менен уюштурулчу. Бирок жалпысынан алганда аймактар арасында туруктуу соода, үзгүлтүксүз экономикалык байланыштар али калыптана алган эмес. Кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү товардык-акча мамилелерине активдүү аралаша элек эле.

IV. СОЦИАЛДЫК МАМИЛЕЛЕР

XIX к. экинчи жарымында кыргыз калкын негизинен эки социалдык катмарга (топко) бөлгөн ылайыктуу. Алардын бири феодалдар — бай, манаптар, экинчиси кара букара — эмгекчи эл.

Феодалдардын ак сөөк төбөлдөрү — манаптар өздөрүнүн материалдык жана саясий абалы боюнча феодалдык иерархиянын эң жогорку тепкичинде турушкан. Кыргызстан Орусиянын курамына киргизилгенге чейин манап наамы, бийлиги атадан балага мураска калчу. Ата-бабасынан бери тектүү ири манаптар адатта «чын-жырлуу манап» аталчу. Манаптар өздөрүн «ак сөөк» тукумданбыз деп эсептешип букара калкка текебер мамиле кылышкан.

Кыргызстанда Орусиянын үстөмдүгү орногон соң манаптардын абалында айрым өзгөрүүлөр болду. Колониялык администрация аймакты башкарууда ишеничтүү социалдык таянычка ээ болуу максатында манаптарды өзүнө тарткан. Алар болуш, старчын, бий кызматына ээ болушкан. Үлгүлүү кызмат өтөп эмгеги сиңген чоң манаптарга падыша өкмөтү ар кандай сыйлыктарды, аскердик наамдарды ыйгарып турган.

Кыргыз феодалдарынын негизги катмарларынын бири байлар болгон. Алардын наамы, мураска калчу атак-даңкы болгон эмес. Бийликтен, ар кандай кызматтардан көпчүлүк учурда четте калышчу. Бирок байлар жер жайнаган көп малга ээлик кылышып, иш жүзүндө жайыттын көбүн ошолор ээлешкен.

Бул учурда бийлердин укугу, коомдук абалы да өзгөрдү. Мурда бий кызматы мураска калса, эми ал шайлануучу кызматка айланат. Түштүк Кыргызстанда калкы отурукташкан аймактарда бийдин ордуна казылар шайланчу. Бий, казы кызматына негизинен манаптар, байлар шайланган. Бийлер, казылар жергиликтүү элдин ичинде соттун милдетин аткарып, ар кандай кылмыштарды, доо-талаштарды талкуулашчу жана адатка (бийлер), шариятка (казылар) таянып бүтүм чыгарышчу.

XIX к. аяк ченинде товардык-акча мамилелеринин өнүгүшүнүн, натуралдык чарбанын бузула башташынын натыйжасында кыргыз манаптары менен байларынын арасынан тери иштетүүчү, май сыгуучу ж. б. чакан заводдордун ээлери калыптана баштайт. Бирок андай ишкерлердин саны өтө аз эле. Кыргыз байлары соодагерчиликке, алып-сатарлыкка, сүткорлукка, далдалчылык кылууга көбүрөөк тартыла баштайт. Алсак, ага-ини Өзбек менен Ашыр Бошкоевдер миңдеген баш мал кармап соодагерчилик кылышкан. Алар айрыкча жылкыны арбын кармашканы белгилүү.

Карапайым эмгекчи калктын негизги бөлүгүн кара букара түзгөн. Алардын күндөлүк турмуш-тиричиликте керегине жарачу бир аз майда жандыгы, бирин-экин ую, унаасы (аты) боло турган. Көпчүлүк учурда букара манаптардын, байлардын малын багып жан сактачу.

Кедей-кембагалдардын ар кандай катмарлары: жакырлар, жалчылар, малайлар, жатактар, чайрикерлер, мардикерлер деп аталышкан. Отурукташкан калк жашаган, дыйканчылыгы өнүккөн аймактарда жери аз же жери, унаа-малы жок дыйкандар чайрикерлик кылыш-

кан. Алар байлардан жер, үрөн, өгүз, ат жана айыл чарба шаймандарын алышчу. Алардын акысы үчүн күзүндө түшүмдүн көбүрөөк бөлүгүн кожоюнга берүүгө милдеттүү болгон. Мардикерлер айыл чарба жумуштары кызыган маалда убактылуу жалданып иштешкен. Аларга эмгек акысы акчалай төлөнгөн. Мардикерлерди жаңыдан калыптана баштаган айылдык пролетариаттын бир түрү катары кароого болот. Акырындык менен өзүнүн жумушчу күчүн сатып күн көргөндөрдүн саны арбып бара жатты. Кедей-кембагалдардын кыйла бөлүгү орус кулактарына, казак-орустарга, өзбек байларына жалданып иштешкен. Жарытпаган маяна үчүн кээ бирөөлөрү чакан өнөр жай ишканаларында, көмүр кендеринде эмгектенүүгө аргасыз болушкан. Алсак, 1907-ж. Кызыл-Кыядагы көмүр кенинде эмгектенген 209 шахтердун 107 кыргыз эле. Алардын абалы өтө оор болгон.

Эмгекчи элдин абалын падышачылыктын колониялык саясаты, ар түркүн алык-салыктар, феодалдык төбөлдөрдүн элден жыйначу ыгым-чыгымдары ого бетер начарлаткан. Албетте бул эл ичинде колониялык бийликке каршы нааразылыкты күчөтпөй койгон жок.

V. АНЖЫЯН КӨТӨРҮЛҮШҮ ЖАНА АНЫН ТАРЫХЫЙ МААНИСИ

XIX к. аягындагы Орто Азия элдеринин улуттук-боштондук күрөшүнүн ириси Анжыян көтөрүлүшү болуп эсептелет. Кыргыз, өзбек, тажиктер бирге чыккан бул көтөрүлүшкө падышачылыктын колониялык саясаты, улуттук эзүүнүн күчөшү, колониялык администрациясынын зордук-зомбулугу, социалдык теңсиздиктин терендеши себеп болгон. Көтөрүлүшкө калктын ар кандай катмары, мусулман дин кызматкерлеринин өкүлдөрү катышкан. Атүгүл, көтөрүлүш адеп башталганда ага Маргалаң үйөзүндөгү Миң-Дөбө кыштагынын эшени Мадалы Дукчи (ийикчи) эшен (1863—1898) жол башчылык кылып демилгени өз колуна ала алган (Мухаммед-Али, Халиф Мулла Сабир-Суфиев). Айта кете турган нерсе диний мүнөздөгү ураан, чакырыктар, элдик кыймылга дин өкүлдөрүнүн катышуусу жеке эле Анжыян көтөрүлүшүнө мүнөздүү эмес. Мындай көрүнүш бөлөк элдердин боштондук күрөшүнүн тарыхынан көп эле жолу жолугат. Андыктан динчилерди бетке кармап кайсыл бир элдик кыймылды реакциячыл кыймыл катары кароого эч кандай негиз жок. Эң башкысы көтөрү-

лүштүн катышуучуларынын түпкү кызыкчылыктарынын, мүдөө-тилектеринин дал келгени көңүлдүн борборунда болгону оң. Элдик кыймылдын мүнөзү анын себептерине, кыймылдаткыч күчүнө, көпчүлүк калктын катышуусуна, алардын максатына жараша болоорун эстен чыгарбоо керек.

Фергана аймагында канатташ жашаган кыргыз, өзбек, кыпчак, тажиктерди кучагына алган элдик кыймылдын жаңы толкуну — Анжыян көтөрүлүшү 1898-ж. май айында башталды. Көтөрүлүш башталардын алдында айыл кыштактарда ар кандай айың кептер тарап, калк дүрбөп калган болчу. Кандайдыр бир оор окуянын белгилери байкала баштаган эле. Ушундай кырдаалда 1898-ж. 17-май күнү кечке маал Тажик (Миң-Дөбө) кыштагына ар кошкон эл — өзбектер, кыргыздар жана кыпчактар жыйналып колониялык бийликке каршы күрөшүүгө бел байлашат. Ошондо Мадалы эшен демилгени колго алып чогулган элге жетекчилик кылат. Кыштакта ошол күнү 200дөн ашык киши топтолуп тез арада бул тарапта жайгашкан падыша аскерлерине сокку урмай болушкан. 18-майга караган түнү көтөрүлүшкө чыккан калк Анжыянда турган аскер отряддарына чабуул коюшат. Көтөрүлүшчүлөр калааны бөлөк аймактар менен байланыштырган телеграф зымдарын кыркып салышкан болчу. Жолдо аларга Кутчу, Кара-Коргон, Көл ж. б. кыштактардын калкы кошулуп кетет. Аз убакыттын ичинде көтөрүлүшкө чыккандардын саны 2000 кишиге жетет. Бирок күчтөр тең эмес эле. Падышалык аскерлер кармашка даярдыгы, машыгуусу, курал-жарагы жагынан кыйла артыкчылык кылган. Көтөрүлүшчүлөр алдын-ала көтөрүлүшкө жакшылап камылга көрө алышкан эмес, курал-жарагы да начар болчу. Алар болгону айры, чалгы, найза, кылыч, союл, бир нече мылтык менен куралданышкан. Ошондуктан мыкты куралданган аскерлер көп өтпөй көтөрүлүшчүлөрдүн чабуулунун мизин майтарып жеңишке жетишет. Айыгышкан кармашта 20дан ашуун падыша аскерлери жана офицерлер көз жумган. Көтөрүлүшчүлөр дагы оор жоготууга учурап, көбү окко учкан жана жарадар болгон. Аскерлер жамгырдай жаадырган октон көтөрүлүшчүлөрдүн катары суюлуп акыры чегинүүгө мажбур болушат. Ошол кайгылуу окуядан көп узабай (20-майда) жазалоочу аскерлер Анжыяндан 90 чакырым жерде Чарбак кыштагында көтөрүлүштүн жол башчысы Мадалы эшенди туткунга түшүрүшөт. Кийинчерээк — 12-июнда

колониялык бийлик аны дарга асып өлтүргөн. Көтөрүлүш зор аймакты — Фергана өрөөнүн кучагына алды. Элдик кыймылга Анжыян, Маргалан, Наманган жана Ош үйөздөрүнүн калкы активдүү катышты. Бул көтөрүлүшкө көп улуттуулук мүнөздүү. Колониялык эзүүнүн азабын чогуу тарткан жергиликтүү элдер эркиндик үчүн күрөштө бирге болушту. Өзбектер сыяктуу эле кыргыздар дагы ажалдын отун чачкан арбын жарагы бар таш боор падышалык аскерлерден жалтанбай кармашкан. Көтөрүлүшкө Ноокаттык, Суусамырлык кыргыздар да катышууга аракет жасашканы белгилүү.

Миң-Дөбөлүктөр толкундай баштаган күнү Ноокат аймагындагы Ак-Терек деген жерге Ош үйөзүнө караштуу Каракол-Сай, Тамчы-Булак, Жапалак айылдарынан 300дөй киши жыйналат. Алар союл, таяк, бычактар менен куралданышып, мылтыктары жок эле. Чогулган кыргыздар Оштогу аскер гарнизонуна жана орус төрөлөрүнө кол салууга даярданышат. Ноокат аймагында көтөрүлүшкө Оморбек Алим уулу жетекчилик кылмай болгон. Бирок бул жөнүндө колониялык бийлик өкүлүнө чыккынчылар алдын ала кабар жеткирүүгө үлгүргөн эле. Ошол замат Ош үйөзүнүн оёзу подполковник Зайцев көтөрүлүштүн башталышына жол бербөө, аны убагында басып коюу үчүн шашылыш чара көрөт. Натыйжада аскер коштогон орус-төрөлөрү Ноокаттык кыргыздардын жетекчиси Оморбек жана анын эң жакын сааалаш жолдошу Сатыбай баш болгон 20 кишини капыстан келип колго түшүрүп алышкан. Көп өтпөй падышалык чиновниктер элдик кыймылдын көптөгөн катышуучуларын камакка алды. Алсак, Ноокат тарапта 50дөн ашуун киши камалганы маалым.

Ал эми Суусамыр болушундагы Кетмен-Төбөдө көтөрүлүш баштоо үчүн топтолгон элдин башында Шадыбек Шергазы уулу турду. Алар Анжыян тарапта башталган көтөрүлүшкө кошулууга камынышкан. Бирок Анжыянда көтөрүлүшчүлөр падыша аскерлеринен оор жеңилүүгө учураган соң алар чечкиндүү күрөш баштоого батына алышкан жок. Кетмен-Төбөлүк кыргыздардын кыймылын басуу үчүн бир нече жүз аскерден, казак-орустардан турган кошуун шашылыш жөнөтүлгөн. Ал кошуун Шадыбек Шергазы уулун, 50дөн ашык кишини колго түшүрүп Наманганга айдап келишет. Шадыбек Шергазы уулун орус бийлиги адегенде өлүм жазасына тартмай болот. Кийин өлүм жазасы өмүр бою сүргүнгө айдоо менен алмаштырылган. Ошондой эле анын жар-

дамчылары Үмөталы Багышбек уулу жана Төлөбай Бешкемпир уулу жыйырма жылдык мөөнөткө сүргүнгө айдалат. Алгачкы сот чечими боюнча алар дагы өлүм жазасына тартылмак. Булардан тышкары 54 киши өлүм жазасынын ордуна жети жылга сүргүнгө айдалды. Алардын арасында касташкан душмандары тарабынан жалган жалаа жабылган атактуу Токтогул акын да бар болчу.

Ушул эле мезгилде Анжыян үйөзүндөгү кыргыздар жашаган тоолуу аймакта 1000ден ашык киши катышкан кубаттуу толкундоолор башталат. Бирок кыймылдын жалпыга кадыр-барктуу жетекчиси жок болгондуктан, көтөрүлүшчүлөр майда топторго бөлүнүп кеткен. Алар найза, союл, бир нече мылтык, тапанча менен куралданышкан. Айланадагы айыл-кыштактардын калкы аларды азык-түлүк менен жабдып турганы тууралу маалыматтар бар. Акыры бул чачкынды кыймыл да кеңири кулач жая албай, тез эле басылып калды.

Оторчул (колониялык) бийлик көтөрүлүшкө чыккан түпкү калкты катуу куугунтукка алып, аёосуз жазалады. Көтөрүлүштү басуу үчүн Фергана, Сыр-Дарыя, Жети-Суу облустарынан жана Ташкент шаарынан жазалоочу аскер бөлүктөрү арбын жөнөтүлгөн. Бардыгы болуп 777 киши камакка алынып, алардын 415 и сот жообуна тартылган. Соттун чечимине ылайык 18 киши дарга асылып, 362 киши өлүм жазасынын ордуна Ата журттан алыска узак убакытка сүргүнгө айдалат. Алардын ичинде ич ара каралап, ушактоонун натыйжасында Кетмен-Төбөдөн 36 киши кармалып Сибирге сүргүнгө жөнөтүлгөн.

Элдик кыймылдан чочуган оторчул бийлик Фергана, Сыр-Дарыя жана Самарканд облустарын күчөтүлгөн кайтаруу абалында деп жарыялап, орус кыштактарынын калкын шашылыш түрдө мылтык менен куралдандыруу-га киришет.

Ошентип, алдын-ала жакшылап уюшулбаган, чачкынды, начар куралданган элдик кыймыл жеңилүү менен аяктады. Көтөрүлүш Орто Азияда Орусия үстөмдүгү толук орногондон кийинки түпкү калктардын алгачкы ири улуттук-боштондук кыймылы эле. Ал жылдан-жылга күчөп бара жаткан колониялык эзүүгө, падышалык чиновниктердин аксымдыгына каршы багытталган. Көтөрүлүшкө чыккан калк көз каранды эместикти, эркиндикти эңсеген. Анык элдик кыймыл жеңилип калганына карабастан калайык калк кайратынан жан-

ган эмес. Тескерисинче эркиндикке умтулуусу ого бетер күчөп келечектен үмүтүн үзгөн жок. Көтөрүлүш учурунда Орто Азиядагы оторчул бийликке олуттуу соккү урулду. Көтөрүлүшчүлөргө Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарынын жергиликтүү калкы да тилектеш болуп колдоо көрсөтүшкөн. Көтөрүлүш улуттук аң-сезимдин өнүгүшүнө, колониялык бийликке нааразылыктын андан ары тереңдешине жана кайрадан жаңы кубаттуу боштондук күрөшүнүн бышып жетилишине түрткү берди. Ошондогу оор окуялар элдин эсинде түбөлүккө сакталып чечкиндүү күрөштөргө шыктандырып турду.

Кийинки элдик кыймылдын кубаттуу толкуну 1916-жылга туура келди.

1916-ЖЫЛКЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШҮ

I. БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТУН КЫРГЫЗСТАНДЫН ЧАРБАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНӨ ТИЙГИЗГЕН ТЕРС ТААСИРИ, САЛАКАЛАРЫ

Империалисттик ири державалардын ортосунда небак бөлүнгөн дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүү үчүн 1914-жылы жайында башталган биринчи дүйнөлүк согуш колониялык элдерге да салакасын тийгизди. Анткени согушка катышкан ар бир өлкө кандай да болбосун жеңишке жетишүүнү көксөп, ал үчүн өлкөнүн ички мүмкүнчүлүктөрүн жана колониялык ээликтериндеги ресурстарды толук пайдалануурга аракеттенген. Натыйжада экономикалык өнүгүү кыйла басаңдап, чарба бүлгүнгө учурады. Талоончул мүнөздөгү, бул согуш калайык калкка жаңы азап-тозокторду, көптөгөн жоготууларды, жакырчылыкты алып келди. Согуш учурунда далай адамдын өмүрү кыйылды.

Түркстан чөлкөмүнүн экономикасына, айрыкча айыл чарба өндүрүшүнө согуштун залалы зор болду. Шаардык жана айылдык калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүн (орус тилдүү) массалык түрдө аскерге алуунун натыйжасында аймакта жумушчу күчү кескин азайды. Бул өз кезегинде айдоо аянттарынын кыскарышына, эгиндин жана башка айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүнүн алда канча кем жыйналышына алып келди. Алсак, Пишпек жана Пржевальск үйөздөрүндө 1916-жылдан тартып эгиндин түшүмү эки эседен ашуун азайган. Ал эми 1915-жылы Жети-Суу облусунда айылдык калктын

тең жарымына дан эгини жетишкен эмес. Согуш жылдары төрт түлүк малдын башы кескин кыскарды. 1914—1915-жылдары Жети-Суу облусунан согуштук керектөөлөргө алынган малдын жана мал чарба азык-түлүктөрүнүн наркы 55 млн. сомду түзгөн. Ал эми алардын базарда баасы эки эсеге кымбаттайт. 1917-жылы кышында болгон жут малдын санынын ого бетер азайышына алып келди. Натыйжада ошол жылы Кыргызстанда согушка чейинки жылдарга салыштырганда малдын жалпы саны эки эсеге кыскарган эле. Өзгөчө жылкынын саны азайып кеткен болучу. Согуш учурунда чөлкөмдө техникалык өсүмдүктөрдү (пахта жана башка) эгүү да кескин кыскарат. Жибек өндүрүү да кыйла төмөндөп кеткен. Бул жылдары өнөр жай өндүрүшү, соода-сатык да начарлайт. 1917-жылга карата Орусиядан эгин, кант жана башка азык-түлүктөрдү, кийим-кече, ар кандай кездеме, эмеректерди, темир буюмдарын жана башка товарларды алып келүү токтойт. Аймакта соода түйүндөрүнүн, дүкөндөрдүн саны кыскарат. 1916-жылдын орто ченинен тартып жарманкелер өткөрүлбөй калган болчу.

Чарбалык өнүгүүдөгү мындай кыйын кырдаал элдин турмушун ого бетер оорлотту.

II. УЛУТТУК-КОЛОНИЯЛЫК ЭЗҮҮНҮН КҮЧӨШҮ, ЭЛДИН НААРАЗЫЛЫГЫНЫН ӨСҮШҮ

Биринчи дүйнөлүк согуш учурунда колониялык элдерди улуттук-колониялык эзүү күчөйт. Буга падыша өкмөтүнүн колонизатордук саясаты, одоно иш чаралары далил боло алат. Алсак, 1914-ж. 24-июлдагы падышанын указы боюнча бүткүл Түркстан чөлкөмүндө өзгөчө коргоо абалы киргизилет. Кийинчерээк, 1916-ж. жайында чөлкөмдө согуштук абал киргизилгени белгилүү. Натыйжада көп сандаган калк жашаган кең аймак аскердик-полицейлик администрация менен жандарм тыңчылардын үзгүлтүксүз көзөмөлүндө жана толук бийлигинде калды.

Чарбалык бүлгүн, жылдан жылга айыл чарба жана өнөр жай өндүрүшүнүн, соода-сатыктын төмөндөшү жергиликтүү калктын экономикалык абалын абдан начарлатты. Акчанын наркы кетип, азык-түлүккө жана башкаларга баалар асмандап 3—4 эсеге өсөт. Сүткорлук, кызыл кулактык, алып сатарлык күчөйт. Алык-салыктардын, ар кандай ыгым-чыгымдардын өлчөмү өсөт.

Мисалы, согушка чейин түтүн башына 4 сомдон салык салынса, эми анын өлчөмү 8 сомго чейин көбөйгөн. Ал эми 1915-жылдан тартып Түркстандын түпкү калкы аскердик кызмат өтөбөгөндүгү үчүн анын ордуна түз салыктардын бардык түрлөрүнүн 21% барабар аскер салыгын төлөй баштаган. Анын көлөмү 1 сом 84 тыйынга барабар эле. Мындан бөлөк дагы көптөгөн салыктар салынган. Бийлик өкүлдөрү салыктарды ар дайым 2—3 эсеге арбын жыйнап алууга аракеттенишчү.

Колониялык бийлик согуштук керектөөлөр үчүн деген шылтоого жамынып жергиликтүү элден ат, төөлөрдү, ээр токум, боз үй, аркан, кап, кийим-кечелерди жыя баштаган. 1914-ж. ноябрь — декабрь айларындагы Кызыл Кресттин берген эсеби боюнча Пишпек үйөзүнөн гана 3 миң сом, миңге жакын тон, 10 миңдей байпак чогултулган. Андан кийин кыргыздар Кызыл Крест үчүн түтүн башына 1—3 сомдон жыйып берүүгө милдеттендирилет. Согуштун алгачкы жети айында эле Жети-Суу облусунан 360 миң пуд эт, 12 миңден ашык төө, 7 миң ат, 13441 боз үй, 38 миң чарчы метр кийиз согуштук муктаждыктар үчүн жөнөтүлгөнү маалым.

Ал эми аскерге эр бүлөсү алынган үй-бүлөлөргө көрүлгөн камкордук да жан чыдагыс болгон. Аскерге кеткен орус дыйкандарынын чарбасына жардам берүү үчүн коңшу кыргыз айылдарынын калкы милдеттендирилген. Мындай ишке чегерилген адам аскерге кеткен кишинин жерин айдап, малалап, үрөн сээп, эгинин багып өстүрүп, кийин аны коромжуга учуратпай оруп-жыйып берүүгө милдеттүү болгон. Ушундай абалдын натыйжасында нааразылык ого бетер күчөгөн.

Согуш жылдарында жергиликтүү элдин жерин тартып алуунун андан ары улантылышы аймакта абалды ого бетер курчутту. Мисалы, Пишпек үйөзү боюнча гана 1915-ж. карата кыргыздардан 712 миң гектардан ашык жер тартылып алынган. Ал эми түштүк Кыргызстанда жергиликтүү калк 82 миң гектарга жакын жеринен кол жуйт.

Падышачылыктын колонизаторлук саясатын түпкү калктын жек көрүү сезиминин күчөшүнө падышалык чиновниктерди, орус төрөлөрүнүн, кулактардын жергиликтүү элдин улуттук кызыкчылыгын, ар-намысын таназар албаган текебер мамилеси, маданиятын, үрп-адат, каада-салттарын, динин, тилин басмырлоосу да түрткү болгон.

Колониялык бийлик өкүлдөрүнүн зордук-зомбулугу-

нун, калктын муктаждыгынын, жакырчылыгынын күч алышынын натыйжасында элдин нааразылыгы күчөп, аймактын ар кайсы булун-бурчтарындагы айыл-кыштактарда толкундоолор тез-тез боло баштайт.

III. КӨТӨРҮЛҮШТҮН БАШТАЛЫШЫ ЖАНА ЖҮРҮШҮ. ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТОЛКУНДООЛОР

Жогоруда айтылгандай курч кырдаалда аскердик кызмат өтөө милдетинен бошотулган колониялык элдерди согуштук-оорук иштерине чакыруу жөнүндө падышанын Указы жарыяланды (1916-ж., 25-июнда). Бул Указга ылайык Эдил (Волга) боюндагы, Сибирь, Түркстан жана Казакстанда жашаган жергиликтүү калктардан 19дан 43 жашка чейинки эркектер согуштук коргонуу курулуштарына чакырылмак. Түркстан крайынан 200470 киши, анын ичинен Жети-Суу облусунан 43 миң, Ферганадан 51233 адам жөнөтүлүшү керек эле. Колониялык эзүүнүн запкысы абдан жанына баткан эмгекчи эл эми колго курал алып, ачыктан-ачык боштондук күрөшүнө көтөрүлүүгө аргасыз болду.

Түркстанда көтөрүлүш адеп 1916-ж. 4-июлда Ходжентте башталганы белгилүү. Ошол күнү шаар калкы алгачкылардан болуп падышанын Указына нааразылык билдирген толкундоолорду башташкан болчу. Көп өтпөй бул сыяктуу толкундоолор бөлөк аймактарды да кучагына алат. Алсак июль айынын орто ченинде бүткүл Фергана облусунда көтөрүлүш кулач жайып ага кыргыздар активдүү тартылат. Алгачкы күндөрү айрыкча Анжыян үйөзүнүн Алтын-Көл жана Базар-Коргон болуштугунун калкы чечкиндүү аракеттерди башташат. Көтөрүлүшкө чыккан калк падышанын Указын аткаруудан ачык эле баш тартып, атайын түзүлгөн тизмелерди жок кылып жатышты. Атүгүл, бийлик өкүлдөрүнө, падышалык чиновниктерге кол салуудан да кайра тартышкан жок. Мындай толкундоолор менен жаңжалдар ушул эле үйөздөгү Балыкчы, Жал-Кудук, Массан, Майсары жана башка болуштуктарда да кеңири кулач жаят. Көбүнчө кыргыздар мекендеген тоолуу аймактарда көтөрүлүш өзгөчө курч мүнөздө өткөн. Көтөрүлүшкө Кокон, Наманган үйөздөрүнө караштуу тоолук кыргыздар да активдүү катышты. Наманган үйөзүндө Кызыл-Жарлык Таласбай Алыбаев жол башчылык кылган кыргыздар бийлик өкүлдөрүнө көптөгөн кыйынчылыктарды туудурган.

Боштондук кыймылынын толкуну акырындап Кетмен-Төбө, Чаткал, Тогуз-Торо өрөөндөрүн да өз кучагына камтыйт. Бул аймактардын кыргыздары дагы бийлик өкүлдөрүнө кол салышып, оорук иштерине жөнөтүлчүлөрдүн тизмелерин жок кылышат.

Ош үйөзүндө көтөрүлүш июлдун баш ченинде эле башталганы маалым. Үйөздө толкундоолордун эң ириси Сулайман тоосунун этегиндеги жыйын менен башталып ага 10 миңдей киши катышкан. Жыйындын катышуучулары «Согушка барбайбыз! Балдарыбызды бербейбиз!» деп ачык эле жар салып падыша чиновниктерине каршылык көрсөтүшкөн. Ошондо колониялык бийлик жазалоочу аскерлердин жардамына таянып чогулган элди аранан зорго таркатат. Ал эми өтө активдүүлүктү көрсөткөндөр камакка алынат.

Ал эми Булакбашы болуштугунун Қожо-Абад жана Чакар кыштактарында толкундоолор дээрлик бир аптага созулуп, бийлик төбөлдөрүн кыйла жүдөткөн эле. Июль айынын аяк ченинде Үч-Коргон кыштагында көтөрүлүш чыгып, аны жазалоочу аскерлер күч менен басат. Ошол жаңжалда 3 киши окко учуп, 15 киши камалат. Өзгөндөгү көтөрүлүш да курч мүнөздө жүрүп, бир нече күнгө созулат. Көтөрүлүшкө Алай, Гүлчө, Ноокат, Куршаб ж. б. болуштуктардын калкы да тартылган болчу. Айтор август айына карата Түштүк Кыргызстандын көпчүлүк бөлүгү көтөрүлүштүн кучагында калган эле.

IV. ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КУРАЛДУУ КӨТӨРҮЛҮШ

Түндүк Кыргызстан карамагына караган Жети-Суу облусундагы толкундоолордун алгачкы эпкини июль айынын орто ченине дал келет. Бул аймактагы көтөрүлүшкө айрым өзгөчөлүктөр мүнөздүү. Ага аймакта жашаган элдердин көпчүлүгү — кыргыздар, казактар, уйгурлар, дунгандар, сарт-калмактар, башкырлар менен татарлардын өкүлдөрү, кээ бир орус, украин дыйкандары катышкан. Элдик кыймыл эң мыкты куралданган падыша аскерлери менен куралдуу кагылышуунун деңгээлине өсүп чыгат.

Жети-Суу облусунун ар кыл элдеринин өкүлдөрү катышкан алгачкы жыйын 10-июлда Қаркыра жарманкесине жакын «Қаман-Қарагай» деген жерде өтөт. Жыйынга Мерке, Чилик, Тору-Айгыр, Сары-Тогой, Қонур-

бургу, Кожмамбет, Буденчи болуштуктарынын казак калкы, Пржевальск үйөзүнүн кыргыздары, Кетмен, Аксу-Чарын болуштуктарынын уйгур калкы катышат. Кеңешмеде оорук иштерине бир дагы киши бербөө, эгерде кимдир бирөөнү күчтөп ала турган болсо, анда колго курал алып каршылык көрсөтүүдөн, атүгүл оёздордун көзүн тазалоодон кайра тартпоо тууралу чечим чыгарышкан.

Июль айынын аяк ченинде элдик толкундоолор облустун көпчүлүк айыл-кыштактарын өз кучагына алат. Ал эми августтун башы ченде колониялык бийликке каршы куралдуу көтөрүлүштүн алоолонгон оту тутанды. Түндүк Кыргызстанда алгачкылардан болуп куралдуу көтөрүлүшкө Кеминдик кыргыздар көтөрүлүшөт. Аталган аймакта көтөрүлүштүн жетекчиси катары манап Мөкүш Шабдан уулу хан көтөрүлгөнү белгилүү. Бул элет элинин аң-сезимине сиңген эзелки адат-салты, көчмөндүү турмушу менен шартталган көрүнүш эле. Ушундай эле жол менен көп өтпөй башчы-хандар бөлөк аймактарда да көтөрүлгөн болчу. Алсак, Көлдө Батыркан Ногой уулу, Борбордук Теңир-Тоодо Канат Ыбыке уулу хан көтөрүлөт. Байлык, бийлик абалы жагынан кескин айырмачылыктары болгонуна карабастан эмгекчи эл менен эл ичинен чыккан феодалдык төбөлдөрдүн түпкү кызыкчылыктары жалпы журттун башына түн түшкөн кыйын кезеңде дал келбей коймок эмес. Ошондуктан алар эл, жердин, Ата журттун эркиндиги үчүн күрөштө бирге болушкан.

Падышалык чиновниктердин коркутуп-үркүтүүлөрүнө карабастан эл кыймылы күндөн-күнгө күчөй берди. Көп өтпөй көтөрүлүшчүлөр Верный-Пишпек кан жолун ээлеп, телеграф, почта байланыш түйүндөрүн кыйратышат. Көтөрүлүштүн кеңири кулач жайышынан чочулаган падышалык акимдер Жети-Сууга кошумча аскер бөлүктөрүн жөнөтүшкөн. Көтөрүлүш башталган алгачкы күндөрү эле бул тарапка Түркстан крайынын бөлөк облустарынан 9 рота, 6 казак-орус жүздүгү, 4 дружина, 3 батарея, 15 замбирек, пулемёттору менен келген эле. Мындан тышкары борбордук губерниялардан 2 казак-орус полку, 2 пулемёттуу команда жөнөгөн. Чүйгө, Көлгө күндөн күнгө жазалоочу аскерлердин жаңы бөлүктөрү күргүштөп келип жатты. Бирок ак падышанын жасоолдорунун көтөрүлүштү тез арада басып коюуга кудурети жеткен эмес.

8-августта Токмокко жанаша жайгашкан айылдарда

көтөрүлүш башталат. Ал эми кийинки күнү 9-августта Боом капчыгайынын чыга беришинде көзгө атар мерген Ыбрайым Төлө уулу жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн чакан тобу көлгө бара жаткан аскерлердин жолун тороп 178 мылтык жана 30 миңден ашуун ок жүктөлгөн арабаны колго түшүрүп алышат. Ошол эле учурда Сарбагыш жана Атаке болуштуктарынын көтөрүлүшкө чыккан калкы Кеминдеги Новороссийское кыштагын жана казак-орустардын Самсоновка станциясын камалашат. Август айынын орто ченинде Пишпек үйөзүнүн батыш бөлүгүндөгү кыргыз айылдарында, Көлдө, Таласта, Борбордук Теңир-Тоодо да күрөш күч алган болчу. Кочкор өрөөнүндө көтөрүлүшчүлөр Столыпино жана казак-орустар жашаган Белоцарская айылдарына чабуул коюшкан. Көп өтпөй Чүй боорунда Токмок шаары курчоого алынат. Шаарды камалоо дээрлик 10 күнгө созулган (13—22-август).

18-августка карата Пишпек үйөзүндө көтөрүлүш 12 болуштукту кучагына алды.

Көлдөгү көтөрүлүш. Бөтөн элдердин көмөгү. Көл кылаасындагы куралдуу көтөрүлүш өзгөчө курч мүнөздө жүргөн эле. Айры, чалгы, найза, союл, бардаңке, бараң менен куралданган кыргыздар жана дунгандар алгачкы жолу 5-августта эртеден кечке үйөздүк башкарманын алдында дүрбөлөң салышып оорук жумушуна чакыртууну токтотууну талап кылышкан. Аларды оёз күч колдонуп арандан зорго куып таркаткан болчу. 10-августта көтөрүлүш бүткүл Ысык-Көл ойдуңун, Каркыраны кучагына алат. Көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар, казактар, уйгурлар менен дунгандар Каркыра жарманкесинде 500дөн ашык дүкөнчөлөрдү тып-тыйпыл кылып өрттөп кетишкен болчу. Көлдө падыша чиновниктерине, кулактарга ачык кол салуу 9-августта эле башталганы белгилүү.

Боштондук күрөшүнө Мариинск волостунун дунгандары активдүү катышат. Алар 11-августта Ырдыкка келе жаткан падышалык аскерлердин жолун тороп, андан соң Караколго чабуул коюшат. Кийинки күнү кыргыздар менен дунгандар биригип шаарды ээлеп алууга аракеттенишет. Ошол эле күнү 400 кишиден турган дунгандардын куралдуу отряды Ырдыкка жакын жерде үйөздүн жардамчысы Канчев төрө баш болгон чиновниктерге жана аларды коштоп жүргөн аскерлерге кол салат. Ушул кагылышта Бура Мачибу айрыкча эрдикти көрсөттү. Көтөрүлүшчүлөрдүн арасында уйгур-

лар да бар эле. Кармашта 2 чиновник окко учуп, бирөө туткунга түшөт.

Көл тарапта көтөрүлүш башталардын алдында түпкү калктын түрүнөн чочулаган колониялык бийлик шектүү адамдарды абакка камаган болчу. 12-августта Каракол абагында жаткан 300дөн ашуун кыргыз, дунган, уйгур козголоң уюштурат. Бирок алардын бир азы гана темир тордон бошонуп кетүүгө үлгүрдү.

13—14-августта кыргыздарга Челпек, Бөрүбаштык сарт-калмактар кошулат. Куралданган сарт-калмактар Түргөн болуштугунун кыргыздары менен бирге падышалык чиновник Т. Коломыцев баш болгон аскер отрядына кол салат. Караколдон 4 чакырым аралыктагы Бөрүбаш айылы көтөрүлүштүн кайнаган жерине айланат. Кийин аны казак-орус жазалоочу отряды талкалаган.

Бүткүл элдик бул кыймылга башкыр, татарлардын өкүлдөрү да катышты. Көтөрүлүшкө айрым орус, украин дыйкандары катышканы маалым. Алсак, 11-августа Барскоон кыштагынын тургундары Г. Кайгородцев, Грачев, Самойлов өз ыктыяры менен көтөрүлүшчүлөргө кетип калышкан. Көтөрүлүшчүлөргө Озерно-Фольбаум кыштагынын тургуну Маркс Давидович Василенко тууган-туушкандары менен чогуу кошулуп кетет. Ал кийин жазалоочу аскерлер менен болгон кагылышта окко учат. Бул сыяктуу мисалдар арбын.

Августтун аяк ченинде көтөрүлүшчүлөр менен жазалоочу аскерлердин ортосунда акыркы ири салгылашуулар болду. 23-августта Караколдон анча алыс эмес жерде 4 миңдей көтөрүлүшчү оң, сол канат болуп топтолуп душманга бир нече ирет чабуул коюп турушту. Ал эми 28-августта Түптөгү салгылашууга 7 миңден ашык эрбүлө катышкан.

V. КӨТӨРҮЛҮШТҮН ЖЕҢИЛИШИ ЖАНА ТАРЫХЫЙ МААНИСИ

Сентябрь айында падышалык аскерлер менен чегинүүгө мажбур болгон элет элинин ортосунда негизинен майда кагылышуулар болот. Кан майданда кыйла жоготууларга кабылып, алсырай баштаган көтөрүлүшчүлөр аргасыздан Ата журтту калтырып кетүүгө, кыргындан качып кутулууга аргасыз болот. Ошол жылы кеч күздө 39 болуштуктун эли — кыргыздар, дунгандар, сарт-калмактар ж. б. канкорлордун айынан жер кезип Кытайга кире качат. Кытайга качкан 45 миң түтүн эл-

дин жалпы саны 160 миң адамдан ашып, анын 130 миңге жакыны кыргыздар болгон. Качкан элдин төрт түлүк малы олжого кетип, ит-кушка жем болду. Алсак, облустун аскер губернаторунун анчейин так эмес маалыматы боюнча Пржевальск үйөзүндө гана түпкү калкка таандык 2 млн. 327472 баш мал дайынсыз жок болгон.

Баарынан оору, 1917-ж. январына карата облустагы көчмөн калктын жоготуусу болжол менен 38 миң түтүндү же 150 миң адамды түздү.

Ошентип тоолуктардын боштондук күрөшү жеңилип калды. Жеңилүүнүн эң башкы себеби көтөрүлүшкө чыккан элдин начар уюшкандыгы, чачкынды, бөлүндү болуп аракеттенгендиги, тыкыс өз ара байланыштын жана бирдиктүү жетекчиликтин жоктугу болгон. Мында согуштук тажрыйбанын аздыгы, курал-жарактын начардыгы, падышалык аскерлердин даярдыгы жана куралдануу жагынан артыкчылыгы да белгилүү роль ойноду.

Бирок, жеңилүү менен аяктаганына карабастан көтөрүлүштүн тарыхый мааниси зор. Көтөрүлүш учурунда элет эли эркиндик үчүн күрөштүн болуп көрбөгөндөй тажрыйбасына ээ болду. Бул көтөрүлүш Түркстан чөлкөмүндө колониялык бийликти кыйла бошоңдотту.

Тили, дили, бөлөк болгону менен көксөгөн максаты бир, ой тилеги, тиричилиги окшош калктар жапа тырмак падышачылыктын колонизатордук улут саясатына каршы күрөштү. Түпкү калк ата-бабадан мураска калган ыйык жерине толук ээ болууну, эркиндикти, теңдикти эңсеген.

Ошондуктан 1916-жылкы окуяны мүнөзү боюнча улуттук-боштондук күрөштүн дал өзү катары баалоого толук негиз бар.

Көтөрүлүш Түркстан аймагы Орусиянын карамагына каратылгандан кийинки падышачылыктын бул чөлкөмдөгү колонизатордук саясатынын натыйжасы эле. Ошондогу оор жоготуулардын орду бүгүн да толо электей, элдин жүрөгүндөгү кайгы-муңдун тагы алигиче айыкпагандай сезилет.

МАЗМУНУ

Алгачкы сөз 3
XVII—XVIII кылымдардагы кыргыздардын коомдук-чарбалык түзүлүшү 5
I. Кыргыздардын чарбасынын негизги тармактары . . 5
II. Патриархалдык-уруучулук мамилелердин калдыктары 7
III. Таптар жана алар ортосундагы алакалар . . . 10
Теңир тоодогу кыргыздардын калмак баскынчыларына каршы XVII—XVIII кылымдардагы күрөшү . . . 11
I. Ойрот-калмак мамлекетинин түзүлүшү. Алардын баскынчылык саясаты 11
II. XVIII кылымдын башында кыргыз-казак согуштук ынтымак ымаласынын чыңдалышы 14
Фергана өрөөнүндөгү жана Памирдеги кыргыздар . . 16
I. Кыргыздардын Чыгыш Түркстан жана Ферганадагы XVII к. саясий окуяларга катышуусу 16
II. Памир кыргыздары 18
Кыргыздардын XVIII кылымдын орто чениндеги саясий абалы 20
I. Кыргыздардын коңшу элдер жана мамлекеттер менен мамилелери. Кыргыздар жана «исхакийя», «ышкийя» сопучулук жамааттары 20
II. Кыргыз-ойрот күрөшүнүн акыркы мезгили. Кыргыздар жана казактар 22
Кыргыз элинин XVIII кылымдын экинчи жарымындагы саясий абалы 24
I. Миң сулалесинин Кокон хандыгы жана түштүк кыргыздар. Кубат бий. Ажы бий 24
II. Цин Кытайы менен кыргыздардын XVIII кылымдын экинчи жарымындагы мамилелери 27
III. Кыргыз-казак чатагы. Аблай хандын Түндүк Кыргызстанга жортуулдары 30
IV. Орусияга алгачкы кыргыз элчиликтери. Абдырахман Кучак уулу, Сатымбай Абдырахман уулу . . . 32
Кокон хандыгы жана түштүк Кыргызстандын хандыкка бириктирилиши 35
I. XIX к. Түштүк Кыргызстандын хандыкка биригүү жараянынын жүрүшү 35
II. Кыргыздардын хандыктын саясий турмушуна катышуусу 38
Түндүк Кыргызстандын Кокон хандыгына бириктирилиши 40

I. Кокондук бийлик эгелеринин XIX кылымдын биринчи жарымындагы баскынчылык жортуулдары . . . 40
II. Кокондук чептердин курулушу 42
III. Түндүк Кыргызстандын Орусия менен элчилик алакалары 44
Кокон хандыгынын тушундагы кыргыздардын социалдык-экономикалык абалы 47
I. Эзүүнүн түрлөрү. Алык-салык системасы 47
II. Кыргызстандын калкы жана чарбасы 49
III. Феодалдык мамилелердин өзгөчөлүктөрү . . . 54
Түштүк Теңир-Тоо элдеринин цин-манжуу үстөмдүгүнө каршы боштондук күрөшү 57
I. Чыгыш Түркстандык жергиликтүү калкты циндик бийликтердин улуттук эзүүсүнүн күчөшү . . . 57
II. Зия ад-Диндин көтөрүлүшү жана ага кыргыздардын катышуусу 60
III. Жаңгер-кожонун (Жахангир) кыймылы жана кыргыздар. Суранчы бий 62
Кыргыз элинин Кокон хандыгына каршы күрөшү . . 68
I. Кыргызстанда Кокон акимдеринин залимдигинин күчөшү 68
II. Кокон хандыгына каршы Атантай менен Тайлак баатырдын көтөрүлүшү 70
III. 40-жылдардагы көтөрүлүштөр 73
Кенесары Касым уулуна жана кокондук төбөлдөргө каршы түндүк Кыргызстандагы боштондук кыймыл . 74
I. Кенесарынын баскынчылык жортуулдарынын себептери жана өбөлгөлөрү 74
II. Хан Кенениң чапкыны. Май-Төбө, Мыкан салгылашуулары 77
III. Кокондук чептерди талкалоого жасалган аракеттер 83
Кокон хандыгындагы феодалдык ич ара жаңжалдардын курчушу. Түндүк кыргыздардын бир бөлүгүнүн Орусияга ык алышы 86
I. Хандыктагы ич ара жаңжалдардын себептери жана өбөлгөлөрү. Нүзүп (Йусуп). Шералы хан. Мусулманкул. 86
II. Түндүк Кыргызстандагы уруулар аралык феодалдык согуштардын күчөшү. Боронбай. Ормон хан . . . 90
III. Түндүк кыргыздардын бир бөлүгүнүн Орусияга ык алышы 95
Түндүк кыргыз уруулларынын Орусия дөөлөтүнүн таман астында калышы 100
I. Түндүк Кыргызстандын Орусия дөөлөтүнө каратылышынын тарыхый өбөлгөлөрү. Орто Азиядагы англис-орус теңтайлашуусу 100
II. Чүй жана Талас өрөөндөрүндөгү кыргыз уруулларынын Орусия дөөлөтүнүн кол астында калышы Жантай хан. Байтик 104
III. Теңир Тоо кыргыздарын каратуу 112
XIX кылымдын 60-жылдарындагы түштүк кыргыздардын коомдук-саясий абалы 117
I. Кокон хандыгында саясий абалдын начарлашы. Алымбек датка. Алымкул аталык 117
II. Генерал Черняевдин баскынчыл жортуулдары . . 121

III. Кокон хандыгынын Орусияга вассалдык көз карандылыгы 127
Чыгыш Түркстандагы элдердин цин дөөлөтүнө каршы улуттук-боштондук кыймылы 129
I. Якуб бек жана анын «Жети-шаар» мамлекети Ганьсу, Шэньси, Синьцзян провинцияларындагы дунгандардын көтөрүлүшү 129
II. Дунган, калмак жана уйгурлардын Жети-Сууга журт которуулары. Бий Янху 133
Түштүк Кыргызстанды Орусиянын каратып алышы . . 137
I. Түштүк кыргыздардын Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшү (1873—1876). Көтөрүлүштүн себептери . . 137
II. Көтөрүлүштүн башталышы жана жүрүшү (биринчи баскыч, 1873—1874). 139
III. Мамыр Мерген уулунун жетекчилиги астындагы Анжыян кыргыздарынын көтөрүлүшү 142
IV. Пулат-хан. Момун Шамурзак уулунун жетекчилиги астындагы көтөрүлүш 143
V. Элдик кыймылдын экинчи этабы 146
VI. Көтөрүлүштүн басылышы. Кокон хандыгынын жоюлушу 149
VII. Алайлык кыргыздарды Орусияга каратуу. Курманжан датка 150
VIII. Падыша аскерлеринин Алай жүрүшү 153
IX. Түштүк Кыргызстанды Орусияга каратуунун жыйынтыктары 155
X. Курманжан датка — «Алай ханышасы» 156
Кыргызстандын Орусияга каратылгандан кийинки саясий жана социалдык-экономикалык абалы 157
I. Аймактык-администрациялык бөлүштүрүү жана колониялык бийлик 157
II. Падыша өкмөтүнүн оторчул жер саясаты жана алыксалыктары 160
III. Чарбалык өнүгүү 163
IV. Социалдык мамилелер 169
V. Анжыян көтөрүлүшү жана анын тарыхый мааниси . 171
1916-жылкы Кыргызстандагы улуттук-боштондук көтөрүлүшү 175
I. Биринчи дүйнөлүк согуштун Кыргызстандын чарбалык өнүгүүсүнө тийгизген терс таасири, салакалары . . 175
II. Улуттук-колониялык эзүүнүн күчөшү, элдин нааразылыгынын өсүшү 176
III. Көтөрүлүштүн башталышы жана жүрүшү. Түштүк. Кыргызстандагы толкундоолор 178
IV. Түндүк Кыргызстандагы куралдуу көтөрүлүш . . 179
V. Көтөрүлүштүн жеңилиши жана тарыхый мааниси . 182

121–128 тетел

УЧЕБНОЕ ИЗДАНИЕ

ИСТОРИЯ НОВОЙ ЭПОХИ КЫРГЫЗОВ И КЫРГЫЗСТАНА (XVII — нач. XX в.)

Пробное учебное пособие для учащихся средней школы
Бишкек, издательство «Кыргызстан»
На кыргызском языке

ОКУУ БАСЫЛМАСЫ

КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАҢЫ ДООРДОГУ ТАРЫХЫ (XVII—XX кк. башы)

Орто мектептин окуучулары үчүн кошумча сынак окуу куралы

Редактору *Ү. Сыракматова*
Көркөм редактору *К. Коеналиев*
Техн. редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректору *Д. Ороскожоева*

ИБ № 5117

Терүүгө 20. 10. 95 ж. берилди. Басууга 20. 12. 95 ж. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 84×108 1/32. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 12 физ. басма табак, +1,0 вкл. 10,08 шарттуу басма табак. 0,84 вкл. Нускасы 1000. Заказ № 47.
Келишимдүү баа.

«Кыргызстан» басмасы.
720361. ГСП. Бишкек ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Бишкек, 5, Т. Суванбердиев көчөсү, 102.